**ТАКИЙЮДДИН НАБАХОНИЙ**

# ИСЛАМ МАМЛЕКЕТИ

**ХИЗБУТ-ТАХРИР БАСЫЛМАЛАРЫНАН**

**1432-х. – 2011-м.**

Такийюддин Набахоний. Ислам мамлекети
Кыргыз тилиндеги экинчи басылышы
1432-х. – 2011-м.

بســم الله الرحمن الرحيم

**Расулулла ﷺ айтты:**

**«تَكُونُ النُّبُوَّةُ فِيكُمْ مَا شَاءَ اللَّهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ خِلاَفَةٌ عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ، فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللَّهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ مُلْكًا عَاضًّا، فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللَّهُ أَنْ يَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ اللَّهُ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ مُلْكًا جَبْرِيَّةً، فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللَّهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ خِلاَفَةً عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ»**

**«Силердин араңарда Алла каалаганча пайгамбарлык болот. Кийин, Алла каалаган убакта аны көтөрөт. Андан кийин пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот жана ал Алла каалаганча улантылат. Кийин, Алла Өзү каалаганда аны көтөрөт. Андан кийин, раиятына зулум жеткире турган залим падышалык болот жана ал Алла каалаганча улантылат. Кийин, Алла Өзү каалаганда аны көтөрөт. Андан кийин, жабыр көрсөтө турган падышалык болот жана ал Алла каалаганча улантылат. Кийин, Алла Өзү каалаганда аны көтөрөт. Андан соң, пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот».**

# Мазмуну

Кириш сөз ........................................ 6
Башталыш чекит........................................ 9
Сахабалардын уюшуусу ........................................ 11
Даъваттын жайылышы ........................................ 12
Даъватка каршы күрөш ........................................ 14
Даъваттын таасир көрсөтүшү ........................................ 20
Даъваттын эки баскычы ........................................ 24
Даъват чөйрөсүнүн кеңейиши ........................................ 27
Акабадагы биринчи байъат ........................................ 28
Мединадагы даъват ........................................ 29
Акабадагы экинчи байъат........................................ 32
Исламий мамлекеттин тикелениши ........................................ 39
Коомду куруу........................................ 40
Согуштук кырдаалды даярдоо........................................ 44
Согуштун башталышы........................................ 46
Мединадагы турмуш ........................................ 49
Яхудий жана насронийлер менен тартышуу ............... 51
Бадр казаты........................................ 55
Бану Кайнукону сүргүн кылуу ........................................ 57
Ички тынчсыздыкка чек коюу........................................ 58
Ахзоб казаты........................................ 63
Худайбия келишими........................................ 69
Кошуна мамлекеттерге элчилерди жиберүү................ 78
Хайбар казаты ........................................ 81
«Каза» умрасы........................................ 83
Муъта казаты ........................................ 84
Меккенин фатх кылынышы ........................................ 87
Хунайн казаты........................................ 91
Табук казаты ........................................ 96
Исламий мамлекеттин
Арабстан жарым аралы үстүнөн өкүмдарлыгы ........... 99
Исламий мамлекеттин жихазы................................101

Яхудийлердин Исламий мамлекетке карата
карманган позициясы ........................................ 105
Исламий мамлекеттин уланышы.................................. 109
Исламий мамлекеттин ички саясаты.......................... 113
Исламий мамлекеттин тышкы саясаты ...................... 119
Исламий фатхтар Исламды жаюу үчүн ...................... 124
Исламий фатхтарды бекемдөө .................................. 127
Элдерди бириктирип, бир үммөткө айландыруу........ 131
Исламий мамлекеттин күчсүздөнүү себептери .......... 136
Исламий мамлекет кризиси ...................................... 141
Миссионердик чабуул ............................................... 148
Крестүүлөр душманчылыгы ...................................... 156
Миссионердик чабуулдардын таасирлери................... 160
Исламий дүйнөгө саясий чабуул................................ 166
Исламий мамлекетти жок кылуу................................ 170
Исламий мамлекеттин тикелениши
алдындагы тосуктар ................................................. 180
Исламий мамлекетти тикелөө мусулмандарга фарз ... 186
Исламий мамлекеттин
тикеленишинин кыйынчылыктары ........................... 191
Исламий мамлекет кандай тикеленет......................... 197
Конституция долбоору ............................................. 201

بسـم الله الرحمن الرحيم

# КИРИШ СӨЗ

Азыркы муун Исламды толук колдонгон Исламий мамлекетти көргөн жок. Батыш жок кылган Исламий (Усманий) мамлекеттин акыркы убактарында жашаган адамдар, болгону, исламий бийликтин калдыктары эле өкүм сүрүп жаткан бир мамлекетти гана көрүп калышты. Ошондуктан, азыркы учурда Исламий мамлекеттин башкаруусун элестетүү мусулмандар үчүн өтө кыйын болуп калды. Адамдар башкарууну исламий өлкөлөргө мажбурлап киргизилген бузук демократиялык түзүмдөрдүн өлчөөсү менен гана элестете алышат. Кыйынчылык бул эле эмес, балким, Батыш сакафаты менен ууланган зээндерди өзгөртүү да абдан оор болуп калды. Чындыгында, бул сакафат Батыштын Исламий мамлекетке каршы караткан куралы болду. Батыш бул куралы менен Исламий мамлекетке өлтүргүч сокку урду жана бул мамлекеттин перзенттерине өлтүрүлгөн энесинин каны агып турган куралын көрсөтүп, сыймыктануу менен: «Мен силердин камыңарды жебегени үчүн энеңерди өлтүрүп, силерге ушундай бир камкордук көрүп койдум, натыйжада, силер эми бактылуу, түбөлүктүү ырахаттанып жашайсыңар», - деди. Мусулмандар бул канкорду кучак жайып тосуп алышты. Акыйкатта болсо, энесинин каны Батыштын куралынан ушул күнгө чейин тамып турат.

Исламий мамлекетти жок кылган жана капырлар ар дайым карышып кармап турган ошол заарланган курал баарыбыздын турмушубузду азапка айлантарын ушул ууланган акыл ээлери билишер бекен?! Алар көтөрүп жүргөн улутчулдук жана динди мамлекеттен ажыратуу пикирлери о.э. Исламды жаманатты кылуучу раъйлар – булардын баары аларга ушул сакафат берген уу-заарлардан экендигин билишер бекен?! Ушул «Ислам Мамлекети» китебинин «Миссионердик чабуул» бөлүмү (бөлүм башынан аягына чейин чыныгы акыйкат жана фактылардан турат) бизге кылмышкер канкордун чыныгы жүзүн көрсөтүп берет. Аны бул кылмышка үндөгөн себепти ачып, Исламий мамлекетти жоготууга жетишүү жолунда колдонгон ыкмаларын ашкере кылат. Себеп – Исламды жер жүзүнөн өчүрүп таштоо болсо, ыкмаларынын эң жаманы – миссионердик чабуул алып келген ушул сакафат болду.

Чындыгында, мусулмандар бул сакафаттын коркунучун биле албай, капилетте калышты. Алар колонизаторго каршы күрөшө башташты, бирок, ошол эле учурда, анын сакафатын да алып жатышты. Акыйкатта болсо, мына ушул сакафат алардын колония

болууларынын себепкери болуп, ушул сакафаттын жардамында колонизаторлук алардын өлкөлөрүндө бекем орношкон. Алар өздөрүнүн канчалык аянычтуу жана шерменде акыбалга түшүп калганына бир карашса болмок. Алар чет элдикке каршы турат да, бирок, анын уу чыланган идишине кол сунушат, ошону менен өлтүрүлүшөрүн ойлонушпайт. Чындыкты биле албагандар аларды «согушта шейит болду» деп ойлошот. Акыйкатта болсо, алар наадандык жана караңгылыктын курмандыктары.

Мусулмандар өзү эмнени каалап жатышат? Исламдан башка негизге курулган мамлекетти каалап жатышабы же Ислам өлкөлөрүндө бир канча мамлекеттердин болушунбу? Чындыгында, иш Батыштын колуна өткөндөн бери – Исламды башкаруудан узакташтыруу, мусулмандардын өлкөлөрүн майдалап таштоо жана аларды арзыбаган бийликтер менен алдоону көздөгөн планын ишке ашыруу үчүн – ал мусулмандарга өтө көптөгөн ыңгайлуулуктарды жаратып берди. Батыш мусулмандарды дагы да адаштыруу жана майдалап таштоо максатында аларга эгемендүү мамлекеттүүлүк укугун берип келүүдө. Батыш мусулмандарга – алар анын мабда жана түшүнүктөрүн көтөрүп жүрүшкөн соң – Батышка көз каранды болуп жүрө берүүлөрү үчүн мындан да көбүрөөк ыңгайлуулуктарды жаратып берүүгө даяр.

Кеп мамлекетке ээ болууда эмес, балким, бүткүл Ислам дүйнөсү боюнча бир бүтүн мамлекеттин тикеленишинде. О.э. кеп кандайдыр бир мамлекеттин тикеленишинде да эмес; о.э. Алла түшүрбөгөн мыйзамдар менен өкүм жүргүзө турган, аты эле «Исламий» болгон мамлекеттин дүйнөгө келишинде да эмес; о.э. аты исламий болуп, өзү да шарият мыйзамдары менен өкүм жүргүзө турган, бирок, Исламды пикирий жетекчилик катары тышкарыга алып чыкпай турган мамлекеттин пайда болушунда да эмес. Ооба, кеп мындай мамлекеттин тикеленишинде эмес, балким, Исламий турмушту акыйда негизинде кайрадан тикелей турган, дин жүрөктөрдүн төрүнөн жана дили-тилинен түнөк тапкандан кийин Исламды коомдо колдонуп, Исламий даъватты бүткүл дүйнөгө жая турган мамлекеттин жүзөгө келишинде жатат.

Исламий мамлекет акыл-эсти азгыра турган кыялий нерсе эмес. Ал он үч кылым бою өздүгүн толук көрсөтүп келген акыйкат. Өтмүштө ушундай болгон жана жакынкы келечекте да ушундай болот. Анткени, анын жүзөгө келүү факторлору замандын каршы туруусуна карабайт. Бүгүнкү күндө шаръий адилеттүүлүккө чаңкап турган исламий Үммөттүн арзуусу болгон мындай мамлекет акылдарга кубат берип турат.

Исламий мамлекет кимдир биреөлөрдүн көңүл-каалоосунан пайда болуп, жүрөктөрдү багынткан шыктануу эмес. Балким, ал Алла Таала

мусулмандардын мойнуна жүктөп, аны аткарууга буюрган фарз болуп саналат. Бул иште суздук кылынса, азапка калары эскертилген. Мусулмандар өлкөлөрүндө азиздик Алла, Расулу жана момундар үчүн болбосо, анда мусулмандар Роббисин кантип ыраазы кылышат? Алар кошуундарды казатка даярдай турган, чегараларды коргой турган, Алланын хаддарын ишке ашыра турган жана Алла түшүргөн дин менен өкүм жүргүзө турган мамлекетти тикелебестен туруп Роббисинин азабынан кантип кутулушат?

Ошондуктан, мусулмандар Исламий мамлекетти тикелеши керек. Анткени, мамлекетсиз Ислам таасир күчүнө ээ болбойт о.э. ал шарият өкүмдөрү негизинде башкарылбаган соң, алардын өлкөлөрү «Дарул-Ислам» деп этибар кылынбайт!

Исламий мамлекетти тикелөө шахстар же партиялардан өкүлдөрдү шайлап, кийин бийлик алардын колуна өтүп кала турган деңгээлдеги жеңил иш эмес. Бул жолго тикендер төшөлгөн, кооп-коркунучтар бекинген о.э. тоскоолдук жана кыйынчылыктарга толтура. Кайры исламий сакафат эң чоң кыйынчылык болсо, үстүртөн-тайыз пикирлөө олуттуу тоскоолдук болот о.э. Батышка көз каранды мамлекеттер негизги кооп-коркунучту түзүшөт.

Исламий мамлекетти жүзөгө келтирүү жолунда жүргөндөр Исламий өлкөлөрдө исламий турмушту кайрадан баштоо жана бүткүл дүйнөгө Исламий даъватты жаюу үчүн бийликти колго алуу максатында иш алып барышат. Учурдагы бийликке тартуучу түрткүлөр көп болсо да, алар ага эч бир ыраазы болушпайт о.э. Исламды революциялык түрдө колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушмайынча, мындай бийликти кабыл алышпайт.

Бул «Ислам Мамлекети» китебинде Исламий мамлекеттин тарыхын ачып берүү максат кылынбаган. Балким, адамдар Расулулла ﷺдын Исламий мамлекетти кантип тикелегенин, колонизатор капырлардын Исламий мамлекетти кантип жок кылганын жана караңгылыктан чыгаруучу хидаят нурун кайтаруу үчүн мусулмандар Исламий мамлекетти кантип тикелеши керек экендигин көрсөтүп берүү максат кылынган.

بســم الله الرحمن الرحيم

## БАШТАЛЫШ ЧЕКИТ

Расулулла ﷺ пайгамбар кылып жиберилгенде аялы Хадижаны даъват кылды жана ал ыйман келтирди. Кийин абасынын уулу Алини даъват кылды, ал да ыйман келтирди. Кулу Зайдды даъват кылды, ал да ыйман келтирди. Досу Абу Бакрды даъват кылды, ал да ыйман келтирди. Кийин башка адамдарды даъват кыла баштады. Расулулла ﷺдын пайгамбарлыгына ишенгендер ыйман келтиришти, четке каккандар капыр болушту. Абу Бакр رضي الله عنه ыйман келтиргенден кийин ишеничтүү адамдарына мусулман болгонун айтып, аларды Аллага жана Расулуна даъват кылды. Абу Бакр رضي الله عنه табияты жумшак, эли жакшы көргөн жана урматтаган адам болгон. Ал билимдүү, соодада иш билги жана жакшы санаалаш болгондуктан, уруулаштары көп иштерде андан кеңеш алышчу. Анын колунда Усман ибн Аффан, Зубайр ибн Аввам, Абдуррахман ибн Авф, Саъд ибн Абу Ваккас, Талха ибн Убайдуллалар Исламга киришти. Алар Абу Бакрдын даъватына жооп беришкенден кийин, аларды Расулулла ﷺдын алдына алып келди жана алар ыйман келтирип, намаз окушту. Кийин, Абу Убайда (Аамир ибн Жаррох), Абу Салама (Абдулла ибн Абдул Асад), Аркам ибн Абу Аркам, Усман ибн Мазъун жана башкалар Исламга киришти. Кийин, эркек аял дебестен адамдар топ-топ болуп Исламга кире башташты жана Ислам Меккеде ашкере болуп, адамдар ушул жөнүндө гана сүйлөшө турган болушту. Алгач Расулулла ﷺ адамдардын үйлөрүнө барып, аларга: «Алла Таала силерди жалгыз Өзүнө ибадат кылууга жана Ага эч нерсени шерик кылбоого буюрат», - деп жүрдү. Алла Тааланын буйруктарына моюн сунуп, Меккеде адамдарды Исламга ачык даъват кылды. Алла Таала айтат:

﴿ يَٰٓأَيُّهَا ٱلۡمُدَّثِّرُ ۞ قُمۡ فَأَنذِرۡ ﴾

***«Эй чүмкөнүп** (жатып) **алган адам! Тургун дагы** (элдерге акыретти) **эскерт!»*** **[74:1-2]**

Адамдар менен байланышып, аларды Ислам динине кирүүгө үндөп жана мына ушул дин негизинде аларды өз айланасына жашыруун топтоду. Расулулла ﷺдын сахабалары намаздарын кокту-колоттордо коомдорунан жашыруун окушчу. Расулулла ﷺ Исламга кирген жана динден кабардар адамдарды Исламга жаңы киргендерге Куран үйрөтүүлөрү үчүн жиберчү. Хаббаб ибн Аратты Фатима бинти Хаттаб жана анын эри Саидге Куран үйрөтүү үчүн жиберди. Саиддин үйүндө Хаббаб аларга Куран окутуп жатканда Умар ибн Хаттаб келип калды. Умар мына ушул адамдардын арасында Исламга кирди. Расулулла ﷺ

муну менен эле чектелбеди, балким, мусулмандарга Куранды үйрөтүү үчүн о.э. ушул ыймандуу уюмга борбор болушу жана бул жаңы даъватка медресе болушу үчүн бир үйдү тандады. Бул үй Аркам ибн Абу Аркамдын үйү эле. Бул жерге мусулмандарды чогултуп, аларга Куран үйрөтүп, түшүндүрүп берип, Куранды жаттоого жана маанисин түшүнүүгө буюрчу. Бирер адам Исламга кирсе, аны да Дарул Аркамга кошчу. Үч жыл бою Расулулла ﷺ бул мусулмандарды тарбиялады, бирге намаз окуду. Түндө уктабастан ибадат кылса, алар да бирге ибадат кылышты. Муну менен Расулулла ﷺ намаз окуу жана Куран тилават кылуу аркылуу аларда рухий тарапты пайда кылды. Алланын аяттары жана махлуктары жөнүндө ойлоо жана пикирлөө аркылуу алардын пикирин ойготту. Алардын акылдарын Куран маанилери жана сөздөрү, Ислам түшүнүктөрү жана пикирлери менен байытты. Азарларга сабыр кылууга чакырды. Итаатка жана баш ийүүгө үйрөттү. Натыйжада, алар Улуу жана Кудуреттүү Аллага калыс пенделер болуп жетишишти. Алла Тааланын:

﴿ فَٱصۡدَعۡ بِمَا تُؤۡمَرُ وَأَعۡرِضۡ عَنِ ٱلۡمُشۡرِكِينَ ﴾

***«Эми, буюрулган ишке умтул жана мушриктерден жүз бур».*** **[15:94]**
аяты түшүрүлгөнгө чейин Расулулла ﷺ жана мусулмандар Аркам ибн Абу Аркамдын үйүндө жашыруун абалда иш алып барышты.

## САХАБАЛАРДЫН УЮШУУСУ

Расулулла ﷺ жашы, даражасы, жынысы жана тегине карабастан, кимдерден ушул даъватты кабыл алууга шыктанууну көрсө, ошолорду даъват кылды. Бул жаатта адам тандабады, тескерисинче, баарын бирдей көрүп жана алардын даъватты кабыл алуу жөндөмүнө этибар берди. Көпчүлүк Исламга кирди. Исламды кабыл алган мусулмандарга дин өкүмдөрүн үйрөтүүгө жана Куранды жаттатууга катуу көңүл бурду. Мусулмандар ушундай көрүнүштө топтолушту жана даъватты жайышты. Расулулла ﷺ пайгамбар кылып жиберилгенден тартып, бул ишти ашкере кылууга буюрулганга чейин, сахабалардын саны – аял-эркекти кошуп эсептегенде – кырктан ашты. Алар ар түрдүү жаштагы жана ар түрдүү чөйрөлөрдөн чыккан адамдар болуп, көпчүлүгү жаштар эле. Алардын арасында күчтүүсү да, алсызы да, байы да, кембагалы да бар эле. Расулулла ﷺга ыйман келтирген жана ал заттан ажырабастан даъват иштерин бирге алып баргандар төмөнкү сахабалар болду: 1. Али ибн Абу Талиб, ыйман келтиргенде жашы сегизде болчу. 2. Зубайр ибн Аввам, жашы сегизде. 3. Талха ибн Убайдулла, жашы он бирде. 4. Аркам ибн Абу Аркам, жашы он экиде. 5. Абдулла ибн Масъуд, жашы он төрттө. 6. Саид ибн Зайд, жашы жыйырмага жетпеген. 7. Саъд ибн Абу Ваккас, жашы он жетиде. 8. Масъуд ибн Рабиъа, жашы он жетиде. 9. Жаъфар ибн Абу Талиб, жашы он сегизде. 10. Сухайб Румий, жашы жыйырмага жетпеген. 11. Зайд ибн Хориса, жыйырмага жакындап калган. 12. Усман ибн Аффан, жыйырмага жакындап калган. 13. Тулайб ибн Умайр, жыйырмага жакындап калган. 14. Хаббаб ибн Арат, жыйырмага жакындап калган. 15. Аамир ибн Фухайра, жашы жыйырма үчтө. 16. Мусъаб ибн Умайр, жашы жыйырма төрттө. 17. Микдад ибн Асвад, жашы жыйырма төрттө. 18. Абдулла ибн Жахш, жашы жыйырма беште. 19. Умар ибн Хаттаб, жашы жыйырма алтыда. 20. Абу Убайда ибн Жаррох, жашы жыйырма жетиде. 21. Утба ибн Газван, жашы жыйырма жетиде. 22. Абу Хузайфа ибн Утба, отузга жакындап калган. 23. Билал ибн Рабах, отузга жакындап калган. 24. Ияш ибн Рабиъа, отузга жакындап калган. 25. Аамир ибн Рабиъа, отузга жакындап калган. 26. Нуъайм ибн Абдулла, отузга жакындап калган. 27-30. Мазъун ибн Хабибдин уулдары: Усман ибн Мазъун, отузга жакындап калган. Абдулла ибн Мазъун, жашы он жетиде. Кудама ибн Мазъун, жашы он тогузда. Соиб ибн Мазъун, жыйырмага жакындап калган. 31. Абу Салама Абдулла ибн Абдул Асад Махзумий, отузга жакындап калган. 32. Абдуррахман ибн Авф, отузга жакындап калган. 33. Аммар ибн Ясир, жашы отуз менен кырктын ортосунда. 34. Абу Бакр Сыддык, жашы отуз жетиде. 35. Хамза ибн Абдулмутталиб, жашы кырк экиде. 36. Убайда ибн Хорис, жашы элүүдө. О.э. аялдардан да көпчүлүк Исламга кирген эле. Бул сахабалар үч жыл бою сакафатта бышып жетилгенден кийин, акылдары Ислам менен калыптанган соң жана напистери шарият өкүмдөрүнө ылайык канааттанып калгандан кийин, Расулулла ﷺ кадыржам болду. Сахабалардын Алла Таалага болгон байланышын сезүүлөрү алардын иштеринде ачык көрүнүп жатканын көрдү. Бул иштерге Расулулла ﷺ аябай кубанды. Анткени, мусулмандар уюму күчтүү жана бүтүндөй коомго каршы турууга кудуреттүү уюмга айланган эле. Ошондуктан, Алла буюрган убакта бул уюмду ашкере кылды.

## ДАЪВАТТЫН ЖАЙЫЛЫШЫ

Исламий даъват Расулулла ﷺ пайгамбар кылып жиберилген биринчи күндөн баштап эле баарына белгилүү болгон. Меккедеги адамдар Мухаммад жаңы динге даъват кылып жатканын, көпчүлүк Исламга киргенин, Мухаммад сахабаларын уюштуруп, аларды тарбиялап жатканын о.э. мусулмандардын жаңы динди жаюу үчүн жашыруун аракет кылып жатышканын билишкен. Адамдар жаңы даъватты жана ага ыйман келтиргендерди билишсе да, момундардын кайсыл жерде чогулуп жатышканын жана чогулуп жаткандар кимдер экендигин билишкен эмес. Ошондуктан, Расулулла ﷺдын Исламды Мекке капырларына жарыя кылуусу жаңылык болбоду, бирок, ушул момун уюмдун адамдарга ашкере кылынышы күтүлбөгөн окуя болду. Хамза ибн Абдулмутталиб, андан үч күндөн кийин болсо, Умар ибн Хаттаб Исламга кирди. Мунун натыйжасында мусулмандар күчтүү жамаатка айланды. Ошондо Расулулла ﷺга Алла Тааланын ушул:

﴿ فَٱصۡدَعۡ بِمَا تُؤۡمَرُ وَأَعۡرِضۡ عَنِ ٱلۡمُشۡرِكِينَ ۝ إِنَّا كَفَيۡنَٰكَ ٱلۡمُسۡتَهۡزِءِينَ ۝ ٱلَّذِينَ يَجۡعَلُونَ مَعَ ٱللَّهِ إِلَٰهًا ءَاخَرَۚ فَسَوۡفَ يَعۡلَمُونَ ﴾

***«Эми, буюрулган ишке умтул жана мушриктерден жүз бур. Албетте, сени шылдыңдаган адамдарга Өзүбүз жетиштүүбүз. Алар Аллага дагы башка «илах»тарды кошуп*** *(шерик кылып)* ***алышкан. Жакында*** *(бул кылмыштарынын акыбетин)* ***билип алышат».*** **[15:94-96]**

аяты түштү. Ошондон кийин Расулулла ﷺ Алланын буйругун ишке ашырды жана мусулмандардын уюмун баарына ашкере кылды. Бирок, кээ бир мусулмандар тээ Мекке фатх болгонго чейин жашыруун абалда калышты. Расулулла ﷺдын бул уюмду ашкере кылышы төмөнкүдөй ыкмада болгон: Расулулла ﷺдын сахабалары эки сап болуп чыгышты. Саптардын бирине Хамза ибн Абдулмутталиб, экинчисине болсо Умар ибн Хаттаб баш болуп барышты. Расулулла ﷺ аларды арабдар али көрө элек жакшынакай бир тартипте Каабага алып барды жана Каабаны бирге тооп кылды. Ошентип, Расулулла ﷺ сахабалары менен жашыруун иш-аракет доорунан ачык иш-аракет дооруна, кызыккандарды даъват кылуу доорунан бардык элге кайрылуу дооруна өтүштү. Ошондон кийин, коомдо ыйман менен куфр ортосунда, туура пикирлер менен бузук пикирлер ортосунда кагылышуу башталды. Экинчи баскыч – таасир көрсөтүү жана күрөшүү баскычы башталды. Капырлар даъватка каршы күрөштү жана Расулулла ﷺга жана сахабаларына ар түрдүү жолдор аркылуу азар берүүнү баштап жиберишти. Мына ушул таасир көрсөтүү жана күрөшүү баскычы бардык доорлордо кыйынчылыктарга толо болгон. Расулулла ﷺдын үйү ташбараң кылынчу о.э. үйүнүн алдына Абу

Лахабдын аялы Умму Жамил ыпылас нерселерди таштап койчу. Расулулла ﷺ аларды алып коюу менен эле чектелер эле. Бир күнү Абу Жахл буттарга курмандык кылып союлган койдун ичегилерин намаз окуп жатканда Расулулла ﷺдын үстүнө таштап койду. Расулулла ﷺ бул азарга да сабыр кылып, кызы Фатиманын алдына барды, кызы Расулулла ﷺдын кийимин жууп берди. Булардын баары Расулулла ﷺда сабырды жана даъватка дагы да катуу киришүүгө болгон каалоону күчөттү. Мусулмандар коркутууларга жана азарларга дуушар болушчу. Ар бир уруу өзүндөгү мусулмандарга зулум кылып, дининен кайтарууга аракет кылып жатты. Мушриктердин бири хабаший кулу Билалды Исламда бекем тургандыгы себептүү өлтүрүү үчүн кайнаган ысыкта кумга жаткырып, үстүнө чоң таш бастырып койду. Билал мына ушундай абалда да «Ахад, Ахад» сөздөрүн кайталап, Роббисинин жолунда бул азапка туруштук берди. Бир аял Исламдан ата-бабаларынын динине кайтууга ыраазы болбогону үчүн зулумга дуушар кылынып, дүйнөдөн көз жумду. Мусулмандар мушриктер тарабынан таякталып, ар түрдүү катуу акаараттарга дуушар болушту. Алар Алла Тааланын ыраазылыгына жетишүү үчүн бул азарлардын бардыгына сабыр менен чыдап жатышты.

## ДАЪВАТКА КАРШЫ КҮРӨШ

Расулулла ﷺга Ислам дини жиберилгенден кийин, адамдар ал киши жана анын даъваты жөнүндө сүйлөшө башташты. Курайш уруусундагылар бул жөнүндө көп сүйлөшкөн жок. Анткени, алар башында буга маани беришпеди жана «Расулулла ﷺдын сөздөрү да кечилдер жана кудайжөйлөрдүн сөздөрү сыяктуу куру токума сөз, адамдар кайрадан дагы ата-бабаларынын динине кайтышат» деп ойлошту. Ошондуктан, алгач ага этибар беришпеди, каршылык да кылышпады. Расулулла ﷺ алар топтолуп олтурган жерлерден өтүп калса: «Мына бул Абдулмутталибдин уулу дайым асмандан сүйлөйт», - деп калышчу. Абал ушундайча уланды. Бирок, Расулулла ﷺдын даъваты башталганынан эч канча убакыт өтпөстөн, бул даъваттын кооптуу экенин сезип калышып, Расулулла ﷺга каршылык көрсөтүүгө, ага каршы күрөшүүгө келишип алышты. Башында Расулулла ﷺдын кадыр-баркын түшүрүү жана анын пайгамбарлыгы туурасындагы сөздөрүн жалганга чыгаруу менен алектеништи. Кийин, Расулулла ﷺдан пайгамбар экендигин далилдей турган муъжизаларды талап кыла башташты. Эмне үчүн Мухаммад Сафа жана Марваны алтынга айлантып койбойт? Ал айтып жаткан китеп эмне үчүн асмандан даяр жазылган абалда түшпөйт? Мухаммад абдан көп жолу айткан Жабраил эмне үчүн алардын көзүнө көрүнбөйт? Эмне үчүн ал өлүктөрдү тирилтпейт? Мекке тоолордун курчоосунда калбасын үчүн эмне үчүн аларды башка жакка көчүрүп жибербейт? Эмне үчүн Мекке калкынын сууга муктаждыгын билип туруп, Замзам суусунан даамдуураак булак чыгарбайт? Эмне үчүн ага Роббиси нерселердин бааларын вахий кылбайт, вахий кылганда барбы, чоң пайда көрүшмөк… Алар Расулулла ﷺга жана даъватына каршы мына ушундай шылдыңдоо ыкмасы менен чабуул кылышты. Бирок, бул нерсе Расулулла ﷺды даъваттан чалгытпады, тескерисинче, адамдарды Алланын динине үндөөнү, буттарды каралоону, аларга сыйынуучулардын наадандыгын ашкере кылууну улантты. Курайштыктарга бул нерсе катуу таасир этти. Ошондуктан, алар Расулулла ﷺды даъватынан кайтаруу максатында бардык ыкмаларды ишке салышты, бирок, мунун пайдасы болбоду. Алар бул даъватка каршы күрөш үчүн колдонгон эң негизги ыкмалар төмөнкү үч ыкма эле:

1. Азап жана кыйноолорго дуушар кылуу.
2. Ички жана тышкы тетири үгүттөөлөрдү жүргүзүү.
3. Мамилени үзүү.

Расулулла ﷺды коому коргогонуна карабастан, ал киши жана мусулмандар кыйноолорго дуушар болушту. Мушриктер азаптардын бардык түрлөрүн ишке салышты. Ясир үй-бүлөсүнүн бардык мүчөлөрүн дининен кайтаруу үчүн аябай катуу кыйнашты. Бирок, бул азаптар аларда бекемдик жана ыйманды күчөттү. Алар азапталып жатканда,

Расулулла ﷺ алардын жанынан өтүп баратып: «**Эй Ясир үй-бүлөсү, сабыр кылгыла! Анткени, силерге бейиш убада кылынган. Мен силер үчүн Алла тарабынан бирер нерсеге ээ эмесмин**», - деди. Расулулла ﷺ аларга «**Силерге бейиш убада кылынган**» дегенде, Ясирдин аялы Сумайя: «Я Расулулла, мен аны анык көрүп турамын», - деди. Курайш Расулулла ﷺга жана анын сахабаларына азап берүүнү бир ирмемге да токтотподу.

Курайш бул ыкма пайда бербегенин көргөн соң, Меккеде жана Хабашистанда башка куралды – Исламга жана мусулмандарга каршы үгүттөө ыкмасын ишке салды. Үгүттөөнүн бардык түрлөрүнөн: талкуулашуу, далил келтирүү, сөгүү, имиштерди таркатуу сыяктуулардан пайдаланышты. Исламий акыйдага, анын даъватчысына каршы дооматтарды уюштурушту. Расулулла ﷺды жалганчыга чыгарууга урунушту. Мухаммадга каршы – Меккеде жана анын тышында, өзгөчө, ажылыкта – үгүттөө көздөлгөн ар бир сөздү астейдил даярдай баштаашты. Курайштыктардын Расулулла ﷺга каршы үгүттөөгө канчалык этибар беришкенин ушул окуядан да билип алсак болот. Алардын бир тобу ажылык мезгилинде Меккеге келгендерге Мухаммад тууралуу эмне деп айтууну кеңешип алуу үчүн Валид ибн Мугийранын үйүнө чогулушту. Кээ бирлери аны балчы деп айтууну сунуштады. Валид ибн Мугийра «Мухаммад айтып жаткан сөздөр балчылардын балдырашы эмес» деп анын сунушун четке какты. Айрымдары «Мухаммадды жинди дейбиз» деген сунушту ортого таштады. Валид бул сунушту да «Мухаммадда жиндиликтин бир да белгиси жок» деп четке какты. Башкалар «Мухаммадды сыйкырчы дейбиз» деген раъй билдиришти. Валид буга да «Мухаммад түйүндөргө дем салбайт жана сыйкырчылардыкы сыяктуу бир да иш кылбайт» деп көнбөдү.

Узакка созулган тартышуу жана талкуулашуулардан кийин «Мухаммадды сөз сыйкырчысы» деп айыптоого келишип алышты. Кийин, ажылыкка келген арабдардын арасында жүрүшүп, «Мухаммад сөз сыйкырчысы, ага кулак салбагыла, ал айтып жаткан сөздөр сыйкыр болуп, адамды ага-инисинен, ата-энесинен, аялы жана тууган-уруктарынан ажыратып жиберет. Ким ага кулак салса, Мухаммад аны сыйкырлап, үй-бүлөсүнөн ажыратып жиберишинин коркунучу бар» деп эскертишти. Бирок, бул үгүттөө да пайда бербеди жана Ислам даъватын токтото албады. Кийин, Курайш Назр ибн Хористин алдына барып, аны Расулулла ﷺга каршы үгүт жүргүзүүгө чакырды. Ошондо Назр Расулулла ﷺ адамдарды Алланын динине даъват кылып чогулткан жерлерге Расулулла ﷺдан кийин барып, перстер жана алардын дини тууралуу айтып берип: «Мухаммаддын сөздөрү эмнеси менен менин сөздөрүмдөн жакшыраак. Ал да мен айтып берип жатканды, өткөндөрдүн уламыштарын айтып берип жатпайбы», - деп үгүттөй баштады. Курайш бул сөздөрдү адамдар арасында таркатты. Ошону

менен бирге «Мухаммад айтып жаткан сөздөрдү ага Жабр аттуу насроний бала үйрөтүп жатат, алар Алладан келген вахий эмес» деген сөздөрдү да таркатты. Мындай жалаа күчөтүп жиберилгенден кийин, Алла Таала алардын сөзүн жокко чыгарып, ушул аятты түшүрдү:

﴿ وَلَقَدْ نَعْلَمُ أَنَّهُمْ يَقُولُونَ إِنَّمَا يُعَلِّمُهُۥ بَشَرٌ ۗ لِّسَانُ ٱلَّذِى يُلْحِدُونَ إِلَيْهِ أَعْجَمِىٌّ وَهَٰذَا لِسَانٌ عَرَبِىٌّ مُّبِينٌ ﴾

***«Биз билебиз, алар*** *(мушриктер):* ***«Куранды Мухаммадга бир адам үйрөтүүдө», - деп жатышат.*** *(Бирок, алардын бул сөздөрү болбогон сөз, себеби)* ***алар айтып жаткан адамдын тили ажамий*** *(т.а. арабча эмес),* ***ал эми, бул*** *(Куран)* ***анык араб тилинде».*** **[16:103]**

Араб жарым аралында Курайштын фитналары мына ушундай уланды. Курайш муну менен эле чектелип калбады, мусулмандардын Хабашистанга хижрат кылышканын укканда, Нажашийдин алдындагыларды мусулмандарга каршы тукуруп, аларды Хабашистандан чыгарып жиберүү үчүн эки элчи жиберди. Алар Амр ибн Ас жана Абдулла ибн Рабиъа эле. Алар Хабашистанга жетип келип, Нажаший сарайындагы башкы руханийлерге – мусулмандарды Меккеге кайтарууга жардам кылууларын өтүнүп – белектерди беришти. Кийин, Нажашийдин алдына кирип, мындай дешти: «Эй падыша, сиздин өлкөңүзгө бизден акмак жаштар келген. Алар өз коомунун дининташташкан, бирок, сиздин диниңизге да киришпеген. Өздөрү токуп алган, биз да, сиз да билбеген бир динди алып келишкен. Алардын ата-энелери, абалары, туугандары аларды өз өлкөлөрүнө кайтарып жиберишиңиз үчүн жардам сурап бизди алдыңызга жибериşти. Анткени, алардын айыптары жана кылмыштарын туугандары абдан жакшы билишет». Нажаший мусулмандардан бул тууралуу өздөрүнөн билүү үчүн аларды чакыртып: «Силердин коомуңардан бөлүнүшүңөргө, менин диниме жана башка эч бир улуттун динине кирбешиңерге себеп болгон бул кандай дин?» - деп сурады. Ага Жаъфар ибн Абу Талиб жахилияттагы абалдары жана өздөрүнүн кандай сыпатта болгондуктарын баяндап жооп берди. Кийин, Ислам алып келген хидаятты, мусулман болгондон кийинки абалдары кандай көрүнүшкө өзгөргөнүн баяндады. Кийин, Курайштын аларды кандай азап жана кыйноолорго дуушар кылганын айтып берди жана: «Курайш бизге зомбулук кылып, кыйноолорго дуушар кылып, бизди оор абалга салып, динибизден кайтарууга урунгандан кийин, сиздин өлкөңүзгө келдик, башкаларга караганда сиздин коргооңузда болууну каалаадык жана сиздин алдыңызда зулумга учурабайбыз деп үмүттөндүк», - деди. Нажаший Жаъфарга: «Силерде пайгамбарыңар келтирген бирер нерсе барбы, мага окуп берчи?» - деди. Жаъфар Курандан «Марям» сүрөсүнүн башынан ушул аятына чейин окуп берди:

﴿ فَأَشَارَتْ إِلَيْهِ ۖ قَالُوا۟ كَيْفَ نُكَلِّمُ مَن كَانَ فِى ٱلْمَهْدِ صَبِيًّا ۝ قَالَ إِنِّى عَبْدُ ٱللَّهِ ءَاتَىٰنِىَ ٱلْكِتَـٰبَ وَجَعَلَنِى نَبِيًّا ۝ وَجَعَلَنِى مُبَارَكًا أَيْنَ مَا كُنتُ وَأَوْصَـٰنِى بِٱلصَّلَوٰةِ وَٱلزَّكَوٰةِ مَا دُمْتُ حَيًّا ۝ وَبَرًّۢا بِوَٰلِدَتِى وَلَمْ يَجْعَلْنِى جَبَّارًا شَقِيًّا ۝ وَٱلسَّلَـٰمُ عَلَىَّ يَوْمَ وُلِدتُّ وَيَوْمَ أَمُوتُ وَيَوْمَ أُبْعَثُ حَيًّا ﴾

***«Ошондо** (Марям баласына) **жаңсады. Алар айтышты: «Бешиктеги бөбөк менен кантип сүйлөшөбүз?!».** (Ошол чакта бөбөккө тил бүтүп): **«Мен Алланын пендесимин. Ал мага Китеп берип, Пайгамбар кылды. Каерде болсом берекелүү кылды жана тирүү эле болсом намаз окуну, зекет берүүнү, энеме жакшылык кылууну буюрду. Жана мени таалайсыз, ташбоор кылбады. Мага туулган күнүмдө да, өлө турган күнүмдө да, кайра тириле турган күнүмдө да тынчтык-амандык болот».*** **[19:29-33]**

Руханийлер бул сөздөрдү угуп: «Бул сөздөр менен саййидибиз Исанын сөздөрү бир булактан чыгып жатат», - дешти. Нажаший да: «Чындыгында, бул жана Иса алып келген нерсе бир жерден чыгып жатат», - деди. Кийин, Курайштын элчилерине карап: «Жөнөгүлө, мен буларды силерге бербеймин», - деди. Бирок, элчилер Нажашийдин алдынан чыккандан кийин, башкача ыкманы колдонууну чечишти. Эртеси күнү Амр ибн Ас Нажашийдин алдына барып: «Мусулмандар Иса ибн Марям жөнүндө жаман сөздөрдү айтышат, сиз аларды чакыртып, Иса жөнүндө эмне деп айтышарын сурап көрүңүз», - деди. Нажаший аларды чакыртып, Иса жөнүндө эмне деп айтышарын сурады. Жаъфар айтты: «Биз ал жөнүндө пайгамбарыбыз келтирген сөздөрдү айтабыз. Пайгамбарыбыз айтат: «Иса ибн Марям Алланын пендеси жана элчиси, Ал тарабынан болгон рух ээси жана Марямга жеткирген сөзү». Ошондо Нажаший таяк менен жерди сызып, Жаъфарга: «Силердин диниңер менен биздин динибиздин ортосунда мына ушул сызыктан башка нерсе жок», - деди жана Курайштын элчилерин кайтарып жиберди. Элчилер эч нерсе кыла албастан кайтышты.

Ошентип, үгүттөөнүн бардык ыкмалары пайдасыз болду. Расулулла ﷺдын тилинде жүзөгө чыгып жаткан ачык даъваттын кубаты бардык үгүттөрдөн үстөм келди. Ислам нуру ар кандай миш-миш жана үгүттөрдү таркатып жиберип жатты. Ошондон кийин, Курайш үчүнчү ыкманы – алаканы үзүү куралын ишке салды. Алар Расулулла ﷺ жана ал заттын тугандары менен мамилени үзүүгө токтом кылышты. Бир кат жазылып, анда Бану Хошим жана Бану Абдулмутталиб менен бүтүндөй мамилени үзүү жөнүндө убада кылынды. Ага ылайык, алар менен нике мамилеси кылынбайт, алардан бир да нерсе алынбайт, аларга бир да нерсе

сатылбайт. Кийин, бул убадалашуу жазылган баракты Кааба дубалына илип коюшту. (Мындан ушул документтин маанилүү экендигин түшүндүрүү максаты көздөлгөн). Алар ушул саясаттын – т.а. мамилени үзүү саясатынын – кыйноо жана үгүттөө саясаттарына караганда натыйжалуу болушуна толук ишенимде эле. Мындай абал т.а. мусулмандарды камал кылуу үч жылга созулду. Алар «Бану Хошим жана Бану Абдулмутталиб Мухаммад ﷺды таштап кетет, мусулмандар да done динине баш тартышат, кийин Мухаммад ﷺ жалгыз калып, даъватын токтотот же анын даъватынын Курайшка жана анын динине эч бир коркунучу калбайт» деп ойлошту. Бирок, бул нерсе Расулулла ﷺда Алланын арканын (Куранды), Алланын динин бекем кармоону о.э. Аллага даъват кылуу жолундагы кайратты ого бетер күчөттү. Расулулла ﷺ менен ыйман келтиргендердеги сабыр-такаат жана бекемдикти күчөттү. Меккеде жана анын тышкарысында даъваттын жайылышына тоскоолдук кыла албады. Курайштын Мухаммадды камал кылгандыгынын кабары Мекке тышкарысындагы арабдарга жетип барды. Ушул себептен улам, даъват жөнүндөгү сөздөр башка урууларга да жайылды. Араб жарым аралында Исламдын аты жайылды. Кербендер да Ислам жөнүндөгү сөздөрдү жайып жүрдү. Бирок, алаканы үзүү уланып, ачкачылык аяктабады. Курайш мамилени үзүүгө келишкен келишим өз күчүндө турду. Расулулла ﷺ туугандары менен Мекке тышкарысындагы тоолордун арасынан баанек тапты. Алар ачкалык, обочолонгондук жана муктаждыктарды баштан өткөрүп жатышты. Көбүнчө жан сактап калууга жете турган тамак табылбайт болчу. О.э. аларга адамдар менен арам кылынган айлардан башка убактарда аралашуу жана сүйлөшүүгө да уруксат жок эле. Бул айларда Расулулла ﷺ Меккеге түшүп, арабдарды Алланын динине даъват кылып, Алланын рахматына жетишүү кабарын жеткирип, азаптардан эскертип, андан кийин дагы кайрадан тоого кайтчу. Мындай абал мусулмандарга карата арабдардын мээримин күчөтүп жиберди. Алардын айрымдары Расулулла ﷺдын даъватына ээрчисе, кээ бирлери мусулмандарга жашыруун тамак-аш жана суу жиберип жүрдү. Хишам ибн Амр төөгө азык-түлүк жана буудай артып, түн жарымында тоо арасына келип, аны мусулмандар тарапка айдап жиберчү. Мусулмандар төөгө жүктөлгөн тамактарды алып, төөнүн өзүн союп жешчү. Мындай абал үч жылга созулду. Аларга дүйнө тар болуп кетти. Акыры Алла аларга азаттыкты жиберди жана камалды ачып таштады. Бул окуя мындайча болду: Курайш жигиттеринен бешөө: Зухайр ибн Абу Умайя, Хишам ибн Амр, Мутъим ибн Адий, Абу Бухтарий ибн Хишам жана Замъа ибн Асваддар чогулуп, келишимдин жана мамилени үзүүнүн акыбети жөнүндө сүйлөшүштү. Ага аябай ачууланышты, бири-бирине бул ишке кыжырданып жатышканын айтышты о.э. бул келишимди бекер кыла турган жана ал жазылган баракты жыртып таштоого алып бара турган бир иш кылууга келишип

алышты. Эртеси Каабага барышты. Зухайр келип Каабаны жети жолу тооп кылып, кийин адамдарга: «Эй Мекке калкы, эч ким соода-сатык кылбагандыктан Бану Хошим өлүп кете берет да, ал эми биз болсо тамак жеп, кийим кийип жүрө беребизби?! Аллага ант болсун, бул залим, ортону үзүүчү ушул барак жыртып ташталмайынча отурбаймын», - деди. Бул сөздөрдү Абу Жахл аягына чейин укпай туруп эле ага карап: «Жалган айтасың, Аллага ант болсун ал жыртылбайт», - деп кыйкырды. Байтулланын ар түрдүү тараптарынан Замъа, Абу Бухтарий, Мутъим жана Хишамдар кыйкырып, Абу Жахлды жалганчыга чыгарышты жана Зухайрды колдоп-кубатташты. Абу Жахл бул иш келишилген иш экенин, коомдун буга келишкенин, ага каршы чыгуу жамандыкка алып барарын түшүндү жана коркуп артка чегинди. Мутъим баракты жыртып таштоо үчүн турду, аны алып караса, башында «Бисмикаллохумма» деп жазылган жайынан башка бөлүгүн курт жеп бүткөн экен. Курайш жигиттеринин мамилени үзүү келишимин бекер кылышы менен Расулулла менен анын сахабаларына тоо арасындагы камалдан чыгып, Меккеге кайтууларына уруксат болду жана алар Меккеге кайтып келишти. Расулулла ﷺ даъватын дагы улантты, мусулмандардын саны күн санап көбөйө берди. Ошентип, Курайштын кыйноого дуушар кылуу, үгүттөө жана мамилени үзүү сыяктуу күрөш ыкмалары натыйжа бербеди. Алар мусулмандарды дининен чыгара алышпады, Расулулла ﷺды даъватынан кайтара алышпады. Натыйжада, Алла Таала бул даъватты бардык кыйынчылык жана тосуктарга карабастан, үстөм кылды.

## ДАЪВАТТЫН ТААСИР КӨРСӨТҮШҮ

Курайштын Исламий даъват менен кагылышуусу табигый эле. Анткени, Расулулла ﷺ даъватты ашкере кылып, бүт дүйнөгө каршы туруп мусулмандардын кудуретин көрсөтө ала турган уюмду түзгөн эле. Мындан тышкары, бул даъват Мекке мушриктерине жана Курайшка каршы күрөштү да өз ичине алган эле. Анткени, ал Алланы жападан жалгыз илах деп билүүгө, жалгыз Ага гана ибадат кылууга, буттарга сыйынууну таштоого о.э. өздөрү жашап жаткан бузук түзүмдөн баш тартууга чакырат болчу. Ошондуктан, ал Курайш менен кагылышты. Расулулла ﷺ курайштыктардын акылсыз экендигин ашкере кылып, илахтарын шылдыңдап, татыксыз жашоолорун сындап жана зулум негизиндеги турмуш жолдорунун акыбети кыйроо экенин айтып жаткан болсо, алар менен кагылышпоосу мүмкүн беле?! Расулулла ﷺга Куран түшүп, Курайш мушриктерине чабуул кылып, ачык сөздөр менен мындай деди:

﴿ إِنَّكُمْ وَمَا تَعْبُدُونَ مِن دُونِ ٱللَّهِ حَصَبُ جَهَنَّمَ ﴾

*«(Эй мушриктер),* ***силер да, Алладан башка сыйынып жаткан буттарыңар да тозокко отун болосуңар».*** **[21:98]**

Кийин Куран Курайш тиричилигинин негизи болгон сүткордукту кескин каралап минтип айтты:

﴿ وَمَآ ءَاتَيْتُم مِّن رِّبًا لِّيَرْبُوَا۟ فِىٓ أَمْوَٰلِ ٱلنَّاسِ فَلَا يَرْبُوا۟ عِندَ ٱللَّهِ ۖ ﴾

***«Силер адамдардын малдары ичинде артыкча болуп*** *(кайтуусу)* ***үчүн берген сүткордук малдарыңар Алланын алдында сооп алышыңарга себеп болбойт».*** **[30:39]**

Тараза жана өлчөөлөрдөн уруп кала турган кимселерди катуу азаптан эскертти:

﴿ وَيْلٌ لِّلْمُطَفِّفِينَ ۝ ٱلَّذِينَ إِذَا ٱكْتَالُوا۟ عَلَى ٱلنَّاسِ يَسْتَوْفُونَ ۝ وَإِذَا كَالُوهُمْ أَو وَّزَنُوهُمْ يُخْسِرُونَ ﴾

***«Таразадан алдагандарга чоң азап болсун! Алар адамдардан*** *(бир нерсени)* ***өлчөтүп алганда толтуруп алышат, өлчөп же тартып бергенде кем кылып беришет».*** **[83:1-3]**

Ошондуктан, мушриктер Расулулла ﷺга каршы турушту, ал затка жана сахабаларына бирде кыйноолорго дуушар кылуу менен, башкасында мамилени үзүү менен о.э. Расулулла ﷺга жана даъватына каршы үгүт жүргүзүү менен азар беришти. Бирок, Расулулла ﷺ аларга сокку берүүнү улантты. Ката раъйларга каршы күрөштү, бузук акыйдаларды сындоону жана даъватты жаюуну токтотподу. Расулулла ﷺ Исламга ар түрдүү сөз оюндарын иштетпестен, адамдардын каалоолоруна ылайыктабастан, кошоматчылык кылбастан, бирөөгө жан тартпастан ачык даъват кылды. Курайштан жетип жаткан ар түрдүү азарларга жана кадам сайын туш келип жаткан машакаттарга карабады. Акыйкатта болсо, Расулулла ﷺдын колдоп-кубаттоочу жардамчылары, даярдап

койгон нерселери жана курал-жарактары жок эле. Ошондой болсо да, Расулулла ﷺ бүткүл дүйнөгө ачыктан-ачык каршы туруп, Алланын динине чыныгы ыйман менен даъват кылды. Бул жааттагы даъват иштерин ишке ашырууда алсыздыкка жол койбоду. Бул Курайштын Расулулла ﷺ менен адамдардын ортосун тосуп коюу үчүн койгон тосуктарын жеңип өтүүдө өз жемишин берди. Расулулла ﷺ адамдардын арасына кирип, аларга даъватты жеткире берди, акыбетте адамдар Алланын динине киришти. Акыйкаттын кубаты батылдан үстөм келди. Арабдар ортосунда Ислам нурунун жайылышы күндөн-күнгө күчөй берди. Натыйжада, буттарга сыйынуучулардын жана насронийлердин көпчүлүгү мусулман болду. Курайш башчыларынын жүрөктөрүндө да Куранга болгон ыктоо пайда болуп, ага кулак сала башташты.

Меккеге Туфайл ибн Амр Давсий келди. ал акын, парасаттуу жана кадыр-барктуу киши эле. Курайш мушриктери анын алдынан тосуп чыгып, Мухаммаддан этият болууга чакырышты жана: «Анын сөздөрү сыйкыр сыяктуу, кишини үй-бүлөсүнөн ажыратып жиберет, Меккеде биздин башыбызга түшкөн нерселер сага жана сенин коомуңа да жетишинен коркобуз. Жакшысы, сен аны менен сүйлөшпөгүн, анын сөздөрүнө кулак да салбагын», - дешти. Бир күнү Туфайл Каабага барды. Расулулла ﷺ ошол жерде эле. Туфайл Расулулла ﷺдын сөздөрүнө кулак салды. Караса, жакшы сөздөр. Ошондо ал өзүнө-өзү: «Аллага ант болсун, мен парасаттуу жана акын кишимин, мага эмне жакшы жана эмне жаман экендиги беш колдой белгилүү. Ошондой болгон соң, бул адамдын сөздөрүн угуудан мени эмне кайтарат. Эгер ал келтирген нерсе жакшы болсо аламын, жаман болсо албаймын», - деди. Кийин, Расулулла ﷺды ээрчип үйүнө барды жана көңүлүндөгү сөздөрүн айтты. Расулулла ﷺ аны Ислам динине кирүүгө чакырды жана Куран аяттарынан окуп берди. Туфайл шахадат калимасын айтып, чын дилден күбөлүк берди. Өз коомуна кайтып баргандан кийин, аларды да Исламга даъват кыла баштады.

Расулулла ﷺ Меккеде турган убагында «пайгамбар чыгыптыр» деген кабарды угуп алдына насронийлерден жыйырма адам келди. Алар Расулулла ﷺ менен маектешип, сурай турган нерселерин сурашты, сөздөрүн тыңдашты. Кийин, Расулулла ﷺдын даъватын кабыл алышып, ыйман келтиришти. Мындай абал Курайш мушриктерин кыжырдантты, ал тургай аларды сөгүп: «Алла силердин үмүтүңөрдү кыйратсын! Артыңарда калган диндештериңер силерди бул адамдын кабарын билип келүү үчүн жиберсе, силер анын алдына кирип-кирбей жатып диниңерден баш тартып, анын айткандарын тастыктап отурасыңар», - дешти. Курайштын бул сөздөрү аларды пайгамбарга ээрчүүдөн кайтара албады. Тескерисинче, Аллага болгон ыймандарын дагы да күчөттү. Муну менен Расулулла ﷺдын иши жарыя болуп, адамдардын Куран угууга каалоолору күчөдү. Ал тургай, Расулулла ﷺга ашын-

ган душман болгон курайштыктар да: «Анын даъват кылып жаткан жаңы дини акыйкатпы, ал убада кылып жаткан жана эскертип жаткан нерселер чындыкпы?» - деп, өздөрүнө суроо бере башташты. Бул суроолор аларды Куран угуу үчүн жашыруун аракет кылууга үндөдү. Абу Суфян, Абу Жахл, Амр ибн Хишам жана Ахнас ибн Шурайх бир түндө Мухаммад үйдө болгон убагында аны тыңшоо үчүн чыгышты. Алардын ар бири жашынып угууга жай тандады. Бирок, алар бири-биринин турган жайларын билишпейт эле. Мухаммад ﷺ түндөрү абдан аз уктап, Куран окуп чыкчу. Алар Алланын аяттарын угушту жана дилдери андан катуу таасирленди. Таң атканча Куран угушту. Кийин, үйлөрүнө кайтып жатканда учурашып калышты жана бири-бирин жемелеп: «Эми мындай кылбагыла, коомуңардагы кээ бир акмактар силерди көрүп калса, анда иштериңерге зыян жетет жана Мухаммадды силердин үстүңөрдөн үстөм кылат», - дешти. Эртеси түнү алардын ар бири кайрадан кечээ барган жайларына барууга болгон катуу каалоону сезишти. Бул түндү да мурунку түндө өткөргөн жайда өткөрүү үчүн жана Мухаммаддын Роббисинин китебин окуганын угуу үчүн дагы барышты. Таң эртелеп кайтканда дагы жолугуп калышты. Бири-бирин дагы урушушту. Урушуулары аларды үчүнчү күнү да баруудан кайтара албады. Мухаммаддын даъваты алдында алсыз экендигин билишкенден кийин, бул ишти кайталабоого бири-бирине убада беришти. Бирок, үч түн уккандары алардын дилдеринде ушундай бир из калтырды дейсиң, анын таасиринде уккан нерселери жөнүндө бири-биринин пикирин сурап, баарынын тең дили тынчсызданып калды. Алар коомдун башчылары болуп туруп, өздөрү алсыздык кылуусунан, кийин коомдору да алсыздык кылып Мухаммадга ээрчип кетишинен коркушчу. Ошентип, Курайш ар кандай тосуктарды койсо да, даъват тынбастан жалпылашып барды. Мындай абал Курайшты катуу кыжалат кылып, алар даъваттын бардык араб уруулары арасында жайылып кетишинен кооптонушчу. Ошондуктан, Расулулла ﷺга жана сахабаларына азап берүүнү күчөтүштү. Расулулла ﷺга карата жамандыктары адам чыдагыс даражага жетти. Ушул себептен улам, Расулулла ﷺ Тоиф шаарына Сакиф уруусунан жардам жана коргоо издеп о.э. алардын Исламга киришинен үмүттөнүп барды. Бирок, алар Расулулла ﷺдын даъватына жаман жооп кайтарышты. Жаш балдар жана акмактарын тукурушуп Расулулла ﷺды сөктүрүштү, ташбараң кылдырышты. Ал тургай, Расулулла ﷺдын буттары канады. Расулулла ﷺ алардан качып, Рабиъанын эки уулу Утба жана Шайбалардын жүзүм багына барып өз иши жана даъват иши туурасында баш катырып отурду. Анткени, эми Расулулла ﷺ Меккеге Меккенин мушрик башчыларынын биринин коргоосу болмоюнча кире албайт, Тоифке да кайтып бара албайт, бул жерде да – бак эки мушрик адамдын багы болгондуктан – кала албайт болчу. Расулулла ﷺдын кыжалатчылыгы күчөп жана башын асманга көтөрүп, күчтүү ыза, бийик ишеним менен Аллага Анын ыраазылыгын көздөп жана өз абалынан наалып дуба

кыла баштады: «Я Аллахым, сага кубатымдын аздыгынан, начарлыгымдан жана адамдарга кор болуп жатканымдан даттанамын. Эй ырайымдуулардын ырайымдуусу, Сен алсыздардын Робисисиң жана Сен менин да Роббимсиң, мени кимдерге тапшырып койдуң, мага душмандарча карай турган бейтааныш кимселергеби же менин иштериме Сен эгедер кылып койгон душмангабы? Эгер Сенде мага карата каардануу болбосо, мен бул иштерге көңүл бурбаймын. Бирок, Сенин мени соо-саламат жана аман-эсен кылышың мен үчүн чоң неъмат. Эй Роббим, мага каарыңды түшүрүшүңдөн – зулматтарды жарык кылган жана дүйнө жана акырет иштерин оңдогон жүзүңдүн нуру менен – баанек сураймын. Сенин ыраазылыгыңды тилеймин. Күч-кудурет бир гана Сенде». Кийин, Меккеге Мутъим ибн Адийдин коргоосунда кайтты. Мекке мушриктери Тоифте Мухаммад ﷺга эмне болгонун билишкенден кийин, ага азарларын дагы күчөтүштү. Адамдарды Расулулла ﷺды угуудан кайтара башташты. Натыйжада, Мекке мушриктери Расулулла ﷺдан жүз үйрүшүп, анын сөздөрүн угуудан баш тартышты. Бирок, бул нерсе Расулулла ﷺды Алланын динине даъват кылуудан кайтарбады. Расулулла ﷺ ажылык мезгилдеринде араб урууларын Исламга даъват кылды, аларга өзүнүн пайгамбар экендигинин кабарын берип, алардан пайгамбарлыгын тастыктоону сурады, ушундай максатта алар менен жолугушуп турду. Бирок, абасы Абу Лахаб Абдул Узза ибн Абдулмутталиб Расулулла ﷺдын изинен калбастан, кайда барса ошол жерде пайда болуп, адамдарды ага кулак салбоого үндөп жүрдү. Бул нерсенин таасири болуп, Расулулла ﷺдын сөздөрүн укпай коюшту. Кийин, Расулулла ﷺ уруулар турган жайларга барып, аларды даъват кыла баштады. Кинда, Калб, Бану Ханифа, Бану Аамир ибн Саъсаъа урууларына барды. Бирок, алардын эч кимиси Расулулла ﷺга кулак салбады жана жагымсыз көрүнүштө четке кагышты. Бану Ханифа уруусунун адамдары болсо өтө төмөндүк кылышты. Бану Аамир адамдары «эгер биздин жардамыбыз менен үстөм болсоңуз, сизден кийин иш биздин колго өтсүн» дешти. Расулулла ﷺ: «**Иш Алланын колунда, Ал аны каалаган жерине коёт**», - дегенден кийин алар да баш тартышты. Ошентип, Мекке Исламдан жүз үйрүдү, Тоиф калкы Расулулла ﷺга ээрчүүдөн баш тартты, араб уруулары болсо Расулулла ﷺдын даъватына кулак салышпады. Меккеге ажылык кылуу үчүн келип жаткан уруулар Мухаммад ﷺдын жалгыздап калганын, Курайштын ага душмандыгын о.э. ага жардам берүүчү ар кандай адамды Курайш өзүнө душман деп билип жатканын көрүштү. Бул нерсе алардын Расулулла ﷺдан жүз үйрүшүн, Расулулла ﷺдын болсо адамдардан бөлүнүп калышын күчөтүп жиберди. Мекке жана анын айланасында даъват иштерин алып баруу кыйын болуп калды. Мекке калкы ушундай бир куфр жана каршылык абалына өтүп алды дейсиң, бул жерде даъват иштерин алып баруудан үмүт үзүлдү.

## ДАЪВАТТЫН ЭКИ БАСКЫЧЫ

Расулулла ﷺ Меккеде эки баскычты басып өттү. Биринчиси, таалим жана сакафат берүү, пикирий жана рухий даярдоо баскычы, экинчиси болсо даъватты жаюу жана күрөш баскычы эле. Биринчи баскыч – пикирлерди түшүндүрүп, адамдарды даярдап, аларды ушул пикирлер айланасына уюштуруу баскычы. Экинчи баскыч – бул пикирлерди коомдогу үндөөчү күчкө айлантуу баскычы, муну менен бул пикирлер турмуш майданында аларды колдонууга түрткү болот. Анткени, пикирлер колдонулбаса, куру маалымат болуп кала берет. Бул маалыматтардын китептерде же мээлерде болушунун айырмасы жок, анткени мындай абалда алар бир жайга жыйып коюлгандай болот. Ошондуктан, турмушка колдонууга өтүлбөсө, пикирлердин эч бир кадыры болбойт. Пикирлер колдонулушу үчүн, аларды үндөөчү күчкө айлантуу керек. Ошондо адамдар аларга ишенип, түшүнүп жетишет жана көтөрүп чыгышат о.э. аларды колдонуу жолунда күрөшөт. Ошондо гана аларды колдонуу ылазым болгон ишке жана табигый натыйжага айланат. Расулулла ﷺ даъватты Меккеде ушул эки баскычта мына ушундай көрүнүштө алып барды. Биринчи баскыч – адамдарды Исламга даъват кылуу, аларга Ислам пикирлери менен сакафат берүү, Ислам өкүмдөрүн үйрөтүү жана Исламий акыйда негизинде уюштуруу баскычы. Бул даъваттагы жашыруун уюшуу баскычы. Себеби, Расулулла ﷺ даъват кылуудан эч токтобостон, Исламга киргендерди пикирлер менен сакафаттуу кылууга тынымсыз аракет кылып, аларды Аркамдын үйүнө чогултуп, халкалардагы уюмга сакафат бере турган адамдарды жиберчү. Мусулмандар да үйлөрүндө, тоо араларында о.э. Аркамдын үйүндө жашыруун чогулушчу. Күндөнкүнгө алардын ыйманы бекемделип, бири-бири менен болгон мамилелери күчөп, көтөрүп чыгып жаткан маанилүү маселенин акыйкатын терең түшүнүшүп, даъват жолунда өздөрүн курман кылууга даяр турушту. Ал тургай, даъват алардын жүрөктөрүнө орношуп, Ислам алардын вужуддарына сиңип кетти жана алар тирүү Исламга айланышты. Ушул себептен улам, алар канчалык жашырынып, уюмун сыр сакташса да, чогулуштарын жашыруун кылууга канчалык урунушса да, даъват жашыруун боюнча калбады. Мусулмандар өздөрү ишенген, даъватты кабыл алууга даяр деп билген адамдарына Ислам жөнүндө айтып бере башташты. Муну менен адамдар мусулмандардын даъватын жана алардын бар экендигин сезишти. Ушул иштер себептүү, даъват башталуу чекитин басып өттү. Ушуну менен биринчи баскыч – жашыруун уюшуу жана аны жүзөгө келтире турган сакафат берүү баскычы аяктады. Эми экинчи баскыч – адамдарга Исламды түшүндүрүү аркылуу таасир көрсөтүү жана күрөш баскычына өтүү убагы келди. Ошондо адамдар Исламга жооп беришет, аны тосуп чыгышат жана Ислам алардын жүрөктөрүнөн жай алат. Же Исламды четке ка-

гып, ага каршы турат жана анын пикирлери менен кагылышат. Бул кагылышуунун натыйжасында куфр жана бузуктук жеңилет, ыйман жана тазалык жүзөгө чыгып, сак-саламат пикир үстөм болот. Анткени, акылдар канчалык өзүн чоң тутуп текебердик кылса да, сак-саламат пикирге каршы туруусу, аны четке кагуусу мүмкүн эмес, андан таасирленип калбоо үчүн качкандыгы пайдасыз. Таасир көрсөтүү баскычы мына ушундай башталды жана пикир менен пикир, мусулмандар менен капырлар ортосунда карама-каршылык жүзөгө келди. Бул нерсе хизбий уюмдан башталды. Расулулла ﷺ сахабалары менен арабдар мурда көрбөгөн бир тартипте бир уюм болуп чыкты. Кийин, барып Каабаны тооп кылып, өз ишин ашкере кылды. Мына ушул убактан баштап, Расулулла ﷺ адамдар арасында даъватты ачык-айкын жана бүткүл дүйнөгө жая баштады.

Расулулла ﷺга аяттар тавхидге чакырып, бутпарастыкты жана ширкти четке кагып жана бул экөөнө каршы чабуул кылып, ата-бабаларына карапайымдарча ээрчүүнүн акыбети кыйроо болушунан кабар берип түшө баштады. О.э. аяттар сүткордук, бузук соода, өлчөө жана таразаларда алдоо сыяктуу кыңыр мамилелерди каралап түшө баштады. Расулулла ﷺ Ислам жөнүндө адамдарды жамаат кылып топтоп алып сүйлөй баштады. Бир күнү өз коомун үйүнө тамакка чакырып, алардан Исламга жардам берүүнү талап кылды, бирок, алар буга ыраазы болушпады. Кийин, Мекке калкын Сафа тоосуна чогултуп алып сүйлөдү. Мындан Курайш башчылары козголуп кетти жана Абу Лахаб Расулулла ﷺды катуу акаарат кылды. Алланын пайгамбары Мухаммад ﷺ менен Курайш жана башка арабдар ортосунда душмандык күчөп кетти. Ошентип, даъват үйлөрдө, тоо араларында жана Аркамдын үйүндө халкаларда борборлошкон түшүндүрүүдөн бардык адамдарды ачык үгүттөөгө өттү. Мындай массалык даъваттын жана сакафат берүүнүн Курайшка таасири болду. Т.а. анын даъватка душмандыгы күчөдү жана өзүнө жакындашып келе жаткан коркунучту сезди. Башында Мухаммад ﷺга жана даъватына көңүл бурбаган болсо, эми ага каршы күрөшүү үчүн олуттуу кадамдарды коё баштады. Курайш мушриктери Расулулла ﷺга жана сахабаларына азар жана кысымдарын күчөттү. Бул ыкманын даъватка да таасири болду. Т.а. адамдарга «Ислам» деген сөздү уктурду жана Алланын динине даъват кылуу бүт Мекке калкы арасында жайылды. Ар күнү бирер адам ыйман келтирип жатты. Алсыз, жакыр жана бей-бечаралар, Расулулла ﷺ даъват кылып жаткан нерсе туурасында ойлоп көрүүдөн соодасы алаксытпай турган кишилер ыйман келтиришти. Мекке соодагерлери, чоңдору жана башчыларынан дили таза жана адилеттүү болгондору, жаңжал жана кибрден бийик тургандары гана ыйман келтиришти. Алар даъваттын туура экендигин жана даъватчынын чынчылдыгын билер замат Исламга кириşти. Ислам Меккеде

жайылды жана эркек аял дебестен Исламга кире баштады. Курайш даъватчыларды машакат жана кыйноолорго о.э. ар түрдүү азарларга кириптер кылган болсо да, массалык үгүттөөнүн натыйжасы даъваттын кыйырын кеңейтти. Расулулла ﷺдын Меккеде өкүмдар болгон зулум, ырайымсыздык жана кулчулукка каршы чыгуусу о.э. капырлардын кылмыштарын ашкере кылуусу Курайш башчыларынын душмандыгын дагы да күчөтүп жиберди. Расулулла ﷺ жана сахабалары менен Курайш капырлары ортосунда эң машакаттуу баскыч жана эң оор мезгил башталды. Анткени, сакафат берүү баскычынан таасир көрсөтүү баскычына өтүү – хикмат менен иш алып барууга, сабырга жана иштерди чебердик менен жүргүзүүгө муктаж болгондуктан, натыйжа жана абалдар кандай болушуна карабастан, ачык даъват кылуу, бүткүл дүйнөгө каршы чыгуу зарыл болгондуктан – эң машакаттуу баскыч болуп эсептелет. Анткени, бул баскыч капырлардын мусулмандарды дининен кайтаруу баскычы болот. Бул баскычта ыйман, кыйынчылыктарды көтөрө алуу кубаты, оор мезгилдерде чыдамдуу болуу сыпаты жүзөгө чыгат. Расулулла ﷺ жана сахабалары бул баскычта тоолор да көтөрө албай турган зулум, зордук-зомбулук жана машакаттарга чыдоо менен даъватты улантышты. Сахабалардын айрымдары динин сактоо үчүн Хабашистанга кетишти, кээ бирлери оор азаптар астында өлүштү, башкалары ар түрдүү азарларга сабыр кылышты. Мындай абал узакка созулду, бул мөөнөт Мекке калкынын Ислам нурунан таасирлениши жана анда зулматтардын тарап кетүүсү үчүн жетишерлик болду. Расулулла ﷺ үч жыл Аркамдын короосунда болуп, ушул убакыттын ичинде жашыруун уюшуу жана сакафат берүү баскычы аягына чыккан болсо, дагы сегиз жылды күрөшүү менен өткөрдү. (Бул баскычта адамдарга муъжизалар көрсөтүлдү). Ошого карабастан, Курайштын мусулмандарды азаптоосу азайбады, Исламга каршы согушууда бошоштоду. Туура, мусулмандардын Курайш менен кагылышуусу себептүү бүтүндөй Араб жарым аралы Исламдан кабардар болду. Буга ажылардын даъват жөнүндө уккандарын адамдарга жеткирүүсү себеп болду. Бирок, көпчүлүк көрүүчү болуп, ыйман тарабына бир кадам да жакындабастан, тескерисинче, Курайштын каарына калбоо үчүн Расулулла ﷺдан алысыраакта жүрдү. Мындай абал Расулулла ﷺ жана анын сахабалары үчүн өтө оор болду. Эми үчүнчү баскычка – Исламды колдонуу баскычына өтүү зарылдыгы туулду. Бирок, Мекке калкынын катуу туруусу буга мүмкүнчүлүк бербеди. Мусулмандарга карата зулумдун дагы да күчөп кетиши аларга даъват үчүн бош убакыт калтырбастан, аларды аргасыз кылып койду. Адамдардын даъваттан жүз үйрүүсү болсо алардын ызаларын дагы да күчөтүп жатты.

# ДАЪВАТ ЧӨЙРӨСҮНҮН КЕҢЕЙИШИ

Курайштын Расулулла ﷺ жана мусулмандарга каршы жырткычтыгы абдан күчөп, адам чыдагыс даражага жетти. Расулулла ﷺды Сакиф уруусу Тоифтен кууп чыгыргандан кийин жана Кинда, Калб, Бану Аамир, Бану Ханифа уруулары – ажылык мезгилинде Расулулла ﷺ аларды даъват кылганда – четке кагышкандан кийин бирөөнүн жардам көрсөтүшүнөн үмүт үзүлдү. Эми Курайштан бирер адамдын Исламга хидаят табуусунан үмүттөнбөсө да болот эле. Меккеге кошуна болгон жана ага араб дүйнөсүнүн ар түрдүү тараптарынан ажылыкка келе турган башка уруулар Мухаммаддын жалгыздык абалына түшүп калганын, Курайштын душмандык кылып жатканын, ал кишиге жардам берип жаткан ар бир адамды Курайш өзүнө «душман» деп билип жатканын көрүштү. Ушул себептен улам, Расулулла ﷺдан жүз үйрүүлөр көбөйдү. Расулулла ﷺ Роббисинин рисалаты ушул күнгө чейин өзүнө ээрчигендер менен гана чектелип калганын көрдү. Күн өткөн сайын Расулулла ﷺ өз коому арасында жалгыздап бара жаткан эле, Курайштын душмандыгы жана адамдардын ал заттан жүз үйрүгөндүгү күчөп бара жаткан эле. Бирок, ошого карабастан, Расулулла ﷺ жана сахабалары Алла Тааланын жардам беришине жана өз динин бардык диндерден үстөм кылышына толук ишенимде эле. Расулулла ﷺ мүмкүнчүлүк болору менен адамдарды даъват кыла берер эле. Ажылык мезгилинде аралдын ар түрдүү тараптарынан адамдар Меккеге чогулганда уруулардын алдына барып, жүз үйрүгөнүнө же акаарат кылганына көңүл бурбастан даъват кылчу. Расулулла ﷺ адамдарга Роббисинин рисалатын жеткирип жаткан убакта Курайштын кээ бир акмактары ал затка ачыктан-ачык эле урматсыздык кылышчу. Алардын бул иштери ал кишинин өз ишине жана эртеңки күнгө болгон ишенимдерине таптакыр зыян жеткире албады. Анткени, Алла Таала ал затты Ислам дини менен жибердиби, демек, шек-күмөнсүз Өзү жардам берет, колдоп-кубаттайт жана динин үстөм кылат. Расулулла ﷺ ал күндөрдө – даъват токтоп калганына ыза болгон жана Курайштын зулумуна учураган абалда – Алла Тааланын жеңилдик жиберүүсүн күтө баштады. Күтүү көпкө созулбады, ийгиликтин кубанычтуу кабарлары Медина тараптан келди. Бул окуя мындайча жүз берди: Хазраж уруусунан бир топ кишилер ажылык мезгилинде Меккеге келишкенде Расулулла ﷺ алар менен учурашты, сүйлөшүп, динге даъват кылды. Ошондо, алар бири-бирине карап: «Бул киши яхудийлер (жөөттөр) айткан пайгамбар го», - дешти жана Расулулла ﷺдын даъватын кабыл алышты о.э. ал кишиге «Биздин артыбызда коомубуз (т.а. Авс жана Хазраж) бар. Алардын ортосундагыдай душмандык эч бир коомдо учурабайт. Ажеп эмес, Алла Таала аларды сиз себептүү бириктирсе. Эгер Алла Таала аларды сизге бириктирип берсе, дүйнөдө сизден азизирээк адам болбойт», - дешти. Алар Мединага кайтканда, коомдоруна Исламга киргендерин айтышты. Жана уруулаштары арасында жаңы динге каалоосу бар адамдарды бириктиришти. Натыйжада, Авс жана Хазраж урууларында Мухаммаддын аты айтылбай турган бир да үй калбады.

## АКАБАДАГЫ БИРИНЧИ БАЙЪАТ

Бир жыл өтүп, кезектеги ажылык мезгилинде Медина калкынан он эки киши келди. Алар Расулулла ﷺ менен Акабада учурашып, ал кишиге Акабада биринчи байъатты беришти. Алар Расулулла ﷺга – **Аллага эч бир нерсени шерик кылбоого, уурулук жана зына кылбоого, балдарын өлтүрбөөгө, жалган жалаа жабыштырбоого жана маъруф иштерде ал кишиге итаатсыздык кылбоого – байъат беришти. Эгер ким бул байъатына бапаа кылса, ага бейиш болот, эгер ким бул убадасынын бирди-жарымын бузса, анын иши Аллага калат, кааласа азаптайт, кааласа кечирет**. Байъат бергенден кийин, хаж мавсуму аяктары менен Мединага кайтышты.

## МЕДИНАДАГЫ ДАЪВАТ

Ибн Исхак айтат: Мединалыктар кайтып жатканда Расулулла ﷺ аларга Мусъаб ибн Умайрды кошуп, аларга Куран окуп берүүгө, Исламды үйрөтүүгө жана аларды динде билимдүү кылууга буюрду. Ушул себептен улам, Мусъаб Мединада «Куран окуп берүүчү» деп аталып кеткен. Ал Асъад ибн Зурoранын үйүндө турду. Адамдардын үйлөрүнө, урууларына барып, аларды Исламга даъват кылчу жана Куран окуп берчү. Натыйжада, адамдар бир-бирден ыйман келтирип, акыры Ислам Мединада жайылып, (Авс уруусунун Хатма, Ваил жана Вакиф үй-бүлөлөрүнөн башка) ансарийлердин бардык үйлөрүнө кирип барды. Мусъаб аларга Куран окуганды үйрөтчү. Ал Расулулла ﷺга кат жазып, адамдарды чогултуп жума намазын окууга уруксат сурады. Расулулла ﷺ ага уруксат берип, ушул катты жиберди: «Амма баъд, яхудийлер Забурду үн чыгарып окуй турган күнгө кара. Күн жарымынан өткөн убакта Аллага эки рекет намаз менен ибадат кылгыла. Адамдарга хутба кылгын». Мусъаб ибн Умайр алар менен Саъд ибн Хайсаманын үйүндө жума намазын окуду. Алар он эки киши эле. Алар үчүн бир кой союлду. Ошентип, Мусъаб ибн Умайр Исламда жума намазын биринчи окуган адам болуп калды. Мусъаб Мединаны айланып адамдарды зыярат кылууну, Исламга чакырып, таалим берүүнү улантты. Бир күнү Асъад ибн Зурора Мусъаб ибн Умайр менен Бану Абдул-Ашхал жана Бану Зафар урууларына барып, (Саъд ибн Муаз Асъад ибн Зурoранын эжесинин уулу эле) алардын бактарынын бирине киришти. Бак «Марак кудугу» деген жерде эле. Алардын алдына мусулман болгон адамдар келишти. Саъд ибн Муаз жана Усайд ибн Хузайр өз коому Бану Абдул-Ашхалдын саййиддери болуп, өз коомунун growth динде эле т.а. мушрик болчу. Мусъабдын келгенин укканда, Саъд Усайдга айтты: «Алсыз, бечара адамдарыбызды акмак кылуу үчүн келген бул эки адамдын алдына бар. Аларга катуу айтып, биз тарапка келүүдөн кайтар. Асъад ибн Зурoранын менин тууганым экендиги өзүңө белгилүү, болбосо аларга өзүм жетишет элем. Ал эжемдин уулу, ошондуктан анын алдына бара албаймын». Усайд найзасын алып жолго чыкты. Асъад аны көрүп, Мусъабга: «Бул адам өз коомунун саййиди, сенин алдыңа келе жатат. Калыс бол», - деди. Мусъаб: «Келип олтурса, сүйлөшөмүн», - деди. Усайд алардын үстүнө келип, сөгүнүп: «Биз тарапка эмне үчүн келдиңер? Алсыз адамдарыбызды акмак кылып жатасыңар. Жан керек болсо, бул жерден кеткиле», - деди. Мусъаб ага: «Отуруп сөздөрүбүздү угуп көрбөйсүңбү, эгер туура келсе аласың, жактырбасаң албайсың», - деди. Усайд «Ынсап кылдың» деп, найзасын жерге сайып, алардын алдына отурду. Мусъаб ага Ислам жөнүндө сүйлөп, Куран окуп берди. Мусъаб жана Асъаддар айтышат: «Аллага ант болсун, али бир ооз сөз айтпай туруп, маңдайы жаркып,

мулайым тартып калганынан жүзүнөн Исламды көрдүк». Усайд Мусъабдын сөздөрүн уккандан кийин: «Бул сөздөр кандай жакшы, бул динге кирмекчи болгондо эмне кыласыңар?» - деди. Ага: «Гусул кылып, денеңди жана кийимдериңди тазалайсың, шахадат келмесин айтып, чын дилден күбөлүк бересиң, кийин эки рекет намаз окуйсуң», - дешти. Бул сөздөрдү уккандан кийин, ал ордунан туруп, гусул кылды. Кийимдерин тазалады. Чын дилден күбөлүк берип, эки рекет намаз окуду. Кийин аларга: «Ал жакта бир киши бар, эгер ал силерди ээрчисе, коомунан бир да адам андан артта калбайт. Азыр алдыңарга Саъд ибн Муазды жиберемин», - деди. Андан кийин найзасын алып, Саъд жана анын коомунун алдына кетти. Алар чогулушчу жайда олтурушкан эле. Саъд анын келе жатканына карап туруп: «Аллага ант болсун, Усайд алдыбызга башкача болуп келе жатат», - деди. Усайд ал жерге жетип барганда, Саъд ага: «Эмне кылдың?» - деди. Усайд: «Экөө менен сүйлөштүм, Аллага ант болсун, алардан бирер жамандык көрө албадым. Аларды бул иштеринен кайтарганымда: «Сен каалаган нерсени кылабыз», - дешти. Дагы ушул сөздү айтып коёюн, Бану Хориса коому Асъад ибн Зурораны өлтүрүү үчүн жолго чыкты. Алар Асъад эжеңдин уулу экенин билип туруп ошондой кылмакчы. Максаты, сага кыянат кылуу», - деди. Саъд каардана шашылып ордунан турду. Ал Бану Хориса жөнүндө айтылган сөздөрдөн кооптонуп калган эле. Усайддын колунан найзаны алып: «Аллага ант болсун, айткан ишимди көңүлүмдөгүдөй аткарбадың», - деп Мусъаб жана Асъад тарапка кетти. Саъд алардын кадыржам отурганын көргөндө, алардын сөздөрүн өз кулагы менен уксун деп атайын ушундай кылганын билди. Алардын алдына сөгүнүп барды жана Асъадга: «Эй Абу Умама, ортобузда тууганчылык болбогондо сага башкача мамиледе болот элем. Биз тарапка жаман көргөн нерселерибизди алып келүүгө кантип батындың!?» - деди. Асъад мурунураак Мусъабга: «Эй Мусъаб, Аллага ант болсун, алдыңа бир саййид келет, эгер ал сага ээрчисе, коомунан эч ким сенден аркада калбайт», - деген эле. Мусъаб Саъдга айтты: «Бир олтуруп сөздөрүбүздү угуп көрбөйсүңбү, туура келсе кабыл аласың, жакпаса жактырбаган нерсеңди сенден алыс кылабыз». Саъд «Ынсап кылдың» деп, найзасын жерге сайып, алардын алдына отурду. Мусъаб ага Ислам жөнүндө айтып, Куран окуп берди. Мусъаб жана Асъаддар: «Аллага ант болсун, али ал бир ооз сөз айта элегинде, жүзү жайнап, жумшак болуп калганынан анын жүзүнөн Исламды көрдүк», - дешет. Саъд Мусъабдын «Гусул кылып, денеңди жана кийимдериңди тазалайсың, шахадат келмесин айтып, чын дилден күбөлүк бересиң, кийин эки рекет намаз окуйсуң», - деген сөздөрүн уккандан кийин, ордунан туруп гусул кылды. Чын дилден күбөлүк берип, эки рекет намаз окуду. Кийин, найзасын алып Усайд ибн Хузайр коому тарапка

кетти. Анын келе жатканын көргөн адамдар: «Аллага ант болсун, Саъд башкача болуп келе жатат», - дешти. Саъд алардын алдына жетип барып: «Эй Бану Абдул-Ашхал, мени ким деп билесиңер?» - деп сурады. Алар: «Саййидибизсиң, эң пикирдүү жана эң берекелүү башчыбызсың», - дешти. Ошондо Саъд аларга: «Аллага жана Расулуна ыйман келтирмейинче, эркек жана аялдарыңар менен сүйлөшүү мен үчүн арам», - деди. Мусъаб жана Асъад айтат: «Аллага ант болсун, Бану Абдул-Ашхалда мусулман болбогон бир да эркек жана аял калбады. Мусъаб Асъад ибн Зурoранын үйүнө кайтып келип, Исламга даъват кылууну улантты. Ал тургай, ансарлардын үй-бүлөлөрүндө мусулман болбогон бирер адам калбады. Мусъаб Мединада Авс жана Хазраж урууларына динди үйрөтүп бир жыл турду. Ансарлардын Алланын буйругуна жана акыйкат сөзгө умтулуусу күчөп бара жатканын көрүп кубанып жүрдү. Мусъаб ибн Умайр رضي الله عنه адамдарга Алланын даъватын жеткирүү үчүн үйлөрүнө барып, талааларга чыгып, иштеп жаткан жерлеринде учурашып, Исламга даъват кылчу, саййиддер менен учурашып, Алланын динине чакырчу. Адамдар менен алака орнотууда максаттуу аракеттерди кылып, алардын кулактарына акыйкат сөздү жеткирди. Ошентип, Мусъаб бир жылда Мединада пикирлерди жасалма бутпарастыктан, ката туйгулардан тавхидге жана ыйманга, ширкке каардана турган, тараза жана өлчөөлөрдөн уруп калууну жек көрө турган исламий туйгуларга өзгөрттү. Мусъаб жана аны менен мусулман болгондордун иш-аракети ушундай болду – т.а. Мединада бир жылда ширк абалынан Исламга жүздөнүү жүз берди.

## АКАБАДАГЫ ЭКИНЧИ БАЙЪАТ

Акабадагы биринчи байъат жакшылык жана береке болду. Анткени, Ислам динине киргендер азчылык болушуна карабастан, Расулулла ﷺдын сахабаларынын бири Мусъаб алар менен биргеликте Мединаны жана ал коомдогу пикир жана туйгуларды өзгөртүп жиберүүгө жетиштүү болду. Меккедеги мусулмандар көпчүлүк болушса да, бирок жалпы эл алардан ажыралган эле. Анткени, жамааттар ыйман келтиришпеди, коом исламий пикир жана туйгулардан таасирленбеди. Мединада болсо адамдар массалык түрдө Исламга кирищти, Ал жердеги коом Ислам менен, анын пикирлери жана туйгулары менен таасирленди. Бул нерсе адамдардын ыйманы, бул адамдар канчалык күчтүү болбосун, коомдон жана жалпы элден ажыралган абалда коомго да жана жалпы элге да таасир өткөрө албастыгына далалат кылат. Адамдар ортосундагы мамилелер пикир жана туйгулар аркылуу таасирленсе, даъватчылардын саны канчалык аз болсо да, өзгөрүш жүз берет. Дагы ушул нерседен белгилүү болгондой, коом Меккедегидей куфрда катып калган убакта, бузук пикирден таза болгон Медина калкындай даъватты кабыл алуусу оңой болбойт. Ошондуктан, Мединадагы коом Меккедегиге караганда Исламдан көбүрөөк таасирленди. Анткени, Мединадагы адамдар өздөрү көтөрүп жүргөн пикирлердин ката экендигин сезишип, башка пикирлерди жана турмушу үчүн башка түзүмдү издеп жүргөн. Ал эми, Мекке коому – айрыкча Абу Лахаб, Абу Жахл жана Абу Суфян сыяктуу куфр башчылары – өз абалына ыраазы болуп, анын өзгөрбөй калуусун каалаган. Ошондуктан, Мусъаб Мединада кыска убакыт ичинде даъватка кызыгууну көрдү. Ал адамдарды Исламга даъват кылып, Ислам пикирлери жана өкүмдөрү менен адамдарга сакафат берди. Даъватын тез кабыл алып жатышканына, Исламга жана анын өкүмдөрүн түшүнүүгө умтулуп жатышканына кубанды. Мусулмандардын саны көбөйүп жатканы себептүү Мединадагы Ислам күчөп бара жатканына көңүлү көтөрүлүп, таалим берүү жана даъватты жаюуда күчүнө күч кошулду. Мединада бир жылды ушундай өткөргөн Мусъаб ажылык мезгилинде Меккеге кайтып келип, Расулулла ﷺга мусулмандардын кабарын, кубатын, Исламды жана анын жайылышы күчөп жатканын айтып берди. Мединадагы коом жалаң Расулулла ﷺ тууралуу сүйлөшө турган болуп калганын, бүтүндөй Мединада Исламдан башка нерсе жоктугун, алардын Исламды бардык нерсеге өкүмдар кыла ала турган күч-кубатка ээ экендигин жана быйыл кээ бир мусулмандардын т.а. Аллага ыймандары эң күчтүүлөрүнүн, Алланын рисалатын көтөрүп чыгууга даяр болгондору жана Алланын динин коргоого кудуреттүүлөрүнүн Меккеге келишерин айтты. Расулулла ﷺ Мусъабдын бул кабарына кубанды. Бул иш жөнүндө көпкө пикирледи, Мекке жана Медина коомдорун бири-бирине

салыштырып көрдү. Расулулла ﷺ Меккеде он эки жылды Аллага үзгүлтүксүз даъват кылып өткөрдү, күчүн аябады, азарлардын бардык түрлөрүнө сабыр кылды, ошого карабастан, бул коом даъватка жол бербестен таштай катып туруп алды. Буга себеп, Мекке калкынын дилдери таш, өздөрү орой болуп, акылдарынын эски абалда катып калгандыгы эле. Бутпарастыктын борбору болгон Меккедеги калктын дилине бутпарастык ширки терең орношуп алгандыктан, даъватты кабыл алуусу начар болду. Ал эми, Мединадагы хазраждыктардын бир нечесинин мусулман болушунан бир жыл өткөндөн кийин, он эки адамдын байъат берүүсү жана Мусъаб ибн Умайрдын дагы бир жыл эмгеги Мединада Исламий чөйрөнү пайда кылуу жана адамдардын таң каларлык тездик менен Алланын динине кирүүлөрү үчүн жетиштүү болду. Эгер Меккеде Алланын рисалаты Курайштын азарлары жана кыйноолору себептүү мусулман болгондор чегарасында токтоп калган болсо, Мединада Алланын рисалаты өтө тез жайыла баштады, ал жердеги мусулмандар яхудийлер жана мушриктер тарабынан бир да азарга туш келишпеди. Бул болсо, адамдардын дилдери үстүнөн Исламды өкүмдар кыла турган, мусулмандар алдында жолду ачып коё турган нерсе эле. Ушул себептен улам, Расулулла ﷺга Медина Исламга даъват кылуу үчүн Меккеге караганда ылайыктуу жай экени, Медина коому Ислам нуру жайыла турган мекен болушу үчүн Меккеге караганда ылайыктуураак экени белгилүү болду. Ушул себептен улам, Расулулла ал жерге хижрат кылуу жөнүндө, сахабаларынын да мусулман боордоштору алдына – алардын алдында бейпилдик табуулары жана Курайштын азарларынан кутулуулары үчүн – хижрат кылуулары жөнүндө пикир жүргүздү. Анткени, ошондо алар даъватка мүмкүнчүлүк табышат жана Исламды колдонуу, анын рисалатын мамлекеттин күчү жана бийлиги менен дүйнөгө жаюу баскычына көчүрүшөт. Мына ушул нерсе Мединага хижрат кылуунун себеби эле.

Бул жерде этибарды ушул нерсеге каратышыбыз керек, Расулулла ﷺ даъват алдындагы кыйынчылыктарга туш болгондугу себептүү, сабыр кылбастан жана бул кыйынчылыктарды жеңүүгө урунбастан, Меккеден башка жайга хижрат кылуу жөнүндө бир да жолу ойлогон жок. Анткени, Расулулла пикирлерин чалгытпастан Меккеде он жыл сабыр кылды. Он жыл бою өзү жана ага караштуулар даъват жолунда оор кыйынчылыктарга дуушар болушту. Бирок, Курайштын карасанатайлыктары Расулулла ﷺдын дилиндеги бир да нерсени да алсырата албады, ага каршы күрөшүү ниетин суздаштыра албады, тескерисинче, Роббиси тарабынан келип жаткан даъватка болгон ыйманы дагы да бекемделди, Алланын жардамына болгон ишеними салабаттуулук жана бекемдикти күчөттү. Бирок, Расулулла бул тажрыйбалардан кийин Меккедеги ташбоор коомдун пикирлери тайыз, табияты корс, өзү болсо залалат баткагына батып кеткени бул коомдон

үмүт кылууну суздаштырып жиберишин жана даъватты улантууну, мээнетти сая кетиришин көрдү. Ошондуктан, мындай коомдон башкасына өтүү зарыл болчу. Арийне, Расулулла ﷺ Меккеден хижрат кылуу жөнүндө ойлоно баштады. Мединага хижрат кылуу жөнүндө ойлоно турган нерсе, өзү жана сахабаларына жеткен азарлар эмес, балким, диндин камы болчу. Туура, Расул ﷺ сахабаларын азарлардан кутулуу үчүн Хабашистанга хижрат кылууга буюрган, анткени, момундардын диндерин сактоо максатында фитна мекендеринен хижрат кылуулары жайыз. Мейли, азарлар ыйманды күчөтсө да, куугунтуктар ыкыласты жалындатса да, каршылыктар ниетти бекемдесе да, ыйман өз ээсин Алланын ыраазылыгы алдында бардык нерсени арзыбас нерсе деп саноого, ыйман жолунда мал-дүйнө, кадыр-барк, тынчтык-бейпилдикти жана өмүрүн курман кылууга үндөсө да, Аллага болгон ыйман момунду дин жолунда жанын кубануу менен курман кыла турган кылып койсо да, бирок, азарлардын тынымсыз уланышы, курмандыктардын акыры көрүнбөстүгү момунду – анын түшүнүк чөйрөсүн кеңейте турган, акыйкатты идирек кылуусун күчөтө турган өтө назик тырышчаактыктан – азарларга сабыр кылуу жана курмандык берүүгө буруп жиберет. Ошондуктан, момундардын фитна мекендеринен хижрат кылуулары зарыл болуп калат. Бул мусулмандардын Хабашистанга кылган хижраты абалына туура келет. Ал эми, алардын Мединага хижрат кылуусуна келсек, бул жаңы коомдо мусулмандардын рисалатын жандуу көрүнүштө жүзөгө чыгара турган абалга – Алланын калимасын бийик кылуу үчүн бүткүл жер жүзүнө атылып чыга турган кылып коё турган абалга – жеткирүү үчүн болгон. Ушул себептен улам, Расулулла ﷺ Ислам Мединада кең жайылгандан кийин сахабаларын ал жерге хижрат кылууга буюрду. Аларды Ясрибге (Мединанын мурунку аты) хижрат кылууга буюруудан жана өзү да ал жерге баруудан мурда Мединадан ажылыкка келген мусулмандардын даъватты коргоого жана Ислам жолунда курман болууга даяр экендигин көрүүсү о.э. алар Ислам мамлекетин тикелөөнүн негизи боло турган согуш байъатын бере алышабы же жокпу, ушуларды билүүсү керек эле. Ошондуктан, ажылардын келишин күттү. Бул пайгамбарлыктын он экинчи жылы т.а. миладий 622-жыл эле. Чындыгында, Мединадан абдан көп адамдар ажылыкка келишти, алардын ичинде 75 мусулман: 73 эркек жана 2 аял бар эле. Бул аялдар Бану Мазин ибн Нажжар уруусунан Насиба бинти Каъб Умми Аммара жана Бану Салима уруусунан Асма бинти Амр ибн Адий эле. Расулулла алар менен жашыруун учурашты, аларга экинчи байъат жөнүндө айтып, бул байъат даъват кылуу жана азарларга сабыр кылуу менен эле чектелбестен, балким, мусулмандарды өздөрүн коргой турган күчкө айланта турган нерселерди да өз ичине алышын айтты. О.э. бул байъат коомдо Исламды колдоно турган, аны бүтүндөй адамзатка

дүйнөлүк рисалат катары алып чыга турган, дал ошол эле убакта аны коргой турган күчтү жүзөгө келтире турган, Исламды жаюу жана колдонуу жолунда тосук боло турган ар кандай тосукту алып таштай турган мамлекетти тикелөөдө пайдубал жана бекем түркүк боло турган негизди пайда кылууну да өз ичине ала турган байъат болушун айтты. Сүйлөшүп жатканда алардын даярдыктары жакшы экендигине көзү жетти жана алар менен «Ташрик» күндөрдүн биринде, түн жарымында Акабада учурашууга келишип алды. Аларга: «Уктап калгандарды ойготпогула, жок адамдарды күтпөгүлө», - деди. Убадалашкан күнү, түндүн алгачкы үчтөн бири өткөндөн кийин, иштери ашкере болуп калышынан чочулашып, мусулмандар акырындап Акабага жол алышты жана бардыгы, анын ичинде эки аял да, тоонун башына чыгышты, ушул жерде Расулулла ﷺды күтүп турушту. Расулулла ﷺ абасы Аббас менен келди. Аббас Исламга кире элек болчу. Ал бул жерге инисине далдаа болуу үчүн келген эле. Аббас биринчи болуп сүйлөдү: «Эй Хазраж жамааты, Мухаммаддын бизде кандай даражада экени силерге белгилүү. Биз аны коомубуздагы биздей пикирде болгон адамдардан коргогонбуз. Ал өз коомунда азиз жана өз шаарында коргоо астында. Ал силердин өлкөңөргө кетүүгө токтом кылды. Эгер ага бапаа кылсаңар, каршы чыккандардан коргосоңор, өз мойнуңарга алган убадаңар менен болгула. Эгер силер тарапка баргандан кийин аны (душмандарга) тапшырып, жардамсыз таштап коё турган болсоңор, азыртан аны өз абалына койгула», - деди. Алар Аббаска «Айткандарыңды уктук» дешти. Кийин: «Я Расулулла, айтыңыз, өзүңүз жана Роббиңиз үчүн бизден каалаган байъатыңызды алыңыз», - дешти. Расулулла ﷺ Куран окуп, Исламга даъват кылгандан кийин: «Аял жана бала-чакаңарды коргой турган нерселерден мени да коргошуңарга байъат аламын», - деди. Барро ибн Маърур байъат берүү үчүн колун сунду жана: «Я Расулулла, байъатыбызды кабыл алыңыз. Аллага ант болсун, биз согуш перзенти жана соот калкыбыз, бул бизге ата-бабаларыбыздан мурас», - деди. Барро сөзүн айтып бүтө элегинде Абу Хайсам ибн Таййихон ага каршылык билдирип айтты: «Я Расулулла, биз менен яхудийлер ортосунда келишим бар, биз аны бузабыз, эгер биз ошондой кылсак, кийин Алла сизди жеңишке жеткирсе, бизди таштап коомуңузга кайтып кетпейсизби?». Расулулла ﷺ бул сөздөрдү укканда жылмайып: «Канга-кан, согушка-согуш, мен силерденмин, силер менденсиңер, силер согушкан менен согушамын, келишим түзгөн түзгөн менен келишим түзөмүн», - деди. Коом байъат кылууга ниеттенип турганда аларга Аббас ибн Убада каршылык билдирип: «Эй Хазраж жамааты, бул кишиге эмнеге байъат берип жатканыңарды билесиңерби? Силер кызыл жана кара бардык адамдарга каршы согушууга байъат берип жатасыңар. Эгер мал-дүйнөңөргө балээден, адамдарыңарга өлүмдөн кырсык жетсе Расулулла ﷺды таштап кетүүнү

ойлоп жаткан болсоңор, байъатты дароо токтоткула. Анткени, эгер ошондой кылсаңар, Аллага ант болсун, бул нерсе дүйнө жана акыретте шерменделик болот. Эгер Расулулла ﷺга берген байъатыңарга мал-жаныңарга зыян жетсе да бапаа кылабыз деп ойлосоңор, байъат бергиле. Анткени, бул иш, Аллага ант болсун, дүйнө жана акыреттеги эң жакшы иш», - деди. Коом: «Биз малдарыбызга кырсык жетип, адамдарыбыз өлүп кете турган болсо да байъат беребиз», - деп жооп берди. Кийин, Расулулла ﷺдан: «Я Расулалла, эгер биз бапаа кылсак, бизге эмне сыйлык болот?» - деп сурашты. Расулулла ﷺ кадыржамдык менен «Бейиш» деп жооп берди.

Алар Расулуллага колдорун беришти. Расулулла да колун сунду, бардыгы ал кишиге төмөнкү сөздү айтып, байъат беришти: «Кыйынчылык жана жеңилдик абалыбызда да, кубаныч жана капачылыгыбызда да кулак салып моюн сунууга, жакшылыктарды башкаларга да каалоого, ишти өз ээсинен талашпоого, кайда болсок да Алланын жолунда маламатчынын маламатынан коркпостон акыйкатты айтууга Расулулла ﷺга байъат бердик». Байъаттан кийин Расулулла ﷺ айтты: «Өз коомдоруна кепил болуусу үчүн мага араңардан он эки накийбди чыгаргыла». Алар Хазраждан тогуз, Авсдан үч адамды тандашты. Расулулла ﷺ бул накийбдерге: «Иса ибн Марям үчүн хаварийлер кепил болушканы сыяктуу силер өз коомдоруңарга кепилсиңер. Мен болсо өз коомума кепилмин», - деди. Алар «Болуптур» дешти. Андан соң, турган жайларына кайтышты, кийин Мединага кайтып кетишти. Ошондон кийин, Расулулла ﷺ мусулмандарды Мединага хижрат кылууга жана жолго өз-өзүнчө чыгууга буюрду. Мусулмандар бирден же азчылык болуп хижрат кыла баштาшты. Курайшка байъаттын кабары жеткен эле, ошондуктан, күчү жеткендерди Меккеге кайтарууга урунду. Мушриктер мусулмандарды хижраттан тосуп, ал тургай, эр менен аялдын бирге хижрат кылуусуна тоскоолдук кылып жатты. Бирок, бул нерсе хижратка таасир этпеди. Ошентип, мусулмандар Мединага чогула башташты. Расулулла ﷺ болсо бир канча убакыт Меккеде калды. Ал киши Мединага хижрат кылууга ниет кылдыбы же Меккеде калабы, муну эч ким билбейт болчу. Бирок, кээ бир иштерден Расулулла ﷺдын Мединага хижрат кыла тургандыгы белгилүү болуп калган эле. Абу Бакр رضي الله عنه Расулулла ﷺдан Мединага хижрат кылууга уруксат сураганда, Расулулла ﷺ: **«Шашылбаңыз, ажеп эмес, Алла Таала сиз үчүн бирер кишини шерик кылса»,** - деди. Бул сөздөрдөн Абу Бакр رضي الله عنه Расулулла ﷺдын хижрат кылууга ниети бар экендигин түшүндү. Курайш Расулулла ﷺдын Мединага хижраты тууралуу ар түрдүү күмөндөргө барышчу. Анткени, Мединада мусулмандар көбөйүп, колдору бийик болуп калган эле жана Меккеден келгендер менен кошулуп чоң күчтү түзүп калышкан. Алар ошондой кубатка ээ болуп жатканда Пайгамбар ﷺдын

алардын алдына баруусу Курайш үчүн кыйроо болот эле. Ошондуктан, алар Расулулла ﷺды Мединага жибербестик чаралары жөнүндө ойлонуп калышты. Ошол эле учурда, алар Мединадагы мусулмандардын кудурети күчөп, Меккеге Расулулла ﷺды коргоого келип калуусунан кооптонушуп, ал заттын Меккеде калуусунан да коркушчу. Ушул себептен, Расулулла ﷺ Мединага барбастыгы о.э. Ислам жана Пайгамбар ﷺ себептүү Мединалыктар менен ортолорунда кагылышуу чыкпашы үчүн Расулулла ﷺды өлтүрүүгө токтом кылды. Сийрат китептеринде Айша رضي الله عنها жана Абу Умама ибн Сахм риваят кылган ушул хадис келген: «Жетимиш адам (т.а. мединалыктар) кеткенден кийин, Расулулла ﷺ аябай кубанды. Анткени, Алла Таала Расулулла ﷺды согуш жана баатырдык перзенттеринин коргоосуна тапшырган эле». Мусулмандар Меккеден чыгып кетишерин жарыя кылганда мушриктер аларга зулумду дагы да күчөтүштү. Мусулмандарды оор абалга салып, зулумду чектен ашырып жибериште. Мусулмандар мындай абалдан Расулулла ﷺга даттанышты. Расулулла ﷺ аларга: «Силер хижрат кыла турган жердин түшүмдө шор жер экенин көрдүм - деди жана бир канча күндөн кийин кубанычтуу чыгып - Алла Таала мага силер хижрат кыла турган жерди көрсөттү, ал жер Ясриб (Медина). Ким каалаcа ал жерге барсын», - деди. Ошондон кийин, мусулмандар бири-бирине шерик болушуп, Мединага жашыруун кете башташты. Расулулла өзүнө да Алладан уруксат берилишин күтүп Меккеде калды. Мусулмандар Мединага хижрат кылгандан кийин Абу Бакр Сыддык Расулулладан хижрат кылуу үчүн көп жолу уруксат сурады, ал киши болсо: **«Шашпаңыз, ажеп эмес, Алла сизге бирер шерик кылса»,** - деп жатты. Ушул себептен улам, Абу Бакр ал заттын шерик болушун арзуу кылып жүрдү. Курайш сахабалардын хижратын көрүп, алардын согуш үчүн топтолгонун билгенден кийин, Расулулла ﷺдын иштери туурасында эмне кылууну кеңешип алуу үчүн Дарун-Надвада чогулду жана ал затты өлтүрүүгө келишип алышты. Андан соң, Расулулла ﷺдын алдына Жабраил عليه السلام келип, өз ордуна жатпоого буюрду жана Курайштыктардын айла-амалынан эскертти. Расулулла ﷺ ошол түнү үйүндө жатпады жана Алла ал затка чыгуу үчүн уруксат берди.

Демек, Мединада исламий күчтүн бар экендиги жана ал жердин Ислам мамлекети тикеленишине даяр экендиги Расулулла ﷺды хижрат кылууга үндөдү. Мына ушул нерсе гана анын хижратынын түздөн-түз себеби эле. Ушул себептен улам, кимде-ким «Мухаммад Курайштын өлтүрүшүнөн коркуп Меккеден качып кетти» деп күмөн кылса, жаңылышат. Анткени, Расулулла ﷺ азарларды таптакыр эсепке албаган. Расулулла ﷺдын назарында Исламга даъват кылуу жолунда өлүмдүн да мааниси жок болчу. Жаны жана өмүрүнө болгон коркунуч

да даъваттан кайтара албайт эле. Мединага хижраты Исламий даъват үчүн жана Ислам мамлекетин тикелөө үчүн гана болду. Курайштыктар Расулулла ﷺдын Мединага барып, ал жерде кудуреттүү болуп калышынан корккондуктан, ал затты өлтүрүүгө токтом кылышкан. Бирок, Расулулла ﷺ алардын айла-амалдарын жеңди жана алар каалашпаса да, Мединага хижрат кылды. Алар Расулулла ﷺды өлтүрүүгө кеңешип алганына карабастан хижраттан кайтара алышпады. Ошентип, хижрат – Исламга даъват кылуу доору менен исламий коомду жүзөгө келтирүү, Ислам менен өкүм жүргүзүп, аны турмушка, хужжат жана далил аркылуу о.э. бул даъватты жамандык жана карасанатайлык күчтөрүнөн коргой турган мамлекетти жүзөгө келтирүү ортосундагы чегара болуп калды.

## ИСЛАМИЙ МАМЛЕКЕТТИН ТИКЕЛЕНИШИ

Расулулла ﷺ Мединага жетип келди. Мединадагы мусулмандар, мушриктер жана яхудийлер Расулулла ﷺды күтүп алып, мусулмандар ал затты курчап алышты. Күтүп алгандардын баары Расулулла ﷺдын сүйкүмдүү жүзүн көрүүгө ашыгып жатышты. Мусулмандар Расулулла ﷺдын кызматын кылуу жана бейпилдигин кемчиликсиз камсыздоого умтулушуп, ал зат алып келген дин жолунда, Исламий даъват жолунда жандарын курман кылууга даяр эле. Бардык мусулмандар Расулулла ﷺдын өзүнүн үйүнө түшүүсүн каалайт эле. Бирок, Расулулла ﷺ төөсүнүн тизгинин бош коюп, өз абалына койду. Төө басып барып, Амрдын уулдары Сахл жана Сухайлга караштуу төөлөр камап коюла турган жайга барып чөктү. Расулулла ﷺ бул жерди ээлеринен сатып алды жана ал жерге мечитти жана мечиттин айланасына үйүн курду. Мечит жана үйлөрдүн курулушу эч кимге оордук кылбады, анткени, алар чоң сарп-каражат жана артыкча мээнет талап кылбай турган даражада жөнөкөй болчу. Мечит кең болуп, төрт дубалы кыш жана топурактан көтөрүлдү. Бир бөлүгү бастырма кылынып, курма дарагынын шактары менен жабылды, башка бөлүгүнүн үстү ачык калтырылды. Мечиттин бир тарабында жакыр, үй-жайсыз адамдар үчүн жай ажыратылды. Мечит түндөсү жарык кылынбастан, куптан намазы окула турган убакта гана чөп-чарларды жагып жарык кылынчу. Расулулла ﷺдын үйү курулушу жагынан мечиттен дээрлик айырмаланбайт эле, болгону түнкүсүн гана көбүрөөк жарык кылынчу. Расулулла ﷺ мечити жана үйү курулуп бүткөнгө чейин Абу Айюб Холид ибн Зайд ансарийдин үйүндө жашап турду. Кийин үйүнө көчүп өтүп, ошол жерде жашай баштады. Расулулла ﷺ өзүнүн бул жаңы турмушу жөнүндө, өзү жана даъватынын бир баскычтан башка баскычка, сакафат берүү жана коомго таасир көрсөтүү баскычынан Ислам өкүмдөрүн адамдардын бардык мамилелелеринде колдонуу баскычына, даъват кылуу жана бул жолдо азарларга сабыр кылуу баскычынан өкүм жүргүзүү дооруна, бийлик жана бул даъватты коргой турган кудурет дооруна өткөндүгү жөнүндө ойлоп, шүгүрлөр айтты. Расулулла ﷺ Мединага жетип келиши менен – намаз, жыйын, кеңешүү, мусулмандардын иштерин башкаруу, алардын ортосунда өкүм чыгаруу үчүн бир жай – мечит куруюга буюрду. Абу Бакр жана Умар رضي الله عنهما ну өзүнө вазир кылып дайындады. Расулулла ﷺ: **«Жердеги вазирлерим Абу Бакр жана Умар»**, - деген. Расулулла ﷺ мамлекет башчысынын, казынын жана аскербашынын милдеттерин аткарчу. Мусулмандардын иштерин башкарып, алардын ортосундагы жаңжалдуу иштерди ажырым кылчу. Сарияларга башчыларды дайындап, Медина тышкарысына жөнөтө баштады. Булардан көрүнүп тургандай, Расулулла ﷺ Мединага келген биринчи күнүнөн баштап мамлекетти тикеледи. Бул мамлекетти – бекем негиз үстүнө коом куруу о.э. мамлекетти коргоо жана даъватты жаюу үчүн жетишерлик күч күч даярдоо аркылуу – бекемдей баштады. Бул иштердин баарынан көңүлү тынгандан кийин Исламды жаюу жолунда тоскоол болуп турган тосуктарды алып таштоого киришти.

## КООМДУ КУРУУ

Алла Таала адамда бако гарыйзасын жаратты. Адамдардын бири-бири менен жамдалышы ушул бако гарыйзасынын көрүнүштөрүнүн бири болуп эсептелет. Ошондуктан, адамдардын бири-бири менен жамдалышы жана өз ара биригиши табигый абал. Бирок, жамдалуунун өзү коомду жүзөгө келтирбейт, балким, жамаатты пайда кылат. Эгер жамдалуунун өзү менен эле чектелишсе жамаат бойдон кала беришет. Эгер алардын ортосунда пайда келтирүү, зыяндарды жок кылуу үчүн байланыштар пайда болсо, мына ушул байланыштар бул жамаатты коомго айландырат. Бирок, бул байланыштар белгилүү бир коомду пайда кылбайт. Адамдардын бул байланыштарга мамилелери бирдей болуп, бул байланыштардан ыраазы же наразылыктары окшош болгондо о.э. бул байланыштарды тартипке келтирүүлөрү тартипке келтире турган мыйзамга ылайык болгондо гана коом пайда болот. Ошондуктан, коомду үйрөнүп жатканда пикирлер, туйгулар жана мыйзамдарга карашыбыз керек. Анткени, мына ушулар жамаатты белгилүү көрүнүштөгү коомго айландырат. Расулулла ﷺ Мединага келген убактагы ал жердеги бар болгон коомго мына ушул көз караштан туруп карайбыз. Муну менен Медина коомунун маани-маңызын билип алабыз.

Ошол убакта Мединада үч жамаат жашаган. Биринчиси – мухажир жана ансарлардан турган мусулмандар, алар көпчүлүк эле. Экинчиси – Авс жана Хазраж мушриктери, алар азчылык болчу. Үчүнчүсү - яхудийлер, алар үч бөлүктөн турган. Бир бөлүгү Медина ичинде, калган эки бөлүгү болсо Медина тышкарысында жашаган. Ичкеридеги яхудийлер Бану Кайнуко, ал эми тышкарыдагылары болсо Бану Назир жана Бану Курайза эле. Исламдан мурда яхудийлер Мединадагы коомдон ажыралган абалда, өздөрүнчө жашаган. Алардын пикир жана туйгулары о.э. турмуштук проблемаларын чече турган чечимдери башка болгон. Ошондуктан, яхудийлер – мейли Медина ичинде жана ага жакын жерде жашашса да – Мединадагы коомдун бир бөлүгү деп эсептелбеген. Мушриктер азчылык болгондуктан, Мединадагы Исламий чөйрөдө алардын бар же жок экендиги дээрлик сезилбейт болчу. Ошондуктан, мейли, Исламды кабыл алышпаса да, алардын өз мамилелеринде исламий пикирлер, исламий туйгулар жана Ислам мыйзамдарына моюн сунуулары анык эле. Мухажир жана ансарларды болсо Исламий акыйда бириктирген. Ошондуктан, алардын пикирлери жана туйгулары бирдей болуп, алардын өз мамилелерин Ислам негизине куруусу табигый эле. Расулулла ﷺ алардын мамилелерин исламий акыйда негизине курду жана аларды өз ара мамилелеринде жана бардык иштеринде күчтүү таасири боло турган боордоштукка т.а. Алла жолунда бири-бири менен тууган болууга чакырды. Расулулла ﷺ Али ибн Абу Талиб менен боордош болду. Кулу Зайд менен абасы Хамза,

Абу Бакр Сыддык менен Хорижа ибн Зайд боордош болду. Мухажирлер жана ансарларды бири-бири менен боордош кылды. Умар ибн Хаттаб менен Утбан ибн Малик Хазражий, Талха ибн Убайдулла менен Абу Айюб Ансарий, Абдуррахман ибн Авф менен Саъд ибн Робиълер боордош болушту. Бул боордоштуктун маддий тарапка да таасири болду. Т.а. ансарлар мухажир боордошторуна өтө зор берешендик көрсөтүштү, бул нерсе ушул боордоштукту дагы да күчтүү жана бекем кылды. Чындыгында, алар өз малдарынан беришти жана тиричилик иштеринде өздөрүнө шерик кылып алышты б.а. соодагерлер соодасына, дыйкандар дыйканчылыгына шерик кылып алышты. Абдуррахман ибн Авф май жана быштак сата баштады. Башкалар да өз иштери менен алектене башташты. Соодаларынан жакшы пайда көрүштү, анткени, алар соода иштеринде уста эле. Ал эми соодагер болбогон Абу Бакр, Умар, Али жана башкаларга келсек, алар ансарлар берген жерлерде үй-бүлөлөрү менен дыйканчылык кылышты. Расулулла ﷺ: «**Кимдин жери болсо, дыйканчылык кылсын же боордошуна берсин**», - деди. Кыскасы, баары тамак-аш табуу үчүн иштей башташты. Мединада Курайш мухажирлеринен да, ансарлардан да болбогон, Мединага келип Исламга кирген, мал-дүйнөсү, үй-жайы жана кыла турган ишинин дайыны жок кичине бир араб жамааты бар эле. Расулулла ﷺ аларга этибар берип, жашоолору үчүн мечиттен суффаны (мечиттин үстү жабылган бөлүгүн) ажыратып берди. Алар ушул жерде жашашчу. Ошондуктан, алар ахли суффа (суффа ээлери) деп аталып калышты. Расулулла ﷺ Алла жакшы ырыскы берген мухажир жана ансарлардын малдарынан алар үчүн насибе ажыратып берди. Ошентип, Расулулла ﷺ бардык мусулмандарды туруктуу абалга келтирүүнү жана алардын ортосундагы мамилелерди бекем негизге курууну аягына чыгарды. Муну менен Расулулла ﷺ Мединада куфрга каршы турган, яхудийлер жана мунафыктардын айлакерлигине каршы күрөшкөн жана бир бүтүн биримдикке айланган коомду курду. Расулулла ﷺдын бул коом жана биримдикке көңүлү толду. Мушриктер азчылык болгондуктан исламий өкүмдөргө моюн сунушту. Кийинчерээк алар өзүнөн-өзү жок болуп кетишти. Ошондуктан да исламий коомду жүзөгө келтирүүдө алардын таасири болбоду. Ал эми яхудийлер Исламдан мурда өз абалынча жашашчу. Исламдан кийин алар менен мусулмандар ортосунда айырмачылык күчөдү. Алардын ортосундагы мамилелерди белгилүү бир негизге куруу зарыл болуп калды. Ушул себептен улам Расулулла ﷺ мусулмандарга яхудийлер менен мамилелери кандай болушун о.э. яхудийлерге мусулмандар менен мамилелери кандай болушу керектигин белгилеп берди. Ушундан келип чыгып, мухажир жана ансарларга кат жазды. Анда яхудийлерге шарттарды койду. Бул кат мусулмандардын бири-бири менен жана аларга моюн сунгандар менен мамилелери кандай болушун жана яхудий урууларынын мусулмандар менен

мамилелери кандай болушун белгилеп берген эреже болчу. Кат Расулулла ﷺдын ушул сөздөрү менен башталат: «**Бисмиллахир рохманир рохийм, бул Курайш жана Ясрибден турган момундарга, аларга моюн сунгандарга жана аларга кошулуп жихадга чыккандарга пайгамбар Мухаммаддан кат. Албетте, момундар – башка адамдардан өзгөчө бир Үммөт**». Андан кийин момундардын бири-бири менен мамилелеринин негизин эскертип өттү жана яхудийлерди да тилге алып: «**Момун капыр себептүү момунду өлтүрбөйт. Момундун зыянына капырга жардам бербейт. Албетте, Алланын ахды бирөө гана. Момундардын эң алсызы да бардык момундардын атынан өз коргоосуна алуу укугуна ээ. Момундар башка адамдардан айырмаланып бир-бири менен боордош болушат. Яхудийлерден ким бизге ээрчисе, ага зулум кылынбайт, тескерисинче, жардам берилет жана теңдик негизинде мамиле кылынат. Момундардын келишими бирөө гана болот. Момун бир момундан ажыралып, Алланын жолундагы согушта башкалар менен келишим түзсө, өз ара адилеттүүлүк жана теңдик негизинде иш тутат**», - деди. Бул катта айтып өтүлгөн яхудийлер кошуна яхудий уруулары эмес, балким, Исламий мамлекетке баш ийген, ага жаран болууну каалаган адамдар. Мындай адамдар үчүн жардам жана мусулмандар менен болгон мамилелерде теңдик укугу бар. Анткени, бул убакта ал адам зиммий болуп калат. Каттын акырында айтылган яхудийлер алар менен иттифакташ болгон араб коомдорунун аты менен аталган, алар: Бану Авф, Бану Нажжар жана башкалар. Алардын Исламий мамлекет менен болгон мамилелери бир нече шарттарда белгиленди. Катта мусулмандар менен яхудийлер ортосундагы мамилелер – Исламды өкүмдар кылуу, бул мамилелердин Ислам бийлигине моюн сунушу жана яхудийлердин Исламий мамлекеттин кызыкчылыгы талап кыла турган нерселерге ыраазы болушу шарт экендиги негизинде белгиленген. Катта:

1. Яхудийлердин үй-бүлөлөрү өздөрү сыяктуу. Яхудийлердин эч кимиси Мухаммад ﷺдын уруксатысыз тышкарыга чыкпайт.
2. Медина катта айтылгандарга арам.
3. Ушул катта айтылгандардын ортосунда бирер проблема болсо, анын чечими Аллага жана Расулуна кайтарылат.
4. Курайшка да, ага жардам көрсөткөндөргө да башбаанек берилбейт.

Ошентип, Расулулла ﷺдын каты Мединага кошуна болгон яхудий урууларынын абалын белгилеп берди жана аларга төмөнкүлөрдү шарт кылды:

Мединадан Расулулла ﷺдын уруксаты менен гана чыгышат;

Мединага каршы согушуу же ага каршы согушка жардам берүү менен Мединанын кадыр-баркын тебелеп-тепсөө арам кылынды;

Курайшты же ага жардам берүүчүлөрдү коргоого алуу арам кылынды;

Ушул катта келген шарттарга негизделип, алардын ортосунда жүзөгө келген ар кандай келишпөөчүлүктөрдө Расулулла ﷺ өкүм чыгарат.

Бул шарттарга төмөнкү яхудий коомдору ыраазы болуп, кол коюшту: Бану Авф яхудийлери, Бану Нажжар яхудийлери, Бану Хорис яхудийлери, Бану Саида яхудийлери, Бану Жашм яхудийлери, Бану Авс яхудийлери, Бану Саълаба яхудийлери. Катка кол коюуда Бану Курайза, Бану Назир жана Бану Кайнуко яхудийлери катышпады. Бирок, бир аз убактан кийин ушуга окшогон бир кат Пайгамбар ﷺ менен алардын ортосунда жазылды жана андагы шарттарга ыраазы болушту.

Расулулла ﷺ бул каттарга кол коюу менен Исламий мамлекеттеги мамилелерди туруктуу абалга келтирди жана бул мамлекет менен кошуна яхудий урууларынын мамилелерин Ислам өкүмдар боло турган негиздерге курду. Расулулла ﷺдын Исламий коомду куруудан көңүлү толду. Кошуна яхудий урууларынын согушпастыгынан көңүлү тынчтанды. Ошондон кийин, Исламий даъват жолунан маддий тосуктарды алып таштоо үчүн согушка даярдык көрө баштады.

## СОГУШТУК КЫРДААЛДЫ ДАЯРДОО

Расулулла ﷺ исламий коомду куруудан көңүлү тынгандан жана яхудий кошуналары менен келишимдерди түзгөндөн кийин, Мединада жихад кырдаалын жарата баштады. Анткени, Ислам мамлекетинин эң маанилүү милдети, өзү өкүмдар болгон өлкөлөрдө Ислам өкүмдөрүн толук колдонуу жана тышкарыга Исламий даъваттын алкагын кеңейтүү. Исламий мамлекеттин Исламга даъват кылууну алып чыгышынын мааниси – миссионерлерге окшоп үгүт-насаат жүргүзүү эмес, балким, адамдарды Исламга даъват кылуу, аларды Ислам пикирлери жана өкүмдөрү менен сакафаттандыруу о.э. даъватка жолтоо болуп жаткан тосуктарды күч менен алып таштоо.

Курайш Исламий даъват жолундагы эң чоң тосук эле. Бул тосукту алып таштоо үчүн күч даярдоо зарыл болчу. Расулулла ﷺ Исламий даъватты Медина тышкарысына алып чыгуу үчүн кошуун даярдай баштады. Төрт ай бою Курайшка каршы чыгып о.э. Медина жана анын айланасында жашоочу мунафык жана яхудийлерди коркуткан абалда жалаң гана мухажирлерден турган үч сарияны жөнөттү. Расулулла ﷺ абасы Хамза ибн Абдулмутталибди мухажирлерден отуз атчан менен казатка аттандырды. Хамза үч жүз аттуу кошуунга ээ болгон Абу Жахл ибн Хишамга Ийс тараптан деңиз жээгинде туш келди жана согушка даярдана баштады. Эгер Муждий ибн Амр Жуханий согуштун алдын алып калбаганда кармашуунун болушу анык эле. Кийин эки тарап бир-биринен бөлүнүп, Хамза согушпастан Мединага кайтып келди. Расулулла ﷺ Убайда ибн Хористи мухажирлерден алтымыш атчан менен жөнөттү. Убайда Икрима ибн Абу Жахл башчылыгындагы эки жүздөн көбүрөөк Курайштыктарга Робиг өрөөнүндө туш болду. Саъд ибн Абу Ваккос душман тарапка ок атты, бирок, согуш болгон жок, эки тарап тең кайтып кетишти. Андан кийин, Расулулла ﷺ Саъд ибн Абу Ваккосту мухажирлерден жыйырма атчанга башчы кылып Мекке тарапка жөнөттү. Алар согушпастан кайтышты. Ушул сариялар себептүү Мединада да, Курайшта да согуштук кырдаал пайда болду. Бул кырдаал Курайштын жүрөгүнө коркуу салды жана Расулулла ﷺ менен эсептешүүгө мажбур кылды. Эгер бул сариялар болбогондо Курайш Расулулла ﷺды теңсинбеген жана коркууга да түшпөгөн болор эле. Расулулла ﷺ муну менен чектелип калбастан, өзү да согушка чыкты. Расулулла ﷺ Мединага келгенинин он экинчи айынын башында Курайш жана Бану Замрага каршы аттанды. Мединага Саъд ибн Убаданы өз ордуна калтырды жана Абваа тарапка жүрүп, Вадданга жетти. Бирок, Курайшка туш келген жок жана Бану Замра менен келишим түзүп кайтты. Бир айдан кийин мухажир жана ансарлардан турган эки жүз кишилик кошуунга башчылык кылып Умайя ибн Халаф баш болгон кербенди көздөп

Буват тарапка чыкты. Кербенде эки миң беш жүз төө болуп, аны жүз кароолчу коруктачу. Кербен башка жолго жүргөндүктөн Расулулла ﷺ аларга туш келбеди. Арадан үч ай өткөндөн кийин Расулулла ﷺ Мединада өз ордуна Абу Салама ибн Абдул Асадды калтырып, мусулмандардан эки жүздөн көбүрөөк аскер менен чыгып Янбуъ коомунан болгон бир уруу турган жерге барып түштү жана бул жерде хижраттын экинчи жылы Жумадул-уула айы ичинде, Жумадус-сани айынан бир нече күн турду жана Абу Суфян баш болгон Курайштын кербени өтүшүн күттү. Бирок, кербен Расулулла ﷺга туш келбестен өтүп кетти. Расулулла ﷺ кайтып келе жатып Бану Мудлиж менен келишим түздү. Арадан он күн өткөндөн кийин Карз ибн Жабир Фахрий (ал Мекке жана Курайш менен байланышкандардан эле) Мединанын кой жана төөлөрүнө кол салды. Расулулла ﷺ Мединада өз ордуна Зайд ибн Хорисаны калтырып, Карздын артынан кууп чыкты жана Бадр тараптарга чейин барды, бирок, ага жете албады. Бул казат Бадрдагы биринчи казат эле.

Ошентип, Расулулла ﷺ аскерлери менен Курайшка каршы чыгып, Араб жарым аралын кезип казаттар кылды. Бул казаттардын эч биринде согушка туш келбеген болсо да, бирок чоң согуштарды баштоо үчүн өтө чоң натыйжаларга жетишти. Чындыгында, Расулулла ﷺ душманга бетме-бет чыга турган кошуунду ушул казаттар аркылуу даярдады. Анткени, бул казаттар мусулмандарды согушка даяр абалга алып келди. Мына ушул согуштар Медина жана анын айланасындагы яхудийлердин о.э. мунафыктардын жүрөктөрүнө коркуу салды, аларды фитна чыгаруудан кайтарды. Курайштын менменсинүүсүн сындырды, душмандардын жүрөгүндө мусулмандардан айбыгууну күчөттү. Расулулла ﷺ Кызыл деңиз жээктери менен Медина шаары арасында жашоочу уруулар Бану Замра, Бану Мудлиж жана башкалар менен болгон келишимдер аркылуу Курайштын Шамга (Сирияга) өтө турган кербен жолун колго киргизди.

## СОГУШТУН БАШТАЛЫШЫ

Пайгамбарыбыз ﷺ Мединада орношту жана Исламды колдоно баштады. Вахий эми өкүмдөрдү камтыган абалда түшө баштады. Расулулла ﷺ Исламий мамлекет жана Исламий коомду шаръий мыйзамдар негизине курду. Мусулмандарды бир-бири менен боордош кылды. Ошентип, Ислам аны кабыл алган жана даъватын көтөрүп чыккан коомдо башкаруу жана шарият көрүнүшүндө көрүндү. Мусулмандардын күч-кудурети өсүп, саны көбөйдү, атак-даңкы жана кадыр-баркы күчөдү. Мушриктер жана яхудийлер жеке-жеке жана жамаат болуп Исламды кабыл ала башташты. Исламдан жана Мединадагы даъваттан Расулулла ﷺдын көңүлү кадыржам болгондон кийин, Мединанын тышкарысын Исламга даъват кылуу жөнүндө ойлоно баштады. Бирок, бул ишке Курайштын күчтүү тосук болуп турганын билет эле. Хужжат жана далил менен даъват кылуунун ага пайдасы болбоду. Ушундай болгондон кийин, бул тосукту алып таштоо үчүн күч керек болчу. Расулулла ﷺ Меккеде турганда ушул тосукту талкалап таштоого кудуреттүү Исламий мамлекет жоктугу үчүн аргасыз болгон болсо, Мединада Исламий мамлекетке негиз салгандан кийин, бул тосукту күч менен алып таштоо кудуретине ээ болду. Ошондуктан да, Расулулла ﷺдын бул күчтү жана согуштук кырдаалды даярдашы о.э. жаңы саясаттын себеп жана васиталары жетилгенден кийин даъват үчүн бүтүндөй башкача жол карманышы керек эле.

Ошондуктан, Расулулла ﷺ Курайшка каршы чыгып жана ага өз күчүн көрсөтүп коюу максатында жөнөткөн жана кээ бирлеринде өзү катышкан сария жана кагылышууларды баштап жиберди. Бул сариялардын акыркысы Бадр казатына башталгыч кадам болгон Абдулла ибн Жахш башчылыгындагы сария болду. Бул мындайча болгон: Хижраттын экинчи жылы Ражаб айында Расулулла ﷺ мухажирлерден бир жамаатка баш кылып Абдулла ибн Жахшты жөнөттү жана анын колуна бир кат берип, эки күн жүргөндөн кийин аны окуп, андагы буйруктарды ишке ашырууга жана шериктеринен эч кимди мажбур кылбоого буюрду. Абдулла эки күндөн кийин катты ачып окуду, анда: «**Бул катты окуганыңдан кийин жүрүштү улантып, Мекке менен Тоиф арасындагы Нахла деген жерге бар, ал жерде туруп Курайшты күзөт жана алардын кабарларын бизге билип кел**», - деп жазылган эле. Катты окугандан кийин, Абдулла шериктерине анда жазылган нерсени маалым кылды жана бул ишке эч кимди мажбурлабастыгын айтты. Абдулла Саъд ибн Абу Ваккос жана Утба ибн Газвандан башка бардык шериктери менен Нахлага жетип барды. Саъд менен Утба төөлөрү жоголуп кетип, аларды издеп кетишкен эле, Курайшка туткунга түшүп калышты.

Абдулла Нахлада Курайшты аңдып турду. Ал жерде турушканда Курайштын соода малдары жүктөлгөн кербени өтүп калды. Бул окуя арам айлардын бири – Ражаб айынын аяктарында болгон эле. Абдулла эмне кылуу жөнүндө шериктери менен кеңешти. Расулулла ﷺ аларды согушууга буюрбаган эле. Кээ бирлери: «Эгер ушул түнү аларды өз абалына койсок, Меккеге кирип кетишет. Эгер аларды өлтүрсөк, арам айда өлтүргөн болобуз», - деп экиленишти. Акыры согушууга келишишти. Мусулмандардын бири кербенбашы Амр ибн Хазрамийге ок атып аны өлтүрдү. Мусулмандар Курайштан эки адамды туткунга алып, кербенди айдап Мединага кайтышты. Расулулла ﷺ аларды көрүп: «**Мен силерди арам айда согуш кылууга буйрубаган элем**», - деди да, туткундарга да, олжолорго да тийбеди.

Расулулла ﷺ Курайш кабарларын билип келүү үчүн жөнөткөн, бирок, Курайш кербенине чабуул кылып, анын адамдарынан бирөөнү өлтүрүп, экөөсүн туткунга алган, мал-дүйнөлөрүн колго киргизген жана арам ай Ражабда бул иштерди кылган Абдулла башчылыгындагы сария окуясы мына ушундайча болгон. Кош, Ислам бул ишке кандай карайт? Расулулла ﷺ бул тууралуу Алланын өкүмү түшүшүн күтүп, туткундар жана мал-дүйнөлөргө тийбеди. Курайш болсо бул убакыттан пайдаланып, арабдар ичинде Мухаммад ﷺга каршы үгүт жүргүздү. Бардык жерде: «Мухаммад жана анын сахабалары арам айды адал кылып алышты жана арам айда кан төгүшүп, адамдарды туткун кылып, мал-дүйнөлөрүн тартып алышты», - деп жар салды. Бул тууралуу Меккедеги мусулмандар менен мушриктер ортосунда тартышуулар жүз берди. Меккедеги мусулмандар: «Боордошторубуз бул ишти Ражаб айында эмес, Шаъбан айында кылышкан», - деп жооп беришти. Бирок, бул жооп тескери үгүттү токтотуп коё албайт болчу. Бул үгүттөөгө яхудийлер да аралашып, Абдулла ибн Жахш кылган ишти каралай баштышты. Мусулмандар аларга каршы алып барылып жаткан бул тескери үгүттөөлөрдөн оор абалга түшүп калышты. Расулулла ﷺ болсо вахий жана бул иш тууралуу Алланын өкүмүн күтүп унчукпай турду. Мына ушундай бир убакта «Бакара» сүрөсүндөгү Алла Тааланын мына бул аяты түштү:

﴿ يَسْـَٔلُونَكَ عَنِ ٱلشَّهْرِ ٱلْحَرَامِ قِتَالٍ فِيهِ ۖ قُلْ قِتَالٌ فِيهِ كَبِيرٌ ۖ وَصَدٌّ عَن سَبِيلِ ٱللَّهِ وَكُفْرٌۢ بِهِۦ وَٱلْمَسْجِدِ ٱلْحَرَامِ وَإِخْرَاجُ أَهْلِهِۦ مِنْهُ أَكْبَرُ عِندَ ٱللَّهِ ۚ وَٱلْفِتْنَةُ أَكْبَرُ مِنَ ٱلْقَتْلِ ۗ وَلَا يَزَالُونَ يُقَـٰتِلُونَكُمْ حَتَّىٰ يَرُدُّوكُمْ عَن دِينِكُمْ إِنِ ٱسْتَطَـٰعُوا۟ ۚ ﴾

***«Сенден «шахрул харам» айларында согушуу жөнүндө сурашат. Айткын: «Ал айларда согушуу оор күнөө. А бирок,*** *(мушриктердин мусулмандарды)* ***Алланын жолунан, Масжид-ал-Харамдан тосуулары, Ага*** *(Аллага)* ***капыр болуулары жана*** *(Масжид ал-Харамдан)* ***анын калкын кууп чыгуулары – Алланын алдында*** *(шахрул харамда согушуудан)* ***чоңураак күнөө. Фитна*** *(динден кайтаруу)* ***адам өлтүрүүдөн да чоңураак күнөө. Алар*** *(капырлар)* ***колдорунан келсе, тээ диниңерден кайтарганга чейин силер менен согуша беришет».*** **[2:217]**

Бул аят түшкөндөн кийин, мусулмандар абдан кубанышты жана Расулулла төөлөр жана туткундарды алды. Бул аятта Курайштын тескери үгүттөөсүнө анык жооп бар эле. Анткени, Курани Карим Курайштын арам айда согушуу жөнүндөгү суроосуна: «Арам айда согушуу чоң күнөө. Бирок, Масжид-ал-Харамдан кайтаруу, анын калкын ал жерден айдап чыгаруу, Алланын назарында арам айда адам өлтүрүүдөн да чоңураак күнөө. Курайштын кылган жана кылып жаткан иштери – мусулмандарды коркутуу жана азаптоо аркылуу дининен кайтаруусу арам айда да, башка айларда да согушуу жана адам өлтүрүүдөн да чоңураак күнөө. Арам айда мусулмандар согушкандыгы үчүн аларга каршы үгүт жүргүзүп жаткан Курайш, эгер кудуреттүү болсо, аларды дининен кайтаруу үчүн тынымсыз согушат. Ошондой болгон соң, Ислам даъваты алдында тосук болуп жаткан, Алланын жолунан кайтарып жаткан, Аллага капыр болгон, Масжид-ал-Харамдан анын калкын кууп чыгарган жана мусулмандарды динден кайтарып жаткан Курайш арам айда да, башка айларда да мусулмандардын ага каршы согушуусуна татыктуу. Ошондуктан, Абдулланын арам айда согуш кылышында мусулмандарга зыян боло турган эч нерсе жок», - деп жооп берди.

Ошентип, Абдулла башчылыгындагы сария Ислам алып бара турган саясаттагы жана Исламга даъват кылуу саясатындагы бурулуш чекити болду. Анда Вакид ибн Абдулла Тамимий кербенбашы Амр ибн Хазрамийди өлтүрдү жана бул мусулмандар Алла жолунда төккөн алгачкы кан болду.

Бардык убакыт жана бардык жайда капырларга каршы согушууга буюрган «Согуш аяты» түшкөнгө чейин мусулмандар арам айда согушуудан кайтарылган эле. Жогорудагы аят менен арам айда согушуудан кайтаруу өкүмү жокко чыгарылды.

## МЕДИНАДАГЫ ТУРМУШ

Исламдын турмушта өзүнө тиешелүү белгилүү бир тарыйкаты болуп, ал турмуш жөнүндөгү түшүнүктөр топтомунан келип чыгат. Дал ушул тарыйкат Ислам дүйнө карашы болуп, дүйнөдө бар болгон дүйнө караштардан башкача жана аларга бүтүндөй карама-каршы. Исламдын турмуштагы тарыйкаты кыскача үч нерседе көрүнөт.

1. Турмуштагы Ислам тарыйкатынын негизи – акыйда.
2. Турмуштагы иштердин өлчөөсү Алланын буйрук жана кайтаруулары. Башкача кылып айтканда, бул тарыйкаттын назарында турмуштун сүрөттөлүшү адал жана арам.
3. Бул тарыйкаттын назарында бак-таалайдын мааниси Алланын ыраазылыгына жетишүү. Башкача кылып айтканда, бак-таалай – бул дайымий кадыржамдык болуп, ал Алланын ыраазылыгына жетишүү менен пайда болот. Мына ушул Исламдын турмуштук тарыйкаты. Бул ушундай бир турмуш дейсиң, мусулмандар анда өздөрүн эркин сезишет, ага умтулуп, анын минхажында (программасында) жүрүшөт. Мусулмандар мындай турмушка жетишүүсү үчүн Исламды колдоно турган, Ислам өкүмдөрүн аткара турган мамлекеттин болушу зарыл. Мусулмандар Мединага көчкөндөн баштап негизи Ислам акыйдасына негизделген турмушта жашай башташты. Мамиле, жаза-чаралары туурасында Алланын өкүмдөрүн баян кылып, аяттар түшө баштады. Мурда болбогон ибадаттар түштү. Зекет жана орозо фарз кылынды. Азан айтуу жолго коюлду. Мединанын бардык калкы ар күнү беш маал жагымдуу добушта жана чырайлуу тартипте адамдарды намазга чакыруучу азанды уга башташты. Азанды Билал ибн Рабах айтчу эле. Мусулмандар намазга болгон чакырыкка дароо жооп беришчү. Расулулла ﷺ Мединада он жети ай тургандан кийин, кыбыла Байтул-Макдистен Каабага өзгөрдү. Ибадат, тамак-аш, адеп-ахлак, мамиле жана жаза-чараларынын өкүмдөрү баян кылынган аяттар, аракты, чочконун этин арам кылган аят о.э. хаддар (кылмыштарга шарият белгилеген чаралар), кылмыштар жана соода-сатык өкүмдөрүн о.э. сүткордуктун арам кылынганын баян кылган аяттар түштү. Турмуштук проблемаларды чече турган өкүмдөр арты-артынан түшө баштады. Расулулла ﷺ сахабаларга – айтып жаткан сөздөрү, кылып жаткан иштери жана (көз алдында болуп жаткан иштерди көрүп туруп) унчукпоосу аркылуу – аяттарды баян кылып берчү, адамдардын жаңжалдарын ажырым кылып, алардын иштерин башкарчу о.э. проблемаларын чечип берчү. Анткени, Расулулла ﷺдын сөздөрү да, иштери да, унчукпоосу да шарият эсептелет. Анткени, Расулулла ﷺ өз каалоосу боюнча (өзүнчө эле) сүйлөбөйт, булар Алла Таала тарабынан Расулулла ﷺга вахий кылынган өкүмдөн башка нерсе эмес. Мединадагы турмуш Ислам дүйнө карашына ылайык келе турган абалда өтүп жатты. Исламий пикирлер жана Исламий туйгулар

өкүмдар болгон о.э. адамдардын бардык мамилелеринде Ислам мыйзамдары колдонула турган кемтиксиз Исламий коом пайда болду. Расулулла ﷺ даъват жүзөгө чыгарган натыйжаларга кубанды. Мусулмандар динден кайтаруулардан жана азарлардан коркпостон чогулушуп жана жекече абалда фарздарды аткара башташты. Өз иштерин Алланын өкүмдөрү менен чече турган, билбеген нерселерин Расулулла ﷺдан сурай турган болушту. Чоң же кичине иштерин Алланын буйрук жана кайтарууларына ылайык аткара башташты. Алардын көпчүлүгү Алланын өкүмдөрүн жана Куранды Расулулла ﷺдын өзүнөн үйрөнүү максатында Расулулла ﷺдан бөлүнчү эмес. Ушундай көрүнүштө күндөн-күнгө Исламдын жайылышы жана мусулмандардын күч-кудурети күчөй баштады.

## ЯХУДИЙ ЖАНА НАСРОНИЙЛЕР МЕНЕН ТАРТЫШУУ

Капырлар мусулмандардын кубатын сезе башташты. Алар бул кубат Ислам жолунда өзүн курман кыла турган жана Алланын ыраазылыгы үчүн ар түрдүү азаптарды татып көргөн жүрөктөрдүн түпкүрүнөн чыга турган кубат экенин билишчү. Булар Алла жолунда эч нерседен кайра тартпай турган жүрөктөр эле. Бүгүн бул жүрөктөр динге жол ачылып жатканын, өкүмдөр аткарылып жатканын көрүп ырахаттанчу. Бирок, Ислам душмандарын бул нерсе оор кайгыга салып койду. Мындай абал кошуналары яхудийлерден көрүнүп калды. Яхудийлер коркууга түшүп калышты. Алар Мединада мусулмандардын кудурети күчөп бара жатканын жана адамдардын Исламды кабыл алуулары көбөйүп бара жатканын көрүшкөндөн кийин, момундарга кандай мамиледе болуу жөнүндө ойлой баштады. Кээ бир яхудийлердин Исламды кабыл алуусу аларды аябай каардантты. Ислам алардын да сабына кирип барышынан коркууга түшүштү. Ошондуктан, Исламга, анын акыйдаларына жана өкүмдөрүнө чабуул кыла баштады. Мусулмандар жана яхудийлер ортосундагы тартышуу Курайш менен болгон тартышууга караганда душманчылыкта жана айлакердикте катуураак болду. Ушул пикирий күрөштө жүзү каралык, мунафыктык о.э. өткөн пайгамбар жана элчилердин кабарларын билүү яхудийлер колунда Мухаммад ﷺга, анын рисалатына жана мухажир-ансарлардан болгон сахабаларына чабуул кылууда курал болду. Яхудийлер аалымдарынын айрымдары мусулмандар арасына кирип, өздөрүн такыбадар кылып көрсөтүп, кийин Пайгамбар ﷺга ар түрдүү шектенүү жана күмөндөрдү келтирип чыгаруучу суроолорду берип, муну менен мусулмандардын жүрөктөрүндө Мухаммад ﷺга жана ал даъват кылып жаткан акыйкат рисалатка алардын ишенимин жоготууну көздөштү. Мунафыктык кылып, мусулман болуп алган Авс жана Хазраж урууларынан болгон бир жамаат мусулмандарга суроолор берип, алардын ортосуна фитна салуу үчүн яхудийлердин сабына кошулду. Яхудийлер жана мусулмандар ортосундагы тартышуу кээде алардын ортосунда келишим болушуна карабастан, мушташуу даражасына чейин жетип барчу. Яхудийлердин оор-басырыктуу, солих жана жумшак табияттуу Абу Бакр Сыддыкты ушул табиятынан чыгарып жиберишкени алардын тартышуудагы кежирликтери жана кастыктарынын канчалык даражада катуу экендиктерин сүрөттөп берүүгө жетиштүү болот. Абу Бакр Сыддык Финхос деген яхудийди Исламга даъват кылганда, ал минтип жооп берди: «Аллага ант болсун, эй Абу Бакр, биз Аллага муктаж эмеспиз, Алла бизге муктаж. Ал бизге жалынгандай, биз ага жалынбайбыз. Биз ага муктаж эмеспиз, ал болсо бизге муктаж. Эгер бизге муктаж болбогондо, боордошуң айтып жаткандай биздин мал-дүйнөбүздөн карыз сурабайт болчу. Силерди сүткордуктан кайтарып, бизге сүткордукту берди. Эгер ал бизге муктаж болбогондо бизге

сүткордукту бербеген болот эле», - деп Алла Тааланын ушул сөздөрүнө ишара кылды:

﴿ مَّن ذَا ٱلَّذِى يُقۡرِضُ ٱللَّهَ قَرۡضًا حَسَنًا فَيُضَٰعِفَهُۥ لَهُۥٓ أَضۡعَافًا كَثِيرَةً ﴾

***«Аллага хасана карыз бере турган адам барбы,*** (Алла) ***ага бир нече эсе кылып кайтарат...».*** **[2:245]**

Абу Бакр бул жоопко сабыр кылып тура албады, каны кайнап, Финхостун жүзүнө катуу урду жана: «Аллага ант ичип айтамын, эгер ортодо келишим болбогондо башыңды алат элем, эй Алланын душманы», - деди. Ошентип, яхудийлер менен мусулмандар ортосундагы тартышуулар катуу түс алды. Мына ушул убакта Мединага Нажрон христиандарынан элчилер келип калды. Алар алтымыш атчан эле. Бул элчилер Мединага мусулмандар менен яхудийлер ортосундагы келишпөөчүлүктү билип, ушул келишпөөчүлүктөрдү күчөтүп, душмандыкка айлантууну жана алардын христиан диндерин сүрүп чыгарып жаткан жаңы дин менен эски дин бири-бирин жок кылып жиберсе, майдан өздөрүнө бошоп калышын көздөп келишкен болуулары да мүмкүн эле. Бул элчилер Пайгамбар ﷺ менен учурашышты. Пайгамбар ﷺ аларга жана яхудийлерге «ахли китеп» деген назарда карачу, ушул себептен улам алардын бардыгын Исламга даъват кылып, аларга Алла Тааланын ушул аяттарын окуп берчү:

﴿ قُلۡ يَٰٓأَهۡلَ ٱلۡكِتَٰبِ تَعَالَوۡاْ إِلَىٰ كَلِمَةٖ سَوَآءِۭ بَيۡنَنَا وَبَيۡنَكُمۡ أَلَّا نَعۡبُدَ إِلَّا ٱللَّهَ وَلَا نُشۡرِكَ بِهِۦ شَيۡـٔٗا وَلَا يَتَّخِذَ بَعۡضُنَا بَعۡضًا أَرۡبَابٗا مِّن دُونِ ٱللَّهِۚ فَإِن تَوَلَّوۡاْ فَقُولُواْ ٱشۡهَدُواْ بِأَنَّا مُسۡلِمُونَ ﴾

***«Айткын,*** (эй Мухаммад): ***«Эй, ахли китеп, биз менен силердин араңарда бирдей болгон бир сөзгө келгиле: жалгыз Аллага гана ибадат кылалы, Ага эч нерсени шерик кылбайлы жана Алланы таштап бири-бирибизди кудай кылып албайлы». Эгер ушул даъваттан баш тартышса, анда айткыла: «Күбө болгула, биз мусулмандар жалгыз Аллага итаат кылуучуларбыз».*** **[3:64]**

Яхудийлер жана христиандар Расулулла ﷺдан кайсы пайгамбарларга ыйман келтирүүнү сурашканда, аларга Алла Тааланын ушул сөздөрүн окуп берди:

﴿ قُولُوٓاْ ءَامَنَّا بِٱللَّهِ وَمَآ أُنزِلَ إِلَيۡنَا وَمَآ أُنزِلَ إِلَىٰٓ إِبۡرَٰهِـۧمَ وَإِسۡمَٰعِيلَ وَإِسۡحَٰقَ وَيَعۡقُوبَ وَٱلۡأَسۡبَاطِ وَمَآ أُوتِيَ مُوسَىٰ وَعِيسَىٰ وَمَآ أُوتِيَ ٱلنَّبِيُّونَ مِن رَّبِّهِمۡ لَا نُفَرِّقُ بَيۡنَ أَحَدٖ

مِّنۡهُمۡ وَنَحۡنُ لَهُۥ مُسۡلِمُونَ ﴾

***«Айткыла,** (эй момундар): **«Биз Аллага, бизге түшүрүлгөн Китепке жана Ибрахимге, Исмаилге, Исхакка, Якубга жана ошолордун урпактарына түшүрүлгөн нерселерге; Муса, Иса ж.б. пайгамбарларга Роббиси тарабынан берилген нерселерге ыйман келтирдик. Биз алардан бирин да ажыратып койбойбуз жана биз Алла Таалага моюн сунуучубуз».*** **[2:136]**

Бул аяттарды уккандан кийин, алар Расулулла ﷺга эмне дээрин билбей калышты. Бирок, алар өз мартабаларынан ажырап калуудан коркушуп, ыйман келтиришпеди. Ал тургай, кээ бирлери муну ачык айтышты. Риваят кылынышынча, Абу Хориса Нажрон элчилеринен болуп, Нажрон насронийлеринин эң билимдүүсү эле. Ал шеригине Мухаммад ﷺ айткан нерселерге канааттангандыгын айтты. Шериги: «Ага ыйман келтирүүдөн сени эмне тосуп жатат?» - деп сураганда, ал: «Ушул коом бизге кылган жакшылыктар тосуп жатат. Алар бизди улуулашты, мал-дүйнө беришти жана сый-урмат көрсөтүштү. Ал эми алар болсо Мухаммад ﷺга каршы. Эгер мен сен айткан ишти кылсам, бардык нерсени бизден тартып алышат», - деп жооп берди. Бул абал алардын кибр жана кежирдик кылып, ыйман келтирбегендигине далалат кылат. Кийин, Расулулла ﷺ аларды биргеликте Аллага дуба кылууга чакырды жана аларга Алла Тааланын ушул сөздөрүн окуп берди:

﴿ فَمَنۡ حَآجَّكَ فِيهِ مِنۢ بَعۡدِ مَا جَآءَكَ مِنَ ٱلۡعِلۡمِ فَقُلۡ تَعَالَوۡاْ نَدۡعُ أَبۡنَآءَنَا وَأَبۡنَآءَكُمۡ

وَنِسَآءَنَا وَنِسَآءَكُمۡ وَأَنفُسَنَا وَأَنفُسَكُمۡ ثُمَّ نَبۡتَهِلۡ فَنَجۡعَل لَّعۡنَتَ ٱللَّهِ عَلَى ٱلۡكَٰذِبِينَ ﴾

***- «Эми сага келген мына ушул чыныгы илимден кийин деле кимде-ким талашып-тартыша берсе, аларга айткын: «Келгиле, балдарыбызды жана балдарыңарды, аялдарыбызды жана аялдарыңарды, өзүбүздү жана өзүңөрдү чакырып, жалганчыларга Алланын наалаты болсун» деп каргыш айтышалы!».*** **[3:61]**

Алар өз ара кеңешип, биргелешип Аллага ылтыжа кылбастык, Расулулла ﷺды өз дининде калтыруу жана алар болсо өз дининде кайтып кетүү пикирине келгендерин жарыя кылышты. Бирок, Расулулла ﷺдан мал-дүйнө жаатында келишпөөчүлүк болгон иштерде өкүм чыгарып берүүсү үчүн алар менен бир кишини жиберишин сураштты. Расулулла ﷺ Абу Убайда ибн Жаррохту алардын ортосунда келишпөөчүлүк болгон иштердин өкүмүн Ислам өкүмдөрү негизинде чыгаруу үчүн аларга кошуп жиберди.

Ошентип, исламий даъваттын күчү, исламий пикирдин күчү о.э. жеткиликтүү далилдер яхудийлер, мунафыктар жана насронийлер козгогон тартышуулардын баарына чек койду. Мындай кайры исламий

пикирлердин бардыгы жоголуп кетти. Исламдын өзү калды жана анын өкүмдөрүн түшүнүүдө жана ага даъват кылууда гана талкуу кылына турган болду. Натыйжада, Ислам бекем орношту жана пикир жагынан да, өкүм жүргүзүү жагынан да анын таасири кеңири жайылды. Бирок, яхудийлер жана мунафыктар мусулмандарды жаман көрүүнү токтотушпады, аларга каршы кек-душмандыктарынташташпады. Бирок, Мединада Ислам бийлиги жана коомдун бекемдиги ар кандай каршылыктарга туруштук берди. Арты-артынан жиберилип жаткан сариялар жана үстөм күч мындай наадандык кеселине чалдыккан адамдардын добушун өчүрдү. Алланын өкүмү үстөм болду. Медина жана анын айланасындагы Ислам душмандары тынч жүрүүгө жана мусулмандардын бийлигине моюн сунууга мажбур болушту.

# БАДР КАЗАТЫ

Хижраттын экинчи жылы рамазан айынын сегизинчи күнү Расулулла ﷺ сахабалары менен Мединадан чыкты. Амр ибн Умму Мактумду адамдарга намаз окуп берүүгө калтырды. Абу Лубабаны Мединага аким кылып койду. Казатка Мединадан үч жүз беш киши чыгышты, аларда жетимиш төө болуп, эки, үч жана төрт киши бир төөгө кезектешип минер эле. Абу Суфяндын кербенинин кабарын күтүп, Зафирон өрөөнүнө барып турушту. Ушул жерде аларга Курайш өз кербенин коргоо үчүн Меккеден чыкканы жөнүндөгү кабар жетип келди. Эми маселе Абу Суфян кербени менен эмес, Курайш менен кагылышуу же кагылышпоо болуп калды. Расулулла ﷺ мусулмандардан кеңеш сурап, аларды Курайштын ишинен кабардар кылды. Абу Бакр жана Умар رضي الله عنهما өз раъйларын билдиришти. Кийин Микдад ибн Амр ордунан туруп айтты: «Я Расулулла, Алла сизди эмнеге буюрган болсо, ошону аткарыңыз, биз сиз менен биргебиз. Аллага ант болсун, биз сизге Бану Исраил Муса عليه السلام га: «Сен Роббиң менен бирге болуп, душмандарга каршы согушкун, биз ушул жерде күтүп турабыз», - дегендей иш тутпайбыз. Биз сиз менен биргебиз. Сизди акыйкат менен жиберген затка ант болсун, бизди Баркул-Гимадга алып барсаңыз да, ал жерге жеткенге чейин сиздин жаныңызда согушабыз». Мусулмандар унчукпай калышты. Расулулла ﷺ айтты: «Мага кеңеш бергиле, эй адамдар». Бул сөздөр менен Расулулла ﷺ Акаба күнүндө перзенттери жана аялдарын коргогон нерселерден Расулулла ﷺды да коргоого байъат берген ансарларды көздөгөн эле. Расулулла ﷺ ансарлардын «бул байъат ал заттын душмандары Мединада согуш кылса гана жардам берүү милдетин жүктөйт» деп ойлошунан чочулайт эле. Ансарлар бул сөздөр аларга каратылганын билишти жана алардын туу көтөрүүчүсү болгон Саъд ибн Муаз Расулулла ﷺга карап: «Я Расулулла, бизди көздөп жатасызбы?» - деди. Расулулла ﷺ «Ооба» деди. Саъд: «Биз сизге ыйман келтиргенбиз, сизди тастыктаганбыз, сиз алып келген нерсени акыйкат деп билгенбиз, ушундан келип чыгып, сизге кулак салып, итаат кылууга убада бергенбиз. Ушундай болгон соң, я Расулулла, каалаган ишиңизге кирише бериңиз, биз сиз менен биргебиз. Сизди жиберген затка ант болсун, эгер бизди мына ушул деңизге алып барсаңыз жана ага шуңгусаңыз, биз да сиз менен кошо шуңгуйбуз, бизден бир да адам аркада калбайт. Эртең бизди душманыбызга жолктурушуңузду каалабастык бизге жат нерсе. Албетте, биз согушта сабырдуу жана душманга жолукканда салабаттуубуз. Ажеп эмес, Алла Таала сизге биз тарабыбыздан көздөрүңүз кубана турган нерселерди көргөзсө. Эми бизди Алланын мээримдүүлүгүнө алып барыңыз», - деди. Саъд сөздөрүн айтып бүтө электе эле Расулулла ﷺдын жүздөрү кубанычтан жайнап кетти жана: «**Жүрө бергиле жана курсант болгула, чындыгында, Алла Таала эки нерсенин бирин мага убада кылды. Аллага ант болсун, мен азыр эле душмандын кыйроого учураганын көрүп тургандаймын**», - деди. Ошондон кийин, бардыгы жолго түштү жана Бадрга жакындашканда Курайштын кербени жакын келип калганын билишти. Кийин Расулулла ﷺ Али ибн Абу Талиб, Зубайр

ибн Аввам жана Саъд ибн Абу Ваккосторду бир нече сахабалар менен бирге Бадрдын суулуу жерине Курайштын кабарын билип келүүгө жөнөттү. Алар эки баланы туткунга алып кайтып келишти. Расулулла ﷺ алардан Курайштын саны 900-1000 кишинин айланасында экенин жана Курайштын бардык чоңдорунун кербенди коргоого чыгышканын сурап билди. Расулулла ﷺ бул маалыматтардан өздөрүнөн үч эсеге көп болгон коомдун каршысында турганын жана мусулмандарды өтө катуу согуш күтүп жатканын билди жана мусулмандарга алардын алдына Мекке өзүнүн кыйбаган адамдарын чыгарганын билдирип, аларга өздөрүн катуу согушка даярдоосу керектигин айтты. Мусулмандар бардыгы душманга каршы бекем туруууга келишип алышты. Бадрдын суулуу жерине барып түшүштү жана бир көлмө куруп, аны суу менен толтурушту. Өздөрү суу ичип, душмандары суу иче албастыгы үчүн башка кудуктарды көмүп салышты. Расулулла ﷺ үчүн бир чатыр курушту. Курайштыктар болсо согуша турган жерге, мусулмандардын тушуна келип түшүштү. Кийин согуш башталды. Курайш сабынан Асвад ибн Абдул Асад Махзумий мусулмандардын сабын жарып кирип, алар курган көлмөнү бузмакчы болду. Хамза ибн Абдулмутталиб бир шилтеп анын балтырын үзүп таштады. Ал бутунан кан аккан абалда чалкасынан түшүп жыгылды. Кийин Хамза дагы бир сокку менен аны көлмө ичинде өлтүрдү. Жекеме-жеке согушуу үчүн Утба ибн Робиъа иниси Шайба жана уулу Валид менен ортого чыкты. Аларга каршы ортого Хамза ибн Абдулмутталиб, Али ибн Абу Талиб жана Убайда ибн Хористер чыгышты. Хамза Шайбаны, Али Валидди эч канча убакыт өтпөстөн эле өлтүрүшүп, кийин Убайдага жардам беришти. Утба аны менен тең келип урушуп жаткан эле. Кийин эки тарап бири-бирине карай келишти. Бул кагылышуу жүз берген күн хижраттын экинчи жылы, рамазан айынын он жетинчиси жана жума күнү эле. Расулулла ﷺ мусулмандардын үстүндө туруп, алардын саптарын тегиздеп, согушка үндөп жатты. Расулулланын мындай кылуусу мусулмандардын кубатына кубат кошту. Мусулмандар атырылып согушка кирип кетишти. Чаң-тозоң асманга көтөрүлдү. Бардык тарап айкырыктарга толду. Согуш кызыгандан кызып кетти. Курайштыктардын баштары денелеринен учуп түшө баштады. Мусулмандар ыймандары себептүү күчтөрүнө күч кошулуп «Ахад, Ахад» деп кыйкырып жатышты. Расулулла ﷺ согуштун ортосунда туруп бир ууч майда таштарды алды жана Курайшка каратып: «**Жүзүңөр кара болсун!**», - деди. Сахабаларына: «**Бош келбегиле**», - деди. Мусулмандар согуш алардын жеңиши менен аяктаганга чейин катуу согушушту. Курайш качты. Алардан өтө көбү өлтүрүлдү жана туткунга түштү. Бул мусулмандардын чоң жеңиши болду жана алар өз кудуретине болгон ишеними артып Мединага кайтып келишти.

## БАНУ КАЙНУКОНУ СҮРГҮН КЫЛУУ

Яхудийлердин наразылыктары Бадрдан мурунураак башталган эле. Мусулмандар Бадрда жеңишке жетишкенден кийин, алардын наразылыктары жана кек-душмандыктары дагы да күчөдү. Мусулмандарга каршы жашыруун тил бириктире башташты. Мусулмандар менен болгон убадаларын бузушту. Аларга каршы мусулмандар да катуу турушту жана алар тарабынан качан бир ыксыз аракет жүз бере турган болсо, какшаткыч сокку бере башташты. Яхудийлер мусулмандардын кудуретинен коркушту, бирок, алар мындай ыксыз аракеттеринен кайтуунун ордуна азарларын күчөтүштү. Алардын азарларынын бири ушул болду, арабдардан бир аял Бану Кайнукого караштуу яхудийлердин базарына келди. Анын тагынчактары бар эле. Аларды көрсөткөнү бир яхудий зергердин дүкөнүнө барып отурду. Ошондо башка бир яхудий ал аялдын артынан билдирбестен келип, көйнөгүнүн этегин бир тикен менен кадап койду. Аял ордунан турган убакта уят жерлери ачылып калды. Яхудийлер аны шылдыңдап күлүштү. Аял кыйкырып жиберди. Мусулмандардан бир киши жанагы яхудий зергерге чуркап барып, аны өлтүрдү. Яхудийлер мусулманга каршы көптөшүп чабуул кылышты жана аны өлтүрүштү. Бул мусулмандын туугандары мусулмандарды жардамга чакырышты жана алар яхудийлерге чабуул кылышты. Натыйжада, мусулмандар менен яхудийлер ортосунда чыр-чатак пайда болду. Расулулла ﷺ яхудийлерден жамандыктарын токтотууну талап кылды. Яхудийлер буга наразы болушту. Андан кийин, Расулулла ﷺ мусулмандар менен чыгып, Бану Кайнукону камал кылды жана жашы улуу сахабалар менен кеңешкенден кийин, «алардын бардыгын кырып таштоо керек» деген чечимге келди. Аны көрүп Абдулла ибн Убай ибн Салул – ал мусулмандар менен дос болгондой эле яхудийлер менен да дос эле – ордунан туруп Расулулла ﷺга: «Эй Мухаммад, менин досторума жакшылык кылыңыз», - деди. Расулулла ﷺ унчукпады. Ал талабын дагы кайталады. Расулулла ﷺ андан жүзүн бурду. Ибн Убай катуу талап кылып туруп алды. Расулулла ﷺ анын бул талабын аткаруу жана муну менен аны карыздар кылып коюуну көздөп, Бану Кайнуко яхудийлеринин кылган жамандыктарына жаза катары Мединадан сүргүн кылуулары акысына өлтүрбөстүгүн айтты. Алар буга моюн сунушуп, Мединадан чыгып, түндүк тарапка карай кетишти жана Шамдын Азриот деген жерине жайгашышты.

## ИЧКИ ТЫНЧСЫЗДЫККА ЧЕК КОЮУ

Мусулмандар Курайш менен согушка кириште. Алар менен биринчи Бадр согушунда кагылышты. Анда мусулмандар өтө зор жеңишке жетишишти. Бул жеңиштин натыйжасында Курайшта анын үрөйүн учурган катуу силкинүү жүз берди, Медина яхудийлердин айла-амал жана фитналарынан тазаланды, алардын кээ бирлери сүргүн кылынды жана кээ бирлери менен келишим түзүлдү, мусулмандардын күч-кубаты өстү. Бирок, Курайш тынчыбады, Бадр согушунан баштап – андагы жеңилүүнүн ызасын чыгарып алуу максатында – мусулмандарга чабуул кылуу жана алардан өч алуу үчүн даярдык көрө баштады. Бул иштердин натыйжасы катары Ухуд согушу жүзөгө келди. Бул согушта Курайш – мусулман жаачыларынын аскер башчынын буйругуна итаат кылбагандыктары себептүү – жеңишке жетишти. Бул согушта мусулмандар сынды. Курайш Бадр ызасын өзүнөн жуугандыгы себептүү Ухуддан жүрөктөрү курсантчылыкка толуп кайтты. Мусулмандар Мединага жеңилген абалда кайтышты. Алар согуштан кийин душманды Хамрои Асадга чейин кууп баргандыктарына карабастан, жеңилүү ызасы көрүнүп турду. Мусулмандардын Ухуддагы жеңилүүсү Мединадагы көпчүлүктүн о.э. тышкарыдагы кээ бир араб урууларынын аларды тоотпой коюуларына себеп болду. Мединадагы яхудийлер жана мунафыктар Бадрдан кийин жана мусулмандардын аларга каршы катуу турушунан кийин мусулмандардын бийлигине моюн сунушкан эле. О.э. тышкарыдагы кээ бир араб уруулары да моюн сунушкан болчу. Бирок, булардын баары Ухуддан кийин өзгөрдү. Мединадан тышкарыда жашаган арабдар Мухаммад ﷺга каршылык кылуу жөнүндө ойлоно башташты. Мединадагы яхудийлер жана мунафыктар да мусулмандарга каршы тил бириктирип, каршылык көрсөтө башташты. Мына ушул иштер себептүү Расулулла ﷺ Медина калкы жана тышкарыдагы араб уруулары эмне кылып жатышканын билүүгө умтулду. Мындан көздөгөн максаты мусулмандардын кадыр-баркын жана айбатын башкалардын жүрөктөрүндө кайрадан тикелөө болчу. Ошондуктан, мусулмандарды ким тоотпосо же аларга кандайдыр бир зыян жеткирсе, ага каршы күч иштетүү аркылуу бул жеңилүүнүн издерин өчүрүү үчүн аракет кыла баштады.

Ухуддан бир ай өткөндөн кийин, Расулулла ﷺга Бану Асад уруусунун мусулмандардын Медина айланасында багыла турган малдарын олжо кылуу үчүн Мединага чабуул кылууну болжоп жатышканынын кабары келди. Расулулла ﷺ алар чабуул кылышынан мурда аларга турган жеринде чабуул кылууну көздөдү. Ошондуктан, Абу Салама ибн Абдул Асадды чакырып, ага туу берип, бир жүз элүү кишилик сарияга баш кылды. Алардын арасында Абу Убайда ибн Жаррох, Саъд ибн Абу Ваккос, Усайд ибн Хузайр жана башка

көптөгөн эр жүрөк мусулман аскерлер бар эле. Расулулла ﷺ бирер кимсе сезип калбастыгы жана душманга күтпөгөн жерден чабуул кылуу үчүн аларды түнкүсүн жүрүп, күндүзү жашынууга жана эч ким жүрбөй турган жол менен жүрүүгө буюрду. Абу Салама жолго түштү жана Бану Асад уруусу турган жерге жетип барды жана таң эртелеп аларды курчап алды. Аларга чабуул кылып, кол астындагыларды согушка баштады. Натыйжада, мусулмандар аларды оор абалга салып, жеңишке жетишишти. Алардын малдарын олжолоп, Мединага жеңиш менен кайтышты. Бул сария себептүү мусулмандар душмандарынын жүрөктөрүнө дагы кайрадан коркуу салышты.

Кийин Расулулла ﷺга Арана же Нахлада жашоочу Холид ибн Суфян Хузалийдин адамдарды Мединага чабуул кылуу үчүн топтоп жаткандыгы тууралуу кабар келди. Расулулла ﷺ Абдулла ибн Унайсты чакырып, кабарды аныктап келүү үчүн тыңчы кылып жөнөттү. Абдулла барып Холид менен учурашты. Холид: «Сен кимсиң?», - деп сурады. Абдулла: «Мен арабдардан бир адаммын, сенин Мухаммадга каршы адам чогултуп жатканыңды угуп келдим», - деди. Холид Мединага чабуул кылуу үчүн адам топтоп жатканын жашырбады. Абдулла ал жерде калып, Холиддин ээн калышын күтүп турду. Ал ээн калганда, аны менен бирге жүрүп четке чыгышты жана ыңгайлуу учур болгондо аны кылычтап өлтүрдү. Кийин Мединага кайтып келип, болгон иштерди Расулулла ﷺга айтып берди. Холиддин өлтүрүлүшү менен Хузайл уруусунан болгон Бану Лихяндын добушу өчтү. Расулулла ﷺ Медина тышкарысындагы араб уруулары маселесин мына ушундай жол менен чечти. Бул иштер арабдардын Мединага чабуул кылышынын алдын алууда пайда берген болсо да, бирок, Ухуддан кийин арабдардын мусулмандар бийлигин теңсинбестигине чек коё албады. Бул нерсени төмөнкү окуялардан күзөтүшүбүз мүмкүн: Расулулла ﷺдын алдына Хузайлга кошуна уруудан бир жамаат элчи болуп келди жана Расулулла ﷺга: «Биздин арабызда Исламга ыктагандык бар, бизге сахабаларыңыздан бир нечесин кошуп жибериңиз, алар бизге динди, Ислам шариятын үйрөтүшсүн, Куран окуп беришсин», - дешти. Расулулла ﷺ алар менен бирге сахабаларынан алтоону жөнөттү. Алар Ражиъ деген жердеги Хузайлга караштуу бир сууга жетишти. Ушул жерде алар мусулмандарга кыянат кылышып, Хузайл уруусуна кабар беришти. Күтпөгөн жерден аларды кылыч жылаңачтаган адамдар курчап алышты. Мусулмандар дароо алар менен согушка киришти, үчөө өлдү, дагы үчөөсү туткунга түштү. Хузайл аларды Меккеде сатуу үчүн жолго түштү. Жолдо туткундардын бири – Абдулла ибн Торик адамдардын байкоосуз калганынан пайдаланып, колдорун бошотуп, кылычка жабышты. Бирок, душмандар аны өлтүрүштү. Эки туткунду алып барып Мекке калкына сатып жиберишти. Алардын бири Зайд

ибн Дасананы Сафван ибн Умайя атасы Умайя ибн Халаф үчүн өлтүргөнү сатып алды. Зайд өлтүрүү үчүн алып келингенде Абу Суфян андан: «Алланын аты менен сенден сураймын, эй Зайд, Мухаммад азыр сенин ордуңда биздин ичибизде турушун жана өлтүрүлүшүн, сен болсоң өз үйүңдө болууну каалайт белең?» - деп сурады. Зайд ага: «Аллага ант болсун, Мухаммад азыр турган жеринде да ага бирер тикен кирип, азар беришин, мен болсо үй-бүлөм алдында олтурушумду каалабаймын», - деп жооп берди. Буга Абу Суфян таңданып: «Мухаммаддын сахабалары Мухаммадды жакшы көрүшкөндөй, бирөө бирөөнү жакшы көргөнүн адамдар ичинде жолуктурбадым», - деди. Кийин, Зайд өлтүрүлдү. Экинчи туткун - Хубайб болсо камап коюлду, кийин аны дарга асуу үчүн алып чыгышты. Хубайб аларга: «Эгер макул көрсөңөр, эки рекет намаз окуп алат элем», - деди. Алар ага уруксат беришти жана ал эки рекет намазды чырайлуу кылып окуп бүттү. Андан кийин аларга карап: «Эгер мени өлүмдөн коркуп, намазды узартып жиберди деген күмөнгө барышыңар болбогондо өтө көп намаз окуган болот элем», - деди. Кийин аны дарга көтөрүп, байлашканда, аларга каардуу көздөрү менен карап: «Эй Аллахым, биз пайгамбарыңдын рисалатын жеткирдик, Сен да ага бизге эмне кылышканын жеткиргин. Эй Аллахым, булардын бирин да калтырбастан бардыгын кыйроого учураткын», - деп кыйкырды. Мушриктер анын кыйкырыгынан калтырап кетишти жана кийин Хубайбды өлтүрүштү. Расулулла ﷺ менен мусулмандар бул алты сахаба үчүн катуу кайгырышты. Хузайл уруусунун мусулмандарды кордогондугу алардын капалыгын дагы да күчөтүп жиберди. Расулулла ﷺ бул иштин үстүндө көп ойлонду. Расулулла ﷺ мына ушундай пикир кылып жүргөн бир убакта алдына Абу Баро Аамир ибн Малик Мулаибул-асинна келди. Расулулла ﷺ ага Исламды сунуш кылды, ал кабыл албады, бирок, Исламга карата душманчылык көрсөтпөдү. Ал Расулулла ﷺга: «Эй Мухаммад, эгер мени менен бирге Нажд калкына адамдарыңыздан жиберсеңиз, аларды сиздин ишиңизге даъват кылышса, даъватыңызды кабыл алышат деп үмүттөнөмүн», - деди. Бирок, Расулулла ﷺ өз сахабаларына Нажд калкы да Хузайл уруусу сыяктуу кыянат кылып өлтүрүп жиберишинен кооптонгондуктан, Абу Баронун талабына көнбөдү. Бирок, Абу Баро даъватка баруучуларды өз коргоосуна алып Расулулла ﷺды канааттандырды. Анткени, Абу Баро сөзүнө кулак салына турган адам болуп, ал коргоого алган адамга бирер кимсе кыянат кылышынын коркунучу болбойт эле. Ошондон кийин, Расулулла ﷺ Мунзир ибн Амрды кырк тандалма мусулманга баш кылып жөнөттү. Алар жолго чыгышты жана Мауна кудугуна жетип барып, ушул жерде токтошту. Ушул жерде туруп Аамир ибн Туфайлга өздөрүнөн бир сахабаны элчи кылып кат жиберишти. Бирок, ал катка

карап да койбостон, элчини өлтүрүп, Бану Аамир уруусун мусулмандарга каршы согушка чакырды. Бирок, алар көнүшпөдү, балким, өз мойнуларына алган убадасына жана Абу Баронун коргоосуна бапаа кылышты. Аамир болсо башка урууларды мусулмандарга каршы согушка чакырды жана алар менен барып, мусулмандарды курчап алды. Аларды мындай абалда көргөн мусулмандар дароо кылычтарын колго алышып согушушту жана баары өлдү. Алардан болгону эки адам гана кутулду. Расулулла ﷺ жана мусулмандар бул шейиттерге катуу кайгырышты. Расулулла ﷺ бул иштер жөнүндө жана душмандардын жүрөктөрүндө мусулмандардын айбатын дагы кайрадан пайда кылуу үчүн арабдарга кандай мамиледе болуу керектиги жөнүндө ойлонду. Расулулла ﷺ бул иштер Мединанын ичинде таасир көрсөткөнүн көрдү жана ошондуктан оболу ички абалды иретке келтирүүнү көздөдү. Мындан көңүлү тынгандан кийин, тышкы иштерге киришүүнү болжоду. Ухуддагы жеңилүү, Ражиъ жана Мауна кудугу окуялары мунафык жана яхудийлердин жүрөгүндөгү мусулмандардын айбатын алсыратып жиберди. Алар Расулулла ﷺга мусибат жеткирүү үчүн ыңгайлуу учур күтө башташты. Расулулла ﷺ алардын жаман ниеттерин сезди, ал тургай алардын тил бириктириши да анык болуп калды. Мухаммад ибн Масламаны аларга жөнөтүп: Бану Назир яхудийлерине барып айт: «Расулулла мени силерге жиберди: «Менин шаарымдан чыгып кеткиле. Силер мага кыянат кылууга ниет кылуу менен мойнуңарга алган убаданы буздуңар. Мен силерге он күн мөөнөт беремин. Кимде-ким андан кийин көрүнсө, башы кетет», - деди. Абдулла ибн Убай Бану Назирди калууга үндөбөсө жана Хуяй ибн Ахтаб аларды чеп-калааларында турууга көндүрбөсө, алар чыгып кетишмек. Он күн өтсө да, алар чыгып кетишпеди. Ошондон кийин, Расулулла ﷺ аларга каршы согушту жана аларды оор абалга салып койду. Кийин алар Расулулла ﷺдан малдары, кандары жана бала-чакаларына амандык берүүнү сурашты. Расулулла ﷺ алар менен ар үч киши бир төөгө көтөргөнүнчө тамак-аш жүктөп чыгып кетишине келишим түздү. Ошентип, алар мусулмандарга олжо катары жерлерин, курма бактарын, эгиндерин жана куралдарын – бардык мал-мүлктөрүн таштап чыгып кетишти. Бул мал-дүйнөнү Расулулла ﷺ мухажирлерге гана бөлүштүрүп берди. Ансарларга эч нерсе тийбеди. Алардан эки адам гана – Абу Дужана жана Сахл ибн Ханифтерге – алар да мухажирлер сыяктуу жакыр болгондуктан мал-дүйнөдөн берди.

Бану Назирди сүргүн кылуу менен Расулулла ﷺ ички саясат ишин бир жаңсыл кылды. Мусулмандардын айбаты дагы кайрадан күчөдү. Ошондон кийин, тышкы саясатка киришти. Расулулла ﷺ Курайшты кийинки Бадр казатына согушууга чакырды, бирок, алар Расулулла ﷺ

менен бетме-бет келүүгө батына алышпады. Бул мындайча болгон эле. Ухуд казатынан бир жыл өткөндөн кийин, Расулулла ﷺ Абу Суфяндын: «Бул жеңишибиз Бадрдагы жеңилүүбүздүн ордуна болду. Дагы бир жылдан кийин согуш майданында учурашууга убадалашабыз», - деген сөзүн жана Абу Суфян менен учурашуу зарылдыгын эстеди. Мединада Абдулла ибн Убайды ордуна калтырып мусулмандар менен жолго чыкты жана Бадрга барып Курайшка каршы согушуу үчүн даярдык көрүп, аны күтө баштады. Курайш да Абу Суфян башчылыгында эки миңден көп аскер менен чыкты. Бирок, ал эч канча убакыт турбастан артына кайтты. Расулулла ﷺ Бадрда сегиз күн бою Курайшты күтүп турду. Курайштын артка кайтып кеткендигинин кабары келди. Мусулмандар да Бадрда турган күндөрүндө соода менен алектенишип, чоң пайдалар көрүшкөндөн кийин, Расулулла ﷺ алар менен Мединага кайтты. Согушпастан жеңүүчү болуп кайтышты. Кийин, Расулулла ﷺ Нажд аймагында туруучу Гатафан уруусуна жүрүш кылды. Алар малдары жана аялдарын таштап качып кетишти. Мусулмандар аларды олжолоп Мединага кайтышты. Кийин Расулулла ﷺ Шам менен Хижаз чегараларында жайгашкан Давматул-Жандал деген жерге – кербендерге кол салуу менен каракчылык кыла турган – уруулардын адебин берип коюу үчүн чыкты. Бирок, ал уруулар да Расулулла ﷺга туш келүүдөн коркушуп, малдарын таштап, качып кетишти. Мусулмандар малдарын алып, ийгиликтүү, олжолуу болуп Мединага кайтышты.

Мына ушул тышкы казаттар жана Мединадагы ички иштер менен Расулулла ﷺ арабдар жана яхудийлердин жүрөгүнө Исламий мамлекет айбатын дагы салып коюуга о.э. Ухуддагы жеңилүүнүн издерин өчүрүп таштоого жетишти.

## АХЗОБ КАЗАТЫ

Ухуд казатынан кийин Расулулла ﷺ ишке ашырган казаттар жана жазалоолордун Исламий мамлекетти бекемдөөдө өтө чоң таасири болду. Чындыгында, мусулмандардын таасири артты, бийлик чөйрөсү кеңейди, алардан Арабстан жарым аралындагы уруулар коркуп калды. Арабдар аларга каршы Расулулла ﷺдын казатка чыкканын укканда – Гатафан жана Давматул-Жандалда болгону сыяктуу - коркууга түшүп качып кете турган болуп калышты. Курайш мусулмандар менен жолугуудан корко турган болуп калды. Бул иштердин натыйжасында мусулмандар Мединадагы турмуштан бир кыйла кадыржам болушту. Мухажирлерге Бану Назир олжолору өткөндөн кийин о.э. жерлер, курмазарлар, үй-жайлар жана эмеректер аларга бөлүштүрүп берилгенден кийин пайда болгон жаңы шартка карап жашоо шарттарын тартиптештире башташты. Бирок, бул өзгөрүштөр мусулмандарды үзгүлтүксүз жихад кылуудан буруп, бүтүндөй тиричилик менен алек кылып коё албады. Анткени, жихад кыяматка чейин фарз. Балким, мусулмандар эми мурункуга караганда тынч жана жакшы жашай башташты. Расулулла ﷺ кадыржам болушуна карабастан, душмандардын кол салышынан ар дайым этият болор эле, өзүнүн жашыруун байкоочуларын аралдын ар түрдүү тараптарына жиберер эле. Алар Расулулла ﷺга арабдардын иштеринен жана алар түзүп жаткан пландардан кабар беришчү. Расулулла ушуга карап душманга каршы турууга даяр болуп, аны менен кагылышуу үчүн ыңгайлуу учурду күтүп жатты. Айрыкча, Расулулла ﷺ бардык арабдарды коркунучка сала турган бийликке ээ болуп, Бану Кайнуко жана Бану Назир яхудийлерин Мединадан сүргүн кылып, Гатафан, Хузайл жана башка араб урууларына какшаткыч соккуларды бергенден кийин Арабстан жарым аралында мусулмандардын душмандары көбөйүп кеткен эле. Ошондуктан, Расулулла ﷺ арабдарды сергектик менен күзөтүп турду. Бир күнү Курайш жана кээ бир араб урууларынын Мединага чабуул кылуу үчүн топтолуп жатышканынын кабары келди жана Расулулла ﷺ аларды күтүп алууга даярдана баштады. Бул мындайча болду: Расулулла ﷺ Мединадан Бану Назир яхудийлерин сүргүн кылгандан кийин аларда Расулулла ﷺдан өч алуу үчүн арабдарды козгоо пикири пайда болду. Бул пикирди ишке ашыруу максатында Бану Назирден бир жамаат ишке киришти. Алардын арасында Хуяй ибн Ахтаб, Салам ибн Абулхакик жана Канана ибн Абулхакик, алар менен бирге Бану Ваил уруусунан Хавза ибн Кайс жана Абу Аммарлар бар эле. Алар Курайштын алдына барышты. Мекке калкы Хуяйдан коому жөнүндө сураганда: «Мен аларды Медина менен Хайбар ортосунда экиленип турган абалда калтырдым. Алар силер барып бирге Мухаммад жана сахабаларына каршы чабуул

кылышыңарды күтүшүүдө», - деди. Бану Курайза жөнүндө сурашканда: Алар Мединада Мухаммадга куулук кылып турушат. Барышыңар менен силерге кошулуп, Мухаммадга каршы согушушат», - деди. Курайш экиленип калды. Мухаммад менен алардын ортосунда ал Аллага даъват кылып жаткан даъват туурасында гана келишпөөчүлүк бар. Ал акыйкат болсочу? Ошондуктан, Курайш чоңдору жөөттөргө: «Эй яхудийлер, силер ахли китепсиңер жана Мухаммад менен ортобузда пайда болгон келишпестикти жакшы билесиңер. Айткылачы, биздин динибиз жакшыбы же Мухаммаддын дини жакшыбы?», - дешти. Акыйкатта болсо, яхудийлер ахли тавхид болуп, Мухаммаддын дини акыйкат экендигин жакшы билишкен. Бирок, арабдарды мусулмандарга каршы тукурууга болгон катуу умтулуулары өтө чоң катага жол коюуларына себеп болду жана алар «буттарга ибадат кылуу тавхидге караганда абзел» деп ачык айтышты. Курайшты өздөрүнүн пикирлерине көндүргөндөн кийин Гатафан, Бану Мурра, Бану Физора, Ашжаъ, Салим, Бану Саъд, Асад жана мусулмандарда өчү бар башка уруулардын баарына барышып, аларды да өч алууга тукурушту, Мухаммадга каршы согушка Курайштын ыраазы болгонун айтышты, бутпарастыктарын макташты о.э. аларга жардам кылууга убада беришти. Ошентип, яхудийлер арабдарды Расулулла ﷺга каршы согушка козгой алышты. Натыйжада, араб уруулары биригип, Курайш менен Мединага чабуул кылуу үчүн жолго чыкты.

Курайш Абу Суфян башчылыгында чыкты. Алар төрт миң аскер болуп, алардын үч жүзү атчан жана бир жарым миңи төөчөн эле. Гатафан уруусу Уяйна ибн Хисн ибн Хузайфа башчылыгында өтө көп адамдар жана миң төөдө чыкты. Ашжаъ уруусу Мисъар ибн Рахила башчылыгында төрт жүз аскер менен чыкты. Мурра уруусу Хорис ибн Авф башчылыгында төрт жүз аскер менен чыкты. Салим уруусу жана Мауна кудугу ээлери жети жүз киши болуп келишти. Булар чогулгандан кийин, аларга Бану Саъд жана Бану Асад уруулары да келип кошулушту. Ошентип, бул кошуунда он миңдей аскер топтолду. Бардыгы Абу Суфян жетекчилигинде Мединаны көздөп жолго түшүштү. Бул кошуундун кабары Расулулла ﷺга жетип баргандан кийин, ал Мединада коргонууга токтом кылды. Салман Фарсий Медина айланасына хандак (аңгек) казып, шаар ичинде коргонууну кеңеш берди. Ушул кеңеш боюнча хандак казылды. Казуу иштеринде Расулулла ﷺдын өзү да иштеди. Топурак ташыды, мусулмандардын рухун көтөрүп, дагы да көбүрөөк күч сарптоого чакырды. Хандак алты күндө казылып бүттү. Душманга бетме-бет келе турган үй-жайлардын дубалдары бекемделди. Хандактын аркы бетинде калган үйлөр бошотулуп, ал жердеги аялдар жана балдар коргоого алынган жерлерге көчүрүлдү. Расулулла ﷺ үч миң аскер менен чыкты. Сал дөңсөөсүнүн алдында туруп, хандакты өзү менен душман ортосунда

калтырды. Ушул жерди аскерлери үчүн тура турган жай кылып белгиледи. Расулулла ﷺ үчүн кызыл чатыр тигилди.

Курайш башчылыгындагы душмандар «Мухаммадга Ухудда туш келебиз» деп ойлошкон эле. Бирок, Мединага жакындашып келишти жана хандакты көрүп таң калышты. Анткени, алар коргонуунун мындай түрүн билишчү эмес. Курайш жана аны менен келген топтор хандактын артында жайгашышты. Абу Суфян жана аны менен бирге болгондор хандактан өтө алышпай, узак убакыт туруп каларын түшүнүштү. Кыш мезгили эле. Күчтүү шамалдар жүрүп, суук да катуу эле. Алардын айласы кетти жана чегинүү тууралуу ойлоно башташты. Хуяй ибн Ахтаб алардагы мындай абалды сезип, Бану Курайзаны Мухаммад жана мусулмандар менен түзгөн тынчтык келишимин бузуп, аларга кошулууга көндүрүшүн жана Бану Курайза ушундай кылса, мусулмандардан жардам үзүлүп, Мединага жол ачылышын айтты. Бул сөздөрдү угуп, Курайш жана Гатафан курсант болду. Хуяй шашылып Бану Курайзанын башчысы Каъб ибн Асаддын алдына барды. Каъб ага чебинин эшигин ачпады. Бирок, Хуяй кетпей туруп алгандан кийин чептин эшигин ачты. Ал кире салып Каъбга: «Эй Каъб, мен алдыңа дүйнөнүн атак-даңкын жана чоң деңизди алып келдим, алдыңа Курайш жана Гатафандын улуулары жана башчылары келип отурат. Алар мага тээ Мухаммадды жана аны менен бирге болгондорду бүтүндөй жок кылмайынча бул жерден кетпейбиз деп убада беришти», - деди. Каъб экиленип калды жана Мухаммаддын келишимине бекем турушун айтып, Хуяй чакырып жаткан иштин акыбетинен коркту. Бирок, Хуяй ага яхудийлер башына Мухаммаддан келген азап-кыйынчылыктарды айтып жана топтордун күчүн сүрөттөй бергенден кийин Каъб бошошту жана анын талабына ыраазы болду. Мухаммад жана мусулмандар менен болгон келишимин бузуп, Курайза яхудийлери да душмандарга кошулду. Бул тууралуу Расулулла ﷺга кабар да бербеди. Расулулла ﷺга жана сахабаларына бул кабар жетип келгенде, алар катуу түшкүндүккө түшүштү жана анын акыбети мусулмандарга зыяндуу болушунан коркушту. Кийин Расулулла ﷺ Австын башчысы Саъд ибн Муаз, Хazраждын башчысы Саъд ибн Убада, Абдулла ибн Раваха жана Хавват ибн Жубайрларды бул кабарды аныктап келүүгө жиберди. Аларга эгер Курайза келишимди бузган болсо, адамдардын руху түшүп кетпестиги үчүн бул ишти жашырууну жана аны ишаралар аркылуу түшүндүрүү менен чектелүүнү дайындады. Ушул элчилер Курайзага барышканда аларды жетип келген кабарлардан да жаманыраак абалда көрүштү. Элчилер аларды келишимге кайтарууга урунушканда Каъб алардан боордоштору болгон Бану Назир яхудийлерин өз мекендерине кайтарууларын талап кылды. Саъд ибн Муаз – ал Бану Курайзанын союздашы болчу – аларды кадыржам кылмакчы болгондо, алар Мухаммад (Расулулла) ﷺды акаарат кыла башташты. Каъб болсо:

«Расулулла ким өзү? Мухаммад менен биздин ортобузда эч кандай келишим, эч кандай убада жок», - деди. Ошентип, элчилер кайтып келишти жана Расулулла ﷺга көргөндөрүн айтып беришти. Коркунуч дагы да күчөдү. Душмандар согушка даярдана башташты. Курайза даярдык көрүү үчүн Курайштан он күн мөөнөт сурады. Ушул он күндүн ичинде гана бириккен күчтөр мусулмандарга каршы согушка киришет. Алар ошондой да кылышты, чындыгында, алар үч армия түзүштү. Ибн Аъвар Саламийдин аскерлери өрөөндүн жогорку тарабынан келди, Уяйна ибн Хисн аскерлери каптал жактан келди, Абу Суфян болсо хандакка каршы турду. Мусулмандардын коркунучу ансайын күчөдү. Душмандын күч-кубаты артып, кубаты көзгө көрүндү. Алардын руху бийик эле. Ошондой бир абалда алар хандакка чабуул кылышты. Курайштын кээ бир чабандестери хандактын тар жерин таап, ошол жерден өтүштү жана Сала менен хандак ортосунда чапкылап жүрө башташты. Ошондо Али ибн Абу Талиб رضي الله عنه бир нече мусулмандар менен чыкты жана хандактын аттар өткөн жерин ээледи. Амр ибн Абдувудд алдыга чыгып, мусулмандарды жекеме-жеке алышууга чакырды. Али ибн Абу Талиб رضي الله عنه аны алышууга чакырганда, ал бой көтөрүп Алиге: «Эмнеге чыктың, эй боордошумдун уулу, Аллага ант болсун, мен сени өлтүрүүнү каалабаймын», - деди. Ага жооп катары Али رضي الله عنه: «Мен болсо, Аллага ант болсун, сени өлтүрүүнү каалаймын», - деди. Экөө чабыша кетишти жана Али رضي الله عنه аны өлтүрдү. Кийин душмандын атчандары эч нерсеге карабастан артка чегинип, дагы хандакка карай өздөрүн ташташты. Бирок, бул нерсе душмандын рухун түшүрбөдү, тескерисинче мусулмандарды көбүрөөк коркууга салуу үчүн от жагышканда өтө жалындатып жагышты. Курайзанын кайраттуу кишилери өз чебинен Медина калкын коркууга салуу үчүн анын өздөрүнө жакын жерлерине чейин түшүп келе башташты. Натыйжада, мусибат күчөп, түйшүк артып, баарын коркуу басты. Расулулла ﷺ Алла Тааланын жардам беришине катуу ишенет эле. Ушундай абал өкүмдар болуп турган убакта Нуайм ибн Масъуд келип калды – ал мусулман болгон эле – жана ал Расулулла ﷺга капырларды бошоштура турган бир иш кылууну сунуштады. Ал Расулулла ﷺдын буйругу менен Бану Курайзага барды, алар анын мусулман болгонун билишпейт эле. Жахилиятта Нуайм алардын табакташы эле. Аларга өзү менен алардын ортосундагы эски достугун эстетти, кийин аларга Курайш жана Гатафан менен бирге Мухаммадга каршы чыгышканын, Курайш жана Гатафан болсо бул жерде көпкө туруугa такаат кылбастан, аларды Мухаммад менен согушканы жалгыз таштап кетип калышарын, кийин Мухаммаддын аларды жеңип коёрун айтты. Аларга Курайш жана Гатафан кетип калбастыгы үчүн алардан кепилдикке адам албастан туруп мусулмандар менен согушпастыкты кеңеш берди. Курайза анын айткандарына ыраазы болду. Кийин Курайштын алдына барып, аларга

Курайза Мухаммад менен болгон келишимин бузгандыгына өкүнүп жатканын, Мухаммадды ыраазы кылуу жана достугун тикелөө үчүн өлтүрүп жиберүүгө Курайштын чоңдорунан бир нечесин кармап бермекчи экенин «ашкере кылды». Ошондуктан, «эгер яхудийлер адамдарыңардан бир нечесин кепилдикке сурап адам жиберсе, аларга эч кимди бербегиле» деп кеңеш берди. Нуайм Гатафанга да Курайшка кылган иштерди кылды. Натыйжада арабдарда яхудийлерге карата шек-күмөн ойгонду. Абу Суфян Каъбга: «Бул адамды камал кылышыбыз көпкө созулуп кетти. Эртең силер ага каршы согуш баштагыла, биз артыңарда болобуз», - деп элчи жөнөттү. Каъб: «Эртең ишемби. Биз бул күндө согуша да албайбыз жана башка бирер иштி да кыла албайбыз», - деп жооп берди. Абу Суфян бул жоопко каарданып, Нуаймдын сөздөрү чындык экенине ынанды. Кийин дагы элчисин жиберип: «Бул ишембинин ордуна башка күндү ишемби кылгыла. Эртең Мухаммадга каршы согушпасак болбойт. Эгер биз эртең согушка чыксак да, силер биз менен бирге болбосоңор, силер менен союздан чыгабыз жана Мухаммаддан мурда согушту силерден баштайбыз», - деди. Курайза Абу Суфяндын сөздөрүн уккандан кийин, ишемби күнү согушпастыгын дагы кайталады. Кийин кадыржам болуу үчүн бир нече адам сурады. Бул сөздөрдү уккан Абу Суфянда Нуаймдын сөздөрү чын экендигине эч бир күмөн калбады жана эмне кылуу жөнүндө ойлоно баштады. Бул абалдан Гатафанды кабардар кылды. Ошондон кийин алар да Мухаммадга каршы согушка экиленип калышты. Түндө Алла Таала алардын үстүнө катуу шамал, күчтүү чагылган жана жамгыр жиберди. Бул шамал чатырларды учуруп, казандарды аңтарып, жүрөктөргө коркуу салды. Алар мусулмандар бул учурдан пайдаланып, аларды өлтүрүп жиберүү үчүн алар тарапка өттү деген ойго барышты. Тулайха ордунан туруп, «Мухаммад силерге каршы согушту баштады, өзүңөрдү куткарып алгыла» деп кыйкырды. Абу Суфян: «Эй Курайш жамааты, жолго түшкүлө, мен кеттим», - деди. Ошондон кийин коом көтөрө алган нерселерин көтөрүп, качып калды. Алардын артынан башкалар да ээрчиди. Таң атканда душмандардын изи да калбаган эле. Расулулла ﷺ бул абалды көрүп, мусулмандар менен бирге Мединага кайтып келди. Ошентип, Алла Таала момундарды согушуу түйшүгүнөн куткарды.

Расулулла ﷺ Курайштан тынчыды, Алла Таала пайгамбарын аларга каршы согушуудан куткарды. Бирок, Расулулла ﷺ Бану Курайза ишин – Алла Тааланын буйругуна моюн сунуп – аягына чыгарууну ниет кылды. Анткени, алар ортодогу келишимди бузушуп, мусулмандарды жоготууга чечим кылышты. Ошондуктан, муаззинге: «Кимде-ким кулак салып, итаат кыла турган болсо, аср намазын Бану Курайзада окусун», - деп жарыя кылууга буюрду. Али رضي الله عنه га тууну берди. Мусулмандар Алинин артынан курсант болгон абалда согушка аттанышты жана Бану

Курайза турган чепке келип, аларды курчоого алышты. Курчоо жыйырма беш күнгө созулуп кетти. Кийин яхудийлер Расулулла ﷺга элчи жиберишип, сүйлөшүүлөрдү алып барышып, Саъд ибн Муаздын алардын үстүнөн өкүм чыгарышына ыраазы болушту. Саъд «алардын жоокерлери өлтүрүлсүн, мал-дүйнөлөрү бөлүштүрүлсүн, бала-чака жана аялдары туткунга алынсын» деп өкүм чыгарды. Бул өкүм ишке ашырылды. Ошентип, бул уруу жок кылынды, Медина алардан тазаланды.

Душмандардын жеңилүүсү менен Курайштын Расулулла ﷺга каршы согушуу үчүн алып барган акыркы аракети жокко чыкты. Бану Курайзаны жок кылуу менен Медина айланасында жашоочу, Расулулла ﷺ менен келишим түзүп, бирок, кийин келишимдерин бузган яхудийлердин үч уруусу жок кылынды. Ошентип, Расулулла ﷺ жана мусулмандар үчүн Медина жана анын айланасында абал жакшырды, бул нерсе арабдарды мусулмандардан корко турган кылып койду.

## ХУДАЙБИЯ КЕЛИШИМИ

Хижраттын алтынчы жылы Расулулла ﷺ өз кошуунунан жана исламий коомдон кадыржам болгондон кийин, Исламий мамлекеттин кубатын ашыруу жана душмандарын алсыратуу жолунда дагы бир кадам коюуга токтом кылды. Расулулла ﷺга Хайбар жана Мекке калкы ортосунда мусулмандарга каршы чабуул кылууга келишим болгонунун кабары келди. Ушундан келип чыгып, Мекке калкы менен жарашууга алып бара турган жана мунун натыйжасында Арабстан жарым аралында даъватты жаюуну жеңилдете турган о.э. Хайбарды Курайштан ажыратып коё турган бир план түздү. Бул план Байтулланы зыярат кылуу болуп, мында Расулулла ﷺ тээ максатына жеткенге чейин тынчтык ыкмасын колдонууга токтом кылды. Арам айларда арабдардын согушпастыгы бул планды ишке ашырууну жеңилдетишин көрдү. Расулулла ﷺ Курайштын биримдиги ыдырап кеткенин, мусулмандардан коркуу аны кооптонууга салып койгонун жана Расулулла ﷺ жөнүндө миң түркүн ойлорго барып жатканын билет болчу. Ушундан келип чыгып, Байтуллага ажылык кылып барууну каалады. Эгер Курайш Расулулла ﷺды Меккеге киргизбесе, бул нерсе арабдар ичинде Исламий даъваттын о.э. Курайшка каршы үгүттөөнүн бир ыкмасы болот. Ошондуктан, Расулулла ﷺ арам айы болгон Зулкаъда айында ажылыкка барышын жарыя кылды. Мусулман болбогон араб урууларын согушсуз жана тынч абалда Байтуллага чогуу барууга чакырып, элчилерди жиберди. Мындан максаты – өзүнүн согушка эмес, ажылыкка чыкканын о.э. согушту каалабагандыктан Исламда болушпаса да кайрымусулман арабдарды шерик кылгандыгын билдирип коюу эле. Мындан эгер Курайш ажылыктан кайтара турган болсо, арабдар ортосунда өз пайдасына пикир жаратууну көздөдү. Ошондуктан, мусулмандарга кындагы кылычтарынан башка куралдарды алууга уруксат бербеди жана аларга өздөрүнүн согушка эмес, балким, ажылыкка бararын айтты. Расулулла ﷺ Мединадан бир миң төрт жүз киши менен жолго чыкты. Касва аттуу төөсүн минип, алдыга түшүп жол баштады. Адамдарга согушуу үчүн эмес, Байтулланы зыярат кылуу үчүн чыккандыгын билдирүү үчүн курмандыкка атап жетимиш төө алды жана умрага ниет кылып ихром кийди. Мединадан чыккандан кийин алты же жети мил аралыкты басып өтүп, Зул-хулайфа деген жерге жетип барышканда, умранын талбиясын айтышты. Кийин Меккеге карай жүрүштү. Мусулмандардын согушка эмес, ажылыкка келгендери жөнүндөгү кабар Курайшка жетти. Курайш «бул нерсе Мухаммаддын Меккеге кириш үчүн кылган айласы болсо керек» деп коркууга түштү жана кандай болбосун, Мухаммадды Меккеге киргизбөөгө токтом кылды. Мусулмандарды Меккеге киргизбөө үчүн кошуун даярдады.

Холид ибн Валид менен Икрима ибн Абу Жахлды чоң бир кошуунга башчы кылды. Бул кошуунда атчандардын өзү эки жүз болчу. Мушриктердин кошууну Меккеден чыкты жана ажылыкка келе жаткандардын жолун тосуу үчүн алар тарапка жол алды жана Зу Тива деген жерге келип түштү. Мухаммад ﷺга Курайш кылган иштердин жана алар мусулмандарды ажылыктан кайтаруу үчүн кошуун даярдаганынын кабары жетип келди. Расулулла ﷺ Меккеден эки чакырым аралыктагы Усфан аттуу кыштакка жетип келгенде Бану Каъб уруусунан болгон бир кишиге туш болду жана андан Курайш жөнүндө сурады. Ал киши мындай деп жооп берди: «Курайш сиздин келе жатканыңызды укту. Өздөрү менен сүт берип жаткан жана балалуу төөлөрүн да алып чыгышты, кабыландардын терилеринен кийимдерди кийишти жана Зу Тивага келип түшүштү. Сизди Меккеге таптакыр киргизбөөгө Аллага сөз беришти. Мына Холид ибн Валид чабандестери менен Куроул-Хамимге келди. (Куроул-Хамим мусулмандардын Усфандагы турган жеринен сегиз мил аралыктагы жер). Расулулла ﷺ анын бул жообун уккандан кийин: «Курайштын шору курусун, акыры аны согуш жок кылып бүттү. Мени менен башка арабдар ортосунда тосук болушпаса эмне болот эле? Эгер ал арабдар мени жок кылышса, муну менен Курайш каалаган иш жүзөгө чыгат. Эгер Алла Таала алардын үстүнөн мени үстөм кылса, алардан өтө көп адамдар Исламга кирет. Эгер андай кылышпаса, өздөрүндө күч болгон абалда согушушат. Курайш өзү эмне деп ойлоп жатат? Аллага ант болсун, Алла мени жиберген нерсе үчүн – тээ Алла мени үстөм кылмайынча же башым кетмейинче – жихад кылууну уланта беремин», - деди. Ушул жерде Расулулла ﷺ түзгөн пландарын кайрадан карап чыкты. Анткени, Расулулла ﷺ тынчтык планына токтом кылып, согушка даярданбаган эле. Бирок, Курайш Расулулла ﷺга каршы согушуу үчүн кошуун жөнөттү. Расулулла ﷺ болсо согушууну каалабады. Бирок, кайтсабы же тынчтык планын согуш планына айлантсабы? Расулулла ﷺ мусулмандар эгер согушуудан башка айла калбаса, өз ыймандары менен душманга каршы туруууга, ага каршы согушка кирүүгө кудуреттүү экендигин жакшы билет эле. Бирок, Расулулла ﷺ бул жерге согушуу үчүн келбеди, согушууга токтом да кылбады, балким, ажылык кылуу жана тынчтык келишимин түзүү үчүн келди. Эгер ажылыктан кайтарылса – кайтарылуу мүмкүндүгүн да эсепке алган эле – ошондо да бул кайтуу согуш менен эмес, тынчтык менен болушун каалады. Согуш менен кирүүнү да каалаган жок. Расулулла ﷺ пландаштырган ушул тынчтык планы аркылуу бүт арабдарда Исламий даъват жана анын бийиктиги жөнүндө, Курайшта жана Меккеде бул даъваттын бийиктиги жөнүндө, арабдарда, Курайшта жана Меккеде Курайштын адашууда, залалатта, бузуктукта, душманчылыкта экени жөнүндө пикир пайда кылууну

каалады. Расулулла ﷺга даъват чөйрөсүн жаратуу үчүн мына ушундай жалпы пикир керек болчу. Анткени, бул чөйрө даъваттын жайылышына жана үстөм болушуна жардам берүүчү эң чоң түрткү эсептелет. Ошондуктан, согуш планына эмес, тынчтык планына токтом кылды. Эгер согуша турган болсо, ушул планга тескери иш кылган болот жана бул чыгуудан көздөгөн максатын колдон чыгарат. Ошондуктан эмне кылуу тууарасында көп ойлонду. Ал зат ар кандай адамга караганда алысты көрүүчү, чоң тажрыйбалуу, өткүр саясатчы эле. Ушул себептүү тынчтык планында бекем турууга токтом кылды. Болбосо көздөгөн максаттарын колдон чыгарып, пландары жокко чыгып, Расулулла ﷺдын зыянына, ал эми Курайштын пайдасына арабдарда далил пайда болот. Жалпы пикир да өзүнүн эмес, Курайштын пайдасына чечилип калат. Ошондуктан, адамдарга: «Ким бизди Курайш турган жолдон башка жол менен алып бара алат», - деди. Адамдардын арасынан башка жолду биле турган бир киши чыкты жана алар тоо аралап, тар жана таштак жолдор аркылуу оор машакаттар менен жүрүп, Худайбия деп аталган тегиздикке чыгышты. Холид жана Икриманын кошууну мусулмандарды көргөндө, коркууга түшүп, Меккеге карай аттарынын тизгинин коё беришти. Мусулмандар алардын кошуунунан айланып өтүп Мекке аймагына бастырып киришинен коркууга түшүп калышты. Мушриктер кошууну Мекке ичинде, Расулулла ﷺдын кошууну жана ал зат менен бирге болгондор Худайбияда жайгашышты. Эки кошуун бири-биринин тушунда турду жана бири-бирине каршы кандай план колдонуу жөнүндө ойлоп жатты. Кээ бир мусулмандар Курайштын согушка даярдык көргөнү, ажылыкка жол бербестиги, ошондуктан, аны жеңүү жана ажылык кылуу үчүн аны менен согушуудан башка чара жок экендиги жөнүндө жана муну менен Курайшты бүтүндөй тып-тыйпыл кылуу жөнүндө ойлонуп жатты. Курайш мусулмандарга каршы согушка бар болгон даярдыгын көрүп, өзү кырылып кетсе да мусулмандарды Меккеден кайтарып жибергенге чейин алар менен согушуу тууралуу ойлоп жатты. Бирок, Курайш мусулмандар жөнүндө миң түркүн ой күмөндөргө барып жатты. Ушуга караганда Курайш мусулмандардын эмне кылышын күтүп турду. Расулулла ﷺ болсо бул жерге келүүдөн көздөгөн максатына жетүү үчүн Мединада умра үчүн ихром кийгенде түзгөн планын т.а. тынчтык планын өзгөртпөдү. Ошондуктан, Худайбияда турду жана Курайштын эмне кылышын күттү. Расулулла ﷺ Курайштын коркуп жатканын жана ажылык кылганы келгени тууралуу сүйлөшүүлөрдү өткөрүү үчүн элчи жиберишин билет болчу. Курайш элчилер жибергенге чейин шашылбастыкка токтом кылды. Чындап эле, Курайш Будайл ибн Варкону Хузоа уруусунан бир топ адам менен элчи кылып жиберди. Алар Расулулла ﷺдан эмне үчүн келгендигин сурашты жана кыска

сүйлөшүүлөрдөн кийин мусулмандар согушууну көздөп эмес, Байтулланы зыярат кылуу үчүн жана анын урмат-сыйын улуулоо үчүн келишкенине ишеништи. Кийин Курайшты да буга ишендирүү үчүн кайтып кетишти. Курайш болсо аларды Мухаммад ﷺга жан тартууда айыптады жана алардын сөздөрүнө ишенбеди. Кийин Микраз ибн Хафс башчылыгында башка элчилерди жиберди. Булар да мурунукулардай болушту. Кийин Мухаммад ﷺ менен сүйлөшүүгө хабаштардын башчысы Хилс ибн Алкаманы жөнөттү. Курайш ага жана анын коомуна Мухаммад ﷺды тосууда сүйөнүп, аларды Мухаммад ﷺга каршы козгоого ниеттенген болчу. Курайштын пикиринче, эгер Хилс сүйлөшүүдөн ийгиликсиз кайтса, мусулмандарга душмандыгы күчөп, Меккени катуу коргойт эле. Бирок, Расулулла ﷺ анын келе жатканын билгенде мусулмандар согушка эмес, ажылыкка келишкенине көрүнүктүү далил болушу үчүн курмандыкка алып келинген малдарды анын алдына айдап коюуга буюрду. Ошентип, Хилс Меккеден чыгып келди. Мусулмандардын турган жерине жакындашканда кең өрөөндө жайылып жүргөн төөлөрдү көрдү, мусулмандардын көрүнүшү жана курмандыкка алып келген малдары алардын согушка эмес, умрага келгендигин көрсөтүп турганын, мусулмандар турган жеринде ибадат алкагы көрүнүп турганын көргөндөн кийин, бул көрүнүштөн катуу таасирленди жана бул адамдардын согушту эмес, ибадатты көздөп келгенине ишенди. Расулулла ﷺ менен учурашпастан Меккеге кайтты. Хилс Курайшка көргөндөрүн айтып берди жана алардан мусулмандарга ажылык кылууга уруксат беришин сурады. Курайштын ишине катуу ачууланды жана эгер Мухаммадга Каабаны зыярат кылышына жол беришпесе, хабаштарды алып Меккеден кетип каларын айтып коркутту. Бирок, Курайш чоңдору Хилстин көңүлүн алып, бул иштин үстүндө пикирлеп алуу үчүн мөөнөт берүүнү сурашты, ушуну менен Хилс аларга унчукпай калды. Кийин алар Урва ибн Масъуд Сакафийди элчи кылып жиберишти. Ал да Расулулла ﷺдын алдына барды жана Меккеден кайтып кетүү туурасында сүйлөшүүлөрдү алып барды. Сүйлөшүүдө бардык ыкмаларды ишке салды. Бирок, анын сүйлөшүүсү да ийгиликсиз аяктады. Урва Расулулла ﷺдын көз караштарына канааттанып кайтты жана Курайшка: «Эй Курайш жамааты, мен Кисрону, Кайсарды жана Нажашийди өз падышалыгында көргөнмүн, бирок, Аллага ант болсун, мен Мухаммадды сахабалары урматтагандай өз коомунан урмат көргөн бирер падышаны көрбөдүм. Мен ушундай бир коомду көрдүм, алар Мухаммадды душман колуна эч кандай абалда тапшырып койбойт. Демек, бир ойлонуп көргүлө», - деди. Бул нерсе Курайштын душмандыгын дагы да күчөтүп жиберди. Алар көпкө кеңешип, бир пикирге келе алышпады. Расулулла ﷺ Курайш менен сүйлөшүүгө элчи жиберүү жөнүндө пикир кылды.

Балким Курайштын элчилери Курайштан коркуп жаткандыр. Ажеп эмес, өз элчилери аларды ишендире алса. Ушундан келип чыгып, Курайшка Хирош ибн Умайя Хузоийди жиберди. Бирок, Курайштыктар анын төөсүн союп, өзүн да өлтүрмөкчү болушканда, хабаштар коргоп калышты. Курайштын душмандыгы дагы да күчөдү. Түнкүсүн мусулмандардын турган жерин ташбараӊ кылууга акмак жаштарды жиберишти. Мусулмандар буга катуу ачууланышты жана Курайш менен согушуу жөнүндө ойлоно башташты. Бирок, Расулулла ﷺ алардын ачуусун басып, тынчтандырды. Бир күнү Курайштан элүү киши мусулмандарга сокку берүү үчүн алардын турган жерин көздөй жөнөдү. Алар колго алынып, Расулулла ﷺ алдына алып келинди. Расулулла ﷺ аларды кечирип, бошотуп жиберди. Бул иштин Меккеде өтө чоӊ таасири болду жана Мухаммад ﷺдын согушка эмес, ажылыкка келгени жөнүндөгү сөздөрү туура экендигине ачык далил болду. Бул иш себептүү Меккеде Расулулла ﷺдын пайдасына жалпы пикир пайда болду. Ал тургай, ушул убакта Расулулла ﷺ Меккеге киргенинде жана Курайш аларды кайтарууга урунганда иш Курайштын зыянына болуп, Мекке калкы жана башка арабдар Курайшка каршы болуп калышат эле. Ошондуктан, Курайш чыр-чатак козгоо аракеттерин токтотту жана эмне кылуу жөнүндө ойлоно баштады. Анын аракетинде тынчтык белгилери көрүнүп калды. Ошондо Расулулла ﷺ алар менен сүйлөшүүгө мусулмандардан жиберүүнү каалады жана Умар ибн Хаттабды сүйлөшүүгө барууга буюрду. Умар رضي الله عنه: «Я Расулулла, мени өлтүрүп жиберүүлөрүнүн коркунучу бар, Меккеде Бану Адий ибн Каъб коомунан мени коргой турган эч ким жок, акыйкатта болсо, Курайш мен ага канчалык душмандыкта экенимди билет. Бирок, мен Курайш үчүн азиз жана кадыр-барктуу болгон бир кишини көрсөтөмүн, ал Усман ибн Аффан», - деди. Расулулла ﷺ Усманды чакырып, Абу Суфяндын алдына жөнөттү. Усман رضي الله عنه Курайш тарапка кетти жана аларга өзүнө жүктөлгөн тапшырманы жеткирди, ага: «Эгер Байтулланы тооп кылууну кааласаӊ, эшик ачык», - дешкенде: «Тээ Расулулла ﷺ тооп кылмайынча мен тооп кылбаймын», - деди жана сүйлөшүүгө киришти. Курайш көнбөдү жана алардын ортосунда сүйлөшүү созулуп кетти. Акыры Курайш четке кагуу абалынан өз талаптарына жана мусулмандардын талаптарына туура келе турган бир план иштеп чыгуу абалына өттү жана Усман رضي الله عنه менен өздөрү жана Мухаммад ﷺ ортосунда алакалар пайда кылуу тууралында сүйлөшүштү. Усман رضي الله عنهга өздөрүн бул жаман абалдан жана Мухаммад ﷺ менен уланып жаткан душманчылыктан куткара турган бир жолду табат деп карашты. Усмандын Меккеде болушу созулуп кетип, ал жерде анын бар же жок экендиги да билинбегенден кийин, мусулмандар арасында «Курайш Усманга кыянат кылып, аны өлтүрүп жиберди»

деген миш-миш тарады. Мусулмандар катуу тынчсызданышты. Расулулла ﷺдын дилинде да «Курайш Усманды өлтүргөн» деген шектенүү пайда болду. Мусулмандар толкундап жана бардыгы колдорун кылычтарынын сабына коюшуп, согушууга даяр турушту. Ушул убакта Расулулла ﷺ түзгөн планын – тынчтык планын кайрадан көрүп чыкты жана Курайш арам айда сүйлөшүү элчиси Усманга кыянат кылгандан кийин ушул планды кайрадан карап чыгуу керектигине ишенди. Ошондуктан, «бул коом менен согушмайынча бул жерден кетпейбиз» деди. Кийин сахабаларын алдына чакырды жана ушул жердеги бир дарактын астында туруп, сахабаларынан байъат берүүнү талап кылды. Бардыгы Расулулла ﷺга тээ өлгөнгө чейин качпастыкка байъат беришти. Мусулмандар ушул ирмемдерде ар качанкыдан да кайраттуу, тайманбас жана чыныгы ыймандуу абалда эле. Байъат бүткөндөн кийин, Расулулла ﷺ «Усман үчүн байъат» деп бир колун экинчисине урду. Мусулмандардын бул байъаты «Байъатур-Ризван» (ыраазылык байъаты) эле. Бул байъат туурасында Алла Тааланын төмөнкү аяты түштү:

﴿ لَّقَدۡ رَضِيَ ٱللَّهُ عَنِ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ إِذۡ يُبَايِعُونَكَ تَحۡتَ ٱلشَّجَرَةِ فَعَلِمَ مَا فِي قُلُوبِهِمۡ فَأَنزَلَ ٱلسَّكِينَةَ عَلَيۡهِمۡ وَأَثَٰبَهُمۡ فَتۡحٗا قَرِيبٗا ﴾

*«(Эй Мухаммад),* ***дарак түбүндө сага байъат берип жатышкан кезде, Алла момундардан ыраазы болду жана Алла алардын дилдериндеги нерсени*** *(чыныгы ишенимди жана убадага бапаа кылууну)* ***билип, аларга бейпилдик түшүрдү жана аларды жакынкы жеңиш менен сыйлады».*** **[48:18]**

Байъат бүтүп, мусулмандар согушка даярдык көрүп жатышканда аларга Усман ؓ тирүү экенинин кабары келди жана бир аздан кийин Усман ؓнун өзү да келип калды, Расулулла ﷺга Курайштын сөздөрүн жеткирди. Расулулла ﷺ менен Курайш ортосунда тынчтык сүйлөшүүлөрү кайрадан башталды. Курайш Сухайл ибн Амрды Расулулла ﷺ менен ажылык жана умра маселесинен башка өздөрү менен Расулулла ﷺ ортосунда түзүлө турган келишим маселесинде сүйлөшүүлөрдү алып баруу үчүн жөнөттү. Келишимдин негизи Расулулла ﷺга быйыл Меккеге кирбестен кайтуу шарт кылынды. Расулулла ﷺ ушул негиздеги келишимди кабыл алды, анткени, бул нерсе Расулулла ﷺ Байтулланы зыярат кылуудан көздөгөн максатын жүзөгө чыгарат болчу. Быйыл же эмдиги жылы Байтулланы зыярат кылышынын эч бир зыяны жок. Анткени, Расулулла ﷺ Хайбарды Курайштан ажыратып коюуну о.э. Исламий даъватты жаюуда Курайштын башка арабдарды тоспоосун каалайт эле. Ошондуктан, мусулмандар менен Курайш ортосундагы согушту токтото турган келишим түзүүнү каалайт эле. Ажылык жана умра темасы болсо,

анын бүгүн же эртең болушунун бул ишке таасири жок болчу. Расулулла ﷺ Сухайл ибн Амр менен сүйлөшүүгө киришти. Ортодо келишим жана анын шарттары тууралсында узак тартышуу болду. Сүйлөшүү бир нече жолу бузулуп кетишине аз калды. Бирок, Расулулла ﷺдын хикмат менен иш жүргүзүүсү, тажрыйбасы жана курч саясаты сүйлөшүүнүн бузулушуна жол койбоду. Мусулмандар Расулулла ﷺдын жанында бул сөздөрдү угуп турушуп, умра тууралсында сүйлөшүү болуп жатат деп эсептешти. Расулулла ﷺ болсо согушту токтотуу тууралсындагы сүйлөшүүлөр деп эсептеди. Ошондуктан, мусулмандар бул сүйлөшүүлөргө капа болушту, Расулулла ﷺ болсо кубанды жана убактылуу пайдаларга карабастан, ушул сүйлөшүүлөрдү өзү каалаган максат негизинде алып барды. Акыры, эки тарап ортосунда белгилүү шарттар негизинде келишим түзүлдү. Бирок, бул шарттар мусулмандардын кыжырын кайнатып жиберди. Алар Расулулла ﷺды бул шарттарды четке кагууга жана согушууга көндүрүүгө аракет кылышты. Умар ибн Хаттаб رضي الله عنه Абу Бакр رضي الله عنهнун алдына барып, ага: «Эмне үчүн биз баш тартууга ыраазы болушубуз керек?» - деди жана бул шарттарга ыраазы болбостукка көндүрүү үчүн биргеликте Расулулла ﷺдын алдына барууну суранды. Бирок, Абу Бакр رضي الله عنه Умар رضي الله عنهну Расулулла ﷺ көнгөн нерсеге ыраазы болууга үндөдү. Бирок, Умар رضي الله عنه көнбөдү жана Расулулла ﷺдын алдына барып, катуу ачууланган абалда өз пикирин билдирди. Бирок, анын бул сөздөрү Расулулла ﷺдын сабырын да, максатын да өзгөртө албады. Расулулла ﷺ Умарга: «Мен Алланын пендеси жана элчисимин. Эч качан Анын буйругуна тескери иш кылбаймын. Алла Таала мени кор кылып таштап койбойт», - деди жана андан кийин Али ибн Абу Талиб رضي الله عنهну чакырып, ага: «Бисмиллахир рохманир рохим деп жаз», - деди. Сухайл: «Мен муну билбеймин. Бирок, «Бисмикаллохумма» деп жаз», - деди. Расулулла ﷺ: «Бисмикаллохумма деп жаз», - деди. Андан кийин: «Ушул хужжат Алланын элчиси Мухаммад Сухайл ибн Амр менен түзгөн келишимдин тексти», - деп жаз», - деди. Сухайл: «Эгер мен сиздин Алланын элчиси экендигиңизге күбөлүк бергенимде сизге каршы согушпайт элем. Өз атыңыз жана атаңыздын атын жазыңыз», - деди. Расулулла ﷺ: «Бул хужжат Мухаммад ибн Абдулла менен Сухайл ибн Амр түзгөн келишимдин тексти деп жаз», - деди. Андан кийин төмөнкүлөрдү өз ичине алган келишимдин тексти жазылды:

а) Бул келишим эки тарап өз ара келишилген убактылуу келишим жана жарашуу бүтүмү. Бул убакта согуш болбойт.

б) Курайштан ким мусулман болуп, валийинин уруксатысыз Мухаммаддын алдына барса, Мухаммад аны Курайшка кайтарып жиберет. Мусулмандардан ким дининен кайтып, Курайшка келсе, аны Мухаммадга кайтарышпайт.

в) Арабдардан ким Мухаммад менен союздаш болууну кааласа, каршылык кылынбайт. Ким Курайш менен союздаш болууну кааласа, ага да каршылык кылынбайт.

г) Мухаммад жана анын сахабалары быйыл Меккеге кирбестен кайтышат. Эмдиги жылы келишет жана Меккеге кирип, ал жерде үч күн турушат. Өздөрү менен эч кандай курал алып келишпейт, кылычтарын гана кынында алып жүрүшөт.

д) Келишим белгилүү мөөнөткө чейин убактылуу болот. Анын мөөнөтү кол коюлган күндөн баштап он жыл кылып белгиленди.

Келишимге Расулулла ﷺ жана Сухайл мусулмандар кошуунунун ызы-чуусу астында жана каары кайнаган бир абалда кол коюшту. Сухайл Меккеге кайтып кетти. Расулулла ﷺ мусулмандардын абалына иренжиди. Мусулмандардын согушту каалаганына ачууланды. Кийин аялы Умму Саламанын алдына кирди (аны өзү менен алып келген эле) жана адамдардагы абалды айтып берди. Умму Салама: «Я Расулулла, мусулмандар сизге тескери иш кылышпайт, алар өз диндерин, Алла Таалага болгон ыймандарын жана сиздин пайгамбарлыгыңызды ойлоп тынчсызданып жатышат. Сиз чачыңызды алып, ихромдон чыгыңыз. Ошондо мусулмандардын сизге ээрчигенин көрөсүз. Кийин аларды алып Мединага кайтыңыз», - деди. Расулулла ﷺ мусулмандардын алдына чыкты жана умрага уруксат катары чачын алдырды. Көңүлү жай алып, ыраазылыкка толду. Мусулмандар Расулулла ﷺдын бейкапар турганын көрүшкөндө шашылып ордуларынан турушту жана курмандыктарын союп, чачтарын алдырышты. Кийин Расулулла ﷺ жана мусулмандар Мединага кайтты. Алар жолдо бара жатышканда Расулулла ﷺга «Фатх» сүрөсү түштү. Расулулла ﷺ мусулмандарга аны башынан аягына чейин окуп берди. Ошондо ушул келишимдин мусулмандар үчүн ачык фатх (жеңиш) болгонуна бардыгы ишеништи. Ошентип, мусулмандар Мединага жетип келишти. Расулулла ﷺ Хайбар вужудун жок кылуу, Арабстан жарым аралынан тышкарыга даъватты жаюу, ал эми жарым аралдын ичинде болсо даъватты бекемдөө планын ишке ашыра баштады. Курайш менен келишим доорунда кээ бир каршы тараптарды жок кылуу жана тышкары менен мамиле орнотууга мүмкүнчүлүк туулду. Бул иштер ушул келишимдин шарапаты менен ишке ашты. Ушуну менен Расулулла ﷺ ажылыкка ниет кылганда иштеп чыккан пландарын кыйынчылык жана тосуктарга карабастан ишке ашырды. О.э. көздөгөн саясий максатына жетти. Ошентип, Худайбия, шек-күмөнсүз, ачык фатх болду жана ал төмөнкү натыйжаларды жүзөгө чыгарды:

1. Расулулла ﷺ жалпысынан арабдарда, айрыкча, Меккеде жана Курайш ортосунда Исламий даъватты кубаттоочу жалпы пикирди пайда кылды. Бул нерсе мусулмандардын айбатын күчөттү.

2. Мусулмандардын Расулулла ﷺга ишенимин көрсөттү жана мусулмандар ыйманынын кубаты кооп-коркунучтарга карабастан кайрат менен кадам таштап, өлүмдөн коркпостугун көрсөттү.

3. Мусулмандар саясий иштер Исламий мамлекет ыкмаларынын бири экенин билишти.

4. Меккеде мушриктер курчоосунда калган мусулмандар душмандын ичинде борбор түзүштү.

5. Саясаттагы тарыйкат да фикраттын өзүнөн болуп, ал чынчылдык жана убадага туруу экенин көрсөттү. Ыкмага келсек, анда зиректик жана усталык т.а. душмандан ыкмаларды жана чыныгы максаттарды жашыруу көрүнүп турушу керек.

## КОШУНА МАМЛЕКЕТТЕРГЕ ЭЛЧИЛЕРДИ ЖИБЕРҮҮ

Расулулла ﷺ Хижазда Исламий даъваттан көңүлү тынчыгандан кийин даъватты Хижаздан тышкарыга алып чыга баштады. Анткени, Ислам бардык адамдардын дини. Расулулла ﷺ да бүткүл дүйнөгө жиберилген. Алла Таала «Анбия» сүрөсүндө айтат:

﴿ وَمَآ أَرۡسَلۡنَٰكَ إِلَّا رَحۡمَةٗ لِّلۡعَٰلَمِينَ ﴾

*«(Эй Мухаммад),* ***Биз сени бардык ааламдарга рахмат кылып жибердик».*** **[21:107]**

Алла Таала «Сабаъ» сүрөсүндө айтат:

﴿ وَمَآ أَرۡسَلۡنَٰكَ إِلَّا كَآفَّةٗ لِّلنَّاسِ بَشِيرٗا وَنَذِيرٗا ﴾

*«(Эй Мухаммад),* ***Биз сени шек-күмөнсүз, жалпы адамзатка*** *(бейиш жөнүндө)* ***сүйүнчү кабар жеткирүүчү,*** *(тозок азабынан)* ***эскертүүчү пайгамбар кылып жибердик».*** **[34:28]**

Алла «Тообо» сүрөсүндө айтат:

﴿ هُوَ ٱلَّذِيٓ أَرۡسَلَ رَسُولَهُۥ بِٱلۡهُدَىٰ وَدِينِ ٱلۡحَقِّ لِيُظۡهِرَهُۥ عَلَى ٱلدِّينِ كُلِّهِۦ وَلَوۡ كَرِهَ ٱلۡمُشۡرِكُونَ ﴾

***«Алла өз пайгамбарын хидаят жана акыйкат дин менен – мушриктер каалашпаса да – бардык диндер үстүнөн үстөм кылуу үчүн жиберген Зат».*** **[9:33]**

Ошондуктан, Расулулла ﷺдын алдында – мамлекет жана даъватты бекемдегенден кийин – даъватты элчилер жардамында жеткирүү аркылуу чет элдик мамилелерди баштоо турду. Расулулла ﷺга карата чет элдик мамилелер дегенде Расулулла ﷺдын бийлигинин чегарасынан тышкарыдагы капырлар менен боло турган мамилелелер түшүнүлөт. Демек, Расулулла ﷺдын бийлиги Мединада гана болгон убакта Медина жана анын чегарасынан тышкарыдагы Курайш жана башкалар менен болгон мамилелери чет элдик мамилелер деп этибар кылынат. Расулулла ﷺдын бийлиги бүтүндөй Хижазды камтып алган убакта Хижаз тышкарысы менен болгон мамилелери чет элдик мамилелер деп этибар кылынат. Расулулла ﷺдын бийлиги бүткүл Арабстан жарым аралын камтып алган убакта аралдын тышкарысындагы Рум жана Перс сыяктуулар менен болгон мамилелери чет элдик мамилелер деп этибар кылынат. Худайбия келишиминен кийин жана Хайбар жок кылынгандан кийин дээрлик бүтүн Хижаз Расулулла ﷺдын бийлиги астына кирди. Анткени, бул убакка келип Курайшта Расулулла ﷺга каршы тура ала турган күч калбаган эле. Ошентип, Расулулла ﷺ чет элге өз элчилерин жөнөттү. Ички саясатты бекемдеп, тышкы саясатка таяныч боло турган

жетишерлик күч даярдагандан кийин гана элчилерди жибере баштады. Расулулла ﷺ Хайбардан кайткандан кийин бир күнү сахабаларынын алдына чыгып: «**Эй адамдар, Албетте Алла Таала мени рахмат жана бардык адамдарга пайгамбар кылып жиберди. Ушундай болгон соң, Иса ибн Марямдын буйруктарына хаварийлери тескери иш кылгандарындай силер менин буйруктарыма тескери иш кылбагыла**», - деди. Сахабалар: «Я Расулулла, жардамчылары кандай тескери иш кылышкан?» - деп сурашты. Расулулла ﷺ: «**Иса да аларды мен силерди даъват кылган нерсеге даъват кылган. Иса кимди жакын жерге жиберсе ыраазы болуп барган. Кимди алыска жиберсе, барууну жаман көрүп, жалкоолук кылган**», - деп жооп берди жана аларга Хиракл, Кисро, Мукавкис, Хийра падышасы Хорис Гассоний, Йемен падышасы Хорис Химярий, Нажаший, Омандын эки падышасы, Ямаманын эки падышасы жана Бахрейн падышасына Исламга даъват кылганы элчи жөнөтөрүн айтты. Сахабалар Расулулла ﷺ каалаган ишке барууга ыраазы болушту. Расулулла ﷺ үчүн күмүштөн шакек жасалып, ага «**Мухаммадур Расулулла**» деп оюп жазылды. Расулулла ﷺ ушул падышаларга каттарды элчилер аркылуу жөнөттү. Хираклдын катын Дихя ибн Халифа Калбийге, Кисронун катын Абдулла ибн Хузофа Сахмийге, Нажашийдин катын Амр ибн Умайя Зумарийге, Мукавкистин катын Хатиб ибн Абу Балтаъага, Омандын эки падышасынын катын Амр ибн Ас Сахмийге, Ямаманын эки падышасынын катын Сулайт ибн Амрга, Бахрейн падышасынын катын Ала ибн Хазрамийге, Шам чегаралары падышасы Хорис Гассонийдин катын Шужаъ ибн Вахб Асадийге жана Йемен падышасы Хорис Химярийдин катын Мухажир ибн Абу Умайя Махзумийге тапшырды. Элчилердин ар бири Расулулла ﷺ жөнөткөн тарапка карай бир убакта чыгып кетишти жана Расулулла ﷺдын каттарын ээлерине жеткирди. Кийин бардыгы кайтып келди. Кат жиберилгендердин көпчүлүгү катка жакшы жооп кайтарышкан болсо, айрымдары жаман жооп кайтарышты. Омандын эки падышасы Расулулла ﷺдын катына жаман жооп кайтарган болсо, Яман падышасы жакшы жооп кайтарды о.э. Бахрейн падышасы да жакшы жооп кайтарды жана Исламга кирди. Ямама падышасы болсо, эгер аким болуп дайындалса, Исламга киреерин айтты. Расулулла ﷺ аны ачкөздүк кылып үмүттөнгөндүгү үчүн наалаттады. Перс падышасы Кисрого Расулулла ﷺдын аны Исламга даъват кылып жазган каты окуп берилгенде кыжырдануудан күйүп кетти жана катты жыртып таштады. Кийин Йемендеги акими Базонго «мага Хижаздагы бул адамдын башын жибер» деп кат жазды. Расулулла ﷺга Кисронун сөздөрү жана катты эмне кылганынын кабары жеткенде: «Алла анын мүлкүн кыйратып

таштасын», - деди. Кисронун каты Йемендеги акими Базонго жетип келгенде, Ислам жөнүндө сурап сүрүштүрдү жана өзүнүн Исламга киргенин жарыя кылды. Кийинчерээк Расулулла ﷺдын Йемендеги акими болуп калды. Ал Йемен падышасы Хорис Химярийден башка адам. Ал эми Кибттин падышасы Мукавкис катка жакшы жооп кайтарды жана Расулулла ﷺга белектерди берип жиберди. Нажаший да жакшы жооп кайтарды. Айтылышынча, ал да Исламга кирген. Хиракл болсо бул даъватчыга этибар да бербеди, ага каршы кошуун жөнөтүү жөнүндө ойлоп да көрбөдү, таптакыр эч нерсе дебеди. Хорис Гассоний андан пайгамбарлыкты дааба кылып жаткан бул кишинин жазасын берип коюу үчүн бир кошуунга баш кылып жөнөтүүнү талап кылганда, анын талабына көнбөдү. Хористи өз алдына – Байтул-Макдиске чакырып алды.

Бул каттардын натыйжасы ушул болду, арабдар Алланын динине топ-топ болуп кире башташты. Кийин Исламга киргендерин жарыя кылып алардын элчилери Расулулла ﷺдын алдына биринин артынан бири келе баштады. Расулулла ﷺ арабдардан башкаларга жихад кылуу үчүн күч даярдай баштады.

## ХАЙБАР КАЗАТЫ

Расулулла ﷺ Худайбиядан кайтып келип, Мединада он беш күн тургандан кийин адамдарга Хайбар казатына даярданууну буюрду жана Худайбияда болгондордун гана казатка чыгарын айтты. Расулулла ﷺга Худайбияга кете элегинде Хайбар яхудийлери Курайш менен биргеликте Мединага чабуул кылуу жана мусулмандарды жоготуу туурасында тил бириктирип жатышканынын кабары келди. Алардын ортосундагы бул тил бириктирүү жашыруун көрүнүштө болгон эле. Ушундан келип чыгып, Расулулла ﷺ Курайш менен өзүнүн ортосунда уланып жаткан согушту токтотууга жетишүү үчүн тынчтык планы негизинде аны менен мамилелерин жакшыртууну, андан кийин Хайбар яхудийлерин жок кылууну каалады. Худайбияда тынчтык планын толук ишке ашырган соң жана муну менен Хайбарды Курайштан ажыратып койгондон кийин Хайбардагы яхудийлерди жоготуу менен ушул пландын калган бөлүгүн да ишке ашырууга киришти. Худайбиядан кайтып келиши менен кошуун даярдоону буюрду жана бир миң төрт жүз мусулман менен жолго түштү, алардан эки жүзү атчан жоокерлер болчу. Бардыгы Алла Тааланын жеңиш беришине катуу ишенишет эле. Хайбар менен Медина ортосундагы жолду үч күндө басып өтүштү. Бул үч күндүн ичинде Хайбар мусулмандардын келе жатканын сезбеди. Мусулмандар яхудийлердин чептери алдына жетип келишти. Таң атты. Хайбардын жумушчу эли чептен чыгып, эмгек куралдарын көтөрүп талааларга кете башташты. Мусулмандардын кошуунун көргөндөн кийин: «Мына Мухаммад, ал кошуун менен келди», - деп ызы-чуу болуп артына карай качышты: Расулулла ﷺ алардын сөздөрүн укканда: «Аллоху Акбар, Хайбар кыйрады. Биз бир коомдун жерине түшкөнүбүздө эскертүүчүлөрдүн таңы жаман болот», - деди. Яхудийлер Расулулла ﷺдын аларга казат кылышын күтүп жүрүшкөн. Себеби, аларга Худайбия келишими жана Курайштын Расулулла ﷺ менен убадалашканынын кабары жетип барганда, муну Курайштын артка кайтышы деп эсептешти. Алар бири-бири менен өздөрүнөн жана Вадий Куро о.э. Тайма яхудийлеринен Ясрибге (Мединага) чабуул кылуу үчүн бир топ түзүүнү жана бул чабуулда араб урууларына – айрыкча Курайш Расулулла ﷺ менен келишим түзгөндөн кийин – сүйөнбөстүктү кеңешишти. Алардан башкалар болсо Расулулла ﷺ менен келишим түзүүнү макул көрүштү, анткени, муну менен мусулмандардын жүрөгүндө орношуп калган душмандык өчүп кетер бекен деп ойлошту. Алар бул туурасында өз ара сүйлөшүшүп, коркунуч жакындап келе жатканын сезишти. О.э. Расулулла ﷺ алардын Курайш менен тил бириктиргендигин билгендигин, ошондуктан, Расулулланын аларга каршы казат кыларын билишкен. Бирок, алар

Расулулла ﷺдын казатынын мынчалык тез болушун күтүшкөн эмес. Ошондуктан, Расулулла ﷺ кошууну менен аларды капилетте калтырганын көрүп, таң калышты жана Гатафандан жардам сурашты. Яхудийлер Расулулла ﷺга каршы туруугa аракет кылышты. Чептерине кирип алып, коргонушту. Бирок, мусулмандар кошуунунун соккусу катуу болду. Яхудийлердин каршылыгы пайда бербеди. Алардын бардык чептери талкаланды. Акыры алар үмүтсүздүккө түшүштү жана кандары төгүлбөстүгүнүн эсебине Расулулла ﷺдан келишим талап кылышты. Расулулла ﷺ алардын талабын кабыл алды жана аларды өз өлкөлөрүндө калтырды. Алардын жерлери жана жүзүмзарлары фатх өкүмүнө ылайык Расулулла ﷺга өттү жана ал зат түшүмдүн жарымы өзүнө жана жарымы яхудийлерге тийиши эсебине бул жерлерде иштөөсүнө уруксат берди. Хайбар яхудийлери бул шартка ыраазы болушту. Кийин Расулулла ﷺ Мединага кайтып келди жана ал жерде тээ умранын казасына барганга чейин турду.

Хайбар яхудийлеринин саясий бийлигине чек коюу жана аларды мусулмандардын бийлигине моюн сундуруу менен Расулулла ﷺ түндүк тараптан Шамдан көңүлү тынчыды. Мындан мурда Худайбия келишиминин шарапаты менен түштүк тараптан кадыржам болгон эле. Ошентип, Арабстан жарым аралы ичинде да, анын тышкарысында да даъватка жол ачылды.

## «КАЗА» УМРАСЫ

Расулулла ﷺ менен Курайш ортосунда Худайбия келишимине кол коюлушу менен Хузоа Мухаммад ﷺ менен, Бану Бакр уруусу Курайш менен союз түздү. Курайш менен Мухаммад ﷺ ортосундагы мамилелер жакшырды. Эки тарап тең бири-биринен көңүлү тынч болду. Курайш өзү менен мусулмандар ортосунда уланган согуш доорунда колдон чыгарган нерселерин тикелеп алуу үчүн соода иштерин кеңейтти. Расулулла ﷺ өз рисалатын бардык адамдарга жеткирүүнү улантууга, Арабстан жарым аралында мамлекетти бекемдөө жана бул мамлекетте туруктуулук негиздерин толук жүзөгө келтирүүгө киришти. Ошондуктан, Хайбарды жок кылды. Ар түрдүү мамлекеттердин падышаларына элчилерин жиберди. Тышкары менен мамилелер орнотту. Арабстан жарым аралынын бардык жерлерин камтып алуу үчүн мамлекетти бекемдей баштады. Худайбиядан бир жыл өткөндөн кийин, Расулулла ﷺ адамдарды мурда тыюу салынган умранын казасын өтөө үчүн баруугa даярданууну буюрду. Мусулмандардан эки миң киши жолго түштү. Алар Худайбия келишими шарттарына ылайык өздөрү менен кындагы кылычтан башка эч кандай курал алышпады. Бирок, Расулулла ﷺ дайым кыянат кылынып калышынан чоочуйт эле. Ошондуктан, Мухаммад ибн Маслама башчылыгында жүз атчанды даярдап, Мекке тарапка этияттык үчүн жөнөттү жана аларга Мекке чегараларына кирбестикти буюрду. Мусулмандар Меккеге барып, умра казасын өтөшүп, кийин Мединага кайтышты. Алар кайтып келиши менен Мекке калкы Исламга кирүүнү баштап жиберди. Холид ибн Валид, Амр ибн Ас жана Кааба кароолчусу Усман ибн Талхалар Исламга кирышти. Алардын Исламга киришинин шарапаты менен Мекке калкынан көпчүлүк ыйман келтирди. Муну менен Меккеде Исламдын кадыр-баркы күчөдү жана Курайштын сабы начарлап кетти.

## МУЪТА КАЗАТЫ

Арабстан жарым аралы тышкарысындагы падышалардын жоопторунун натыйжасы ушул болду, элчилер даъватты жеткирүүдөн кайтып келишкенден кийин, Расулулла ﷺ Арабстан жарым аралы тышкарысында жихад кылуу үчүн кошуун даярдады жана Рум менен Перстин кабарларын күзөтө баштады. Румдун чегаралары Ислам мамлекети менен чектеш эле. Ошондуктан, анын кабарлары үзгүлтүксүз келип турган. Расулулла ﷺ «Исламий даъват Арабстан жарым аралынан тышкарыга чыгар замат тездик менен өтө кеңири жайылат жана Шам өлкөлөрү бул даъват үчүн биринчи эшик болот» деп билчү. Кисронун Йемендеги акими Ислам мамлекетине моюн сунушу менен Расулулла ﷺ Йемен тараптан кадыржам болгондон кийин, Сирия өлкөлөрүнө капырлар менен согушууга кошуун жиберүү жөнүндө ойлоно баштады. Хижраттын сегизинчи жылы Жумадул-увла айында т.а. «Каза умрасы»нан бир нече айдан кийин мусулмандардын тандалма аскерлеринен үч миңин даярдады жана аларга Зайд ибн Хорисаны аскербашы кылып дайындап: «**Эгер Зайд өлсө, Жаъфар ибн Абу Талиб, Жаъфар өлсө, Абдулла ибн Раваха аскербашы болот**», - деди. Кошуун жолго чыкты. Холид ибн Валид да анын сабында эле. Ал Худайбия келишиминен кийин Исламга кирген болчу. Расулулла ﷺ аскерлер менен Медина сыртына чейин бирге чыкты жана аларга аялдарды, бөбөктөрдү, балдарды жана сокурларды өлтүрбөөнү, үйлөрдү бузбоону жана дарактарды кеспөөнү дайындады. Расулулла ﷺ жана бирге чыккандар аскерлерди: «**Алла силер менен болсун, силерди коргосун жана бизге силерди аман-эсен кайтарсын**», - деп дуба кылышты. Кошуун Шамга карай кетти. Кошуундун амирлери согуш чагылгандай тез болушу о.э. Шам калкына – Расулулла ﷺдын казаттарындагы адаты боюнча – аларды капилетте калтырып чабуул кылуу планын иштеп чыгышты. Ошондой кылынса тез эле жеңиш менен кайтышат. Мына ушул план менен жүрүп отурушту. Бирок, Маон деген жерге жетишкенде аларга Малик ибн Зофила араб урууларынан мусулмандарга каршы жүз миң аскер топтоп турганы жана Хиракл да жүз миң аскер менен келгени жөнүндөгү кабарды келтирди. Бул кабар мусулмандарды коркууга салды жана көп сандуу бул кошуун о.э. мындай чоң күч алдында эмне кылуу жөнүндө ойлонушуп, Маондо эки күн туруп калышты. Алардын раъйы Расулулла ﷺга кат жиберип, душмандын санын кабарлоо болчу. Ошондо Расулулла ﷺ же адамдар менен аларга жардам жиберет же бирер ишке буюрат. Бирок, Абдулла ибн Раваха аларга: «Эй коом, азыр жактырбай жаткан нерселериңер силер ниет кылып, издеп чыккан шейиттик го! Биз адамдарга каршы саны, күчү жана көптүгүнө карап согушпайбыз. Биз аларга каршы Алла Таала бизди азиз кылган мына ушул динибиз менен согушабыз. Согушка аттангыла. Эки көркөм нерсенин бирине –

жеңишке, же шейиттикке жетишебиз», - деди. Ыйман кайраты бүткүл кошуунду толкутуп жиберди. Мусулмандар жолго чыгышып, Машариф деген кыштакка жетип барышканда Рум кошуундарына туш келишти жана Машарифтен Муъта тарапка карай жүрүштү. Ушул жерде коргонушту жана алар менен Рум ортосунда аёосуз согуш башталды. Анда өлүм оозун чоң ачып адамдарды жутту. Анткени, бул согуш өлүм жана шейиттик талабында чыккан үч миң момундар менен мусулмандар кошуунун жок кылуу үчүн чогулган 100-200 миң капырлар ортосундагы согуш эле. Согуш кызыгандан кызыды. Зайд ибн Хориса Расулулла ﷺ берген тууну көтөрүп душмандын ортосуна жарып кирди. Ал алдында өлүмдү көрүп турду, бирок, өлүмдөн коркподу. Анткени, бул өлүм Алла Таала жолунда шейит болуу эле. Ошондуктан, элестете алгыс эр жүрөктүк менен согушка кирип кетти жана душмандын найзалары майда-майда кылып жибергенге чейин өлүмгө көңүл бурбастан согушту. Кийин тууну Жаъфар ибн Абу Талиб колуна алды. Анын жашы отуз үчтө болуп, чырайлуу жана кайраттуу жигит эле. Ал да өлүмгө көңүл бурбастан согушту. Душман аны курчап алганын көрүп, атынан түштү да, атын өлтүрүп, душманды кылыч менен чапкан абалда анын ортосуна кирип кетти. Ага румдуктардан бир киши чабуул кылып, кылычы менен бир чаап, аны экиге бөлүп таштады. Жаъфар да шейит болду. Кийин тууну Абдулла ибн Раваха алды да, аны көтөрүп алдыга өттү. Бир аз экиленип турду да, согушка кирип кетти, тээ өлтүрүлгөнгө чейин согушту. Кийин тууну Собит ибн Акрам алып: «Бирөөңөрдү амир кылгыла», - деди. Адамдар Холид ибн Валидди кошуунга амир кылышты. Холид тууну алып, кошуунду айланып чыкты. Анын саптарын бириктирди. Караңгы түшкөнгө чейин душман менен жеңил согушуу мүмкүн боло турган аралыкта турду. Караңгы түшүп, кошуундар бири-биринен бөлүндү. Түнү Холид тыкан бир план иштеп чыкты. Душмандын саны көптүгүн, өз кошуунунун өтө аздыгын көргөндөн кийин, согуштан согушсуз чыгып кетүүнү пландаштырды. Бул план боюнча, кошуундун бир бөлүгүн артка өткөрдү жана аларга эртелеп душмандарда Расулулла ﷺдан жардам келгендей көрүнүш пайда кыла турган даражада ызы-чуу көтөрүүнү буюрду. Алар эртелеп ошондой кылышканда душман коркууга түштү жана мусулмандарга чабуул кылуудан өзүн тыйды, аларга Холиддин чабуул кылбаганына курсант болду. Кийин Холид иштеп чыккан план боюнча мусулмандардын кошууну майдандан чыгып, Мединага кайтты. Ошентип, алар жеңилбей да, жеңбей да кайтышты. Бирок, алар бул согушта сыноодон өтүштү.

Чындыгында, бул согуштун аскербашчылары жана эр жүрөк жоокерлеринин ар бири өлүмгө кирип бара жатышканын билишет эле. Балким, алдыларында өлүм аларга карай келе жатканын көрүп турушат эле. Ошондой болсо да, алар согушка кириштии жана шейит

болушту. Анткени, Ислам мусулмандарды тээ өлгөнгө чейин же душманды өлтүргөнгө чейин Алла жолунда согушууга буюрат. Албетте, бул согуш Алла жолундагы жихад болгондуктан, ал пайда келтире турган соода болуп эсептелет. Алла Таала айтат:

﴿ إِنَّ ٱللَّهَ ٱشۡتَرَىٰ مِنَ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ أَنفُسَهُمۡ وَأَمۡوَٰلَهُم بِأَنَّ لَهُمُ ٱلۡجَنَّةَۚ يُقَٰتِلُونَ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ فَيَقۡتُلُونَ وَيُقۡتَلُونَۖ وَعۡدًا عَلَيۡهِ حَقًّا فِي ٱلتَّوۡرَىٰةِ وَٱلۡإِنجِيلِ وَٱلۡقُرۡءَانِۚ وَمَنۡ أَوۡفَىٰ بِعَهۡدِهِۦ مِنَ ٱللَّهِۚ فَٱسۡتَبۡشِرُواْ بِبَيۡعِكُمُ ٱلَّذِي بَايَعۡتُم بِهِۦۚ وَذَٰلِكَ هُوَ ٱلۡفَوۡزُ ٱلۡعَظِيمُ ﴾

***«Албетте, Алла Таала момундардын жандарын жана малдарын алардан бейиштин эсебине сатып алды – алар Алла жолунда согушуп,*** *(капырларды)* ***өлтүрүшөт жана*** *(өздөрү да Алла үчүн шейит болуп)* ***өлтүрүлүшөт. Мындай момундарга бейиш берилишине Алла Тоорот, Инжил жана Куранда Өзүнүн чыныгы убадасын берген. Алладан да убадасын артык аткаруучу ким бар?! Эй момундар, кылган бул соодаңарга кубангыла. Мына ушул чыныгы улуу бакыт».*** **[9:111]**

Ошондуктан, өлүмдү анык билип тургандыгына карабастан согушка киришти. Анткени, мусулман эгер согушуу керек болсо, бул согушта өлүшү анык же анык эместигине карабастан согушат. Согуш жана жихадда иштер душмандын аз же көптүгүнө карап, же болбосо, курал-жарагына карай өлчөнбөйт, тескерисинче канча курмандыктар берилишине жана күтүлүп жаткан ийгиликке карабастан, келип чыга турган натыйжалар менен өлчөнөт. Мусулмандардын Муътада Румга каршы согушу мусул-мандардан согушту талап кылган эле. Аскербашчылары көздөп келишкен согушка – мейли өлүм турган болсо да – кириши керек болчу. Демек, мусулмандын өлүмдөн коркушу мүмкүн эмес. Мусулмандын Алла жолунда Алланын ыраазылыгынан башка бирер нерсени эсепке алышы да мүмкүн эмес. Расулулла ﷺ бул кошуунду Рум мамлекетине чабуул кылуу үчүн жиберүү өтө кооптуу экенин жакшы билген. Бирок, момундардын саны аз болсо да, өлүмгө көңүл бурбастан согушууларын көргөн убакта Рум коркууга түшүп калышы үчүн бул коркунучка шуңгуп кириши керек болчу. Исламды кошуна мамлекеттерге жаюу жана колдонуу үчүн, Расулулла ﷺ момундарга жихад жолун сызып берүүсү үчүн бул коркунучка кирүү керек болчу. Бул коркунуч ийгиликтүү аяктады. Анткени, ал Табук казатынын башталышы болду. О.э. ал Румга каршы ушундай бир сокку болду дейсиң, натыйжада тээ Шам фатх кылынганга чейин Румду мусулмандарга бетме-бет келүүдөн коркутуп койду.

# МЕККЕНИН ФАТХ КЫЛЫНЫШЫ

Мусулмандар Муътадан өтө көп жоокерлеринен айрылып кайтышкандан кийин, мусулмандар эми бүттү деп ойлоду Курайш жана ал союздашы Бану Бакрды мусулмандардын союздашы Хузоага каршы козгоп, курал-жарак менен жардам берди. Бану Бакр Хузоага чабуул кылып, анын адамдарын өлтүрдү. Хузоа Меккеге качты. Амр ибн Салим Хузоий шашылыш Мединага барып, болгон окуяны айтып, жардам сурады. Расулулла ﷺ ага: «Эй Амр ибн Салим, жардам алдың», - деди. Расулулла ﷺ «Курайштын келишимди бузушуна жооп Меккени фатх кылуу болот» деп ойлоду. Курайш болсо убаданы өзү бузганынан коркуп, Абу Суфянды Мединага убаданы бекемдөө жана мөөнөтүн узартып келүү үчүн элчи кылып жөнөттү. Абу Суфян Расулулла ﷺ менен учурашпастан кызыныкына – Расулулла ﷺдын аялы Умму Хабибаныкына барды. Үйгө кирип, Расулулла ﷺдын төшөгүнө олтурмакчы болгондо Умму Хабиба төшөктү алып койду. Абу Суфян: «Атаңды төшөктөн абзел көрдүңбү же төшөктү атаңданбы?» - деп сураганда, кызы: «Бул Расулулла ﷺдын төшөгү. Сен мушриксиң, демек, нажас адамсын. Сенин ага отурушуңду каалабаймын», - деди. Абу Суфян: «Аллага ант болсун, сен абдан жаман болуп кетипсиң» - деди да, ачууланып чыгып кетти. Кийин Мухаммадга келишим убадасы жана анын мөөнөтүн узартуу жөнүндө сүйлөдү. Расулулла ﷺ ага бирер нерсе дебеди. Кийин Абу Суфян Абу Бакр رضي الله عنهдан Расулулла ﷺ менен сүйлөшүп берүүнү сuranды. Абу Бакр رضي الله عنه көнбөдү. Кийин Умар رضي الله عنهга айтты эле, ал оройлонуп: «Расулулла ﷺга сүйлөшүүдө мен силерге ортомчу болуп берет имишминби?! Аллага ант болсун, эгер колумда кыпындай нерсе болсо, ошону менен да силерге каршы күрөшөмүн», - деди. Кийин Абу Суфян Али ибн Абу Талиб رضي الله عنهнун алдына кирди, анын алдында Фатима бар эле. Алиге кандай максат менен келгенин айтты жана Расулулла ﷺга ушуларды жеткирүүдө ортомчу болушун сурады. Али ага жумшактык менен эч ким Мухаммадды көз-дөгөн ишинен кайтара албай тургандыгын түшүндүрдү. Абу Суфян Фатимадан уулу Хасан адамдар ортосунда коргоого алышын сурады. Хасан али кичине эле. Фатима: «Аллага ант болсун, уулум али адамдар ортосунда коргоо бере турган жашка жете элек. Эч ким Расулулла ﷺ коргоо бербеген адамды коргоосуна ала албайт», - деди. Абу Суфян кыйын абалда калды жана Меккеге кайтып барып, коомуна болгон иштерди айтып берди. Расулулла ﷺ болсо адамдарды даярданууга буюрду жана алар менен Меккеге карай жөнөдү. Расулулла ﷺ Меккеге кокустан кирип барууну о.э. адамдардын капилетте калып, өздөрүн коргоого үлгүрбөстөн, кан тө-гүлбөстөн моюн сунушун каалайт эле. Мусулмандардын кошууну Мединадан Меккеге карай жолго түштү. Кошуун Меккеден төрт фарсах алыстыктагы Марру-з-Захрон деген

жерге жетти. Кошуундун саны он миң болуп, алар тууралуу Курайшка бир да кабар жетип барбаган эле. Курайштыктар Мухаммад ﷺ аларга чабуул кыларын эсепке алышып, Мухаммад келсе эмне кылуу жөнүндө талкуулашып жаткан. Абу Суфян Курайш сезип жаткан коркунучтун канчалык экендигин билүү үчүн Меккеден чыкты. Ага жолдо мусулман болгон Аббас ибн Абдулмутталиб туш келип калды. Ал Расулулла ﷺдын качырын минип Курайшка «Расулулла ﷺдан амандык сурагыла» деп айтуу үчүн Меккеге бара жаткан эле. Аббас Абу Суфян менен учурашып калганда ага: «Мына Расулулла ﷺ, адамдар ичинде турат. Курайштын таңы эми жаман болот. Аллага ант болсун, эгер алар Расулулла ﷺдын алдына келип, амандык сурашынан мурда Расулулла ﷺ Меккеге күч менен кирсе, бул нерсе Курайштын кыйраганы болот», - деди. Абу Суфян: «Ата-энем сага курман болсун, мага жол көргөз», - деди. Аббас аны учкаштырып, мусулмандар турган жерге алып кетти. Алар Умар ибн Хаттаб турган жерден өтүп бара жатышканда, Умар Расулулла ﷺдын качырын көрүп калды жана Абу Суфянды таанып, Аббас аны өз коргоосуна алмакчы экенин билди. Кийин Расулулла ﷺдын чатырына шашылып барып, Абу Суфяндын башын кылыч менен чаап таштоого уруксат берүүсүн сурады. Аббас: «Я Расулулла, мен аны өз коргоомо алдым», - деди. Ошондо Аббас менен Умардын ортосунда катуу тартыш болду. Кийин Расулулла ﷺ: **«Эй Аббас, аны чатырыңа алып кет. Эртелеп алдыма алып келе-сиң»**, - деди. Таң эртелеп Абу Суфянды Расулулла ﷺдын алдына алып келишти жана ал Исламга кирди. Аббас Расулулла ﷺдын алдына барып: «Абу Суфян сыймыктанууну жакшы көргөн адам, ал үчүн бирер нерсе кылыңыз», - деди. Расулулла ﷺ: **«Ким Абу Суфяндын үйүнө кирсе, аман калат, ким эшигин кулптап отурса аман калат, ким мечитке кирип алса, ал да аман калат»**, - деди. Расулулла ﷺ Абу Суфянды мусулмандардын аскерлери өтүп болгонго чейин Меккеге алып бара турган, эки тарабы тоо болгон тар капчыгайда кармап турууну буюрду. Анткени, ал мусулмандарды өз көзү менен көрүп, коомуна көргөндөрүн далилдүү кылып айтып барсын. О.э. анын коомуна тез баруусунда алар мусулмандарга бирер каршылык көрсөтүүлөрүнүн коркунучу болбойт. Расулулла ﷺ Меккеге кирүү үчүн бардык этияттык чараларын көрдү. Абу Суфяндын алдынан уруулар өтүп болгондон кийин, коомунун алдына барып, бар үнү менен: «Эй Курайш жамааты, мына Мухаммад силер каршы тура албай турган кошуун менен келди, демек, ким Абу Суфяндын үйүнө кирсе аман калат, ким эшигин илип отурса аман калат, ким мечитке кирип алса аман калат», - деп кыйкырды. Курайш Расулулла ﷺга каршы чыгуу пикиринен кайтты. Расулулла ﷺ келип, Меккеге кирди. Этияттык чараларын көрүүнү улантты. Кошуунду төрткө бөлүүнү жана согушпоону, кан төкпөөнү буюрду. Мажбур

кылынышса гана жана башка айла калбаса гана согушууга уруксат берди. Мусулмандардын кошуундары Меккеге кирди. Эч кандай каршылыкка туш келбеди. Холид ибн Валиддин кошууну гана кичине бир каршылыкка туш келип, аны жеңди. Расулулла ﷺ Меккенин бийик жерине түштү. Бул жерде бир аз туруп, Каабага барды жана аны жети жолу тооп кылды. Кийин Усман ибн Талханы чакырды, ал Каабанын эшигин ачты. Расулулла ﷺ Кааба эшигинин алдында турду. Адамдар көбөйдү. Расулулла ﷺ хутба кылды: «**Жалгыз Алладан башка илах жок. Алланын шериги да жок. Алла убадасынын үстүнөн чыкты жана Өз пендесине жеңиш берди. Жалгыз Өзү топторду жеңди. Эсиңерде болсун, Байтуллага кызмат кылуу жана ажыларга суу берүүдөн башка жахилияттагы ар кандай сыймыктануу о.э. дааба кылына турган кан жана мал-дүйнө бутумдун алдында (т.а. бекер кылынат). Эсиңерде болсун, билбестен өлтүрүлгөн адамдын куну жүз төө болуп, алардын кыркы кардында баласы бар төөлөр болушу керек. Эй Курайш жамааты, албетте Алла Таала силерден жахилият текебердүүлүгүн жана ата-бабалар менен сыймыктанууну кетирди. Бардык адамдар Адам алейхис саламдан, Адам алейхис салам болсо топурактан жаратылган».** Андан кийин ушул аятты окуду:

﴿ يَٰٓأَيُّهَا ٱلنَّاسُ إِنَّا خَلَقۡنَٰكُم مِّن ذَكَرٖ وَأُنثَىٰ وَجَعَلۡنَٰكُمۡ شُعُوبٗا وَقَبَآئِلَ لِتَعَارَفُوٓاْۚ إِنَّ أَكۡرَمَكُمۡ عِندَ ٱللَّهِ أَتۡقَىٰكُمۡۚ إِنَّ ٱللَّهَ عَلِيمٌ خَبِيرٞ ﴾

***«Эй инсандар, чындыгында, Биз силерди бир эркек** (Адам) **жана бир аял** (Хава)**дан жараттык о.э. өз ара таанышып-билишиңер үчүн улуттар жана урууларга** (бөлүп) **койдук. Албетте, силердин Алла алдындагы эң урматтууңар – эң такыбалууларыңар. Албетте, Алла билүүчү жана кабардар»“.*** **[49:13]**

Кийин Мекке калкынан сурады: «**Мени силерди эмне кылат деп ойлойсуңар?**» Алар: «Бизге жакшылык кыласыз, анткени, сиз айкөл боордошубузсуз, айкөл боордошубуздун уулусуз», - дешти. Ошондо Расулулла ﷺ: «**Бара бергиле, баарыңар азатсыңар**», - деди. Ушул сөз менен бүткүл Курайш жана Мекке калкы кечирилди. Расулулла ﷺ Каабага кирди. Анын дубалдарына периштелер жана пайгамбарлардын сүрөттөрү тартылганын көрүп, аларды өчүрүп таштоону буюрду. Ал жерде дагы жыгачтан жасалган айкелди көрдү. Аны өз колу менен сындырып жерге таштады. Кийин:

﴿ وَقُلۡ جَآءَ ٱلۡحَقُّ وَزَهَقَ ٱلۡبَٰطِلُۚ إِنَّ ٱلۡبَٰطِلَ كَانَ زَهُوقٗا ﴾

*«(Эй Мухаммад),* ***айткын: «Акыйкат келди жана жалган-батыл жоголду. Себеби, батыл жоголуучу нерсе».*** **[17:81]**
аятын окуган абалда колундагы таяк менен бардык буттарды түртүп чыкты. Буттар жерге кулады. Байтулла буттардан тазаланды. Расулулла ﷺ Меккеде он беш күн турду. Бул күндөрдүн ичинде Меккенин иштерин тартипке келтирди, Мекке калкына диний билимдерди үйрөттү.

Мекке фатх кылынды. Аны фатх кылуу менен Исламий даъватка каршылык аракетинин негизи жоготулду. Муну менен ачык жеңиш ишке ашты жана ички каршылык Хунайн жана Тоифте гана калды,. Аларды жоготуу болсо кыйын эмес эле.

## ХУНАЙН КАЗАТЫ

Хавазин уруусу мусулмандардын Меккени фатх кылгандыктарын билгенден кийин, мусулмандардын чабуул кылып калышынан жана бастырып келишинен коркууга түшүштү. Ушул себептен улам Малик ибн Авф Насрий Хавазин жана Сакиф урууларын топтоп, аларды Вадий Автос деген жерге алып барды. Мусулмандарга бул кабар Меккени фатх кылышкандан он беш күндөн кийин жетип барды. Алар Хавазин жана Сакиф менен беттешүүгө даярдана башташты. Бирок, Малик Вадий Автосто турбады, балким, адамдарды өрөөндүн тар жерине жана Хунайн адырларына барууга буюрду. Ушул жерде аларды жакшылап тартипке салды жана мусулмандар өрөөнгө түшкөн убакта баарысы бир тегиз болуп кол салууга буюрду. Мына ушундай кылынса мусулмандардын саптары бузулуп, бири-бири менен аралашып кетип, өздөрүн-өздөрү кылыч менен чабышат, - деди. Мына ушул планды бекемдеп, мусулмандардын келишин күтө баштады. Бир нече күн өткөндөн кийин, мусулмандардын кошууну келди. Расулулла ﷺ Мекке казатына келген он миң аскерге Курайштан жаңы мусулман болгондордон эки миңди кошуп алып жолго чыкты. Согушка аттанган бул кошуун кечке маал Хунайнга жетип барды. Ушул жерде таң атышына бир аз убакыт калганча турушту. Түндүн мына ушул акыркы бөлүгүндө кошуун кыймылга келди. Расулулла ﷺ ак качырына минип кошуундун акырында бара жаткан. Мусулмандар Вадийге түшүп келе башташты. Душман уруулардын чабуул кылып башташканын алар сезбей калышты. Бул мындай болгон эле: Малик ибн Авф адамдарын мусулмандарга чабуул кылууга буюрду. Алар мусулмандарга баарысы бир тегиз жапырт чабуул кылышып, аларды бири-бирине аралаштырып жиберди. Мусулмандар таң караңгылыгында бейгам келе жатышкан убакта үстүлөрүнө ар тараптан октор жаап калды. Күтүүсүз жүз берген мындай абалда мусулмандар коркууга түшүштү. Жүрөктөрүн коркуу ээлеген абалда эч нерсеге карабастан тартипсиз башаламан аркага качышты. Алар кошуундун артында келе жаткан Расулулла ﷺдын алдынан токтобостон өтүп кетишти. Майданда Расулулла ﷺ, Аббас жана бир нече сахабалардан башка эч ким калбады. Ал эми калган аскерлер эч нерсеге карабастан качышты. Расулулла ﷺды мухажирлер, ансарлар жана өз үй-бүлөсүнөн болгон азчылык жамаат коргоп, ороп алышкан эле. Расулулла ﷺ качып бара жаткан адамдарды: «Каякка, эй адамдар?» деп чакыра баштады, бирок, адамдар коркуудан жана өлүм коркунучунан бул чакырыкты уга турган жана Расулулла ﷺга кайрылып карай турган абалда эмес эле. Анткени, Хавазин жана Сакиф аскерлери качып бара жаткан мусулмандарды кууп, жетип алгандарына найза сайып, ок менен атып келе жатышкан эле. Ошондуктан, алар Расулулла ﷺдын чакырыгын угуш-

пады жана ага жооп да беришпеди. Расулулла ﷺ мына ушундай чечүүчү ирмемде укмуштуудай бир улуу позицияда турду. Бул коркунучтуу ирмем жана өтө оор саат эле. Анткени, мусулмандар кошуунунун баары – сахабалары да, жаңы мусулман болгондор да качып бара жаткан, аларды чакырса чакырыгын укпай жатышкан. Жаңы мусулман болгондор Расулулла ﷺдын жеңилгенин шылдыңдап ар түрдүү кеп-сөздөрдү сүйлөп жатышты. Калда ибн Ханбал: «Бүгүн сыйкыр бекер болду», - деди. Шайба ибн Усман ибн Абу Талха: «Бүгүн Мухаммаддан өч аламын, бүгүн Мухаммадды өлтүрөмүн», - деди. Абу Суфян болсо: «Булар эми деңизге чейин качып барышат», - деди. Булар жана аларга окшоп ушундай сөздөрдү айткандар мусулмандар кошууну ичиндеги Меккеде жаңы мусулман болгон жана Расулулла ﷺ менен бирге мушриктерге каршы согушуу үчүн келгендер эле. Бул жеңилүү алардын дилдеринде жаткан туйгуларын ашкере кылып койду. Ниеттери ачылып калган мындайлар арасында качып бара жаткан сахабалар да бар эле, ошондуктан жеңиштен эч бир үмүттөнбөсө да болот эле. Ушул себептен Расулулла ﷺ өтө оор абалда калды. Бул эң оор жана түйшүктүү мүнөттөр эле. Мына ушундай оор абалда Расулулла ﷺ согуш майданында калууга токтом кылды жана согушка кирди. Ак качыры менен душманга карай жүрдү. Абасы Аббас ибн Абдулмутталиб жана Абу Суфян ибн Хорис ибн Абдулмутталиб Расулулла ﷺ менен бирге эле. Абу Суфян ибн Хорис Расулулла ﷺдын качырын тизгининен кармап алдыга бастырбай турду. Абасы Аббас болсо өзүнүн бийик добушу менен кайтууга чакырды: «Эй ансарлар жамааты, эй Самурада болгондор» (т.а. Худайбияда Ризван байъатында катышкандар). Аббас чакырыкты дагы кайталады. Анын үнү өрөөндүн бардык жерине жетти, мусулмандар бул добушту угушту жана Расулулла ﷺды жана жихадга чыккандарын эстешти. Дароо бул жеңилүүлөрү мушриктердин жана ширктин үстөм болушуна о.э. диндин жана мусулмандардын жок болушуна себеп болушун ойлошту. Кийин, мусулмандар ар тараптан Аббастын чакырыгына «лаббей» деп жооп беришти жана согуш майданына кайтышып, болуп көрбөгөндөй баатырдык жана кайрат менен согушка кирип кетишти. Алардын саны барган сайын көбөйүп бара жатты. Согуш кызып кетти. Расулулла ﷺдын көңүлү тынчтанды. Бир ууч ташты алып душман тарапка: «Жүздөрү кара болсун», - деп ыргытты. Мусулмандар согушка Алла жолунда өлүүгө ыраазы болуп киришти. Согуш күчөдү. Ошондо Хавазин жана Сакиф өздөрүнүн жок болуп кетүүлөрү анык экендигин көрдү жана аялдарын, бала-чака жана мал-дүйнөлөрүн мусулмандарга олжо кылып калтырып, эч нерсеге карабастан качышты. Мусулмандар алардын артынан кууп, көпчүлүгүн өлтүрүп, көбүн туткунга алышты. Аларды кууп барып, Вадий Автоско жетишти жана ушул жерде алардын көбүн өлтүрүштү. Ошентип, мушриктер шер-

менделерче жеңилишти. Алардын аскербашчысы Малик ибн Авф Тоифке качып кетти жана ал жерге жашырынды. Алла Таала момундарга чоң жеңиш берди. Бул туурасында Алла Тааланын ушул аяты түштү:

﴿لَقَدۡ نَصَرَكُمُ ٱللَّهُ فِي مَوَاطِنَ كَثِيرَةٖ وَيَوۡمَ حُنَيۡنٍ إِذۡ أَعۡجَبَتۡكُمۡ كَثۡرَتُكُمۡ فَلَمۡ
تُغۡنِ عَنكُمۡ شَيۡـٔٗا وَضَاقَتۡ عَلَيۡكُمُ ٱلۡأَرۡضُ بِمَا رَحُبَتۡ ثُمَّ وَلَّيۡتُم مُّدۡبِرِينَ ۝
ثُمَّ أَنزَلَ ٱللَّهُ سَكِينَتَهُۥ عَلَىٰ رَسُولِهِۦ وَعَلَى ٱلۡمُؤۡمِنِينَ وَأَنزَلَ جُنُودٗا لَّمۡ تَرَوۡهَا وَعَذَّبَ
ٱلَّذِينَ كَفَرُواْۚ وَذَٰلِكَ جَزَآءُ ٱلۡكَٰفِرِينَ﴾

***«Алла силерди көп жерлерде жеңишке жеткирди. Хунайн күнүн эстегиле! Ошондо силерди көп экендигиңер алдап койгон эле, а бирок ал силерге түк пайда бербеди жана силерге кең жер тардык кылып калды, кийин артка чегиндиңер! Кийин Алла пайгамбарына жана момундарга Өзү тарабынан кадыржамдыкты түшүрдү о.э. силер көрбөгөн бир аскерлерди*** *(периштелерди)* ***түшүрдү жана капырларды азапка дуушар кылды. Капырлардын жазасы ушул».*** **[9:25-26]**

Мусулмандар өтө көп олжолорду колго түшүрүштү. Жыйырма эки миң төө, кырк миң кой, төрт миң укия күмүш олжо алынды. Мушриктерден өтө көп адам өлтүрүлдү. Алардын бала-чакалары жана аялдарынан алты миңи туткунга алынды. Аларды кайтаруу астында Жиърона өрөөнүнө алып барышты. Мусулмандардан курман болгондордун саны болсо эсептелбеди. Бирок алар да өтө көп эле. Сийрат китептеринде бул согушта мусулмандардан эки уруунун бүтүндөй жок болуп кеткени жана аларга Расулулла ﷺдын жаназа окуганы айтып өтүлгөн. Расулулла ﷺ бул олжолор жана туткундарды Жиъронада калтырып, Малик ибн Авф жашырынып алган Тоифти курчап алды. Тоиф Сакиф уруусуна караштуу шаар болуп, чептеринин коргонуу курулмалары бышык эле. Тоифтиктер камал согушун өтө жакшы билишчү жана чоң байлыкка ээ эле. Сакиф адамдары найза ыргытууга уста болчу. Алар найза ыргытып мусулмандардын бир канчасын өлтүрүштү. Бул чептерге жарып кирүү мусулмандарга кыйын болду. Ошондуктан, душман чептеринен алысыраак жайгашышты жана Алланын аларга жана душмандарына эмне көрсөтүшүн күтүп турушту. Расулулла ﷺ Бану Давс уруусунан Тоифке манжаниктери менен сокку берүү үчүн жардам сурады. Алар камалдын төртүнчү күнү куралжарактары менен келишти. Кийин мусулмандар Тоифке чабуул кылышты. Манжаниктер менен атышты, жыгач дөңгөлөктүү коргонуучу арабанын астына бир канча мусулмандар киришип, Тоиф дубалдарын жаруу үчүн барышты. Бирок, алардын үстүнө курчоодогулар кызы-

тылган темирлерди ташташты, мындан арабалары күйүп анын астындагылар качып чыгышты. Сакиф найза ыргытып, алардын бир бөлүгүн өлтүрдү. Мусулмандар Тоифке кире алышпады. Кийин Сакиф багынышы үчүн шаар тышындагы жүзүмдөрдү кесип жага башташты. Бирок, ал багынбады. Бул убакта арам ай – Зулкаъда башталып калган эле. Ошондуктан, Расулулла ﷺ Тоифтен Меккеге кайтты жана мусулмандар олжолору жана туткундарын калтырышкан Жиъронага түшүштү. Малик ибн Авф Расулулла ﷺдын ага эгер мусулман болсо малын, үй-бүлөсүн о.э. жүз төө беришин убада кылганына негизделип, Исламга киргенин жарыя кылды жана убада кылынган нерселерди алды. Мусулмандар «Расулулла ﷺ Хавазинден келген ар бир адамга мына ушундай берип жибере берсе, биздин үлүшүбүз азайып калат» деп коркушту жана олжолордун өз ара бөлүнүшүн, ар бири өз үлүшүн алууну талап кылышты. Алардын олжолор туурасында өз ара шыбырашканы Расулулла ﷺга жетип келди. Расулулла ﷺ төөнүн жанында туруп, анын бир тал жүнүн алды да эки манжасы менен кармап туруп: «**Эй адамдар, Аллага ант болсун, силердин олжолоруңардан мага мына бул төөнүн мына ушул жүнү да тийбейт. Болгону хумсту (бештен бирин) аламын. Ал да өзүңөргө кайтарылат. Бир даана жип же ийне туура эмес жол менен алган болсоңор, кайтаргыла. Анткени, билдирбестен алып коюлган нерсе кыямат күнү ээси үчүн намыс, от жана шерменделик болот**», - деди. Олжо адилеттүүлүк менен бөлүнөө элегинде андан ким эмне алган болсо кайтарууга буюрду. Кийин олжону бешке бөлдү, бир бөлүгүн өзү үчүн алып койду жана калгандарын сахабаларына бөлүштүрүп берди. Ушул күнгө чейин ашынган душмандары болгондордун үлүшүнө өз үлүшүнөн кошуп берди. Абу Суфян, анын уулу Муавия, Хорис ибн Хорис, Хорис ибн Хишам, Сухайл ибн Амр, Хувайтиб ибн Абдулуззо, Хаким ибн Хизом, Алаъ ибн Жария Сакафий, Уяйна ибн Хисн, Акраъ ибн Хобис, Малик ибн Авф Насрий, Сафван ибн Умайялардын ар бирине дилдерин бириктирүү үчүн үлүштөрүнө кошумча кылып жүздөн төө берди. Атак даңкы алардан төмөнүрөөк болгондорго кошумча кылып элүүдөн төө берди. Расулулла ﷺ ушул күнү мал-дүйнө бөлүштүрүүдө өтө колу ачыктык кылды. Бирок, айрым мусулмандар Расулулла ﷺдын бул колу ачыктыгындагы жана олжолорду мындай бөлүштүрүүсүндөгү хикматты түшүнө албады. Расулулла ﷺдын бул иштерин көрүп ансарлар бири-бирине: «Аллага ант болсун, Расулулла ﷺ өз коомун таап алды», - дешти. Мындай абал алардын дилдерине таасир кылды. Саъд ибн Убада Расулулла ﷺга бул сөздөрдү жеткирди. Расул ﷺ андан: «Эй Саъд, сен өзүң эмне дейсиң?», - деп сураганда: «Я Расулулла, коомум тарабындамын», - деп жооп берди жана коомунун сөздөрүн кубаттады. Расулулла ﷺ ага: «Эй Саъд, аларды мына ушул

коргонго топто», - деди. Саъд аларды топтоду. Расулулла ﷺ аларга: **«Эй ансарлар жамааты, силерден мага кандай сөздөр жетип келди? Мага капа болдуңарбы? Силерге барганымда залалатта элеңер, Алла силерди хидаят кылбадыбы, муктаж элеңер, Алла байытпадыбы, бири-бириңерге душман элеңер, Алла силердин дилдериңерди дос кылбадыбы?»** - деди. Алар: «Ооба, ушундай. Алла жана Расулу фазлу-мархамат ээси», - дешти. Кийин Расулулла ﷺ: **«Мага жооп бербейсиңерби?»** (т.а. мен азыр айта турган иштерге ыраазы болбойсуңарбы?) – деди. Алар: «Сизге эмне деп жооп беребиз, я Расулулла, фазлу мархамат Аллага жана Расулуна таандык», - дешти. Расулулла ﷺ: **«Аллага ант болсун, эгер кааласаңар: «Сиз биздин алдыбызга барганыңызда сөздөрүңүздүн баары жалганга чыгарылган абалда элеңиз, биз болсо тастыктадык, жардамсыз элеңиз биз жардам бердик, куугунтукта элеңиз биз жай бердик, муктаж элеңиз биз өз боорубузга алдык» деп айтышыңар мүмкүн, ушундай десеңер да ырас айткан болосуңар, башкалар да силерди тастыктайт. Эй ансарлар жамааты, бир коомго Исламга кириши үчүн арзыбаган дүйнө матасын бергениме жана силердин этикатыңарга ишенгениме капа болдуңарбы? Эй ансарлар жамааты, адамдар төө, койлор менен кетишсе да, силер үйүңөргө Расулулла ﷺ менен кайтсаңар ыраазы эмессиңерби? Эгер хижрат болбогондо, ансарлардын бири болот элем. Эгер адамдар тоо арасындагы бир жолго жүрсө, ансарлар башкасына жүрсө, мен албетте ансарлар менен бирге болот элем. Эй Аллахым, ансарларды, ансарлардын перзенттерин, ансарлардын перзенттеринин перзенттерин рахмат кылгын!»** - деди. Расулулла ﷺ сөздөрүн бүтө элегинде ансарлар дуу ыйлап жиберишти, ал тургай, сакалдары көз жаштарына суу болуп кетти. Алар: «Расулулла биздин үлүшүбүзгө тийгенине ыраазыбыз», - дешти. Кийин өз орундарына кайтышты. Ошондон кийин Расулулла ﷺ жана кошууну Жиъронадан умра үчүн ихром кийип Меккеге келишти. Умраны өтөшкөндөн кийин Меккеге Итоб ибн Усайдды валий кылды. Муаз ибн Жабалды Меккеде адамдарга исламий сакафат жана таалим берүүгө калтырды. Кийин Расулулла ﷺ ансарлар жана мухажирлер менен Мединага кайтып кетти.

## ТАБУК КАЗАТЫ

Расулулла ﷺга Рум өлкөсүнөн бир кабар келди. Анда Рум арабдардын түндүк өлкөлөрүнө – мусулмандардын Муътада чебердик менен согуштан чыгып кеткенин унуттуруп коё турган – катуу чабуулга даярданып жатканы айтылган эле. Бул кабар ашырып жеткирилген эле. Расулулла ﷺ душманга каршы өзү барууга токтом кылды. Бул кошуун башчыларынын жүрөгүнөн мусулмандарга каршы согушуу каалоосун өчүрүп таштай турган бир план түздү. Мезгил жайдын аягы, күздүн башталышы болчу. Күн ысык жана Мединадан Шамга чейин аралык узак, машакаттуу болуп, жисманий күч, тамак-аш, суу талап кылынат эле. Демек, адамдарды бул иштен аны жашырбастан кабардар кылуу, аларга Рум менен согушууга бара жаткандарын ачык айтуу керек эле. Бул болсо, Расулулла ﷺдын мурунку казаттарында колдонгон ыкмаларына карама-каршы эле. Анткени, аларда планын жашыруун кармачу. Бара турган жерин жашырып, көп абалдарда душманды адаштыруу үчүн болжогон тарабынан башка тарапка карай жолго чыгат эле. Ал эми бул жолу биринчи күндөн баштап эле өзүнүн Румга каршы анын жеринде согушууну болжолдоп жатканын айтты. Ошондуктан, мүмкүнчүлүктүн болушунча көбүрөөк аскер топтоо максатында бардык урууларды бул жүрүшкө даярданууга чакырып, элчилерин жиберди. Саны көп, даярдыгы көңүлдөгүдөй болгон кошуун даярдоо үчүн мусулмандардын байларын Алла өз жоомарттыгы менен берген мал-дүйнөлөрүнөн сарптоого чакырды. Мусулмандарды бул кошуунга келип кошулууга үгүттөй баштады. Мусулмандар бул чакырыкка ар түрдүү жооп беришти. Исламга жүрөктөрү хидаят жана нур менен толук абалда киргендер Расулулла ﷺдын чакырыгына дароо «лаббей» деп жооп беришти. Алардын ичинде мине турган улоосу жок кембагалдары да, мал-дүйнөлөрүн ыраазылык жана кадыржамдык менен Алла жолунда Расулулла ﷺга берген, Алла жолунда шейит болууну арзуу кылып зор каалоо менен чыккандары да бар эле. Ал эми Алланын динине олжолорго кызыгып же мусулмандардын күчүнөн коркуп киргендер бул согушка баруудан баш тартышты. Шылтоолорду айта башташты. Өз ара күбүр-шыбыр кылышып, Расулулла ﷺдын бул алыстагы казатка мына ушундай ысык мезгилде чакыргандыгын шылдыңдап күлө башташты. Булар мунафыктар эле. Алар бири-бирине «бул ысыкта согушка чыкпагыла» дешти. Ошондо Алла Тааланын ушул аяты түштү:

﴿ فَرِحَ ٱلۡمُخَلَّفُونَ بِمَقۡعَدِهِمۡ خِلَٰفَ رَسُولِ ٱللَّهِ وَكَرِهُوٓاْ أَن يُجَٰهِدُواْ بِأَمۡوَٰلِهِمۡ وَأَنفُسِهِمۡ فِي
سَبِيلِ ٱللَّهِ وَقَالُواْ لَا تَنفِرُواْ فِي ٱلۡحَرِّۗ قُلۡ نَارُ جَهَنَّمَ أَشَدُّ حَرّٗاۚ لَّوۡ كَانُواْ يَفۡقَهُونَ ۝ فَلۡيَضۡحَكُواْ

قَلِيلاً وَلْيَبْكُواْ كَثِيرًا جَزَآءَۢ بِمَا كَانُواْ يَكْسِبُونَ ﴾

***«Алар** (бири-бирлерине): **«Бул ысыкта согушка чыкпай эле койгула», - дешти. Айткын** (эй Мухаммад): **«Эгер түшүнүшсө, тозок оту ысыгыраак». Эми кылмыштарынын жазасына** (бул дүйнөдө) **азыраак күлүп,** (акыретте) **түбөлүк ыйлашсын».*** **[9:81-82]**

Расулулла ﷺ Бану Салима уруусу адамдарынын бири Жад ибн Кайска: «**Быйыл Бану Асфарларга каршы согушка барасыңбы?**», - дегенде, ал: «Я Расулулла, мага барбаганга уруксат бериңиз, мени фитнага салбаңыз, Аллага ант болсун, коомум жакшы билет, менден өткөн аялдарга азгырыла турган адам жок. Мен эгер Бану Асфарлардын аялдарын көрсөм сабырым чыдабайт деп коркомун», - деди. Расулулла ﷺ андан жүзүн бурду. Бул окуя жөнүндө Алла Тааланын ушул аяты түштү:

﴿ وَمِنْهُم مَّن يَقُولُ ٱئْذَن لِّى وَلَا تَفْتِنِّىٓ ۚ أَلَا فِى ٱلْفِتْنَةِ سَقَطُواْ ۗ وَإِنَّ جَهَنَّمَ لَمُحِيطَةٌۢ بِٱلْكَٰفِرِينَ ﴾

***«Алардын арасында «Мага** (согуштан калууга) **уруксат бергин, мени фитнага салбагын» дей турган кишилер бар. Байкагыла, алар** (согуштан калганы себептүү) **фитнага түшүштү. Албетте, тозок капырларды ороп алуучу».*** **[9:49]**

Мунафыктар согушка суздук кылуу менен эле чектелишпестен, адамдарды согушка барбоого үгүттөй башташты. Расулулла ﷺ аларды катуураак кармоону ойлоду. Расулулла ﷺга алардын бир канчасынын Сувайлим деген яхудийдин үйүндө – адамдарды кайтаруу, согушка барбастыкка үндөө максатында – чогулушканынын кабарын жеткиришти. Расулулла ﷺ алардын адебин берип коюу үчүн Талха ибн Убайдулланы бир нече сахабалар менен жиберди. Алар барып мунафыктар чогулуп отурган Сувайлимдин үйүн өрттөп жиберишти. Алардын бири үйдүн башы менен качмакчы болуп бутун сындырып алды. Калгандары от аралап качышты. Бул окуя башкалар үчүн сабак болду жана ошондон кийин мындай ишке эч ким батына албады. Расулулла ﷺ колдонгон сергектик жана катуу колдуктун кошуунду даярдоодо таасири зор болду жана 30 миң мусулманды бириктирген кошуун жыйылды. Бул «оор кошуун» деп аталды. Анткени, ал көп сандуу душман менен согушуу үчүн жайдын катуу ысыгында Мединадан алыста согушууга чакырылган болуп, аны даярдоого чоң сарп-каражат кеткен эле. Кошуун топтолуп бүттү. Абу Бакр رضي الله عنه Расулулла ﷺ Мединада жогунда адамдарга намазда имамдык кылуу үчүн калды. Расулулла ﷺ Мединага Мухаммад ибн Масламаны башчы кылып калтырды. Али ибн Абу Талибге үй-бүлөсүнөн кабар алып турууну даярдады. Зарыл болгон буйруктарды берди. Алдын алуу керек болгон иштердин чарасын көрдү. Андан кийин кошуунга баш болуп жолго түштү. Чаң-тозоң асманга көтөрүлдү. Кошуун бүт салабаты менен Ме-

дина калкы алдында көрүндү. Аялдар бул үлкөн кошуун Алла жолунда ысыкты, чаңкоону жана ачкалыкты сезбестен Шамга карай жөнөгөнүн көрүү үчүн тамдардын башына чыгышты. Алдында бара жаткан 10 миң атчан бул чоң кошуундун кудуретин көрсөтүп турду. Согушка баруудан баш тарткан кээ бир адамдар бул көрүнүштөн таасирленип, кошуундун артынан ээрчигенин өздөрү да билбей калышты. Кошуун Табукту болжоп жолго түштү. Рум кошуундары ал жерде мусулмандарды күтүп турган болчу. Аларга мусулмандардын кошууну келе жатканы, санынын көптүгү жана күч-кубатынын кабары жеткен убакта Муътада азыркыдай күч жана санга ээ болбой туруп мусулмандар көрсөткөн согушту, баатырдыкты эстешти. Расулулла ﷺдын кошуун башында келе жатканы алардын үрөйүн ого бетер учурду жана өз кошуундарын алып Шам ичкерисине кирип, чептерде коргонууну макул көрүштү. Табукту жана чөл тараптан Шамдын бардык чегараларын таштап, Шам ичкерисине кирип кетишти. Расулулла ﷺ Рум кошуундарынын ичкериге кирип кеткенин жана алардын катуу коркуп калганын билгенден кийин, Табукка жеткенге чейин жолун улантты жана ал жерге жайгашты. Ошол убакта Рум кошуунунун артынан түшүүнүн убагы эместигин билди. Табукта бир айга жакын турду. Бул убакыт ичинде Румга баш ийген уруу жана шаарлардын амирлерине каттарды жиберди. Айла акими Яхна ибн Руяга, Жарба жана Азрах калкына моюн сунууга чакырып, болбосо чабуул кыларын айтып, кат жазды. Алар моюн сунууга ыраазы болушту жана Расулулла ﷺ менен келишим түзүп, жизя төлөштү. Кийин Расулулла ﷺ Мединага кайтты. Келип өзүнүн жоктугунан пайдаланып мунафыктар ууларын ар тарапка чачып жатканын, мусулмандарга кол салуу үчүн күчтөрүн бириктирип жатканын көрдү. Алардын бир жамааты Зу Аван деген Мединадан бир сааттык алыстыктагы жерде мечит куруп, ага мунафыктар жайгашып алып, Алланын сөзүн бузууга урунуп о.э. бул аркылуу мусулмандардын ортосун бөлүп таштоону көздөшкөн эле. Бул мечитти кургандар Табук казатынан мурда Расулулла ﷺдан келип намаз окуп берүүсүн суранышкан эле, бирок, бул ишти Расулулла ﷺ казаттан кайткандан кийинкиге калтырган болчу. Казаттан кайтканда мунафыктардын кылмыштарынан кабардар болду жана мечиттин иштери жана аны куруудан көздөлгөн максаттын акыйкаты ашкере кылынып вахий түштү. Расулулла ﷺ аны өрттөп жиберүүгө буюрду. Мунафыктарга каршы саясатын күчөттү. Муну менен мунафыктарды катуу коркутуп койду. Ошондон кийин алардын бирер нерсе кылууга жүрөгү даабай калды.

Табук казаты себептүү бүтүндөй Арабстан жарым аралында Алланын өкүмү үстөм болду. Расулулла ﷺ ар кандай кол салуудан тынч болду. Арабдардын элчилери моюн сунушарын жана Исламга киргендерин жарыя кылып Расулулла ﷺдын алдына келе башташты.

## ИСЛАМИЙ МАМЛЕКЕТТИН АРАБСТАН ЖАРЫМ АРАЛЫ ҮСТҮНӨН ӨКҮМДАРЛЫГЫ

Табук казаты менен Расулулла ﷺ – бир тараптан мамлекет чегараларынын коопсуздугун камсыздап, экинчи тараптан душмандарынын жүрөгүнө коркуу салып – тышкы жакты бекемдеди. Өзүнөн кийин Исламий даъватты Арабстан жарым аралынан тышкарыга – бүткүл дүйнөгө алып чыгуулары үчүн мусулмандарга бир план түзүп берди. Табук казатынан кийин жарым аралдын түштүгүндөгү Йемен, Хазрамавт жана Оман Исламга киргенин жарыя кылды жана Исламий мамлекетке моюн сунду. Тогузунчу жыл келиши менен элчилер өздөрү жана коомдорунун Исламга киргенин жарыя кылып келе башташты. Ошентип, Исламий мамлекеттин бүтүндөй Арабстан жарым аралына өкүмдарлыгы толук ишке ашты жана Рум тараптагы чегараларынын коопсуздугу камсыздалды. Жарым аралда дагы эле ширкти улантып келе жаткан мушриктер калган эле. Мушриктер Расулулла ﷺдын бардык адамдарга «Байтуллага келүүдөн эч ким тосулбайт, арам айларда эч кимге коркунуч туулбайт» деп берген убадасы себептүү Байтуллага ажылык кылууга келип, ал жерде буттарга ибадат кылышчу. Бүткүл Арабстан жарым аралы Мухаммад ﷺга итаат кылып жаткан жана Исламий мамлекеттин өкүмдөрүнө моюн сунуп жаткан болсо, анда калган Алладан башкага ибадат кыла турган мушриктер өз абалына таштап коюлабы? Байтуллада бутпарастык жана ширкке каршы козголгон мусулмандар менен бутпарастык жана ширкти улантып жаткан мушриктердин мына ушундай бири-бирине карама-каршы болгон абалда чогулушуна кайдыгер карап турулабы? Байтулла айланасында бири буттарды талкалаган, экинчиси мына ушул буттарга ибадат кыла турган бири-бирине карама-каршы ибадаттын болушу чыдап болбой турган абал эле. Арабстан жарым аралында ушул ширкти жоготуу жана мушриктерди Байтуллага жолотпоо керек эле. Ушул жылы Табук казатынан кийин жана Абу Бакр ؓ адамдарга баш болуп ажылыкка кеткенден кийин, «Бароат» («Тооба») сүрөсү түштү. Расулулла ﷺ Али ибн Абу Талибди Абу Бакр ؓнун артынан барып, ажылыкта хутба кылып, аларга «Тооба» сүрөсүн окуп берүү үчүн жөнөттү. Али Меккеге кетти жана адамдар Минада чогулганда Абу Хурайра ؓ менен жанма-жан турду жана адамдарга «Тооба» сүрөсүн:

﴿ بَرَآءَةٞ مِّنَ ٱللَّهِ وَرَسُولِهِۦٓ إِلَى ٱلَّذِينَ عَٰهَدتُّم مِّنَ ٱلۡمُشۡرِكِينَ ﴾

***«Бул Алла жана Анын пайгамбары тарабынан силер*** *(өз ара согушпоо жөнүндө)* ***келишим түзгөн мушриктерге*** *(келишим милдетинен)* ***кутулуу жарыясы».*** **[9:1]**

﴿ وَقَٰتِلُواْ ٱلۡمُشۡرِكِينَ كَآفَّةٗ كَمَا يُقَٰتِلُونَكُمۡ كَآفَّةٗۚ وَٱعۡلَمُوٓاْ أَنَّ ٱللَّهَ مَعَ ٱلۡمُتَّقِينَ ﴾

***«Бардык мушриктер силерге каршы согушканы сыяктуу силер да алардын бардыгына каршы согушкула. Билип койгула, Алла такыба кылуучулар менен бирге».*** **[9:36]**

деген аятына чейин окуп берди. Бул аяттарды окуп бүткөндөн кийин, бир аз турду жана кийин адамдарга бийик үн менен: «Эй адамдар, сөз мындай, бейишке капыр кирбейт. Ушул жылдан баштап мушрик ажылык кылбайт, Байтулланы жылаңач адам тооп кылбайт. Кимдин Расулулла ﷺда келишими болсо, ал мөөнөтүнө чейин уланат», - деди. Али адамдарга ушул төрт буйрукту жеткирди. Кийин ар бир коом жерине жетип алышы үчүн ушул күндөн баштап төрт ай мөөнөт белгиледи. Ушул күндөн баштап мушрик ажылык кылбады, Байтулла жылаңач абалда тооп кылынбады. Муну менен Исламий акыйда негизиндеги мамлекеттин тикелениши себептүү Арабстан жарым аралында Жаратуучунун иши толук болду. «Бароат» сүрөсүнүн түшүшү жана Арабстан жарым аралында мушриктерге чегара коюу менен Исламдан башка ар кандай пикир жана мамлекет жок кылынып, Исламий мамлекет пайда болду. Мамлекет бул даъватты бүткүл дүйнөгө алып чыгууга даяр болду. Бул иштер Исламий мамлекеттин калыптанып болгонун көрсөттү.

## ИСЛАМИЙ МАМЛЕКЕТТИН ЖИХАЗЫ

Расулулла Мединага жетип келген күндөн баштап мусулмандарды башкарды жана исламий коомду пайда кылды. Яхудийлер менен, кийин Бану Замра жана Бану Мудлиж менен, кийин Курайш, Айла, Жарба жана Азрах калкы менен келишимдерди түздү. Адамдар менен бирер ажынын Байтулладан тосулбастыгы жана арам айларда эч ким коркунучка салынбастыгы жөнүндө келишип алды. Хамза ибн Абдулмутталиб, Убайда ибн Хорис жана Саъд ибн Абу Ваккосторду Курайшка каршы согушуу үчүн сарияларда жиберди. Зайд ибн Хориса, Жаъфар ибн Абу Талиб жана Абдулла ибн Равахаларды Румга согушка жиберди. Абдуррахман ибн Авфты Давматул-Жандалга, Али ибн Абу Талиб, андан кийин Башир ибн Саъдды Фадакка, Абу Салама ибн Абдул Асадды Нажддын Катна деген жерине, Зайд ибн Хорисаны Бану Салим, Жузон, Вадил-Куродогу Бану Фазора коомдоруна, кийин Мадянга, Амр ибн Асты Бану Узра жериндеги Зотус-Саласилге о.э. башка аскербашыларды ар түрдүү аймактарга согушка жөнөттү. Өзү бир канча казаттарга баш болуп, согуштарга кирди. Вилаяттарга валийлерди, шаарларга аамилдерди дайындады. Итоб ибн Усайдды фатх кылынгандан кийин Меккеге, Муаз ибн Жабал Хазражийди Жанадга, Холид ибн Саид ибн Асийди Санаъга, Зияд ибн Лабид ибн Саълаба Ансарийди Хазрамавтка, Абу Муса Ашъарийди Забид жана Аданга, Амр ибн Асты Оманга, Мухажир ибн Абу Умайяны Санаъга, Адий ибн Хотамды Тай коомуна, Ала ибн Хазрамийди Бахрейнге аким кылды. Абу Дужана Расул ﷺдын Мединадагы аамили болду. Расулулла ﷺ валийлерди дайындоодо тапшырылган ишти жакшы аткара турган жана барган жериндеги адамдардын жүрөктөрүн ыйман менен сугара турган адамдарды тандачу. Алардан өкүм жүргүзүүдө колдоно турган тарыйкаттары жөнүндө сурачу. Расулулла ﷺ Муаз ибн Жабал Хазражийди Йеменге жөнөтүп жатып мындай деди:

- Эмне менен өкүм жүргүзөсүң?
- Алланын Китеби менен.
- Эгер андан өкүм таба албасаңчы?
- Расулулланын Сүннөтү менен.
- Эгер андан да өкүм таба албасаңчы?
- Өз райым менен ижтихад кыламын. Ошондо Расулулла ﷺ: «**Расулулла ﷺдын элчисин Алла жана Расулу жакшы көрө турган жолго жетиштирген Аллага мактоолор болсун**», - деди. Абан ибн Саидди Бахрейнге жөнөтүп жатканда ага: «**Абду Кайс коомуна жакшы мамиледе бол, улууларын урматта**», - деди.

Валийлерди мусулмандардын эң үлгүлүү адамдарынан дайындачу. Аларды Исламга киргендерге динди түшүндүрүүгө, зекеттерди алууга буюрат эле. Көбүнчө валийге мал-дүйнө жыюуну да тапшырчу.

Валийлерди адамдарга жакшылыктын кабарын жеткирүүгө, Куранды үйрөтүүгө, динде илимдүү кылууга буюрат эле. Акыйкаттын үстүндө адамдарга жумшак болууну, зулумда болсо катуу кол болууну, эгер алардын ортосунда чыр-чатак болсо, аларды уруучулдук жана тууганчылыкка (тарапкечтик максатында) чакыруудан кайтарууну, алардын чакырыктары Алла Таалага гана болушун, мал-дүйнөлөрүнүн бештен бирин алууну, мусулмандарга фарз кылынган зекеттерди жыюуну дайындачу. Яхудий же насроний өз каалоосу менен Исламга калыс кирсе жана динди кабыл алса, ал да момундардан эсептелет. Ага момундарга тиешелүү укуктар берилет жана мойнуна момундарга тиешелүү милдеттер жүктөлөт. Ким яхудий бойдон же насроний бойдон калса, ал дининен чыгууга мажбур кылынбайт. Расулулла ﷺ Муазды Йеменге жөнөтүп жатып: «**Сен ахли китеп болгон бир коомдун алдына бара жатасың, аларды эң оболу Алла Таалага кулдук кылууга даъват кыл. Алла Тааланы таанышкандан кийин, аларга байларынан алынып, кембагалдарына бериле турган зекетти фарз кылганынын кабарын бер. Эгер алар буга итаат кылышса, зекет ал. Алардын малдарынын эң жакшысын алуудан сактан. Мазлумдун дубасынан этият бол, анткени, аны менен Алла Тааланын ортосунда парда жок**». Кээ бир убактарда болсо мал-дүйнөнү жыйганы атайын дайындалган адамдарды жиберчү. Ар жылы Абдулла ибн Раваханы Хайбарга түшүмдү болжолдоп эсептөө үчүн жиберген. Алар Расулулла ﷺга анын өтө катуу колдугунан арызданышты. Абдуллага аялдардын тагынчактарынан пара бермекчи болушуп: «Бул сага, бизге жеңил эсеп кылгын, бөлүштүрүүдө бизге көп калтыргын», - дешкенде, Абдулла аларга: «Эй яхудийлер жамааты, албетте силер Алланын махлуктары ичинен менин эң жаман көргөндөрүмсүңөр, бирок, бул нерсе мени силерге зулум кылууга үндөбөйт. Ал эми силер мага сунуш кылып жаткан пара арам болуп, биз арам жебейбиз», - деди. Яхудийлер болсо: «Мына ушуну менен жер жана асмандар ордунда турат», - дешти. Расулулла ﷺ валий жана аамилдердин абалынан кабардар болуп турар эле. Алар жөнүндө келип жаткан кабарларды угуп турчу. Бахрейндеги аамили Ала ибн Хазрамийди – Абу Кайс коомунун элчилери анын үстүнөн арызданышканы себептүү – иштен алды. Расулулла ﷺ аамилдерден эсепти толук алчу, аларды киреше жана сарптоолор боюнча эсеп-китеп кылчу. Бир адамды зекеттерди жыйууга жиберди жана кайтып келгенден кийин, эсеп-китеп кылды. Ал: «Бул силерге, мунусу болсо мага берилген белек», - деди. Анын сөздөрүн укканда, Расулулла ﷺ: «**Бул адамга эмне болду? Биз аны Алла бизге тапшырган бир ишке жиберсек, ал келип: «Бул силерге, мунусу мага белекке берилди», - дейт. Ал ата-энесинин үйүндө отурсунчу, көрөбүз,**

**ага белек берилер бекен же берилбес бекен**», - деди. Расулулла ﷺ: «**Биз кимди бир ишке дайындасак жана акысын да берсек, мындан тышкары алган нерсеси кыянат эсептелет**», - деди. Йемен эли Муаздын намазды өтө эле созуп жиберишинен арызданышты. Расулулла ﷺ ага эскертүү берди жана: «**Ким адамдарга имам болсо, намазды жеңил кылсын**», - деди. Адамдар ортосунда өкүм чыгаруулары үчүн казыларды жөнөтчү. Али ибн Абу Талибди Йеменге, Абдулла ибн Навфалды Мединага казы кылып дайындады. Муаз ибн Жабал жана Абу Муса Ашъарий экөөнү Йеменге казы кылып жиберип жатып: «**Эмне менен өкүм кыласыңар?**» - деди. Алар: «Эгер өкүмдү Китептен да, Сүннөттөн да таба албасак, иштерди бири-бирине салыштырып көрөбүз. Кайсы бири акыйкатка жакын болсо, ошого амал кылабыз», - дешти. Расулулла ﷺ макулдады. Бул иш Расулулла ﷺдын казыларды тандаганын жана алардын иш жүргүзүү ыкмасын анык сурап алганын көрсөтөт. Расулулла ﷺ казыларды дайындоо менен эле чектелип калбастан, мазолим иштерине да көңүл бурчу.

Расулулла ﷺ адамдардын кызыкчылыктарын башкарчу жана бул иштерди башкаруу үчүн катчыларды дайындачу. Алар идаралардын мүдүрлөрү даражасында эле. Али ибн Абу Талиб Расулулла ﷺ келишим түзгөндө келишимдерди жаза турган катчы болгон. Ал-Муъайкийб Расулулла ﷺдын шакегине (мөөрүнө) караган. Муъайкийб ибн Абу Фатима олжолордун катчысы болгон. Хузайфа ибн Яман Хижаз мөмөлөрү канча түшүм беришин болжолдоп эсептей турган катчы болгон. Зубайр ибн Аввам зекеттин малдарын жазган. Мугийра ибн Шуъба карыз алды-бердилерди жана мамилелерди жазган. Шурахбил ибн Хасана падышаларга кат жазат эле. Расулулла ﷺ ар бир кызыкчылыкка катчы т.а. мүдүр дайындайт эле.

Расулулла ﷺ сахабалары менен көп кеңешкен. Ар дайым акылдуу, кадыр-барктуу, ыйманы күчтүү сахабалар менен кеңешчү. Алар ансарлардан жетөө жана мухажирлерден жетөө болуп: Хамза, Абу Бакр, Жаъфар, Умар, Али, Ибн Масъуд, Сулайман, Аммар, Хузайфа, Абу Зар, Микдад жана Билалдар Расулулла ﷺ кеңеше турган сахабалардан эле. Расулулла ﷺ башкалар менен да кеңешчү, бирок, жогорудагы сахабалар менен көбүрөөк кеңешкен. Ошондуктан, алар Шуро межлиси ордунда болгон.

Расулулла ﷺ мусулмандар жана башкалар үстүнө, жерлерге, мөмө-жемиш жана малдарга милдеттүү түрдө бериле турган мал-дүйнө салыктарын белгилеп койду. Бул мал-дүйнөлөр: зекет, үшүр, фай (олжо), хирож, жизялар. Олжолор да байтулмалдын малдарынан эсептелет. Зекет Куранда айтылган сегиз тайпага бөлүштүрүлүп, булардан башка эч кимге берилбеген. Мамлекеттик иштерди

башкарууга да зекеттин малдарынан эч нерсе алынбаган. Адамдардын иштерин башкарууга фай, хирож, жизя жана олжолордон сарпталган. Бул малдар мамлекетти башкарууга жана кошуун даярдоого жетиштүү болуп, мамлекет малга муктаждык сезчү эмес.

Расулулла ﷺ **ИСЛАМИЙ МАМЛЕКЕТ**тин жихазын (аппаратын) өз колу менен тикеледи. Расулулла ﷺдын өзү мамлекет башчысы болгон. Бул мамлекетте муавиндер, валийлер, казылар, кошуун, идара мүдүрлөрү жана шуро межлиси бар эле. Бул жихаз – формасы жана ыйгарым укуктары жагынан ээрчүү важып болгон тарыйкат. Ал мутаватир хадистер менен тастыкталган. Расулулла ﷺ Мединага жетип келгенинен тартып тээ өмүрүнүн акырына чейин мамлекет башчысынын милдетин аткарды. Абу Бакр менен Умар Расулулла ﷺдын муавиндери болгон. Сахабалар Расулулла ﷺдан ал кишиге пайгамбарлыкта да, элчиликте да эмес, мамлекетке башчы болууда халифа боло турган мамлекет башчысын тикелөөгө ижма кылышкан. Анткени, Расулулла ﷺ акыркы пайгамбар. Мына ошентип, Расулулла ﷺ тирүү кезинде мамлекеттин иштерин толук тартиптештирди жана өзүнөн кийин өкүм жүргүзүү жана башкаруу формасын белгилүү жана даана көрүнүп тура турган сүрөттө калтырды.

## ЯХУДИЙЛЕРДИН ИСЛАМИЙ МАМЛЕКЕТКЕ КАРАТА КАРМАНГАН ПОЗИЦИЯСЫ

Расулулла ﷺдын назарында яхудийлердин коркунучу деле жок эле. Каршылык көрсөтүшү этибарга алына тургандар арабдар, айрыкча, Курайш эле. Ошондуктан, Расулулла ﷺ яхудийлер менен алардын моюн сунушу жөнүндө о.э. каршы чыккандарга кошулбастыгы туралуу келишимдерди түздү. Бирок, алар Ислам мамлекети өсүп бара жатканын жана мусулмандардын бийлиги кеңейип жатканын көрүшүп, ар түрдүү ушак-айың жана талаш-тартыштар аркылуу чабуул кыла башташты. Бадр казатында мусулмандар үстөм болгондон кийин, яхудийлер өздөрүнө келе жаткан коркунучту сезишти жана мусулмандарды акаарат кылып, Расулулла ﷺга каршы тил бириктиришти. Яхудийлердин фитналары жөнүндөгү кабарлар Расулулла ﷺга келип турду. Мусулмандар да, яхудийлер да бири-бирине зыян жеткирүү үчүн ыңгайлуу учурду күтө башташты. Яхудийлердин бетпактыгы күчөп кетти. Бану Амр ибн Авф яхудийлеринин бири Абу Ифк Мухаммад ﷺга жана мусулмандарга акаараттар жазылган ырларды жиберип жүрдү. Асма бинти Марван деген аял Исламды каралап, Расулулла ﷺга каршы яхудийлерди тукурчу. Каъб ибн Ашраф мусулмандардын аялдарына атап ырларды жазып, Меккеге барып ыр окуп, Мухаммад ﷺга каршы яхудийлерди козгоп жүрдү. Мусулмандар буга чыдап тура алышпады жана бул иштеринен токтошу үчүн аларды өлтүрүштү. Бирок, яхудийлер мусулмандардан коркушса да, азарларын күчөтүштү. Ошондо Расулулла ﷺ алардан мусулмандарга азар жеткирүүнү токтотууну жана келишимдеги нерселерди аткарууну талап кылды. Болбосо, Курайштын күнүн башына салышын айтты. Алар Расулулла ﷺдын эскертүүсүнө тоотпостон карашып: «Эй Мухаммад, согуш илимин билбеген бир коом менен согушуп, жеңишке жетишкениң менен мактанба. Аллага ант болсун, эгер биз сага каршы турсак, кимдигибизди билесиң», - деп жооп беришти. Ошондон кийин алар менен согушуудан башка айла калбады жана мусулмандар чыгып Бану Кайнуко яхудийлерин үзгүлтүксүз он беш күн камал кылышты. Бул убакыттын ичинде алардан эч ким тышкарыга чыкпады, эч ким аларга азык-түлүк алып кирбеди. Алардын Мухаммад ﷺдын өкүмүнө моюн сунуудан башка чарасы калбады. Кийин Мединадан сүргүн кылынды жана алар Мединадан чыгып, Вадий Куро деген жерге барышты. Бул жерде бир канча убакыт турушуп, кийин Шам чегараларындагы Азриот деген жерге көчүп кетишти. Бану Кайнуко сүргүн кылынышы менен яхудийлердин күчү алсырады жана мусулмандарга моюн сунууга мажбур болушту. Бирок, бул моюн сунуу алардын күч-кубаттан корккондугу себептүү эле. Кийинчерээк

ыңгайлуу учур келгенде, алар экинчи жолу дагы аракетке түшүп калышты. Мусулмандар Ухудда жеңилгенден кийин, яхудийлердин дилдериндеги ызасы козгоп, Расулулла ﷺды өлтүрүү үчүн тил бириктиришти. Расулулла ﷺ алардын ниеттерин сезип калды жана сынап көрүү үчүн айла-амал иштетмекчи болду. Ушул максатта улуу сахабалардан он киши менен – алардын ичинде Абу Бакр, Умар жана Алилер да бар эле – Бану Назир уруусуна барды. Өздөрүн кубанычтуу кылып көрсөтүштү. Расулулла ﷺга алардын кээ бирлери жакшы мамиле кылышса да, ниеттери бузук экендигин сезди. Яхудийлердин бири бир чекеге чыгып кетти. Дагы бири Расулулла ﷺ дубалына сүйөнүп отурган үйгө кирип келди. Алардын бул иштери Расулулла ﷺдын шектенүүсүн күчөттү. Ошондуктан, сахабаларын калтырып, даараткa чыккансып чыгып кетти. Ушул убакта яхудийлер эмне кыларын билбей калышты. Кийин мусулмандардын көңүлүн алуу үчүн аракет кылышты. Бирок, Расулулла ﷺдын сахабалары ал зат келбегенден кийин, издей башташты. Мечитке кеткенин билип, ал кишинин алдына барышканда, Расулулла ﷺ аларга яхудийлердин иштери шектенүүгө салып койгонун айтып берди жана Мухаммад ибн Масламаны Бану Назирге турган жеринен чыгып кетүүгө буюруу үчүн жиберди. Аларга он күн мөөнөт берилди. Кийин аларды камал кылып, жеринен чыгарып жиберди. Яхудийлер чыгып кетишти, кээ бирлери Хайбарда калды, кээ бирлери Шамдын Азриотуна кетишти. Ушуну менен Мединаны яхудийлер фитнасынан тазалоо иштери аяктады. Бул жерде яхудийлерден бир гана Бану Курайза уруусу калды. Анткени, алар убадасын бузушпаган эле. Ошондуктан Расулулла ﷺ аларга каршы эч нерсе кылбады. Алар Бану Кайнуко жана Бану Назир урууларынын башына түшкөн иштерди көрүшкөндөн кийин достукту күчөтүштү. Бирок, бул нерсе мусулмандардын күч-кудуретин көргөндөгү убактылуу иш эле. Ал тургай, алар үчүн ыңгайлуу учур болуп калганда жана топтордун мусулмандарды жок кылуу үчүн келгенин көрүшкөндө, Хуяй ибн Ахтабдын сөздөрүнө кирип, келишимдерин бузушту жана мусулмандарды бүтүндөй жок кылып жиберүүгө даярданышты, кыянат жана ыпыластыкты чегинен ашырышты. Ошондуктан, топтор кеткенден кийин Расулулла ﷺ алардын чептерине мусулмандар менен бирге барып, жыйырма беш күн камал кылды. Камал убагында яхудийлер тышкарыга чыгууга батынышпады. Чептеринин коргой албастыгын билишкенден кийин, Расулулла ﷺга адам жиберип, өз иштеринде кеңешүү үчүн Абу Лубабаны жиберүүсүн сурашты. Абу Лубаба алардын жахилияттагы союздашы болуп, Авс уруусунан эле. Яхудийлер аны көрүшкөндө, ыйлачудай түр менен: «Эй Абу Лубаба, Мухаммаддын өкүмүнө ыраазы бололубу?» - деп сурашты. Абу Лубаба «Ооба» деди жана колу менен кекиртегине ишара кылды (т.а. өкүм баштын алынышы

болот деди). Абу Лубаба алардын алдынан кеткенден кийин Каъб ибн Асад аларга кээ бир пикирлерди сунуш кылды эле, алар кабыл алышпады. Ошондо ал: «Мухаммаддын өкүмүнө ыраазы болгондон башка чара калбады», - деди. Кийин алар Мухаммад ﷺга Азриотко кетүүнү жана бар мал-мүлктөрүн мусулмандарга калтырууну сунушташты. Расулулла ﷺ алардын бул сунушуна көнбөдү жана: «Өкүмгө ыраазы болуудан башка жол жок», - деди. Кийин алар Австы ортого коюшту. Австын адамдары яхудийлердин таламын талашып, Расулулла ﷺдын алдына келишти. Расулулла ﷺ аларга: «Эй Авс жамааты, аларга өзүңөрдөн бирөөнүн өкүм чыгарышына ыраазы болосуңарбы?» - деди. Алар «Ооба» дешти. Расулулла ﷺ: «Ал Саъд ибн Муаз», - деди. Кийин Саъд эки тараптан тең чыгара турган өкүмүнө моюн сунууга ыраазылык алды. Алар ыраазылык беришкенден кийин, Бану Курайзага чептеринен чыгууну жана куралдарын тапшырууну буюрду. Алар ошондой кылышты. Кийин Саъд алардын үстүнөн: «Жоокерлер өлтүрүлөт, мал-мүлктөр бөлүштүрүп алынат, аялдар жана балдар туткунга алынат», - деп өкүм чыгарды. Расулулла ﷺ бул өкүмдү укканда: **«Сен алардын үстүнөн Алланын өкүмүн чыгардың»**, - деди. Кийин Медина базарына чыкты. Ал жерде чуңкурларды казууга буюрду, андан кийин яхудийлер топ-топ кылып алып келинди жана алардын баштары алынып, ушул чуңкурларга көмүлдү. Расулулла ﷺ Бану Курайзанын мал-мүлкү, аялдары жана балдарын мусулмандарга бөлүштүрүп берди. Бул олжолордун бир бөлүгүн калтырып, аларды Саъд ибн Зайд Ансарий менен Наждга жөнөттү. Зайд аларга ат жана курал сатып алды. Булар мусулмандардын аскерий кудуретин күчөтүүгө кызмат кылды.

Ушуну менен Бану Курайза жок кылынды. Бирок, дагы башка яхудийлер да бар эле. Хайбарда яхудийлердин эң күчтүү уруулары жашачу. Алар Расулулла ﷺ менен келишимге кирбеген эле. Худайбия келишиминен мурда Курайш менен келишип, Расулулла ﷺга каршы тил бириктирген болчу. Алардын бар болуп турушу да мамлекетке коркунуч туудурган. Расулулла ﷺ Худайбия келишимин түзөрү менен эле Хайбарды жоготууга даярданды. Адамдарды Хайбарга казат кылууга даярданууга буюрду. Мусулмандар жолго түшүштү. Алар бир миң алты жүз киши болуп, жүзү атчан эле. Бардыгы Алла Тааланын жеңиш беришине толук ишенген абалда Хайбарга кетишти. Хайбар чептеринин алдында согушка даяр болуп турушту. Яхудийлер өз ара кеңешип, Салам ибн Мишкамдын кеңеши боюнча мал-дүйнө жана бала-чакаларын Ватих жана Салалим чептерине, азык-түлүктөрүн Наим чебине жайгаштырышты. Жоокерлер Нато чебине киришти. Салам ибн Мишкам да алар менен бирге болуп, аларды согушка үгүттөп турду. Эки кошуун жоокерлер жайгашкан Нато чебинин

айланасында кагылышты жана катуу салгылашты. Ал тургай, айтылышынча, мусулмандардан жарадар болгондорунун саны элүүгө жетти. Салам өлтүрүлдү, яхудийлерге башчылыкты Хорис ибн Абу Зайнаб колго алды. Ал азык-түлүк жайгаштырылган Наим чебинен мусулмандарга чабуул кылуу үчүн аскерлери менен чыкты. Бану Хазраж аларга какшаткыч сокку берип, артка чегинүүгө мажбур кылды. Мусулмандар Хайбар чептерин катуу камал кылышты. Яхудийлер жан аябай коргонушту. Күндөр өттү. Кийин Расулулла ﷺ Абу Бакрды Наим чебин фатх кылуу үчүн жиберди. Абу Бакр ал жерге барып, согушуп фатх кыла албастан кайтты. Эртеси Умар ибн Хаттабды жиберди. Ал да фатх кыла албады. Ошондо Расулулла ﷺ: «**Эртең тууну Алла жана Расулун жакшы көргөн, Алла жана Расулу да аны жакшы көргөн кишиге беремин. Алла анын колу менен фатх кылат. Ал согуштан кача турган киши эмес**», - деди. Эртеси алдына Али ибн Абу Талибди чакырып, ага: «**Бул тууну алып бар. Алла Таала сага фатх берет**», - деди. Али тууну алып чепти фатх кылуу үчүн кетти. Ал чепке жакындашканда ага яхудийлер каршы чыгышты. Али алар менен согушууга киришти. Бир яхудий анын калканына уруп, колунан түшүрүп жиберди. Али чептин жанында турган бир эшикти колуна алып, аны өзүнө калкан кылып алды жана согушуп, чепти фатх кылганга чейин колунан түшүрбөдү. Кийин эшикти көпүрө кылды жана мусулмандар анын үстүнөн өтүп, чептин ичине киришти. Наим чебинен кийин мусулмандар арты-артынан башка чептерди да фатх кылып, Ватих жана Салалим чептерине жетип барышты. Булар акыркы жана эң бекем чептер эле. Ушул жерде яхудийлер үмүтсүздүккө түшүштү жана кандарын төкпөө эсебине Мухаммад ﷺдан келишим талап кылышты. Расулулла ﷺ алардын талабын кабыл алды жана аларды фатх өкүмү менен Расулулла ﷺга өткөн өз жерлеринде калтырды. Аларга жерлерде иштегендери акысына түшүмдүн жарымын берүүнү өкүм кылды. Ушуну менен Хайбар моюн сунду. Кийин Фадак яхудийлери Хайбарга эмне болгонун угуп, жүрөктөрүнө коркуу кирди жана согушсуз өз малынын жарымын берүү акысына Расулулла ﷺ менен келишим түзүштү. Расулулла ﷺ Мединага Вадий Куро аркылуу кайтуу үчүн даярданды. Жолдо Тайма яхудийлери согушсуз жизя төлөөгө ыраазы болушту. Ушуну менен бардык яхудийлер Набий ﷺдын бийлигине моюн сунду. Алардын бийликтери жоготулду. Ошентип, Расулулла ﷺ Арабстан жарым аралынан көңүлү тынчып, бийлиги бекемделди.

## ИСЛАМИЙ МАМЛЕКЕТТИН УЛАНЫШЫ

Расулулла ﷺ дүйнөдөн кайтты. Сахабалар мамлекетке башчылык кылууда ал затка халифа болуу үчүн Абу Бакр رضي الله عنهга байъат берүүгө ижма кылышты. Мусулмандар тээ 1342х-1924м жылга чейин мамлекетке башчы тикелеп келишти. Аны «халифа» же «амирул-муъминин» же «имам» же «султан» деп аташкан. Бир да башчы байъатсыз халифа болгон эмес. Исламий мамлекет акыркы халифага чейин т.а. Исламий мамлекет кулатылганга чейин мына ушул жолдон жүрдү т.а. бир да шахс байъатсыз халифа болбоду. Байъатты колдонуу ар түрдүү көрүнүштөрдө болгон: т.а. халифага түздөн-түз байъат кылынган; халифа өз туугандарынан болбогон шахска ахд (ишеним сөзүн) берген; өз уулуна же туугандарынын бирине ахд берген; бир нече туугандарына ахд берген. Бирок, бул ахддын өзү талапкерди халифа кылып койбогон, балким, ал халифалыкка отуруп жатканда байъат алган. Мамлекет башчылыгына байъатсыз шайланган бир да халифа болбогон. Байъат алуу да ар түрдүү болгон: Ахлул-хал вал-акддан; адамдардан; шайхул Исламдан алынган. Кээде байъат алуу бузулуп колдонулган. Бирок, ал да байъат болгон, халифалыкка акылуу кылып коё турган валиахддык (так мураскорлугу) болбогон. Ар бир халифа өзүнө муавиндерди дайындаган. Кээ бир кылымдарда алар вазирлер т.а. муавиндер деп да аталышкан. Халифа валийлерди, башкы казыны, армия командачыларын, мамлекеттик идаралардын мүдүрлөрүн дайындаган. Бийликтин формасы бардык кылымдарда мына ушундай болуп келген. О.э. анын абалына карата бирер нерсе өзгөрбөдү. Демек, Исламий мамлекет тээ колонизатор капыр Усманий мамлекетти жок кылып, аны майда мамлекетчелерге бөлүп таштаганга чейин бар болуп келген.

Ар түрдүү кылымдарда Исламий мамлекетте бир нече ички окуялар жүз берди. Булардын жүз берүүсү кайры исламий түрткүлөрдөн келип чыкпаган, балким, ошол окуялар жүз берген убактагы абалды исламий негизде түшүнүүдөн келип чыккан. Ошол абалды мындай түшүнгөндөр абалды өз түшүнүктөрүнө жараша оңдоо үчүн аракет кылышкан. Булардын бардыгы мужтахиддер болуп, абалды учурдагы абалдан башкача ыкма менен оңдоого урунушкан. Бул экөө тең исламий түшүнүк жана исламий рай болуп эсептелет. Ошондуктан, карама-каршылык халифалык мансабы үстүндө эмес, халифанын өзүнүн айланасында болгонун, бийликтин формасы эмес, бийлик башында ким болушу тууралсында болгонун көрөбүз. Карама-каршылык фуруъда (экинчи даражалуу өкүмдөрдө) жана тафсилаттарда болуп, негиздерде болгон эмес. Мусулмандардан эч ким Китеп жана Сүннөттүн үстүндө карама-каршы пикирде болгон эмес, балким, аларды түшүнүүдө ар түрдүү пикирде болгон. Халифа тикелөө тууралсында тартышышпаган, балким, кимдин халифа болушу тууралсында тартышышкан. Исламды колдонуу жана бүткүл дүйнөгө алып чыгуунун важып-

тыгында тартышышпаган. Бардык мусулмандар мына ушул негизде жүрүп, Алланын өкүмдөрүн колдонушкан, адамдарды Алланын динине даъват кылышкан. Туура, алардын кээ бирлери туура эмес түшүнүүнүн акыбетинде Исламдын кээ бир өкүмдөрүн туура эмес колдонушкан. Айрымдары болсо атайын туура эмес колдонушкан. Бирок, алардын бардыгы тең Исламды гана колдонушкан. Бардыгы тең башка мамлекеттер, калктар жана улуттар менен болгон мамилелерин Ислам негизинде жана дүйнөгө Исламий даъватты жаюу негизинде алып барышкан. Ошондуктан, ички карама-каршылыктар фатхтардын жолун тосподу, Исламдын жайылышына тосук болбоду. Исламий мамлекет тээ XI хижрий (XVIIм) кылымга чейин Исламды жаюу үчүн мамлекеттерди фатх кылууну бир күн да токтотподу. Перс, Индия, Кавказ фатх кылынды. Исламий мамлекеттин чегаралары Кытай жана Россияга чейин, чыгыштан Каспий деңизинин артына чейин өттү, түндүктө Сирияны, батышта Египет, Түндүк Африка, Испанияларды о.э. Аназул, Балкан, Түштүк жана Чыгыш Европаны, Кара деңиздин түндүгү – Крым жана Түштүк Украиналарды фатх кылды. Исламий мамлекеттин кошуундары Вена дубалдарына чейин жетип барды. Исламий мамлекетте алсыздык белгилери жана Исламды туура эмес түшүнүү көрүнгөн убактарга чейин ал фатхтардан жана Исламий даъватты жаюудан токтободу. Исламий мамлекеттин Исламды түшүнүүдөгү алсыздыгы аны Исламды колдонууда чиелештикке жол коюуга, «Исламга тескери эмес» деген этикатта башка мыйзамдардан жардам алууга себеп болду жана натыйжада исламий мамлекет жок кылынды.

Исламий мамлекеттин жүрүшү өзүнүн пикирий кубаты, анда чыгармачылык жана ижтихад кубатынын толук болушу менен бирге жүрдү. Биринчи кылымда Исламий мамлекеттин фатхтары көбөйдү, ижтихад кеңейди. Фатх кылынган мамлекеттерде жаңы проблемаларга туш келип, алар үчүн чечимдер истинбат кылды. Перс, Ирак, Сирия, Египет, Испания, Индия, Кавказ жана башка жерлерде пайда болгон жаңы маселелерге шаръий өкүмдөрдүн колдонулушу бул мамлекеттердеги бардык калктын Ислам коргонуна кирүүсүнө алып барды. Бул болсо, истинбаттын тууралыгынан, чыгармачылык жана ижтихаддын кудуретинен далалат берет. Анткени, Исламдын тууралыгы талашсыз. Аны туура түшүнүү гана ал колдонулуп жатканда жана өкүмдөрү үйрөтүлүп жаткан убакта адамдар аны нурдуу көрүнүштө көрүүлөрүнө алып барат. Бул истинбат, чыгармачылык жана ижтихад V хижрий (XI миладий) кылымга чейин уланды. Кийин чыгармачылыктын өнүгүшү алсырап, ижтихад басаңдап барды. Бул болсо, мамлекеттин алсырашына себеп болду. Андан кийин крестүүлөр согуштары жүз берди. Мусулмандардын жеңиши менен аяктаганга чейин алар бул согуштар менен убара болушту. Кийин мамлуктар өкүмдарлыгы болду. Алар ижтихад кылууга кудуреттери жетпестен,

пикирлерге маани бербестен өкүм жүргүзүштү. Натыйжада пикирий алсыздык күчөп, артынан саясий башаламандыкты келтирип чыгарды. Монгол-татарлардын өкүм жүргүзүшү жана Ислам китептерин Дажла дарыясына таштап жиберип, үлкөн пикирий байлыкты жок кылып жибериши какаганга муштагандай эле болду. Мына ушул пикирий алсыздык ижтихадды токтотуп койду. Жаңы пайда болгон маселелердин талкуусу фатвалар чыгаруу, нусустарды түшүндүрүп берүү менен чектелип калды. Натыйжада Исламий мамлекетте пикирий деңгээл төмөндөп кетти жана саясий деңгээлдин да кулашына алып барды. Кийин Усманийлер мамлекетте башкарууну колго алышты жана аскерий күч жана фатхтар менен алек болушту. Истамбул жана Балканды фатх кылышты. Европага кирип барышты, бул нерсе аларды дүйнөдөгү биринчи мамлекет кылып койду. Бирок, пикирий деңгээл көтөрүлбөдү. Бул аскерий кудурет пикирий негизге ээ болбогон бир секириктен башка нерсе болбоду. Эч канча убакыт өтпөстөн анын кудурети Исламий өлкөлөрдөн акырындык менен чыгып кете баштады жана акыры жок болду. Бирок, эмнеси болгондо да, ал Исламий даъватты көтөрүп чыгып, Исламды жайган эле. Фатх кылынган мамлекеттердин миллиондогон калкы Исламга кирди. Алар азыркы күндө да мусулман.

Исламды түшүнүүдөгү көп тараптуулук о.э. халифанын экономика жана башка тармактарда белгилүү бир өкүмдөрдү табанний кылган болсо да, бирок, башкаруу түзүмүндө белгилүү бир өкүмдөрдү табанний кылбагандыгы – бул нерселер кээ бир халифалар жана валийлерге башкарууну мамлекеттин кудурети жана биримдигине таасир көрсөтө турган багытка буруп жиберүүлөрүнө жол ачып берди. Валийлерге жалпы валийлик кылуу укугу менен бирге аларга халифага орунбасар катары кеңири укуктардын да берилиши өз алдынча өкүмдарлык кылуу туйгуларынын ойгонушуна себеп болду. Натыйжада, алар өз вилаяттарында куду эгемендүү мамлекеттей болуп алышты жана халифага байъат берүү, минбарларда ал үчүн дубалар кылуу, анын наамына акчалар басып чыгаруу жана ушулар сыяктуу тышкы көрүнүштөр менен чектелишти. Башкаруу иши болсо өз колдорунда кала берди. Мындай абал вилаяттарды эгемендүү мамлекетке окшотуп койду. Хамаданийлер, Селжукийлер жана башкалар буга жаркын мисал болот. Бирок, жалпы валийлик маанисиндеги «жалпы валийлик» мамлекеттин биримдигине таасир кылбады. Амр ибн Астын Египеттеги валийлиги жана Муавия ибн Абу Суфяндын Шамдагы валийлиги жалпы валийлик болгон. Ошондой болсо да, валий халифадан бирер нерседе өзүнчө болуп ажыралбаган. Халифалар кудуреттүү болгондуктан мамлекеттин биримдиги сакталып турган. Бирок, халифалар алсырагандан кийин, вилаят мамлекетке көз каранды жана анын бир бөлүгү болушуна карабастан, анда эгемендүүлүк белгилери көрүнө баштаган. Бул иштерге карабастан мамлекет бир бүтүн мам-

лекет болуп кала берген т.а. валийди дайындай турган жана иштен ала турган бир гана халифа болгон. Валийдин кудурети канчалык күчөбөсүн, халифаны тан албай коюуга батына албаган. Исламий мамлекет эч качан, ал тургай, валийлердин эгемедүүлүгү эң күчтүү болгон доорлордо да вилаяттар биримдиги (союзу) болгон эмес. Балким, Исламий мамлекет бир бүтүн болгон жана анын халифасы да бирөө болгон. Жалгыз халифа гана мамлекеттин бардык тараптарында: борбордо, вилаяттарда, шаар жана кыштактарда укук ээси болгон.

Ал эми Испанияда Халифалыктын жүзөгө келиши, Египетте Фатимийлер мамлекетинин пайда болушу сыяктуу окуяларга келсек, мындай абалдар валийлердин абалынан айырмаланат. Буга себеп, Испанияны валийлер колго алып, аны эгемендүү кылып алышты. Валийге мусулмандардын халифасы деп байъат берилбеген, балким ал бүткүл мусулмандар үчүн эмес, болгону ошол вилаяттын калкы үчүн гана халифа деп аталган. Мусулмандардын халифасы жалгыз бойдон калган жана башкаруу анын укугунда болгон. Испания вилаятына – Усманийлер мамлекети учурунда Иранда болгондой – халифа башкаруусунан тышкарыдагы вилаят, - деп каралган, ал жерде экинчи халифа болбогон, балким, ал халифа башкаруусуна кирбеген вилаят болгон. Фатимийлер мамлекетине келсек, аны исмаилийлер фиркасы тикелеген. Бул фирка капыр болуп, алар кылган иштер этибарга алынбайт жана алардын мамлекети Исламий мамлекет деп да, Исламий Халифалык деп да эсептелбейт. Аббасийлер халифалыгы бар болуп туруп, алардын халифа тикелөөлөрү Халифалыктын көбөйүшү деп этибар кылынбайт. Анткени, ал шаръий Халифалык эмес эле. Ал жогорудагы батинийлер фиркасы Исламий мамлекетти өздөрүнүн батыл өкүмдөрү негизинде жүрө турган мамлекетке өзгөртүү үчүн ишке ашырган ынкылаптык кыймылдан башка нерсе эмес эле. Ушуга ылайык, Исламий мамлекет башкарууда бир бүтүн мамлекет жана бир бирлик болуп келди. Ал бөлүнүп кеткен жок. Балким, башкаруу иштеринде Исламды белгилүү бир түшүнүктөр негизинде аткаруу максатында бийликке жетүү үчүн аракеттер болду, кийин бул иштер да бүтүп, Исламий мамлекет жалгыз бирдик болуп улантылып келди. Башкаруу абалдарынын ар түрдүү болушуна карабастан, Исламий мамлекеттин жалгыз-бирөө экендигине далалат кыла турган иштердин дагы бири мына ушул: мусулман киши Ислам өкүмдарлык кылып жаткан жерлерде бир өлкөдөн башкасына, жердин батышынан чыгышына эч кандай тоскоолдуксуз кең-кесир бара алган. Андан кайсы өлкөдөн экендиги, саякатка уруксатнаамасы суралган эмес. Анткени, Исламий өлкө бир бүтүндүк эле.

Исламий мамлекет мусулмандарды бириктирип турду. Бул мамлекет – аны Мустафа Кемел Ататүрк колу менен колонизатор капыр 1924-жылы исламий Халифалыкты жок кылганга чейин – өкүм сүрдү.

## ИСЛАМИЙ МАМЛЕКЕТТИН ИЧКИ САЯСАТЫ

Исламий мамлекеттин ички саясаты – бул шаръий өкүмдөрдү турмушка колдонуу. Исламий мамлекет өз башкаруусу астындагы өлкөлөрдө Ислам өкүмдөрүн аткарып, Ислам өкүмдөрү негизинде мамилелерди тартиптештирип, хаддарды колдонуп, адеп-ахлакты сактап жана Исламий ибадаттарды аткарууга кепил болуу менен элдин бардык иштерин башкарып келген. Ислам өз бийлигине моюн суна турган адамдарга – мусулмандарга да жана ага этикат кылбай тургандарга да – өкүмдөрүн аткаруу ыкмаларын баян кылып берген. О.э. проблемалардын чечимдери шаръий өкүм болгону сыяктуу эле аткаруу тарыйкаты да шаръий өкүм болуп саналат. Исламга бардык адамдар чакырылган. Анткени, Алла Таала бүткүл адамзатка кайрылып, Исламга чакырган. Алла Таала айтат:

﴿ يَـٰٓأَيُّهَا ٱلنَّاسُ ٱعۡبُدُواْ رَبَّكُمُ ٱلَّذِى خَلَقَكُمۡ وَٱلَّذِينَ مِن قَبۡلِكُمۡ لَعَلَّكُمۡ تَتَّقُونَ ﴾

***«Эй адамдар, силерди жана силерден мурдагыларды жараткан Роббиңерге ибадат кылгыла, такыбалуу болуп калсаңар ажеп эмес».*** **[2:21]**

﴿ يَـٰٓأَيُّهَا ٱلۡإِنسَـٰنُ مَا غَرَّكَ بِرَبِّكَ ٱلۡكَرِيمِ ﴾

***«Эй инсан, сени улуу Роббиң туурасында*** *(«Ага ибадат кылбасаң да боло берет» деп)* ***кайсыл нерсе алдап койду?!»*** **[82:6]**

Усул илиминин аалымдары «шаръий өкүмдөргө буйрулгандар – мусулман же кайрымусулман болобу – буйрукту түшүнө турган бардык акыл ээлери» деп санашкан. Имам Газзолий «Ал-Мустасфа мин илмил-усул» китебинде айтат: «Шаръий өкүм каратылган адам – мукаллаф (шарият өкүмдөрүн аткарууга милдеттүү адам). Анын шарты: буйрукту түшүнө турган акылдуу болушу. Ал эми, өкүмдөр адамдын мойнуна жүктөлүшү маселесине келсек, бул инсанийликтен алынат. Анткени, мына ушул сыпат менен адам сунушту түшүнүүнүн негизи болгон акыл кубатынын кабыл алышына даяр болот». Ошондуктан, Исламга чакырылгандар – даъват жана буйруктар каратылган адамдар. Даъват – бул адамдарды Исламды кабыл алууга үндөө. Буйруктар – бул адамдарды Ислам өкүмдөрүнө амал кылууга мажбур кылуу. Бул бардык адамдарга тиешелүү. Ал эми, Исламий мамлекет өкүмү астындагы адамдарга карата болсо, тобу жана расасына карабастан, «инсаний бирлик» деп каралат. Мында бир гана моюн сунушу шарт кылынат (моюн сунушу дегени – мамлекетке жана түзүмгө ишенимдүү болуу дегени). Исламда «майда улуттар» деген нерсе болбойт, балким, бардык адамдар, ырасында алардын жарандыгы болсо, Исламий мамлекеттин жарандары болуп эсептелишет. Мында алардын адамдык касиети гана этибарга алынат. Демек, жарандыгы болгон ар бир адам – мусулманбы же кайрымусулманбы ага карабастан – шарият ал үчүн

белгилеп берген укуктардан пайдаланат. Кимдин жарандыгы болбосо, мейли ал мусулман болсо да, бул укуктарга ээ боло албайт. Мисалы, бир мусулмандын энеси христиан болуп, исламий жарандыкка ээ. Атасы болсо мусулман болсо да, исламий жарандыкка ээ эмес. Ушуга караганда, анын энеси андан нафака алууга акылуу. Атасынын болсо акысы жок. Эгер энеси андан нафака талап кылса, энеси жарандыкка ээ болгондуктан казы ага нафака берүүгө өкүм чыгарат. Эгер атасы уулунан нафака талап кылса, ал жарандыкка ээ болбогондуктан казы ага нафака берүү үчүн өкүм чыгарбайт жана анын даабасын четке кагат. Демек, казы Ислам өкүмү астында жашап жаткан жамаатты Исламий мамлекеттин жараны деп этибар кылып, жарандыкты алардын иштери Ислам менен башкарылышынын негизи кылды. Ушуну менен алар Дарул-Исламда жашай турган болушат.

Бул аларга өкүм жүргүзүү жана иштерди башкаруу тарабынан кароого карата. Ал эми, Ислам өкүмдөрүн колдонуу тарабынан кароого келсек, ал рухий тарабын эмес, мыйзамчылык тарабын алат. Буга себеп, Ислам аларга колдонулуп жаткан түзүмгө диний-рухий этибарда эмес, балким, мыйзамчылык этибарында карайт. Т.а. диндарлык этибары менен эмес, шаръий өкүмдөр этибары менен карайт. Буга себеп, шаръий нусустарда мыйзамчылык тарабы каралган. Анткени, нусус проблеманын чечими үчүн келген. Шариъ да адамдардын нусустарда бекем туруп алууларын эмес, маанилерге ээрчишин максат кылган. Ошондуктан, өкүмдөрдү ишке ашырууда өкүмдөн көздөлгөн максатка каралат т.а. өкүм истинбат кылынып жатканда нусустагы мыйзамчылык тарабы этибарга алынат. Бул шаръий өкүмгө халифа буюрган убакта ал бардык адамдар үчүн ишке ашырылышы важып болгон мыйзамга айланат. Мына ошондон Исламий мамлекетте бардык адамдардын шаръий өкүмдөргө моюн сунуулары зарыл болот. Мусулмандардын Исламга этикат кылуулары аларды Исламдын бардык өкүмдөрүнө мажбур кылат. Анткени, акыйдага ыраазылык – андан келип чыга турган бардык өкүмдөргө моюн сунуу дегени. Демек, Ислам акыйдасы – мусулмандарды Ислам акыйдасы алып келген бардык өкүмдөргө мажбур кылуучу түрткү, алардын ушул акыйдага болгон этикаты. Ошондуктан, мусулмандарга карата Ислам бир шарият болуп, шаръий өкүмдөр андан алынган т.а. Ислам бир дин болуп, мыйзам андан келип чыгат. Алар Исламдын бардык өкүмдөрүн аткарууга мажбур. Өздөрүнүн Алла Таалага болгон мамилелерине тиешелүү өкүмдөр – ибадат өкүмдөрүбү, же өздөрүнө тиешелүү өкүмдөр – адеп ахлак жана ичип-жей турган нерселердин өкүмдөрүбү, же башкалар менен боло турган мамилелерине тиешелүү өкүмдөр – мамиле жана жаза-чараларбы, булардын баарын аткарууга милдеттүү. Бардык мусулмандар Исламий акыйда тууарасында о.э. Куран жана Сүннөттүн шаръий далилдер, шаръий коидалар о.э. шаръий өкүмдөрдүн булагы

экендиги туурасында бирдей пикирде. Бул туурасында алардын эч бири ихтилафтуу пикирде эмес. Бирок, ижтихад өкүмүнө ылайык, алар Китеп жана Сүннөттү түшүнүүдө ихтилафтуу пикирде болушкан. Мына ушул ихтилафтар себептүү мусулмандар ичинде ар түрдүү мазхаб жана топтор пайда болду. Мунун себеби, Ислам мусулмандарга өкүмдөрдү истинбат кылуу укугун берген. Адамдардагы түшүнүү жөндөмү табиятынан бири-биринен айырмалуу болгондуктан, акыйдаларды түшүнүүдө, истинбат кылуу жолунда, өкүмдөрдө о.э. истинбат кылынган райларда ихтилафтар пайда болду. Мындай абал ар түрдүү топтор жана мазхабдардын пайда болушуна алып келди. Расулулла ﷺ мусулмандарды ижтихад кылууга үндөп, эгер аким өз ижтихадында ката кетирсе – бир сооп, эгер туура ижтихад кылса – эки сооп болушун баян кылган. Ислам ижтихад эшигин ачып койгон. Ошондуктан, мусулмандар ичинде ахли сүннөт, шиа, мутазила жана башка исламий топтордун пайда болушу таң каларлык иш эмес. Шафия, Ханафия, Маликия, Жаъфария, Зайдия жана башка исламий мазхабдардын бар экендиги да таң каларлык иш эмес. Бардык исламий топ жана мазхабдар бир акыйдага – Исламий акыйдага этикат кылышат. Бардыгы Алланын буйруктарына эргешүүгө жана кайтарууларынан узак болууга чакырылышкан о.э. белгилүү бир мазхабга эмес, балким, шаръий өкүмгө гана эргешүүгө буюрулушкан. Мазхаб шаръий өкүмдү белгилүү бир көрүнүштө түшүнүү болуп, мужтахид болбогон адам ижтихад кылууга кудуреттүү болбогондо мазхабга эргешет. Ошондуктан, мусулман мазхабга эмес, шаръий өкүмгө эргешүүгө буюрулган, Эгер ал кудуреттүү болсо шаръий өкүмдү ижтихад менен өзү алат. Эгер ижтихадга кудуреттүү болбосо, шаръий өкүмдү иттиба (мында ал муттабиъ болот) же таклид кылуу (бул абалда ал мукаллид болот) менен алат. Ушуга караганда, Исламий акыйдага о.э. Китеп жана Сүннөткө этикат кыла турган, «Китеп жана Сүннөт гана шаръий далилдердин, шаръий коидалардын, шаръий өкүмдөрдүн булагы болот» деп биле турган топ жана мазхабдардын баары исламий болуп эсептелет. Аларга ээрчиген бардык адамдар мусулман эсептелет жана аларга карата Ислам өкүмдөрү ишке ашырылат. Мамлекет бул исламий топторго жана фикхий мазхабдардын эргешүүчүлөрүнө – Ислам акыйдасынан чыгып кетишпесе эле – каршы эч нерсе кылбайт. Ал эми, алардан шахстар же жамааттар Ислам акыйдасынан чыкса, бул абал Исламдан кайтуу (муртаддык) деп этибар кылынат жана аларга карата муртаддардын өкүмү колдонулат. Мусулмандар Исламдын бардык өкүмдөрүнө чакырылышкан. Бул өкүмдөр ичинде: уурунун колу кесилиши, сүткордуктун арамдыгы, зекеттин фарздыгы, фарз кылынган намаз бешөө экендиги сыяктуу бир гана райдан башка рай болбогон катъий өкүмдөр бар, мындай өкүмдөр бардык мусулмандарга

бирдей түшүнүктө ишке ашырылат. Анткени, булар катъий өкүмдөр эсептелет.

Бирок, мындан башка да өкүмдөр, пикирлер жана райлар бар. Аларды мусулмандар ар түрдүүчө түшүнүшкөн. Бир мужтахид экинчисинен башкача ойлогон. Мындай абалды халифанын сыпаттары, хирожий жерлерден үшр алуу, жерди ижарага берүү сыяктуу маселелерден көрүшүбүз мүмкүн. Мындай ихтилафтуу пикирлерде халифа белгилүү бир райды табанний кылат жана бардыгынын ага моюн сунушу важып болот. Мындай убакта имам буюрган райдан башкача пикирдеги мусулмандар өз көз караштарынан баш тартып, имамдын райына баш ийүүлөрү шарт. Анткени, имамдын буйругу ихтилафты жоготот. О.э. бул жаатта имамга итаат кылуу важып болот. Бардык мусулмандар халифа табанний кылган өкүмдөрдө анын буйругун аткаруулары важып. Анткени, анын буйругу ачык да, жашыруун да таасирге ээ. Имам табанний кылып, ага буюрган шаръий өкүмдөн башка өкүмгө амал кылган ар бир мусулман күнөөкөр болот. Анткени, халифа буюргандан кийин, анын өкүмү мусулмандарга карата шаръий өкүм болуп калат. Мындан башкалары шаръий өкүм деп этибар кылынбайт. Анткени, бир адамга карата бир маселеде шаръий өкүм бир нече болбойт. Бирок, халифа акыйда маселелеринде бир да нерсе табанний кылбайт. Анткени, мындай табанний мусулмандарды акыйдада кыйын абалга салып коёт. Бирок, бидъатчылар жана өз эркин кармай албай адашкандар туура эмес акыйдаларды тутушса, мамлекет аларды жазалайт, эгер бул акыйдаларга этикат кылгандар капыр болушпаса. Ал эми, алардын акыйдалары капырлыкка алып бара турган болсо, анда аларга карата муртаддар өкүмү негизинде мамиле кылынат. О.э. халифа ибадаттарда да бирер нерсе табанний кылбайт. Анткени, мындай табанний мусулмандарга ибадаттарында машакат пайда кылат. Ошондуктан, халифа акыйдаларда – ырас, алар исламий акыйда болсо – белгилүү бир райга буйрубайт. О.э. ибадаттарда (зекет, жихад жана айт күндөрүн белгилөөдөн тышкары) да – бул ибадаттар шаръий өкүмдөр болгондуктан – белгилүү бир өкүмгө буюрбайт. Булардан башка мамилелердин баарында (соода-сатык, ижара, үйлөнүү, талак, нафака, шериктик жана башкаларда), жаза-чаралардын баарында (хаддар жана таазирлерде), тамак-аш, кийим-кечек жана адеп-ахлак маселелеринде халифа табанний кылуу укугуна ээ. Мусулмандар халифа табанний кылган нерселерде ага итаат кылуулары шарт.

Туура, халифа ибадат өкүмдөрүн турмушка ашырат жана намазды таштоочуну, Рамазанда орозо тутпаганды жазалайт. Шарияттын бардык өкүмдөрүн турмушка ашыргандай эле, ибадаттардын бардык өкүмдөрүн да аткарат. Бул аткаруу – мамлекеттин милдети. Анткени, намаздын важыптыгы ижтихадга кирбейт жана ибадаттарда табанний

деп да эсептелбейт, балким, бул нерсе бардыгынын назарында шаръий өкүмдүн аткарылышы болуп эсептелет. Халифа ибадаттарга жаза-чараларын колдонуу үчүн шаръий райды жайылтып, адамдарды ага амал кылууга мажбурлоо о.э. башка ар кандай өкүмдөргө да жаза чараларын аткаруу үчүн шаръий рай табанний кылуу укугуна ээ. Бул айтылгандар мусулмандарга карата. Ал эми, Исламий акыйдадан башка акыйдага этикат кылуучуларга келсек, алар:

1. Аталары муртад болгондон кийин туулган муртаддардын перзенттери. Алардын мушрик же ахли китеп экендиктерине ылайык, аларга кайрымусулман деген этибарда мамиле кылынат.

2. Өзүн мусулманмын деп айткан, бирок, Ислам акыйдасына тескери турмушта жашаган адамдар. Аларга муртаддардай мамиле кылынат.

3. Ахли китептер.

4. Мушриктер. Буларга: бутпарастар, сабиийлер, мажусийлер, индустар жана ахли китеп болбогондор кирет.

Акыркы эки топ өз этикаттары жана ибадаттары менен калтырылат. Алар нике жана талак иштеринде өз диндеринин талаптарына моюн сунушат. Мамлекет алар үчүн өздөрүнөн казы дайындайт. Бул казы жогорудагы иштерде жүзөгө келген келишпөөчүлүктөрдү мамлекеттик сот мекемелеринде көрүп чыгат. Ал эми, тамак-аш жана кийим-кечелер туурасында аларга жалпы түзүм алкагында (т.а. Ислам шарияты уруксат берген алкакта) өз диндеринин өкүмдөрүнө ылайык мамиле кылынат. Ахли китеп болбогондорго да ахли китептер сыяктуу мамиле кылынат. Расулулла ﷺ мажусийлер туурасында: «**Аларга да ахли китептердей мамиле кылгыла**», - деген.

Ал эми, мамилелер жана жаза-чаралар мусулмандарга кандай болсо, кайрымусулмандарга да ошондой колдонулат. Мусулмандардын шарият өкүмдөрүнө туура келген мамилелери аткарылып, туура келбегендери бекер кылынганы сыяктуу эле, кайрымусулмандардын мамилелери да шарият өкүмдөрүнө туура келе турган көрүнүштө башкарылат. Бул өкүмдөр бир адам экинчисинен ажыратылбастан бардыгына бирдей аткарылат. Анткени, Исламий мамлекеттин жараны болгон бардык адамдар диндери, расасы жана мазхабдары ар түрдүү болсо да, мамилелер жана жаза-чаралар жаатында исламий шарияттын өкүмдөрүн аткарууга о.э. Ислам өкүмдөрүнө моюн сунуп, амал кылууга буюрулушкан. Алардын бул иштерге буюрулушу диний жактан эмес, мыйзамчылык жактан. Ошондуктан, алар Исламга мажбур кылынбагандай эле бул өкүмдөргө этикат кылууга да мажбурланышпайт. Алла Таала айтат:

﴿ لَآ إِكۡرَاهَ فِي ٱلدِّينِۖ ﴾

***«Динде мажбурлоо жок».*** **[2:256]**

Расулулла ﷺ ахли китептерди диндеринен чыгаруудан кайтарды. Бирок, алар Ислам өкүмдөрүнө «аткарылышы важып болгон мыйзам»дыгы жагынан моюн сунууга мажбур кылынышат.

Жыйынтык ушул, Исламий мамлекет өзүнүн ички саясатында өз жарандарына – алардын мусулман же кайрымусулман экендиктерине карабастан – Исламий шариятты колдонот. Анын аткарылышы төмөнкүдөй болот:

а) Мусулмандарга Исламдын бардык өкүмдөрү колдонулат.

б) Кайрымусулмандар өз этикаттары жана ибадаттарында калтырылат.

в) Кайрымусулмандарга тамак-аш жана кийим-кече маселелеринде жалпы түзүм алкагында өз диндерине ылайык мамиле кылынат.

г) Кайрымусулмандар ортосунда нике жана талак иштери өздөрүнөн дайындалган казылар тарабынан өзүнчө мекемелерде эмес, мамлекеттик мекемелерде ажырым кылынат. Бул иштер алар менен мусулмандар ортосунда болсо, мусулман казылар тарабынан Ислам өкүмдөрүнө ылайык ажырым кылынат.

д) Мамлекет Исламий шарияттын калган иштерин т.а. мамилелер, жаза-чаралар, башкаруу түзүмү, экономика түзүмү жана башкалар бардыгына тегиз колдонот. Булардын мусулмандарга жана кайрымусулмандарга колдонулушу бирдей болот.

е) Исламий жарандыгы болгон бардык адамдар Ислам мамлекетинин раияты (калкы) эсептелет. Ошондуктан, мамлекеттин мусулмандар жана кайрымусулмандар ортосун ажыратпастан баарын тең коргошу важып.

## ИСЛАМИЙ МАМЛЕКЕТТИН ТЫШКЫ САЯСАТЫ

Тышкы саясат – бул мамлекеттин башка мамлекет, калк жана үммөттөр менен боло турган мамилелери. Бул мамилелер үммөттүн тышкы иштерин башкаруу дегени. Бул мамилелер өзгөрбөс туруктуу фикратка негизделет. Бул туруктуу бекем фикрат – бүткүл дүйнөгө, бардык калк жана үммөттөргө Исламды жаюу. Мына ушул нерсе Исламий мамлекеттин тышкы саясатынын негизи болуп саналат. Бул негиз эч качан өзгөрбөйт о.э. бийликте турган адамдардын өзгөрүшүнө карап башкача болуп калбайт. Чындыгында, бул негиз Расулулла ﷺ Мединага келген күндөн тээ Исламий мамлекет Усманийлер мамлекети кулаганга чейин бардык кылымдарда бар болгон жана бул негиз таптакыр өзгөргөн жок. Расулулла ﷺ Мединада мамлекет тикелеген күндөн баштап Исламий мамлекеттин башкалар менен боло турган мамилелерин Исламды жаюу негизине курду: Хижазда даъват иштерин алып барууга колун бошотуу үчүн яхудийлер менен келишимдерди түздү. Кийин Арабстан жарым аралында даъватты жаюу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу үчүн Худайбия келишимин түздү. Кийин Арабстан жарым аралындагы жана андан тышкарыдагы мамлекеттерге аларды Исламга кирүүгө даъват кылуу аркылуу алар менен Ислам негизинде мамилелер орнотуу үчүн каттарды жөнөттү. Кийин Расулулла ﷺдан кийин халифалар келишти жана алар да бардык мамлекеттер менен мамилелерин Исламды жаюу негизине курушту. Бүткүл дүйнөгө Ислам даъватын алып чыга башташты. Туура, бийликке келген акимдер Исламды жаюуда бири-биринен айырмаланышкан. Мисалы, Умавийлер Аббасийлерге караганда мамлекеттерди көбүрөөк фатх кылышкан жана Исламды тышкарыга көбүрөөк жайышкан. Усманийлер Мамлуктарга караганда мамлекеттерди көбүрөөк фатх кылышкан жана Исламды тышкарыга көбүрөөк жайышкан. Исламды жаюу Исламий мамлекеттин башка мамлекет, калк жана үммөттөр менен болгон мамилелеринин негизи болуп калды жана бир да халифанын халифалыгы доорунда бул негиз эч өзгөрбөдү. Мамлекеттин болушу ичкериде Исламды колдонуу, тышкарыда болсо Ислам даъватын жаюу үчүн болгон. Ушул себептен улам, Исламий мамлекеттин тышкарыдагы эң маанилүү милдети Исламий даъватты жаюу эле. Исламды жаюуну тышкы саясат үчүн негиз кылып коюучу нерсе – Мухаммад ﷺдын рисалаты бардык адамдар үчүн келгендиги. Алла Таала айтат:

﴿ وَمَآ أَرۡسَلۡنَٰكَ إِلَّا كَآفَّةٗ لِّلنَّاسِ بَشِيرٗا وَنَذِيرٗا ﴾

*«(Эй Мухаммад), **Биз сени шек-күмөнсүз, жалпы адамзатка** (бейиш жөнүндө) **сүйүнчү кабар жеткирүүчү,** (тозок азабынан) **эскертүүчү пайгамбар кылып жибердик».*** **[34:28]**

﴿ يَـٰٓأَيُّهَا ٱلنَّاسُ قَدْ جَآءَتْكُم مَّوْعِظَةٌ مِّن رَّبِّكُمْ ﴾

***«Эй инсандар, силерге Роббиңер тарабынан насаат келди».*** **[10:57]**

﴿ يَـٰٓأَيُّهَا ٱلنَّاسُ إِنِّى رَسُولُ ٱللَّهِ إِلَيْكُمْ جَمِيعًا ﴾

***«Эй адамдар, албетте, мен силердин баарыңарга Алла жиберген элчимин».*** **[7:158]**

﴿ وَأُوحِىَ إِلَىَّ هَـٰذَا ٱلْقُرْءَانُ لِأُنذِرَكُم بِهِۦ وَمَنۢ بَلَغَ ﴾

***«Силерди жана Куран жетип барган кишилерди** (акырет азабынан) **эскертишим үчүн мага мына ушул Куран вахий кылынды».*** **[6:19]**

﴿ يَـٰٓأَيُّهَا ٱلرَّسُولُ بَلِّغْ مَآ أُنزِلَ إِلَيْكَ مِن رَّبِّكَ ۖ وَإِن لَّمْ تَفْعَلْ فَمَا بَلَّغْتَ رِسَالَتَهُۥ ﴾

***«Эй пайгамбар, сага Роббиң тарабынан түшүрүлгөн нерсени бардык адамдарга жеткиргин! Эгер муну аткарбасаң, анда Анын рисалатын пенделерге жеткирбеген болосуң».*** **[5:67]**

Чындыгында, Расулулла ﷺ рисалатты адамдарга жеткирди. Расулулла ﷺ дүйнөдөн кайткандан кийин рисалаты жеткирилүүдөн токтоп калбады. Арийне, Исламий даъватты дүйнөгө жаюу Расулулла ﷺ иштеринин уланышы болду. Мусулмандар ушул жолдо жүрүштү жана Исламий даъватты жаюуну улантышты. Чындыгында, Расулулла ﷺ коштошуу ажылыгында: «**Ушул жерде болгондор жокторго жеткирсин, анткени, жеткирилген канча-канча адамдар бар, угуучудан көрө жакшыраак түшүнүүчү болот. Менин сөздөрүмдү угуп, жаттап алып, кийин укпаган адамдарга жеткирген кишинин жүзүн Алла Таала нурдуу кылсын**», - деген. Демек, Расулулла ﷺ доорунда, ал заттан кийин халифаларынын доорунда Исламий даъватты жаюу Исламий мамлекеттин башка мамлекет, калк жана үммөттөр менен мамилелеринин негизи болгон. Шаръий өкүм да мына ушундай. Ал Китеп, Сүннөт жана сахабалар ижмасы менен тастыкталган. Ошондуктан, Исламий мамлекеттин тышкы саясаты Исламий даъватты бүткүл дүйнөгө жаюу болуп саналат.

Бул саясат өзгөрбөс, бекем тарыйкат менен ишке ашырылат. Бул тарыйкат – жихад. Бийлик башындагы адамдар канчалык өзгөрсө да, бул тарыйкат эч качан өзгөрбөйт. Расулулла ﷺ Мединада мамлекет тикелеген күнүнөн баштап кошуун даярдап, даъваттын жолунда тосук болуп турган тосуктарды алып таштоо үчүн жихадды баштады. Курайш Исламий даъваттын жолунда турган тосук эле. Расулулла ﷺ аны алып таштоого катъий токтом кылды. Даъваттын жолун тосуп жаткан башка вужуддарды да жок кылды. Натыйжада Ислам бүтүндөй Арабстан жарым аралына жайылды. Кийин Исламий мамлекет башка үммөттөргө да Исламды жаюу үчүн аракетти баштады. Бул үммөттөрдүн башында

турган бийлик даъваттын алдындагы маддий тосук экенин көрдү. Демек, даъваттын алдынан мына ушул тосукту алып таштоо жана башка калктарды Ислам менен башкаруу аркылуу Исламга даъват кылуу зарыл эле. Ошондо алар Ислам адилеттүүлүгүн, анын туусу астындагы бейпил жашоону өз көздөрү менен көрүп, сезишет. Алар Исламга мажбур кылынбастан, чырайлуу жолдор менен чакырылышат. Ошентип, жихад Исламды жаюунун тарыйкаты катары уланды. Жихад менен мамлекеттер, өлкөлөр фатх кылынды. Жихад менен падышалыктар жана мамлекеттер кулатылды жана Ислам жер жүзүнө жайылды жана жүз миллиондогон адамдар акыйкат жолду табышты. Демек, тышкы саясатты ишке ашырууда тутулган жол жихад эле. Бул өзгөрбөй турган, бекем тарыйкат эле жана ал кийинчерээк да ошондой бойдон калды. Жихад – бул Исламга даъват кылуу жана Алла жолунда түздөн-түз өзү катышуу менен, же малы, же пикири, же санды көбөйтүү аркылуу кыйыр түрдө катышуу менен жардам берип күрөшүү. Жихад Куран жана хадистин нусустары менен фарз. Мусулмандар душманды оболу Исламга чакырган, буга көнүшпөсө жизя төлөөгө үндөгөн, эгер буга да көнүшпөсө, андан кийин согуш башташкан. Жихад туурасындагы шаръий өкүм мындай: капыр душмандар курчоого алынганда, алар Исламга даъват кылынат. Эгер Исламга киришсе, алар да үммөттүн бир бөлүгүнө айланышат жана аларга каршы согушуу арам болот. Эгер көнүшпөсө, алардан жизя төлөө талап кылынат. Эгер жизя төлөшсө, муну менен кандары жана малдарын сактап калышат. Алардын өлкөлөрү да Ислам менен башкарыла турган Дарул-Исламга айланат жана алар да мусулмандар үчүн берилген адилеттүүлүк, ынсап, коргоо сыяктуу укуктардан пайдаланышат. Мусулмандардын иштери турмуштарында керек боло турган бардык нерселерди камсыздап берүү менен кандай башкарылса, алардын иштери да ошондой башкарылат. Мамлекетке жана түзүмгө ишенимдүү болуу мусулмандарга кандай важып болсо, аларга да кудум ушундай важып болот. Эгер душман Исламдан да, жизя төлөөдөн да баш тартса, анда ага каршы согушуу адал болот. Ошондуктан, мамлекеттин калкына каршы – ага Исламды сунуш кылбай туруп – согушуу мүмкүн эмес. Факихтер «Исламий даъват жетип барбаган кишилерге каршы согушуу адал эмес» деп насс келтиришкен. Ушундан улам, бирер мамлекетке согуш баштоодон мурда ал жердеги калкта Ислам жөнүндө жалпы түшүнүктү пайда кылуу, аларга Исламий даъват жөнүндө туура пикир берүү жана Ислам өкүмдөрүн адамдарга жеткирүүгө аракеттерди алып баруу керек. Анткени, алар Исламдын аларды куткарышын билишсин. Исламий мамлекет болсо дин жөнүндө ачык маалыматтарды берүүгө, Ислам пикирлерин жаюуга, даъват жана үгүттөө иштерин алып барууга о.э. Исламий мамлекеттин күч-кубатын, мусулмандардын айбаты жана

эрдигин көрсөтүүгө тиешелүү болгон саясий иштерди алып барышы керек. Расулулла ﷺ мындай иштердин бир нечесин кылган. Мисалы, даъватчы сахабалардан кырк кишини Нажд калкына Исламды жеткирүү үчүн жиберди. Табук казатына чыгарында Мединада мусулмандардын кошуунун элдин көзүнө көрсөтүү менен мамлекеттин кудуретин көрсөттү. Ошондуктан, Расулулла ﷺ: «**Мага бир айлык аралыктагы душманды коркууга салып коюу менен жардам берилди**», - деген. Исламий мамлекеттеги мусулмандар кошууну бардык кылымдарда душмандарды коркууга сала турган сыпатка ээ болгон. Ошондуктан, Европа «Исламий кошуун эч качан жеңилбейт» деген пикирде болгон жана ал бул пикирди бир нече кылымдар бою алып жүргөн. Ошондуктан, оболу исламий пикирлерди жаюу о.э. мамлекеттин кудуретин көрсөтүүгө тиешелүү саясий иштерди алып баруу жана ошондон кийин гана түздөн-түз согушка киришүү керек. Мейли, жихад Исламды жаюунун өзгөргүс тарыйкаты болсо да, саясий иштер жана максаттуу аракеттер согуш башталышынан мурда ишке ашырылышы керек. Бул нерсе Исламий мамлекет менен башка мамлекет, калк жана үммөттөр ортосунда мамилелерди белгилүү бир багытта бекемдөөдө т.а. Исламды жаюуну жеңилдете турган жакшы кошуначылык, экономикалык мамилелер жана башка тараптардан бекемдөөдө негизги түрткү болот.

Демек, башка мамлекет, калк жана үммөттөр арасында Исламды жаюу, аларга даъватты алып чыгуу Исламий мамлекеттин алар менен боло турган мамилелери негизделе турган саясий идеология болуп саналат. Мунун тарыйкаты болсо жихад. Бирок, бул жерде план жана ыкмалар да бар болуп, аларды мамлекет иштеп чыгат жана аларды ишке ашыруу жолдорун белгилейт. Мисалы, Расулулла ﷺ Мединага келген биринчи күндөрүндө кылгандай, кээ бир душмандар менен белгилүү бир мөөнөткө жакшы кошуначылык келишимдери түзүлөт, ал эми, башкаларга согуш кылынат. Же Абу Бакр ؓ бир убакта Сирия жана Иракка кошуундарды жөнөткөндөй, бардык душмандарга каршы согуш жарыя кылынат. Же Расулулла ﷺ Худайбияда кылгандай, даъват жөнүндө жалпы райды жүзөгө келтирүү үчүн белгилүү бир мөөнөткө тынчтык келишими түзүлөт. Кээде Расулулла ﷺ Бадр казатынан мурда сариялар жөнөткөндөй жана Умавийлер халифалыгы доорунда Рум чегараларына жайкы жана кышкы бөлүктөрдү жибергендей, душманды коркууга салуу ыкмасы катары жергиликтүү согуштар алып барылат. Кээде мамлекет даъватты жолго коюу үчүн кээ бир мамлекеттер менен соода келишимдерин түзөт, ал эми, кээ бирлери менен түзбөйт, даъват үчүн белгиленген планга ылайык кээ бир мамлекеттер менен мамиле кылса, кээ бирлери менен мамиле кылбайт. Кээ бир мамлекеттерге карата даъват жана үгүттөө ыкмаларын колдонсо, башка мамлекеттерге карата душмандын

пландарын ашкере кылуу жана суук согуш алып баруу ыкмаларын колдонот. Ошентип, мамлекет пландарды түзөт жана иштин түрү белгиленгенине жана даъваттын пайдасына карай ыкмаларды ишке ашырат. Бул план жана ыкмалар Исламды жаюу менен жихад ишин жеңилдетет. Ошондуктан, план жана ыкмалар тышкы саясатта зарыл болгон чара эсептелет. О.э. бүткүл дүйнөдө Ислам жана Исламий мамлекет жөнүндө жалпы райды пайда кылуу да зарыл. Бирок, бул иштердин баары Алла жолунда жихад кылуу аркылуу Исламды жаюу үчүн болот.

## ИСЛАМИЙ ФАТХТАР ИСЛАМДЫ ЖАЮУ ҮЧҮН

Исламий үммөт бардык адамдарга Исламий даъватты алып чыгууга мукаллаф экендиги себептүү мусулмандардын бүткүл дүйнө менен байланышуусу зарыл. Исламий мамлекет да бул байланышты ишке ашырып, даъватты дүйнөдөгү бардык адамдарга жеткириши, даъватты жаюуда белгиленген тарыйкатты колдонушу керек. Ошондуктан, Исламий мамлекеттин мамлекеттерди фатх кылышы важып. Бул фатхтар мусулмандар мойнундагы милдетти ишке ашыруу үчүн гана болот. Бул милдет болсо, Ислам өкүмдөрүн орнотуу, алардын арасында Ислам пикирлерин жаюу аркылуу акыйкат динди жеткирүүдөн турат. Ошондуктан, исламий фатхтар элдерди эксплуатация жана колония кылуу, алардын өлкөлөрүндөгү байлыктарды ээлеп алуу үчүн болгон жок, тескерисинче, бир гана максатта т.а. аларды бактысыз турмуштарынан жана бузук түзүмдөрүнөн куткаруу максатында болду. Бул нерсе Исламий мамлекеттин пайда болушу, Исламий фатхтардын аракети жана жихаддын фарз экендигинде көрүнөт.

Чындыгында, Исламий мамлекет кудуреттүү, бекем жана фатхтар кылуучу болуп жүзөгө келди. Анын пайда болушундагы негиз – жергиликтүү мамлекет эмес, дүйнөлүк мамлекет болуу эле. Анткени, анын акыйдасы жалпы адамзаттык акыйда, анын түзүмү да бүткүл адамзатка кызмат кылуучу түзүм болгону себептүү, ал дүйнөлүк түзүм болуп эсептелет. Ушул себептен улам, анын жайылышы жана мамлекеттердин фатх кылынышы табигый, себеби, Исламий мамлекеттин түзүмү анын мойнуна фатх кылууну жүктөйт. Мына, мусулмандар Расулулла ﷺга Акабадагы экинчи байъатты беришти, мейли, бул бүткүл мал-дүйнөлөрүнүн жок болушу жана улууларынын өлүп кетишине себеп болсо да, кызыл-кара бардык адамдарга каршы согуш кылууга байъат беришти, кыйын жана жеңил күндөрүндө да, шаттык-кайгылуу учурларында да кулак салып, моюн сунууга, кайда болушпасын Алла жолунда фитначынын фитнасынан коркпостон акыйкатты айтууга, Исламий даъватты коргоо жолунда жанды саюуга байъат кылышты жана мунун акысына алар үчүн бейиштен башка эч нерсе берилбейт. Булар Исламды дүйнөгө алып чыккан кошуундун алгачкы бүчүрлөрү эле. Мына ушундай байъат берген бул кошуун кандай кошуун болуш керек? Бул кошуун эмнени пайда кылат? Анын бул байъатта көрүнгөн аскерий милдети эмнеден турат? Бул милдет Ислам даъватын бүткүл дүйнөгө жаюу эмес беле? Ооба, алар даъват үчүн гана келишти жана даъват үчүн байъат беришти жана даъват жолунда өлүмгө да даяр болушту.

Расулулла ﷺ дүйнөдөн кайтышынан мурда фатхтардын планын белгилеп берген эле. Анткени, Расулулла ﷺ Арабстан жарым аралында Исламий мамлекет курулгандан кийин, хижраттын жетинчи жылы Кисро, Кайсар жана башка падышалар менен амирлерге Исламга

даъват кылып каттарды жиберүү, Муъта жана Табук казаттары, Усаманын кошуунун согушка даярдоо менен жарым арал тышкарысына Исламий даъватты жаюунун планын түздү. Расулулла ﷺдан кийин халифалары ал зат даъват кылган мамлекеттерди фатх кылышкан убакта мына ушул планды ишке ашырышты. Кийин мына ушул негизде арты-артынан исламий фатхтар боло баштады. Исламий мамлекет бул жүрүштө бай мамлекет болгон Египет менен какыраган чөл, жолу машакаттуу, байлыктары жок, фатх кылынышы кыйын о.э. даъватты жаюу машакаттуу болгон Түндүк Африка өлкөлөрүн айырмалап олтурбады. Анткени, ал Исламды жаюу жана даъватты жеткирүү үчүн гана фатх кылды. Бул болсо, Исламий мамлекеттен бай же кембагал экендигине карабастан ар бир мамлекетке кирүүнү жана моюн сунушу же каршы чыгышына карабастан ар бир калкты даъват кылууну талап кылат. Анткени, Исламды жаюу жана анын даъватын жеткирүү фатх кылына турган өлкөнүн бай же кембагал экендигине, калкынын кабыл алышы же четке кагышына карабайт, балким бир гана нерсени билет – Исламий даъватты өзүнөн турмуш мыйзамдары келип чыга турган пикирий жетекчилик катары жеткирүүнү о.э. бул жеткирүү дүйнөдөгү бардык адамдарга бирдей болушун гана билет.

Чындыгында, Курани Карим мусулмандарга жихад бир гана Алланын жолунда жана бүткүл дүйнөгө Анын рисалатын алып чыгуу үчүн гана болот деп жихаддын фарз экендигин баян кылып берди. Куранда мусулмандарды Ислам үчүн согушууга буюрган өтө көптөгөн аяттар бар. Алла Таала «Анфал» сүрөсүндө айтат:

﴿ وَقَـٰتِلُوهُمۡ حَتَّىٰ لَا تَكُونَ فِتۡنَةٞ وَيَكُونَ ٱلدِّينُ كُلُّهُۥ لِلَّهِۚ ﴾

***«Эч бир фитна т.а. куфр калбай, бүткүл дин Алланыкы болгонго чейин капырлар менен согушкула».*** **[8:39]**

Алла Таала «Бакара» сүрөсүндө мындай дейт:

﴿ وَقَـٰتِلُوهُمۡ حَتَّىٰ لَا تَكُونَ فِتۡنَةٞ وَيَكُونَ ٱلدِّينُ لِلَّهِۖ ﴾

***«Фитна калбай, бүткүл дин Алланыкы болгонго чейин алар менен согушкула».*** **[2:193]**

Алла Таала «Тообо» сүрөсүндө айтат:

﴿ قَـٰتِلُواْ ٱلَّذِينَ لَا يُؤۡمِنُونَ بِٱللَّهِ وَلَا بِٱلۡيَوۡمِ ٱلۡأٓخِرِ وَلَا يُحَرِّمُونَ مَا حَرَّمَ ٱللَّهُ وَرَسُولُهُۥ وَلَا يَدِينُونَ دِينَ ٱلۡحَقِّ مِنَ ٱلَّذِينَ أُوتُواْ ٱلۡكِتَـٰبَ حَتَّىٰ يُعۡطُواْ ٱلۡجِزۡيَةَ عَن يَدٖ وَهُمۡ صَـٰغِرُونَ ﴾

***«Аллага жана акырет күнүнө ишенбеген, Алла жана Анын пайгамбары арам деген нерсени арам дебеген, Акыйкат динге этикат***

***кылбаган ахли китептерге каршы, тээ алар кордолгон абалдарында өз колдору менен** (моюндарындагы) **жизяны төлөшмөйүнчө, согушкула».*****[9:29]**
Бул жана булардан башка аяттар жихадга буюруп, мусулмандарга фатхтардан эмне максат көздөлгөнүн белгилеп берет жана аларды мына ушундай фатхтарга үндөйт.

Демек, Исламий мамлекеттин тикеленишиндеги негиз – Исламий даъватты жеткирүү болгон. Исламий даъватты жеткирүү үчүн исламий кошуун түзүлгөн, жихад фарз кылынган жана фатхтар Исламий даъват үчүн ишке ашырылган. Исламий даъватты бүткүл дүйнөгө жаюу гана мусулмандарга Ислам мамлекетин куруу мүмкүнчүлүгүн берет.

## ИСЛАМИЙ ФАТХТАРДЫ БЕКЕМДӨӨ

Мусулмандар дүйнөнүн ар түрдүү өлкөлөрүн фатх кылышты жана ал жерлерди Ислам өкүмдөрү менен башкарышты. Чындыгында, Ислам мусулмандарга өкүмдарлык жана жетекчиликти өз колдоруна алууну фарз кылган. Аларды кайрымусулмандар башкарышы, алардын үстүнөн өкүмдар болушу таптакыр жайыз эмес. Алла Таала «Ниса» сүрөсүндө айтат:

﴿ وَلَن يَجْعَلَ ٱللَّهُ لِلْكَٰفِرِينَ عَلَى ٱلْمُؤْمِنِينَ سَبِيلاً ﴾

***«Алла эч качан капырлар үчүн момундар үстүнө жол бербейт».*** **[4:141]**
Күч-кудуретти момундарга берген Алла Таала «Мунафикун» сүрөсүндө айтат:

﴿ وَلِلَّهِ ٱلْعِزَّةُ وَلِرَسُولِهِۦ وَلِلْمُؤْمِنِينَ وَلَٰكِنَّ ٱلْمُنَٰفِقِينَ لَا يَعْلَمُونَ ﴾

***«Акыйкатта, бардык күч-кудурет Алланыкы, Анын пайгамбарыныкы жана момундардыкы. Бирок, мунафыктар муну билишпейт».*** **[63:8]**
Бирок, Алла Таала мусулмандарга аларда исламий нафсия жана исламий каалоо ишке ашкан убакта гана күч-кудурет берди, дүйнөгө өкүмдар жана жетекчи кылды. Т.а. өкүмдарлыктан максат бийликке ээлик кылып, башкарууну колго алуу каалоосу эмес, балким, Исламды колдонуу жана даъватты жаюу деп биле турган исламий нафсия о.э. өкүмдарлыктын маанисин түшүнө турган жана Алланын алдындагы жоопкерчилигинин маанисин түшүнүп жете турган Исламий аклия жүзөгө келгенде гана Алла Таала аларды өкүмдар жана жетекчи кылды. Чындыгында, Ислам нуру акимдердин сөздөрү жана иштеринде көрүндү. О.э. бул нур алар башкарган адамдарга Ислам өкүмдөрүнүн колдонулушунда да көрүндү. Ислам өкүмдөрү адамдарга колдонулушу себептүү алар Алланын динине топ-топ болуп кирищти, Ислам акыйдасын кабыл алышып, өкүм жүргүзүү жана жетекчиликти колго алышты жана күч-кубатка ээ болушту. Алардын өлкөлөрү Дарул-Исламга жана гүлдөп-өскөн мамлекетке айланды. Ошентип, исламий фатхтар ал жерде Ислам менен өкүм жүргүзүлгөнү жана жергиликтүү элдин жаңы динге киргени себептүү бекемделди. Ал тургай, мусулмандар кайсы өлкөлөрдү фатх кылышкан болсо, бул фатх кыямат күнүнө чейин өзгөрбөс болуп калды, бул өлкөлөрдү жана калктын турмушун бүтүндөй өзгөртүп жиберди. Өздөрүн капырлардан мусулмандарга, өлкөлөрүн дарул-куфрдан Дарул-Исламга айлантты. Ал өлкөлөрдөн Исламдын башкаруусу кеткенден кийин да ал жерлер исламий өлкө бойдон, ал эми калкы болсо мусулман бойдон кала берди. Исламий мамлекет жок кылынган болсо да, бул жерлер бүгүнкү күнгө чейин Исламий өлкө, калкы мусулман жана Ислам башкаруусу кайтып келиши үчүн ылайыктуу жер болуп

калууда. Бул өлкөлөрдө исламий фатхтардын дайымий калышын бекемдеген жана кыямат күнгө чейин Исламды бекем орноткон себептердин айрымдары төмөнкүлөр: фатх кылынган өлкөлөрдү башкарууну жеңилдештирген Ислам шарияты; калкын акыйкат динге кирүүгө даярдаган башкаруу тарыйкаты жана акимдердин аларга болгон мамилелери; мусулман болгондордун жүрөктөрүнө Исламды түбөлүк өчпөс кылып койгон нерсе – акыйданы жана өкүмдөрдү кабыл алышкандыгы жана башкалар. Бул иштерди кыскача мындайча баяндоого болот:

1. Ислам өз акыйдасында аклий о.э. райлары жана өкүмдөрүндө пикирий. Ошондуктан, Ислам аны кабыл алуучуга акыл жолу менен ыйман келтирүүнү, өкүмдөрдү акыл жардамында түшүнүп жетүүнү фарз кылат. Ошондуктан, Исламды кабыл алуунун өзү – жаратуучу бар экендигин түшүнүп жетиши үчүн анын назарын Алланын жараткан нерселерине караткан учурда жана анда истинбат жана проблемаларын чечүү үчүн шаръий өкүмдөр үстүндө изденүүгө пикир ойготкон убакта – аны пикирлөөчү инсанга айлантып коёт. Муну менен анын жүрөгүндө Исламга этикат кылган учурунда жана өкүмдөрүн түшүнүп колдонгон убагында Ислам бекем орношкон болот.

2. Ислам мусулмандардан окуп-үйрөнүүнү талап кылат. Мусулман Исламды үйрөнүү жана түшүнүү үчүн эки шахадатты тили менен айтышынын өзү жетиштүү эмес, балким, аны аң-сезимдүүлүк менен үйрөнүшү, сакафаттанышы керек. Мындай үйрөнүү анын пикирин кеңейтет, билимдерин байытат, акылын өстүрөт жана башкаларга таалим берүүчү мугалим кылып эрезеге жеткирет.

3. Ислам мабдасынын жана шаръий өкүмдөрүнүн табияты алардын таалим жана үйрөнүү аркылуу таалим алуучуга жана ал жашай турган чөйрөгө таасир көрсөтө турган болушун важып кылат. Ошондуктан, мусулмандар Исламды ага амал кылуу үчүн үйрөнүшкөн. Анын өкүмдөрүн акылы менен кабыл алышкан. Бул болсо, алардын туйгуларына таасир көрсөттү. Ошондуктан, турмуштагы милдеттерин терең сезишти. Мунун натыйжасында мусулмандарда терең пикир, терең билим, Ислам үчүн жан күйдүрүү сыпаттары пайда болду. Анткени, алардын жүрөктөрүнө исламий акыйда бекем орношкон, Ислам райлары, пикирлери жана өкүмдөрүн терең үйрөнүүдөн кийин кабыл алган жана Исламдын амалий жагы өкүмдар болгон эле.

Алар Исламды бир гана илим үчүн үйрөнүшпөдү. Андай абалда алар Ислам жөнүндөгү маалыматтар топтому гана болуп калышмак. Алар Исламды куру насаат жана курулай жол-жосун деп билишпеди. Мындай абалда алар ыйман оту жок таасирсиз адамдар болуп калышат эле. Ооба, мусулмандар бул эки кооптуу жактан Исламды куру акыйкаттар катары үйрөнүүдөн о.э. курулай насаат жана жол-

жорук деп билүүдөн алыс болушту. Түшүнүктөр жана өкүмдөрдү алуу тарыйкатын болсо «Исламды терең-жаркын түшүнүүдөн келип чыккан абалда турмушка амалий колдонуу» деп чектешти.

4. Ислам адамды өнүктүрүп барат т.а. жогорку жетишкендикке жеткирүү үчүн алга жетелейт. Ислам мусулмандарга белгилүү бир амалдарды фарз кылды. Бул амалдарды аткаруу адамды рухий бийиктикке, дил кадыржамдыгына жана чыныгы бактылуулуктан пайдалана турган жогорку жетишкендикке алып чыгат. Жогорку жетишкендик чокусуна көтөрүлүү кыйын болсо, бул бийиктикте бекем туруу андан да кыйынырaак. Ушул себептен, адам улуулугу жана жетишкендиги туруктуу орношуп калышы үчүн бул амалдар убактылуу эмес, дайымий болот.

Бул амалдар ибадаттар болуп, алардын кээ бирлери фарз жана кээ бирлери мандуб. Бардык адамдар тарабынан фарздардын аткарылышы алардын көтөрүлүшү зарыл болгон бийиктиктин жалпы даражасын түшүндүрөт. Мандуб амалдарды аткаруу болсо адамды жогорку жетишкендик жолунда тездик менен аракет кылууга үндөйт.

Бул ибадаттарды аткаруу түйшүктүү, ал курута оор келе турган иш эмес. Анда дүйнө байлыктары жана ырахаттарынан жүз үйрүү да, анын коолдуктарынан жана кубаныч-шаттыктарынан жүз үйрүү да, адамдын ички каалоолорун кысымга алуу жана адам табиятына каршы чыгуу да жок. Тескерисинче, бул ибадаттарды аткаруу – күчү жана эрки канчалык болушуна карабастан – ар бир адам үчүн оңой иш. Бул ибадаттар адамды дүйнө ырахаттарынан куру калтырбайт. О.э. мусулмандар мандуб ибадаттарды ырахаттануу менен аткарышат. Алланын ыраазылыгына жетишип жатышканын терең сезген абалда фарз ибадаттарга кошумча ибадаттарды да аткарууга умтулушат.

5. Мусулмандар башка өлкөлөрдү ал жерлерге Исламий даъватты алып баруу үчүн фатх кылышкан. Ошондуктан, алар өздөрүн рахмат жана хидаят элчилери деп билишип, кайсы өлкөгө кирип барышса, ал жерди Ислам менен башкарышкан. Фатх кылынган өлкөлөрдүн калкы Исламий мамлекеттин коргоосуна кириши менен аларга мусулмандарга тиешелүү укуктар берилип жана мусулмандар мойнундагы милдеттер аларга да жүктөлгөн. Ушул фатх кылынган өлкө да Исламий мамлекеттин курамындагы башка өлкө ээ болгон укук жана милдеттерге ээ болуп, мамлекеттин бир бөлүгүнө айланган. Анткени, Исламда башкаруу түзүмү бир бүтүндүк. Ошондуктан, фатх кылынган өлкөлөрдүн калкы өздөрүн колония кылынган деп сезишпеди. Ошондуктан, адамдар мусулмандар башкарып жаткан көрүнүштөрдө Исламдын акыйкатын иш жүзүндө көрүшкөндөн кийин акыйкат динге умтулуулары таң каларлык эмес.

6. Ислам мабдасы жана өкүмдөрү бардык адамдар үчүн жалпы болот. Аларды үйрөнүү бардык адамдар үчүн мубах, балким, аларды баарына Исламдын ырахатын көрүүлөрү жана акыйкатын түшүнүп жетүүлөрү үчүн үйрөтүү фарз. Расулулла ﷺ валийлер, акимдер жана мугалимдерди Ислам менен башкара турган жана анын өкүмдөрүн үйрөтө турган кылып жиберген. Расулулла ﷺдан кийин да мусулмандар ар түрдүү өлкөлөрдү фатх кылышты, ал жерге акимдер жана мугалимдерди жиберишти, адамдарга Исламды үйрөтүштү жана Куран өкүмдөрүнөн таалим беришти. Натыйжада фатх кылынган өлкөлөрдүн калкы, ал тургай, Исламды кабыл албагандары да, исламий билимдерди үйрөнүүгө киришишти.

7. Исламий шарият – камил (кемтиксиз толук) жана бүткүл дүйнөлүк шарият. Ошондуктан, мусулмандар өлкөлөрдү фатх кылышканда ал жерлердеги калктардын мыйзамдарын үйрөнүүгө да, турмуштук проблемаларын чечип берүү үчүн өздөрү алып келген өкүмдөр менен бул өлкөлөрдөгү мыйзамдарды ылайыкташтырууга да зарылчылык сезишпеди. Балким, фатх кылышкан биринчи күндөн баштап Исламды колдоно беришти. Алардын колдонуу тарыйкаты революциялык түрдө болгон. Мында баскычма-баскыч колдонуу же мурдагы түзүмдүн кемчиликтерин аз-аздан жок кылуу деген нерсе болбогон. Туш келген вакыйлыкка көңүл бурушпаган жана аны эсепке да алышпаган. Анткени, мусулмандар башка өлкөлөрдү ал жерлерге Исламды жеткирүү о.э. ал жерлердеги бузук вакыйлык жана бейпил болбогон турмушту өзгөртүү үчүн фатх кылышкан. Ошондуктан, аларга бул өлкөлөрдү биринчи күндөн Ислам менен башкаруу ылазым эле жана бул өлкөлөрдө мусулмандардын башкаруусу бекем орношуп калат эле. Алар бирер «мыйзамдык кыйынчылык» жана «өткөөл мезгил» сыяктуу кыйынчылыктарга туш келишпеди. Себеби, алар даъваттары аркылуу бул өлкөлөргө бардык заман жана бардык мекенде бардык адамдарга колдонула турган түзүмдөр, мыйзамдар жана өкүмдөр келип чыга турган акыйданы алып киришкен.

## ЭЛДЕРДИ БИРИКТИРИП, БИР ҮММӨТКӨ АЙЛАНДЫРУУ

Расулулла ﷺ бүткүл Арабстан жарым аралы Исламга киргенден кийин, ал жерде ширкти жоготту. Ал жер толук Ислам менен башкарыла турган Ислам диярына айланып, Алла Таала Ислам неъматын кемтиксиз кылып бергенден жана Исламдын алар үчүн дин болушуна ыраазы болгондон кийин кошуна үммөт жана калктардын падыша жана амирлерине кат жөнөттү. Муъта жана Табукта Рум чегараларына сариялар жиберди жана казаттар кылды. Пайгамбар алайхиссалам мына ушулар аркылуу Исламга даъват кылууну баштагандан кийин дүйнөдөн кайтты. Расулулла ﷺдан кийин хулафаи рошидиндер келди жана фатхтар дагы уланды. Ирак фатх кылынды. Бул жерде насроний, маздакий жана зардуштий динидеги араб жана перстер жашачу. Перс фатх кылынды. Бул жерде ажамдар (арабдан башкалар), яхудийлер жана румдуктар жашачу, алар перстердин дининде болгон. Шам фатх кылынды. Ал Рум империясына караштуу өлкө болуп, анын калкы румдуктардын сакафаты менен тарбияланган жана насроний дининде эле. Ал жерде шамдыктар, армяндар, яхудийлер, азыраак румдуктар жана арабдар жашайт эле. Мисир фатх кылынды. Бул жерде мисирликтер, азыраак яхудий жана румдуктар жашачу. Түндүк Африка фатх кылынды. Ал румдуктардын колунда болуп, ал жерде барбарлар жашаган. Хулафаи рошидинден кийин Умавий халифалар келди. Синд, Хорезм, Самаркандды фатх кылышты жана бул жерлерди Исламий мамлекеттин жерлерине кошушту. Кийин Андалус (Испания) фатх кылынды жана ал Исламий мамлекет вилаяттарынын бири болуп калды. Бул өлкөлөр улуттары, тили, дини, үрп-адаттары, мыйзамдары жана сакафаты бири-бирине окшобой турган ар түрдүү болгондуктан, ал калктардын пикир жана каалоолору бири-биринен айырмалуу болушу табигый эле. Ошондуктан, аларды бири-бирине аралаштырып жиберүү жана дини, тили, сакафаты жана мыйзамдары бирдей болгон жалгыз бир үммөт кылып калыптандыруу өтө оор жана машакаттуу иш эле. Мындагы ийгилик адаттан тышкаркы окуя деп этибар кылынат. Муну Исламдан башкасы ишке ашыра албаган жана ал Исламий мамлекеттин колунда гана ишке ашкан. Анткени, бул элдердин баары алардын үстүндө Исламий мамлекеттин туусу нур чача баштагандан кийин, бир бүтүн Исламий үммөткө айланышты. Бул Ислам менен башкарылуулары жана Ислам акыйдасын кабыл алууларынын таасиринде ишке ашты. Калктарды бириктирүүдө бир нече түрткүлөр таасир көрсөттү. Алардын негизгилери төмөнкүлөр:

1. Ислам буйруктары.
2. Фатх кылган мусулмандардын фатх кылынган башка үммөттөр менен үй-жай жана тиричилик маселелеринде бири-бири менен аралашып кетүүсү.
3. Фатх кылынган мамлекеттин калкынын баары Исламга кирүүсү.

4. Мусулман болгондордо пайда болгон революциялык өзгөрүш жана аларды бир абалдан башка абалга өткөрүү.

Ислам буйруктарына келсек, алар адамдарды кайсыл жерде кудурети жетсе, ошол жерде динге даъват кылууга, Ислам даъватын жаюуга жана хидаятын таратууга чакырат. Бул болсо, адамдар Исламды жана анын өкүмдөрүнүн акыйкатын түшүнүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуулары үчүн жихад кылууну о.э. фатх кылынган өлкөлөрдө ыктыярды адамдардын өзүнө калтырууну талап кылат. Каалашса Исламды кабыл алышсын, каалашса өз диндеринде калышсын. Адамдардын проблемаларын чечип бере турган жана иштерин тартипке сала турган мыйзамдар бирөө болуп, алардын иштеринде өз ара биримдик жүзөгө келиши үчүн о.э. кайрыдиндер да коомдук түзүмдүн турмушка ашырылуусунда катышууда, бейпилдиктен пайдаланууда жана Исламий мамлекеттин туусу астында жашоодо өздөрүн тең укуктуу сезүүлөрү үчүн мамиле жана жаза-чараларга тиешелүү иштерде алар да Ислам өкүмдөрүнө моюн сундурулду.

Ислам буйруктары Ислам өкүмдөрү менен башкарылып жаткан адамдарга расалык, тайпалык же мазхабдык назар менен эмес, балким «инсан» деген көз караш менен кароону талап кылат. Ошондуктан, өкүмдөр бардыгына бирдей колдонулат, мусулман жана кайрыдин ажыратылбайт. Алла Таала «Маида» сүрөсүндө айтат:

﴿ وَلَا يَجْرِمَنَّكُمْ شَنَـَٔانُ قَوْمٍ عَلَىٰٓ أَلَّا تَعْدِلُوا۟ ۚ ٱعْدِلُوا۟ هُوَ أَقْرَبُ لِلتَّقْوَىٰ ۖ وَٱتَّقُوا۟ ٱللَّهَ ۚ إِنَّ ٱللَّهَ خَبِيرٌۢ بِمَا تَعْمَلُونَ ﴾

***«Бир коомду жаман көрүшүңөр, аларга адилетсиздик кылууга тартпасын! Адилеттик кылгыла! Мына ушул такыбага жакын. Алладан корккула! Албетте, Алла кылып жаткан ишиңерден кабардар».*** **[5:8]**

Башкаруу жана өкүм маселелеринде бардык адамдар бирдей. Ошондуктан, аким адамдардын иштерин башкарып жаткан убакта кимдерди башкарып жатканына карабайт. Казы алардын ортосунда өкүм чыгарып жатканда кимдердин ортосунда казылык кылып жатканына карабайт, аким адамдарга инсандын иштерин башкаруу деген гана назарда карайт, казы да инсандын келишпөөчүлүктөрүн ажырым кылуу деген назарда карайт. Исламдагы башкаруу түзүмү мамлекеттин бардык бөлүктөрү бир бүтүн болушун, бардык вилаяттардан жыйылган мал-дүйнө аз-көптүгүнө, муктаждыктарды кандырбоосуна карабастан, алардын муктаждыктары Байтулмалдан сарптоо аркылуу кандырылышын о.э. Байтулмалга бардык вилаяттардан мал-дүйнө жыюу менен финансылык жактан бир бүтүн болушун талап кылат. Муну менен фатх кылынган бардык мамлекеттер бир мамлекеттин ичиндеги

вилаяттарга айланышат жана бул мамлекет аларды башкарууда бири-бири менен жакындаштырып коёт.

Ал эми фатх кылуучу мусулмандардын башкалар менен аралашып кетүүлөрү жергиликтүү калктын Исламга киришине өтө чоң таасир көрсөттү. Буга себеп, мусулмандар өлкөлөрдү фатх кылышкандан кийин ал жерлерде жашап калышты жана калкка Исламды үйрөтүп, Исламий сакафат негизинде билим беришти. Мусулмандар алар менен жанма-жан үйлөрдө жашашты. Турмуштун бардык иштеринде катышышты жана бардыгы бирдей өкүмдөр колдонула турган жана бир жерде жашоочу адамдарга айланышты. Алар эки топко «фатх кылуучу жана фатх кылынган, жеңүүчү жана жеңилген» деген топторго бөлүнүшпөдү. Балким, бардыгы турмуштук иштеринде өз ара биримдикте болушуп, бири-бирине жардам берип жашай турган бир мамлекеттин жарандары болуп калышты. Фатх кылынган жерлердеги калк акимдерден мурда учуратпаган өзгөчө касиеттерди көрүштү, акимдер аларды өздөрү менен тең көрө турган, алардын иштерин, муктаждыктарын аткарууда астейдил желип жүгүрө турган адамдар эле. Бул улуу касиеттер ошол акимдерди жана Исламды алар үчүн сүйүктүү кылып койду. Акимдер жана башка мусулмандар ахли китеп аялдарга үйлөнүшкөн, ахли китептер сойгон эттерден жана алар бышырган тамактардан жешкен. Мындай аралашып жашоо аларды Исламга кирүүгө үндөөчү түрткү болгон. Анткени, алар Ислам түзүмүнүн турмушка колдонулушунда жакшылык нурун көрүштү. Ушул себептен бул элдер бири-бири менен биригип, бир бүтүн үммөткө айланышты.

Ислам мусулман болгондордо пайда кылган жалпы революцилык өзгөрүү мына ушул нерседен көрүнөт: Дин алардын аклий деңгээлин көтөрүп, аларда Исламий акыйданы пайда кылды. Бул акыйда бардык пикирлерге негиз боло турган о.э. пикирлердин туура же туура эместиги өлчөнө турган таразага айланды. Ошондуктан, Ислам аларды вижданий ыймандан – аклий ыйманга; буттарга, отко, үчтүккө жана ушул сыяктуу нерселерге ибадат кылуудан жана мындай ибадат талап кыла турган наадандыктан – жалгыз Аллага ибадат кылууга буюрду. Ислам аларды акыреттеги жашоону тастыктай турган, акырет жашоосун жана андагы азап жана неъматтарды Китеп жана Сүннөттө баян кылып бергендей көрүнүштө көз алдына элестете турган адамдарга айландырды. Натыйжада, алар акыретти чыныгы турмуш деп биле турган болушту. Муну менен аларда турмуштун өзүнө жараша атайын башка бир мааниси пайда болду. Анткени, бул турмуш – башка бир түбөлүктүү жана бактылуу турмушка алып бара турган жол. Ошондуктан, бул дүйнө турмушуна кадам таштап, ага кошкөңүл болуп таштап коюшпады, турмуш негиздерин бекем кармап, Алла Тааланын пенделери үчүн чыгарган зыйнаттары жана адал ырыскыларынан пайдаланышты. Ислам турмушка туура өлчөөлөрдү жана чыныгы сүрөттөмөнү берди. Оболу

турмуштагы өлчөө жалаң гана пайда болуп, бул пайда иштерге үндөөчү түрткү болгон болсо, эми турмуштагы өлчөө «адал жана арам» деген түшүнүк болду, иштерди кылууга үндөөчү түрткү Алланын буйрук жана кайтаруулары болуп калды. Иштерди бул буйрук-кайтарууларга ылайык жүргүзүүдөн көздөлгөн максат – Алланын ыраазылыгына айланды. Ушуга ылайык, иш-амал эгер намаз, жихад жана ушул сыяктуулар болсо, анын кыйматы рухий; эгер соода-сатык, ижара жана ушул сыяктуулар болсо, анын кыйматы материалдык кыймат; эгер амал аманаткөйлүк, ырайымдуулук жана ушул сыяктуулар болсо, анын кыйматы ахлакий кыймат болот. Адамдар Исламга киргишкенден кийин ишти кылууга багыттандыруучу түрткү менен иштин кыйматын ажырата башташты. Муну менен Ислам аларга турмушту бүтүндөй башкача көрүнүштө сүрөттөп берди жана бул сүрөттөөнү белгилеп берген нерсе – Алланын буйрук жана кайтаруулары т.а. адал жана арам өлчөөсү болду.

Ислам аларга бакыттын чыныгы маанисин түшүндүрүп берди. Мурда алар муктаждыктарды кандырууну «бакыт» деп билишкен болсо, Исламга киришкенден кийин «бакыт» - бул Алланын ыраазылыгына жетишүү болуп калды. Анткени, бакыт – адамдын ар дайым кадыржам болушу. Бул нерсе ырахаттануулар менен да, көңүл каалоолору менен да пайда болбойт, балким, бүткүл ааламдын Роббисинин ыраазылыгын табуу менен ишке ашат.

Ошентип, Ислам аны кабыл алган калктардын турмушка жана бул турмушта кыла турган иштерине болгон көз караштарына таасир көрсөттү. Нерселердин кадыр-баркын өзгөрттү, кээ бирлеринин даражасын көтөрсө, башкаларыныкын төмөндөттү. Мурда жашоо адамдын назарында эң жогорку деңгээлде болуп, мабда андан төмөн турган болсо, Ислам бул даражаларды өзгөртүп, мабданы эң жогорку деңгээлге көтөрдү жана жашоону андан төмөнүрөөккө койду. Муну менен мусулман өз жашоосун Ислам жолуна сайды. Анткени, Ислам жашоого караганда баасы жогору кыймат. Ошондуктан, Ислам жолунда кыйынчылыктарды жана түйшүктөрдү көтөрүү абзелирээк. Муну менен жашоодогу нерселердин баары өз ордуна коюлду. Натыйжада, жашоо улуулук көрүнүшүнө ээ болду. Мусулман бул жашоодо дайымий кадыржамдыкты сезе баштады. Ислам бүткүл дүйнө үчүн өзгөрбөс, жалгыз эң улуу максатты белгилеп берди. Бул улуу максат – Алла Тааланын ыраазылыгы. Исламга чейинки калктардын улуу максаттары көп жана ар түрдүү эле, эми аларда бир өзгөрбөс улуу максат пайда болду. Калктар жана үммөттөрдөгү улуу максат өзгөрүшү менен алардагы нерселердин маанилери жана кадыр-барк түшүнүктөрү да өзгөрдү. Жекече эр жүрөктүүлүк жана баатырдык, бири-бирине тарапкечтик негизинде жардам берүү, мал-дүйнө, укум-тукум менен сыймыктануу, ысырапкордук менен колу ачыктык кылуу, бир уруу же

коом үчүн калыстык кылуу, өч алууда ташбоордук кылуу жана ушул сыяктуулар чыныгы кадыр-барк эсептелчү эле. Ислам келип, аларды оңдоду. Пайдалуу нерсе, же урмат-сыйга жетиштирген, үрп-адат жана ата-бабалардан мурас болуп калган нерселер кадыр-барк эмес, балким Алла Тааланын буйругуна жооп катары адам сыпаттала турган сыпаттар чыныгы кадыр-барктар экендигин баян кылды. Ислам Аллага, анын буйрук жана кайтарууларына моюн сунууну важып кылды. Ошентип Ислам аны кабыл алган калктардын пикирин да, көңүл-каалоосун да өзгөрттү. Муну менен алар шахсияттарында, адам, аалам жана тирүүлүккө болгон көз караштарында жана турмуштагы бардык нерселерге болгон мамилелеринде Исламга кире электеги абалынан бүтүндөй өзгөрүштү. Турмуштун өзүнө таандык улуулук жана жогору даражадагы мааниси бар экендигин түшүнүштү. Алар үчүн бирден-бир улуу максат Алланын ыраазылыгы болуп калды.

Жогорудагы төрт себептин таасири аркылуу Исламий мамлекетке моюн сунган бардык калктар өздөрүнүн мурдагы абалдарынан чыгып, пикирлери жана дүйнө караштары өзгөрдү. Проблемаларды чечүү башкача түс алды. Көздөгөн кызыкчылыктары жалгыз Ислам кызыкчылыгына айланды. Максаттары Алланын калимасын бийик кылуу болуп калды. Ошондуктан, бул калктардын баары Ислам казанында кайнап, бир үммөткө – Ислам үммөтүнө айланышы анык эле.

**ИСЛАМИЙ МАМЛЕКЕТТИН КҮЧСҮЗДӨНҮҮ СЕБЕПТЕРИ**

Исламий мамлекет Ислам мабдасына негизделет. Анын кудурети мына ушул мабдада, анын түбөлүктүүлүгү жана өсүп-өнүгүүсү да бир гана мына ушул мабда менен болот. Ошондуктан, Ислам мабдасы – Исламий мамлекеттин бар болушунун негизи. Ошондуктан, бул мамлекет Исламдын кудурети себептүү кудуреттүү болду, байланыш каражаттары ат жана төө болушуна карабастан, бир кылымга жетпеген мөөнөттө дүйнөдөгү мамлекеттердин көбүн фатх кылды. Бул жерлердеги калктар – Исламды жаюу куралы тил жана калем болушуна карабастан – кыска убакыттын ичинде Исламга киришти. Булардын баарын жүзөгө чыгарып, мамлекетке мына ушундай кудурет берген түрткү – бул **ИСЛАМ** эле.

Ислам душмандары муну билишкен. Эгер Ислам мусулмандар дилдеринде жашап, аны түшүнүү жана колдонуу күчтүү болсо, Исламий мамлекетти таптакыр алсырата албастыгын да билишкен. Ошондуктан, алар мусулмандардын Исламды түшүнүүлөрү жана колдонууларын күчсүздөндүрө турган жолдорду табууга киришишти.

Исламды түшүнүүнү күчсүздөндүрүү үчүн колдонгон ыкмалар көп болуп, кээ бирлери Исламдын нусустарына, кээ бирлери Ислам баян кылына турган тилге жана айрымдары турмуштук окуяларга тиешелүү эле. Ошентип, алар Расулулла ﷺ айтпаган хадистерди токуп, аларга кайрыисламий маанилерди жана Исламга карама-каршы болгон түшүнүктөрдү киргизип, Расулулла ﷺдын хадистерине кошуп жиберүүгө урунушту. Алар мусулмандардын бул жалган хадистердеги көрсөтмөлөргө амал кылууларын жана ушуну менен Исламдан узакташып кетүүлөрүн көздөштү. Чындыгында, алар өтө көп жалган хадистерди токушту жана аларды сахих хадистерге кошуп, адамдар арасында таркатышты. Бирок, мусулмандар бул динсиздердин кылмыштарын сезип калышты жана алардын фитналарына чек коюшту. Аалымдар жана хадис ровийлери хадистерди топтоо, ровийлеринин тарыхтары жана сыпаттарын жазуу о.э. сахих, заиф жана жалган хадистерди баян кылуу үчүн бар күчтөрүн сарпташты. Натыйжада, хадистер сактап калынды жана хадис риваяты жалаң сахаба, андан табеин, андан табаа табеиндерге тиешелүү кылып коюлду. Булардан кийинкилердин риваяты кабыл алынбай турган болду. Ровийлердин ар бири анык болду. Хадис китептеринин бөлүктөрү баян кылынды. Натыйжада, мусулман эгер хадис үстүндө изденсе, анын санадын жана матнын билүү аркылуу анын сахих, заиф же жалган экендигин билиши мүмкүн болуп калды. Мындан тышкары, Исламий мамлекет ал динсиздердин жолуна тосук койду. Расулулла ﷺга каршы жалган хадистерди токуганы үчүн алардын көпчүлүгү өлүм жазасына өкүм кылынды. Ошондуктан, бул фитнанын Исламга жана Исламий мамлекетке күчтүү таасири болбоду. Душмандар араб тилине өзгөчө

көңүл бура башташты. Анткени, бул тил Ислам баян кылына турган тил эле. Алар бул тилди Исламдан ажыратып жиберүүгө урунушту. Алгач мунун өтөөсүнөн чыга алышпады. Анткени, мусулмандар фатх кылынган жерлерге Китеп, Сүннөт жана араб тилин алып барышып, адамдарга Куран жана хадисти үйрөтүү менен бирге араб тилинен да таалим беришчү. Адамдар Исламга кирип, араб тилин толук өздөштүрүштү. Ал тургай, алардын арасынан Абу Ханифа сыяктуу мужтахид имамдар, Башшар ибн Бард сыяктуу залкар акындар жана Ибн Мукаффа сыяктуу мыкты катчылар жетишип чыкты. Мусулмандардын араб тилин үйрөнүүгө болгон умтулуулары өтө күчтүү эле. Имам Шафиий Куранды которууга жана намазды араб тилинен башка тилде окууга уруксат бербеди. Абу Ханифа сыяктуу Куранды которууга уруксат берген аалымдар котормону Куран деп аташпады. Ушундан белгилүү болгондой, араб тилине болгон этибар өтө күчтүү болду. Анткени, араб тили Исламдагы негизги бөлүктөрдөн жана ижтихад шарттарынан эсептелет. Исламды анын нукура булактарынан үйрөнүү жана алардан өкүмдөр истинбат кылуу жалаң араб тили аркылуу гана болот. Бирок, хижрий VI кылымдан кийин бийлик башына араб тилинин кадырын билбей тургандар келип, ушундан кийин, бул этибар жоголду. Натыйжада, анын маанилүүлүгүнө кошкөңүл каралды. Ушуну менен ижтихад токтоду жана бул тилди билбей тургандар өкүмдөрдү истинбат кыла албай турган болуп калышты. Ошентип, араб тили Исламдан ажыратылды, өкүмдөрдү түшүнүүдө кыйынчылыктарга туш келе башташты жана мунун натыйжасында өкүмдөрдү колдонууда да кыйынчылыктар келип чыкты. Мындай абал мамлекетке чоң таасир көрсөтүп, аны күчсүздөндүрүп, жүзөгө келип жаткан жаңы абалды түшүнүүнү күчсүздөндүрүп жиберди. Бул болсо, пайда болуп жаткан проблемалардын чечилбешине же туура эмес чечилишине алып барды. Ошентип мамлекеттин алдына чечилбеген проблемаларды үйүп таштады жана натыйжада анын күчсүздөнүп, жоголуп кетишине себеп болду.

Бул айтылгандар Ислам нусустары жана Исламды түшүнүүгө жардам бере турган тил жөнүндө эле. Эми Исламдын турмуш жана окуяларга дал келишине келсек, биринчи кылымдарда эле Ислам менен Индия философиясынын ортосун ылайыкташтырууга урунуулар болду. «Дүйнөдөн өзүн оолак тутуу жана акырет талабы – өзүн дүйнө талаптарынан кысуу жана денени кыйноо» деп түшүндүрүлдү. Натыйжада, көпчүлүк жашоонун кооз кызыкчылыктарына жана турмуш деңизине шуңгуудан баш тартты. Мындай абал аларды Исламий мамлекет майданында жана мусулмандардын турмушунда бир да пайдалуу иш кылбай турган кылып койду. Натыйжада, көпчүлүк Үммөт перзенттери өз денелерин азаптоо менен алектенип жатып алды, муну

менен мамлекет Исламга даъват кылышы мүмкүн болгон өтө чоң күчтөн айрылды.

Андан кийин батыштан мусулмандар өлкөсүнө дүйнө карашы Исламга тескери болгон сакафий чабуул башталды. Бул сакафат мусулмандарга Ислам түзүмүнө тескери мыйзамдарды алып келип, «алар Алланын динине тескери эмес» деп уктурула баштады. Бул нерсе мусулмандарга чоң таасир көрсөттү жана алардын үстүнөн Батыш дүйнө карашынын өкүмдар болуп алышына алып келди. Натыйжада, мусулмандар «турмуш жалаң гана пайда кызыкчылыктан турат» деп биле турган болуп калышты. О.э. алар Усманий мамлекетке Батыштын айрым мыйзамдарын киргизишти. Мунун натыйжасында сүткордукту таъвил кылышты, банктарды ачышты, шаръий хаддарды таштап Батыштын жаза-чараларын колдонушту. Мамлекет бул иштердин жайыздыгына фатвалар менен жол таап бергени менен, мындай абал мамлекетти Ислам менен өкүм жүргүзүүдөн узакташтырып жиберген чоң кырсык болду. Бул узакташуу андагы ыйман ысыктыгын төмөндөтүп, акыры мамлекет хидаят жолунан чыгып кетти жана бул анын күчсүздөнүшүнө жана кулашына себеп болду.

Бул түшүнүү жагынан каралгандагы абал, ал эми колдонуу жагынан алып көрүлө турган болсо, Исламды жаман колдонууга алып барган бир нече иштер жүзөгө келди. Мисалы, өз райларын аткарылышы керек деп билген саясий хизбдер өз пикирлерин өткөрүү үчүн аскердик күчтү бийликке жетишүү куралына айландырышты. Үммөттү мунун тарыйкаты кылышкан жок. Ошентип, Аббасийлер Персти жана Иракты колго алышты жана ушундай аракет кылышып, бийлик Бану Хошимде болушу үчүн бийликти ээлешти. Кийин Фатимийлер Мисирди колго алышып, ал жерде өз мамлекеттерин тикелешти. Мындан максат, мамлекетте башкаруу шариятка тескери исмаилия мазхабынын пикирлери негизинде болушу үчүн Исламий мамлекетти колго киргизишти. Саясий хизбдер биринчиден фатхтарды токтотуп койгон тартипсиздиктерди пайда кылышты жана мамлекет ички иштер менен алек болуп калды. Экинчиден эки мамлекет ортосунда күрөштү келтирип чыгарышты. Бул болсо, мусулмандарды эки мамлекетте жашай турган кылып койду, акыйкатта болсо, мусулмандардын бир гана мамлекети болушу керек эле. Натыйжада, бул иштер мамлекетти күчсүздөнүүгө, анын фатх жана даъваттан токтоп калышына таасир көрсөттү. Бирок, саясий хизбдерди бул тарыйкатты колдоого алып барган түрткү Умавий халифалардын халифа үчүн ахд берип, кийин ага байъат алуу тарыйкатына ээрчигени болду. Анткени, бул абал байъатты күтүп, бийликке жетүүдө ага сүйөнүү үмүтүн жокко чыгарды. Муавия уулу Язидге ахд берип, ал үчүн байъат алды. Кийин ар бир халифа өзүнөн кийин кала турган адам үчүн ахд бере турган, андан кийин адамдар ага байъат кыла турган болду. Бул нерсе мусулмандарды халифалык ахды берилген адамга гана байъат

кылууга багыттандырды. Кемден-кем абалдарда гана мусулмандар ахд берилген адамдан башкасына байъат кылышкан. Натыйжада, бул тарыйкат саясий хизбдерди бийликке жетишүү тарыйкаты катары күч иштетүүгө мажбур кылды. Ахд берүү да халифа тикелөөнүн тарыйкаты болуп, аны Абу Бакр Умарга ахд бергенде колдонгон болсо да, бирок аны туура эмес колдонуу жаман натыйжаларга алып барды. Абу Бакр Сыддык رضي الله عنه өзүнөн кийин ким халифа болушу тууресында мусулмандардын райын алды. Сүйлөшүүдөн кийин халифалыкка талапкерлер Али жана Умар رضي الله عنهماлар экени белгилүү болду. Кийин ахд Умар رضي الله عنه үчүн болду жана ал халифалыкка шайланды. Абу Бакр رضي الله عنه дүйнөдөн кайткандан кийин Умар رضي الله عنهга байъат берилди. Бул – шаръий иш. Бирок, өздөрүнөн кийинки адамга ахд берген халифалар бул тарыйкатты туура эмес колдонушту. Т.а. өз уулдары, ага-инилери же үй-бүлөсүнөн бир кишиге ахд беришти. Кээде болсо бир нече адамга ахд беришти. Мындай туура эмес колдонуу мусулмандарды өздөрү каалаган кишиге байъат берүү укугунан ажыратып койду. Натыйжада, мамлекеттин күчсүздөнүшүнө алып барды. Бул нерсе мамлекет күчтүү болуп турганда таасир этпеген болсо да, кийинчерээк күчсүздөнгөндө анын таасири билинди.

Мамлекеттеги иштер халифага байъат берүүнүн өзү менен эле чектелип калбады, балким, бул нерсе валийлерге да өттү. Аббасий мамлекети Абдуррахман Дахилдин (ибн Муавия ибн Хишам, 113-172-х.) Андалуста валийликти колго алып, мамлекеттен өзүнчө эгемендүү болуп алышына унчукпады. Бул Исламий мамлекеттин бир бөлүгүн андан ажыратып койду жана өздөрүн амирул-муминин деп атаган валийлер тарабынан ажыратылып башкарылышына алып барды. Андалус Исламий мамлекеттен бөлүнүп кетпеген, ал жердеги мусулмандар башка мусулмандардан ажыралып калбаган жана исламий үммөттүн бир бөлүгү болушса да, бирок, Андалус башкарууда ажыралган эле. Бул абал алсыздыкка жол ачты жана аны капырлардын басып алышын жеңилдештирди. Акыйкатта болсо, бул убакта Исламий мамлекет кудуреттүү эле. Ошого карабастан, Андалусту капырлардын баскынчылыгынан коргой албады. Бул батышта болгон эле. Ал эми, чыгышта болсо мамлекеттин валийлерге жалпы валийлик кылууну жана кең укуктарды берип коюшу аларда өкүмдарлык сезимдерин козгоп жиберди жана өкүмдарлыкка көз арта турган кылып койду. Натыйжада, алар ички башкарууда өзүнчө эгемендүү болуп алышты. Халифа да алардын бул иштерине ыраазылык берди. Халифа үчүн минбарларда дуба кылуу, анын аты менен акча басып чыгаруу, ага хираждарды жиберип туруу менен чектелишти. Вилаяттар өздөрүнүн бул ички эгемендүүлүгүндө кичи мамлекеттерге окшоп кетет эле. Мындай абалды Селжукийлер, Хамаданийлер жана башкалардан көрүшүбүз мүмкүн. Бул иштердин баары Исламий мамлекеттин күчсүздөнүшүнө алып барган

себеп болду. Кийин, Усманийлер келип халифалыкты колго алышты, исламий өлкөлөрдүн көпчүлүк бөлүгүн өз бийлигине бириктиришти жана даъватты Европага алып чыгышты, фатхтарды дагы баштап жибериштi. Бирок, бул иштер Исламды туура түшүнүү жана толук колдонууга негизделбестен, балким, биринчи Усманий халифалардын ыйман кубатына жана кошуундун кудуретине негизделген болчу. Ошондуктан, бул фатхтар Исламий мамлекеттин биринчи фатхтары берген натыйжаны бербеди. Натыйжада, эч канча убакыт өтпөстөн бул мамлекет да күчсүздөнүп кулады жана Исламий мамлекет жок болду. Анын жоготулушуна көптөгөн факторлор жана ислам душмандары иштеткен айла-амалдар себеп болду. Мамлекеттин жок кылынышына төмөнкү эки фактор себеп болду:

1. Исламды түшүнүүдөгү алсыздык.
2. Аны туура эмес колдонуу.

Ошондуктан, Ислам мамлекетин кайрадан алып келе турган нерсе – бул Исламды туура түшүнүү. Мамлекеттин кудуретин ашыра турган фактор – Исламды туура колдонуу жана даъватты тышкарыга алып чыгуу.

## ИСЛАМИЙ МАМЛЕКЕТ КРИЗИСИ

Исламий мамлекетте пикирий алсыздык хижрий бешинчи кылымдан т.а. айрым аалымдар ижтихад эшигин жабууга чакырган убактан башталды. Бул мамлекеттин күчсүздөнүшү болду. Андан кийин мужтахиддер чыккан болсо да, бирок, пикирий алсыздык күчөй берди жана мамлекеттин курамына таасир көрсөтүп, бытырандыланышына алып барды. Крестүүлүк жүрүшү башталганда мамлекет аларга каршы тура ала турган абалда эмес эле. Мамлекет эки кылымга жакын созулган согуштардын айлампасынан чыга албады. Башында крестүүлөр басымдуулук кылды. Натыйжада алар Ислам өлкөсүнүн бир бөлүгүн басып алышты. Кийин Исламий мамлекет бул өлкөлөрдү алардын колунан бошотту. Соң бийлик Мамлуктар колуна өттү. Алар араб тилинин маанисине, пикирий жана мыйзамчылык жактарына кайдыгер караштЫ. Натыйжада, ижтихад эшиги жабылды жана Исламды түшүнүү күчсүздөндү. Аалымдар таклид кылууну важып кылышты. Бул иштер мамлекетти алсыратты. Кийин монгол-татарлар чабуулу какаганга-муштаган болду жана мамлекетти ого бетер алдан тайдырды. Бирок, булардын баары мамлекеттин ички иштерине таасир көрсөткөнү менен, тышкы иштерине таасир эте албады. Анын эл аралык ордун күчсүздөндүрө албады. Исламий мамлекет кудуреттүү жана башкаларды коркууга салуучу бойдон кала берди. Дүйнөнүн ири бөлүгүн Исламий мамлекет ээлеп турду. Усманийлер мамлекети IX хижрий (XV миладий) кылымга келип, исламий дүйнөнүн чоң бөлүгүн башкара баштады жана X хижрий (XVI миладий) кылымда араб өлкөлөрүн да өз бийлиги астына бириктирди. Анын кудурети күчөдү. Бийликти кудуреттүү кылууга жана кошуунду тартипке салууга катуу көңүл бурду. Фатхтар менен алек болду. Усманийлер да араб тилине – бул тил Исламды түшүнүү үчүн зарыл болгон фактор жана ижтихаддын негизги шарты болушуна карабастан – көңүл бурушпады. Исламга пикир жана мыйзамчылык жактарынан көңүл бурулбады. Натыйжада, пикирий жана мыйзамчылык даражалары түшүп кетти. Ушул себептен, мамлекет тышкы тараптан күчтүү болсо да, пикирий жана мыйзамчылык тарабындагы алсыздыгы себептүү күчсүздөнүп калган. Бирок, бул алсыздыкты Исламий мамлекет ошол убакта түшүнүп жетпеди. Анткени, бул убакта ал атак-даңк жана улуулук чокусунда болуп, аскердик жактан да эң кудуреттүү эле. О.э. өзүндөгү пикир, мыйзам жана дүйнө караштарды Европанын пикир, мыйзам жана дүйнө караштары менен салыштырып, өзүнүн пикир, мыйзам жана дүйнө караш жагынан Европадан үстөм экенин көргөн жана муну менен сыймыктанып, өзүндөгү алсыздыкка ыраазы болгон. Себеби, Европа бул учурда караңгылык жана ээн баштык зулматтары ичинде о.э. туруксуздук чеңгелинде калып, ойгонуу үчүн кылган бардык

иштеринде ийгиликсиздикке учурап жаткан. Ошондуктан, Усманий мамлекет өз абалын Европага салыштырып көрүп, ага караганда жакшы абалда экенин, түзүмү туура экендигин жана бийик дүйнө карашка ээ экендигин көргөн, ал эми ички абалы жана ички алсыздыгын, пикир жана мыйзамчылыктын катып калганын, үммөттүн бытырандыланып кеткенин сезбеген. Европа үстүнөн болгон жеңиштери, Балканды жана Европанын түштүк-чыгыш бөлүгүн басып алганы аны манчыркатып, өз абалын көрүүдөн тосуп койгон. Чындыгында, бул жеңиштер Европадагы бардык мамлекеттерди Усманий Халифалыктан корко турган кылып койгон эле. Бүткүл дүйнө «Исламий кошуун жеңилбейт жана эч ким мусулмандарга каршы тура албайт» деген пикирге келген.

Кийин «Чыгыш маселеси» пайда болду. Бул маселе IX (XV) кылымда Мухаммад Фатих жана анын артындагы султандардын жетекчилигиндеги Усманийлердин чабуулдарынан сактанууну түшүндүргөн. Бул чабуул хижрий XI кылымдын акырларына чейин Сулайман Конуний жетекчилигинде улантылды жана XII (XVIII) кылымдын аяктарына чейин өкүм сүрдү. Мусулмандардагы акыйда кубаты, зээндеринде тунук болбосо да турмуш жөнүндөгү белгилүү бир түшүнүктөрдүн бар экендиги жана жаман колдонулса да турмушта Ислам түзүмүнүн өкүмдарлыгы мамлекетти кармап турду жана ага кубат берип турду. О.э. буга Европадагы пикирий жана мыйзамдык жактан туруксуз болгон абал да жардам берди. Мамлекеттин Исламды туура түшүнүүгө аракет кылышы, араб тилине маани бериши, ижтихадды колдоп-кубатташы о.э. пикирий жана мыйзамчылык жактардагы этибарды күчөтүшү да мүмкүн эле. Ошондой кылганда бул мамлекет бекемделип, жер жүзүнө өкүмүн өткөрөт эле жана Ислам жардамында дүйнөнүн калган жерлерин да аларга Исламды алып баруу менен фатх кылат эле. Муну менен өзүн бекемдеп, дүйнө табиятын исламий дүйнө карашка өзгөртмөк о.э. адамзатты бузуктук жана жамандыктардан куткармак. Бирок, булардын бири да жүз бербеди. Араб тилин колдоп-кубаттоо арабдарга кээ бир таалим жана илимий мансаптарды берүүдө гана көрүндү. Бул нерсе болсо араб тилин күчөтүүгө да, пикирди ойготууга да таасир кылбады. Анткени, бул нерсе араб тилин мамлекеттик тил кылууга кызмат кылбады. Негизи, Исламий мамлекетте араб тили мамлекеттик тил болушу керек эле. О.э. пикирий жана фикхий тармактарга да бирер нерсе кылынбады. Ошондуктан, бул алсыз жана ката аракеттин таасир күчү кыркылды. Абал өзүнүн ийри жолунда жүрө берди. Хижрий XII кылымдын экинчи жарымында (XVIIIм.) абал өзгөрдү жана ички алсыздык көрүнүп калды. Себеби, мамлекет жаман колдонулуп жаткан исламий түзүмдүн калдыктары үстүнө, айрымдары исламий болгон жана

айрымдары жат болгон пикирлердин үстүнө курулган эле. Өкүм жүргүзүү, жалпысынан алганда, Ислам түзүмүнөн узак эле. Мунун себеби исламий пикирлерди ката түшүнүү о.э. ижтихад жана мужтахиддердин жоктугунан улам Ислам түзүмүнүн жаман колдонулушу болгон.

Хижрий XIII (XIXм) кылым келди. Исламий мамлекет менен кайры исламий мамлекеттер ортосундагы тараза ташы өзгөрдү. Исламий дүйнө тарабы жеңил тартып, Европа мамлекеттери тарабы акырындап оорлошуп барды. Европада ойгонуу башталды. Мусулмандар үстүндө болсо пикирий катып калгандыктын о.э. Исламды туура эмес колдонуунун натыйжалары көрүндү. XIX кылымда философтор, жазуучу жана муфаккирлер (идеологдор) сарптаган үлкөн мээнеттер себептүү Европада чоң өзгөрүштөр пайда болду. Турмуштук көз караштарда жаңы райларды пайда кылууда өз таасирине ээ болгон ар түрдүү кыймылдар жүзөгө келди. Турмуштагы бардык мыйзамдарды өзгөртүү – ишке ашкан иштердин эң маанилүүсү болду. Европада диктатор королдуктун көлөкөсү аста-секин жоголду. Анын ордун парламенттик башкаруу жана элдин өкүмдарлыгына негизделген жаңы башкаруу мыйзамдары ээледи. Ушул абалдын жана ушул кылымда жүзөгө келген өнөржай революциясынын Европада ойгонууну тездетүүгө чоң таасири болду. Ар түрдүү жаңы ачылыштар жана ойлоп табуулар жүз берди. Бул иштердин баары, жалпысынан алганда, Европанын кудуреттүү болушуна, пикирий жана материалдык жактан өнүгүшүнө чоң таасир көрсөттү. Ушул материалдык кудурет жана илимий өнүгүүнүн натыйжасында эл аралык майданда Европа дүйнөсү Ислам дүйнөсүнөн бир кыйла үстөм болуп калды жана «Чыгыш маселеси» түшүнүгү өзгөрүп, ал Европанын исламий коркунучтардан коргонушу маселеси эмес, балким, Усманий мамлекетти талкалоо маселеси болуп калды. «Чыгыш маселеси» түшүнүгүндөгү ушул өзгөрүш, Европанын пикирий өнүгүшү, илимий өнүгүшү жана өнөржай революциясы о.э. Усманийлер мамлекетинин алсыздыгы жана чачырандылыгы – булардын баары Исламий мамлекет менен куфр мамлекеттери ортосунда ушул саясий революциянын пайда болушуна алып барды. Натыйжада, европалыктар тарабы оорлошуп, мусулмандар тарабы жеңил болуп калды.

Европанын абалында ал жердеги муфаккирлердин турмуш үчүн бир түзүм табууга болгон аракеттери бул саясий революциянын негизги себеби болду. Чындыгында, европалыктардын турмуш жөнүндөгү белгилүү көз караашты кабыл алуулары, белгилүү бир акыйдага этикат кылуулары жана турмуш түзүмүн ушул акыйда негизине куруулары аларда нерселер жөнүндөгү түшүнүктөрдү жана баалуулуктардын даражаларын түп-тамырынан бери өзгөртүп

жиберди. Бул нерсе турмушта жалпы өзгөрүүлөргө алып барды о.э. улуу өнөржай революциясынын жүзөгө келишине жардам берди. Ислам дүйнөсүндө же ага жетекчилик кылып жаткан Усманийлер мамлекетинде абал тескерисинче болду. Бул мамлекет өзүнүн абалына туура баа берүү, өз мабдасы туурасында терең ойлоп көрүү, пикирлерди козгоо, ижтихадды жүзөгө келтирүүгө урунуу, акыйдадан келип чыккан өкүмдөр негизинде проблемаларын чечүү о.э. дүйнөгө жана өнөржайга жүздөнүүнүн ордуна Европадагы өзгөрүүлөргө суктанып, өзүнөн-өзү басынып, алсыз абалга түшүп калды. Натыйжада, Усманийлер мамлекети илим жана өнөржай жагынан артта калып кетти. Бул абал анын материалдык өнүгүү тармагында калакташуусуна себеп болду. Мунун сыры мындайча эле, Усманий мамлекет Исламий мамлекет болуп, анын өкүмү астындагы калктар мусулмандар. Мамлекеттин акыйдасы жана түзүмү Ислам, Ислам пикирлери мамлекеттин да пикирлери, Исламдын турмуш жөнүндөгү көз карашы мамлекеттин да көз карашы. Ошондуктан, Исламий мамлекет Европада пайда болгон жаңы пикирлерге этибарын каратып, аларды өзүндөгү пикирий негизге салыштырып, жаңы проблемаларга туура ижтихад менен исламий көз караштан өз баасын берип жана алар жөнүндө туура же туура эмес деп так кесе чечкиндүү өкүм чыгарышы керек эле. Бирок, Исламий мамлекет мындай кылбады. Анткени, Усманийлер мамлекетинде исламий пикирлер ачык-айкын эмес эле, ошондуктан, аларда анык түшүнүктөр жок эле. Исламий акыйда бардык пикирлер курула турган пикирий пайдубал эмес, балким, ээрчиме акыйда болуп калган эле. Ушуга караганда, мамлекет курула турган негиз т.а. акыйда жана пикирлер Усманий мамлекетте ачык-айкын болбостон, ижтихад жоктугу себептүү түзүм катып калган эле, турмуш жөнүндөгү түшүнүктөр топтому болгон дүйнөкараш анык эмес жана мамлекеттин иштери менен тыгыз байланышта эмес эле. Бул нерсе пикирий калактыкка жана ойгонуунун жүзөгө келбестигине себеп болду. Ошондуктан, мусулмандар Европадагы пикирий жана өнөржай революциясы алдында алсыз болуп калышты. Аны алуу же албастык жөнүндө чечкиндүү бир чечимге келе алышпады. Алар илим, өнөржай жана жаңы ойлоп табуулар сыяктуу алышы жайыз болгон нерселер менен турмуштагы көз караштты белгилеп бере турган философия жана турмуш жөнүндөгү дүйнөкараш сыяктуу алынышы таптакыр мүмкүн болбогон нерселердин ортосун ажырата алышпады. Ушул себептен улам алар бир жерде катып калышты. Бул аракетсиздик Европа кербени жүрүп бара жаткан бир убакта мусулмандар кербенинин токтоп калышына себеп болду.

Ооба, Чындыгында, Ислам Усманийлерге күңүрт болуп, аны туура түшүнө алышпады. Дал ушул күңүрттүк үммөттү да, мамлекетти да –

алардын душмандары белгилүү бир түзүмдү бекем кармап, ушул негизде жашап жаткан бир убакта – өздөрүндөгү түзүмгө көңүл бурбастан, туш келди жашай турган абалга түшүрүп койду. Европа белгилүү бир мабданын (бул мабданын акыйдасы жана философиясы кандай болушуна карабастан) ээси болуп калды. Исламий үммөт болсо туура мабдага ээ болуп турса да, кайда басарын билбей сендиректеп жашап жатты, себеби, Исламий үммөт бул мабда туура эмес колдонулуп жаткан бир абалда жашап жаткан эле. Расулулла ﷺ «**Мен силерге Алланын Китебин жана Сүннөтүмдү калтырдым. Эгер аларды бекем кармасаңар, эч качан адашпайсыңар**» дегенине карабастан, мамлекет да, үммөт да Исламий экендигине карабастан о.э. пикирий жана фикхий байлыктар колдорунда болушуна карабастан, мамлекет «Ислам - акыйда жана түзүм» деген негизде Исламдын негизине кайтуу үчүн жогорудагы хадистин маанисин түшүнбөдү, эч бир үммөттө болбогон ушул байлыктан пайдаланбады.

Ооба, Исламий үммөт мындан пайдалана албады. Себеби, ижтихад жана пикирий иш-аракет токтоп калгандан кийин, мусулмандарда Исламий түшүнүктөр күчсүздөндү, Исламий билимдер өнүкпөдү, китептер жана илимий байлыктар казыналарда, китепканаларда чаң басып жата берди. Муфаккир аалымдар да өтө аз эле. Акыйкаттар үстүндө изденүүгө болгон кызыгуу төмөндөдү. Билимдер мамлекетте жана турмуш майданында аларга амал кылуу үчүн алынбастан (себеби мамлекет муну колдоп-кубаттабайт эле), балким, аалымдар илим жана сакафатты эл көзүнө өз акылдарын өстүрүү үчүн гана пайдаланышат эле. Муну алар «илим үчүн илим алуу» деп аташкан. О.э. илимди дүйнө табуу үчүн да ала турган болушту. Алардын ичинде үммөт жана мамлекетке пайда келтирүү үчүн илим ала тургандар болсо өтө аз эле. Ушул себептен, илимий, сакафий же ташриъий бирер аракет жүзөгө келбеди. Мунун натыйжасында Исламды түшүнүү изден чыкты. Мусулмандар Исламды пикирий, саясий жана ташриъий дин деп түшүнүүгө караганда, көбүрөөк «рухий дин» деп түшүнө турган болуп калышты. Себеби, аларга Исламдын нукура фикраты жана бул фикратты ишке ашыруу тарыйкаты күңүрт эле. Мунун натыйжасында алар Китеп жана Сүннөттү анык түшүнө албай калышты, Исламга акыйда о.э. турмуштун бардык иштери үчүн түзүм деп кароонун ордуна, аны башка диндерге салыштырып, мына ушул негизде Исламдагы үстөмдүктөрдү көрсөтө турган болушту. Ошондуктан, Усманий мамлекеттин жетекчилиги Европадагы экономикалык өнүгүүдөн, ар түрдүү ойлоп табуулардан, өнөржайдын өнүгүшүнөн таасирленбестен, калак абалда калып кеткенине таң калбаса да болот. Таасирленүү өтө аз өлчөмдө болду. Анын эч кандай пайдасы

болбоду жана Исламий мамлекет үчүн материалдык өнүгүүнүн жолдорун ачпады, ал тургай, аны түшкүндүк жана алсыздык баткагына тартып бара жаткан калактык арабасын токтотуп калууга да жардам бербеди. Мунун негизги себеби мусулмандардын илим менен сакафаттын жана хазарат менен маданияттын ортосун ажрата алышпагандыгы эле. Ошондуктан, булардан кайсы бирин тандоону билбей, башы айланып оор абалда калышты. Көпчүлүк мусулмандар бул нерселердин баары Исламга тескери дешти жана ушул себептүү аларды арамга чыгарышты. Ал тургай, басмаканалар пайда болуп, Куранды басып чыгарууга токтом кылынганда фикх аалымдары бул ишти арамга чыгарышты. Фикх аалымдары ар кандай жаңылыкты «арам» деп фатва чыгарышты, табият илимдерин үйрөнүүчүлөрдү болсо «капыр» дешти жана бардык муфаккирлерди «кудайсыз» деп айыпташты. Бирок, аз сандагы жамаат Батыштан бардык нерсени: илим, сакафат, хазарат жана маданиятты да алууну зарыл деп билишет эле. Булар Европада же исламий өлкөлөргө кирип келген миссионердик мектептерде таалим алгандар эле. Алгач алардын эч бир таасири болбоду. Жалпы эл Ислам менен Батыштагы илим, сакафат, хазарат жана маданияттын ортосун ылайыкташтыруу пикиринде эле. Чындыгында, Усманий мамлекеттин акыркы доорунда «Батыш өз хазаратын Исламдан алган» о.э. «Ислам өзүнө ылайык болгон нерсени алуудан жана өзүнө тескери болбогон нерсеге амал кылуудан кайтарбайт» деген мазмундагы пикирлер өкүмдар эле. Батыш бул пикирди таратууда чоң натыйжага жетишти. Ал тургай, бул пикир өкүмдар пикирге айланды жана аны жалпы эл, айрыкча илим алуучулар жана көпчүлүк фикх аалымдары көтөрүп чыгышты. Алар «заманбап аалымдар жана реформаторлор» деп аталышты. Батыш хазараты менен Ислам хазараты ортосунда чыныгы карама-каршылык бар болгону үчүн о.э. Батыш сакафаты жана анын турмуш жөнүндөгү көз карашына тиешелүү маанилер менен Ислам сакафаты жана анын тарыйкатына тиешелүү маанилер ортосунда ачык карама-каршылык бар болгондуктан, Ислам менен Батыш пикири ортосун ылайыкташтырууга болбоду. Бул абал алардын Исламдан узакташууларына о.э. билип-билбей Батыш пикирлерине жакындашууларына алып барды. Натыйжада, алар бир тараптан Батыш пикирлерин жакшы түшүнө албай калышкан болсо, экинчи тараптан Исламдан да алыстап кетишти. Мунун илим, өнөржай жана жаңы ойлоп табууларга көңүл бурбоодо о.э. Исламды туура эмес түшүнүүдө чоң таасири болду жана Үммөттүн пикирлерин башаламан нерсеге айлантты, мамлекетти болсо, белгилүү бир пикирде чечкиндүү бир чечимге келе албай турган абалга салып койду. О.э. Үммөттү илим, өнөржай жана ойлоп табууларда көрүнгөн материалдык өнүгүү себептерин кармоодон баш тартууга алып

барды. Натыйжада, Исламий мамлекет күчсүздөнүп, өзүн коргой албай турган болуп калды. Бул алсыздык себептүү душмандар Исламий мамлекетти бир четинен бөлүштүрүп ала башташты. Исламий мамлекет болсо буга каршы эч нерсе кыла албастан, колунан эч нерсе келбей, карап тура берди. Миссионердик чабуул илимдин аты менен Үммөттүн саптарын бузуп, исламий өлкөлөрдө фитна отун жагып, Үммөттүн аң-сезимине сиңе баштады. Исламий мамлекетти жок кылган кыймылдар ийгиликке жетишти. Исламий мамлекеттин бардык жеринде – Балкан, Түркия, араб мамлекеттери, Армения, Курдистан жана башка жерлерде улутчулдук идеологиясы пайда болду. 1914-жыл кирип келгенде мамлекет жар жакасына келип калган эле. Ушундай абалда ал биринчи дүйнөлүк согушка кирди жана андан жеңилип чыкты. Кийин ал бүтүндөй жок кылынды. Ушундай жол менен Исламдын мамлекети жок болду жана Батыштын көптөгөн кылымдар бою түшүнө кирип келген арзуусу – Исламий мамлекетти жок кылуу ниети – жүзөгө чыкты. Исламий мамлекет жоготулушу менен бүткүл Исламий өлкөлөрдөгү бийлик кайрыисламий болуп калды. Мусулмандар исламий эмес туунун астында жашай башташты. Иштери изинен чыкты, абалдары оорлошту жана куфр түзүмү астында жашай турган о.э. куфр өкүмдөрү менен башкарыла турган болуп калышты.

## МИССИОНЕРДИК ЧАБУУЛ

Европа Исламий дүйнөгө илим аты менен миссионердик чабуулун баштады жана бул иш үчүн үлкөн каражат бөлдү. Башкача айтканда, Европа илим жана гумандуулукту жамынып алып миссионердик жолу менен колонизаторлук чабуулуна киришти. Мында Батыш колонизаторлугунун биринчи кадамдары болушу үчүн Исламий өлкөлөрдө саясий тыңчылык жана сакафий колонизаторлук борборлорун куруу назарда тутулду. Ушул себептен улам, бул колонизаторлук үчүн майдан кеңейди, Исламий дүйнө эшиги чоң ачылды жана Исламий өлкөлөргө миссионердик коомдор таркалды. Алардын эң ирилери англис, француз жана америка коомдору эле. Убакыттын өтүшү менен бул коомдор улутчулдук кыймылдарынын очогу болуп калды. Мусулмандардан таалим алуучулардын санын көбөйтүштү. Араб жана түрк улутчулдугу кыймылдарын эки максатта башкарды: Биринчиси, Ислам мамлекетин бүтүндөй жок кылуу үчүн араб өлкөлөрүн Исламий Усманий мамлекеттен ажыратуу. Алар бул мамлекетти улутчулдук көрүнүшүн козгоо максатында «Түркия» наамы менен ataшты. Экинчиси, мусулмандарды чыныгы байламталарынан т.а. Ислам робитасынан алыстатуу. Мусулмандар өз ортолорун байлап тура турган мындан башка робитаны билишпес эле. Батыш биринчи максатын ишке ашырды. Экинчисине али киришкен жок. Ошондуктан түрк, араб, перс жана башкалардагы улутчулдукка болгон багыттандыруулар мусулмандардын биримдигин бөлүп таштай турган жана мабдаларынан чалгыта турган курал болуп кала берди. Бул миссионер коомдор Исламий дүйнөгө чоң таасир көрсөткөн бир нече доорду басып өттү. Азыркы күндө башыбыздан өткөрүп жаткан алсыздык жана калактык мына ушул таасирдин натыйжасы болуп саналат. Анткени, колонизаторлук бизди ойгонуудан жана мабдабыз болгон Исламдан тосуу үчүн дубал курган. Мына ошол дубалдын биринчи кышы ушул миссионердик коомдор болгон. Европалыктарды Исламий дүйнөдө миссионердик коомдорду түзүүгө мажбур кылган нерсе – крестүүлүк жүрүштөрүндө мусулмандардын тайманбастыгы, туруктуулугу жана жихад кылууга сабырдуулугунун аларга жеткирген мусибаттары эле. Т.а. Батыштыктар согуш майданында мусулман менен бетме-бет келишкенде, өз райларына карап эки ишке сүйөнүшүп, Исламды жана мусулмандарды бү-түндөй жок кылуу үчүн бул эки ишке чоң маани беришкен. Алар төмөнкүлөр:

<u>Биринчиси</u>: Алар Ислам өлкөлөрүндө жашоочу насронийлерге сүйөнүштү. Анткени, Исламий өлкөлөрдө, айрыкча, Шамда насронийлер көп болуп, өз диндерин бекем карманышкан. Батыштыктар аларды диндеш боордошторубуз деп эсептешип жана бул согуштарын диний согуш кылып козгогондугу себептүү, ал насронийлер мусулмандарга каршы чыгат жана бизге жардам берет деп ойлошкон.

<u>Экинчиси</u>: Өздөрүнүн санынын көптүгү жана күчтөрүнүн чоңдугуна сүйөнүштү. Бул убакта мусулмандар ортосунда биримдик жок, өздөрү

ич ара бытыранды болуп, кыйроо процесси башталган эле. Крестүүлөр «эгер мусулмандарды биринчи соккуда жеңип алсак, өзүбүзгө түбөлүк моюн сундуруп алабыз жана аларды да, диндерин да жок кылышыбыз жеңил болот» деп ойлошту. Бирок, алардын бул төлгөсү тескери, божомолдору туура эмес болуп чыкты. Согуштарда насроний арабдар мусулмандар менен жанаша туруп согушушту. Исламий өлкөлөрдө жашоочу насронийлерге крестүүлөрдүн чакырыктары таасир кылбады. Анткени, алар Дарул-Исламда жашашып, аларга да Ислам түзүмү колдонулган. Мусулмандар үчүн берилген укуктар аларга да берилип, мусулмандардан талап кылынган нерселер алардан да талап кылынган. Мусулмандар насронийлердин тамагынан жешип, мусулман киши насроний аялга үйлөнөр эле жана анын туугандары менен тамыр-сөөктүк кылышар эле. Мусулмандар менен насронийлер турмуш майданында ынтымакта жашашкан. Анткени, Ислам алар үчүн да бардык укуктарды кепилдеген эле. Халифалар жана акимдер ушуга амал кылышкан. Ибн Хазм айтат: «Душмандар өлкөбүзгө бастырып келип, коргообузда турган зиммийлерге чабуул кылган убакта аларды коргоп жан беришибиз – алардын биздин үстүбүздөгү зиммийлик акылары. Мындайда суздук кылуунун ар кандай көрүнүшү зиммийлик акыларына кайдыгерлик болуп саналат». Карофий айтат: «Зиммийлердин алсыздарына ырайымдуулук көрсөтүү; кембагалдарынын муктаждыктарын кандыруу; ачтарын тоюндуруу, жылаңачтарын кийиндирүү; аларга жумшак сөздөрдү айтуу; азарды кайтарууга курбу жетип турса да коркуп же улуулап эмес, мээримдүүлүк кылып – зиммий кошунанын азарларына унчукпоо; алардын бардык иштерине калыс ниетте болу; аларга азар бермекчи болгондорду кайтаруу; алардын мал-дүйнөсү, үй-бүлөсү, кадыр-баркы, бардык укуктарын жана кызыкчылыктарын сактоо; алар менен болгон мамиледе жакшы адеп-ахлакта болуу – булардын бары мусулмандардын зиммийлер алдындагы милдети». Мына ушулардын баары насронийлерди табигый түрдө мусулмандар менен бирге душмандан коргонууга мажбур кылды.

Крестүүлөр ойлонгон экинчи иш да жүзөгө ашпай калды. Бул мындайча болду: Крестүүлөр Шамды колго алышты. Мусулмандар жеңилишти. Крестүүлөр мусулмандардын жерлерин басып алып, өздөрүн сүргүн кылуу жырткычтыгын биринчи болуп колдонушту (алар азыр да Палестинада ушундай кылып жатышат). Ошондон кийин алар «иш анык биздин пайдабызга чечилди, эми мусулмандар эч качан бутка тура алышпайт» деп ойлошту. Бирок, мусулмандар өз өлкөлөрүнөн крестүүлөрдү кууп чыгаруу максаттарынан эч качан кайтышкан жок. Крестүүлөр мусулмандардын жерлеринде эки кылымга жакын туруп, амирликтерди тикелешкенине карабастан, мусулмандар аларды жеңип, кууп чыгышты.

Батыштыктар мунун сыры эмнеде экендигин издешти жана «сыр Исламда» деген тыянакка келишти. Анткени, Ислам акыйдасы мусулмандардагы бул өтө чоң кубаттын булагы эле. Ислам өкүмдөрү кайрыдиндерге да укуктарын толук кепилдеген эле. Мына ошондон улам элдин ортосунда өз ара биримдик пайда болгон. Ошондуктан, колонизатор капыр Исламий дүйнөгө чабуул кылуунун жолун ойлоп, акыры насронийлерди өз тараптарына оодуруунун, мусулмандарда Ислам динине карата шек-күмөн ойготуунун жана акыйдаларын күчсүздөндүрүүнүн эң ылайыктуу жолу – миссионердик аркылуу сакафий чабуул жолу экенин түшүнүп жетти. Муну менен алар мусулмандар менен Исламий мамлекеттин башка жарандарынын ортосун бузуп, мусулмандардын кубатын күчсүздөндүрө алат эле.

Крестүүлөр бул пландарын ишке ашырып, XVIм. кылымдын аяктарында Мальтада миссионердик үчүн чоң борбор түзүштү. Аны Исламий дүйнөгө миссионердик чабуулдар үчүн база кылышты. Анткени, мына ушул жерден миссионердик күчтөр жиберилчү. Алар бул жерде орношуп алып, бир канча убакытка ушул жерде турушкандан кийин, иш-аракеттерин кеңейтүү зарылдыгын сезишти. Ошондуктан, 1625-жылы Шамга көчүп өтүштү жана миссионердик аракеттерин жүзөгө келтирүүгө киришишти. Бирок, алардын иш-аракеттери өтө эле чектелген болуп, кичине мектептерди түзүү жана кээ бир диний китептерди чыгаруудан нарыга өтпөдү. Куугунтук, баш тартуу, бардык тараптан каршылыкка учуроо сыяктуу кыйынчылыктарды баштарынан өткөрүштү. Бирок, ошондой болсо да, алар 1773-жылга чейин бекем турушту. Анткени, ушул жылы ясуъийлердин (иезуиттердин) миссионердик коомдору бекер кылынды жана бардык миссионердик мекемелер жабылды. Бир гана азарий миссионерлер коому сыяктуу алсыз коомдор гана калды. Булар бар болушуна карабастан, Мальтадан башка жерлерде 1820-жылга чейин миссионерлердин жана миссионердиктин бир да изи калбады. Ушул жылы Бейрутта миссионердиктин биринчи борбору түзүлдү жана ушул жерде миссионерлер өз иш-аракеттерин баштап жиберишти. Алар чоң кыйынчылыктарга туш келишти. Бул кыйынчылыктарга карабастан, өз иш-аракеттерин токтотушпады. Алар эң оболу диний миссионердикке жана диний сакафатка катуу көңүл бурушту. Таалимге болсо анча көңүл бурушпады. 1834-жылы Шамдын бардык өлкөлөрүндө миссионердик аракеттер кеңири кулач жайды. Ливандын Антура айылында университет ачылды. Америка миссионердик борбору китеп басып таркатуу үчүн басмаканасын Мальтадан Бейрутка көчүрдү. Америкалык таанымал миссионер Эйли Смит ачык иш-аракет алып бара баштады. Бул миссионер Мальтада ыктыярдуу иш алып барып, басмаканага башчылык кылчу. 1827-жылы Бейрутка келди. Бирок, бир жыл өтпөстөн эле мусулмандардан чоочуй баштады жана иштин ийгиликсиздигинен та-

жап, Мальтага кайтып кетти. Кийин, 1834-жылы дагы Бейрутка келди жана аялы менен биргеликте аялдар үчүн мектеп ачты. Анын алдында майдан кеңейди. Ал өз өмүрүн бүткүл Шам өлкөсүндө, айрыкча Бейрутта иштөөгө багыштады. Ошентип, бул мээнеттердин баары миссионердик аракеттерин жүргүзүп жиберүүгө жардам берди. Иброхим пашанын Египеттеги (Францияда колдонула турган башталгыч таалим программаларынан алынган) таалим программасынан көчүрүлгөн башталгыч таалим программасын Шамда колдонушу миссионерлер үчүн ыңгайлуу шарт түздү. Алар бул убакыттан пайдаланышып, таалим аракетине миссионердик көз карашы тарабынан өз салымдарын кошушту. Кийин, басмаканачылык аракети жайылды. Муну менен миссионердик аракети күчөдү жана таалим аракетинде ачык эле катыша баштады. Алар өз иш-аракеттери аркылуу «диний эркиндик» наамы менен Исламий мамлекет жарандарынын ортосунда өз ара душмандык козгой алышты. Мусулмандар, насронийлер жана дуруздар ортосунда акыйдага байланышып кете турган диний иш-аракетти жүзөгө келтиришти.

Иброхим паша 1840-жылы Шамдан кеткенден кийин, ал жерде тынчсыздык, мыйзамга моюн сунбастык жана тартипсиздиктер кең таркалды. Адамдардын ортосунда бөлүнүү күчөдү. Чет элдик делегациялар, айрыкча, миссионердик коомдордун мүчөлөрү Усманий мамлекеттин Шамда таасири күчсүздөнүп калганынан пайдаланып, калк арасында фитна отун жага башташты. Натыйжада, 1841-жылы Ливан тоолорунда насронийлер жана дуруздар ортосунда кандуу кагылышуулар жүз берди жана чоң кырсыктуу окуяны келтирип чыгарды. Ал тургай Усманий мамлекет – чет мамлекеттер таасиринде – Ливан үчүн жаңы түзүм иштеп чыгууга мажбур болду. Бул түзүм боюнча, ал эки бөлүккө бөлүнүп, биринде насронийлер, экинчисинде дуруздар өкүмдарлык кыла турган болду. Ар эки бөлүк үчүн аким дайындалды. Муну менен мамлекет бул эки топтун ортосундагы кагылышууларды тынчытууну каалаган эле. Бирок, бул түзүм табигый болбогондуктан пайда бербеди. Англия жана Франция бул келишпөөчүлүккө аралашты. Акимдер качан фитнаны тынчытууга аракет кылып калышса, Англия жана Франция аны дагы күчөтүп жиберип жатышты. Англис жана француздар топтордун ортосундагы бул тынчсыздыктарды Ливан иштерине аралашуу үчүн шылтоо кылышты. Француздар маронийлер тарабына, англистер болсо дуруздар тарабына өтүштү. Бул нерсе 1845-жылы чыр-чатактардын дагы да коркунучтуу түс алышына себеп болду. Чиркөө жана ибадатканаларга да кол салынды. Талап-тоноо, дарга асуу, өлтүрүү сыяктуу карасанатайлыктар күчөдү. Бул абал Усманий өкмөттүн тышкы иштерди күзөтүүчүсүн Ливанга жиберүүгө мажбур кылды. Ага фитнаны басуу үчүн чоң укуктар берилди. Бирок, ал абалды бир аз жумшаткан болсо

да, негизи, дээрлик бирер иш кыла албады. Бирок, миссионерлердин иш-аракети күчөп кетти. 1857-жылы маронийлер тобунда козголоң жана куралдуу кагылышуулар уюштуруу пикири пайда болду. Маронийлердин диний жетекчилери насроний дыйкандарды дуруздардан турган жер ээлерине каршы тукурушту. Англия жана Франция өз жамааттарын – англистер дуруздарды, французадар болсо насронийлерди колдоп-кубатташты. Ушул себептен фитна күчөп, бүтүндөй Ливанды курчап алды. Дуруздар бардык насронийлерди бир четинен өлтүрө башташты. Бул жырткычтыктардын натыйжасында миңдеген насронийлер өлтүрүлдү. Кийин, чыр-чатак Шамдын башка өлкөлөрүнө да өттү. Дамашкта мусулмандар жана насронийлер ортосунда душмандык толкундары козголду жана 1860-жылы июль айында мусулмандардын насронийлер жашаган жерлерге бастырып кирип, жырткычтык кылууларына алып барды. Жырткычтыктар менен бирге үй-жайлар да кыйратылды. Натыйжада, мамлекет фитнаны күч менен басууга мажбур болду. Чыр-чатактар токтоп, аягына жеткенине карабастан, Батыш мамлекеттери бул абалды Шам өлкөлөрүнүн ички иштерине аралашууларына жол ачып бере турган ыңгайлуу учур деп билишти жана аскерий кемелерин анын жээктерине жиберишти. Ушул жылдын август айында Франция жөө аскерлерден турган кошуун жөнөттү. Кошуун Бейрутка түшүп, козголоңду басууга киришти. Ошентип, Батыш мамлекеттеринин Шамда Исламий мамлекеттин иштерине аралашуусуна шылтоо боло турган фитналар жүз берди. Натыйжада, алар Исламий мамлекеттин иштерине аралашышты жана Исламий мамлекетти Сирияны эки вилаятка бөлүп жибере турган өзүнө жараша түзүм иштеп чыгууга көнүүгө о.э. Ливанга артыкчылыктар берүүгө мажбур кылышты. Ошентип, Ливан Шам өлкөлөрүнүн башка бөлүктөрүнөн ажыратылып, ага автономия берилди. Ливанда башкаруунун жергиликтүү түзүмүнөн пайдалана турган жана аны эл өкүлдөрүнөн турган башкаруу межлиси жардамында насроний аким башкара турган болду. Ушул убактан баштап, чет мамлекеттер Ливандын иштерине аралашышты. Аны өздөрү үчүн борбор кылып алышты. Ошентип, Ливан чет элдиктер Усманий мамлекеттин жана Исламий өлкөлөрдүн ичине кирип барышы үчүн көпүрө болуп калды.

Ушул убактан баштап миссионердик иштери болуп көрбөгөндөй даражада илгерилеп кетти. Миссионерлер мектептер аракети, миссионердик иштери, басмаканалар жана ооруканалардын өзү менен чектелишпестен, коомдорду түзүүгө өтүштү. 1842-жылы Америка өкүлчүлүгүнүн башчылыгында анын программасы негизинде илимий коом түзүү үчүн бир комитет түзүлдү. Бул комитет беш жыл иш алып барды жана 1847-жылга келип «Билим жана илимдер коому» аттуу коом түзүүгө жетишти. Анын мүчөлөрү Насиф Язижий жана Бутрус Бустоний – булар Ливан насронийлеринен болуп, коом аларды араб

насронийлеринен деген этибарда алган эле, америкалыктардан Эйли Смит жана Корнелиус ван Дик, англистерден болсо, Колонел Черчилдер эле. Бул коомдун максаты башында анык эмес эле. Бирок, чоңдор жана жаштар ортосунда илим таратуу көрүнүшүндө иш алып барышат эле. Чоңдорго да, жаштарга да миссионердик пландарга ылайык көрсөтмөлөрдүн негизинде Батыш сакафаты менен сакафат берилет эле. Бул коом мүчөлөрүнүн катуу аракеттерине жана өтө чоң күч сарпташканына карабастан, эки жыл бою бул коомго бүткүл Шам өлкөлөрүнөн болгону элүү гана мүчө кошулду. Алардын бардыгы насронийлер болуп, көпчүлүгү Бейруттан эле. Коомго мусулмандар же друздардан бир да мүчө кошулбады. Бул коомду кеңейтүү жана иш-аракетин күчөтүү үчүн өтө көп мээнет жумшалды, бирок, бул мээнеттер натыйжа бербеди. Беш жыл иш алып баргандан кийин бул коом миссионерлерде коомдорду түзүүгө кызыгуудан башка бирер из калтырбастан жок кылынды. Ошондуктан, 1850-жылы «Чыгыш коому» аттуу башка коом түзүлдү. Аны ясуъийлер ясуъий папа француз Генри Дабрунер башчылыгында түзүштү. Анын бардык мүчөлөрү насронийлер эле. Ал да «Билим жана илимдер коому» жолунан жүрдү. Бирок, көпкө жашабады жана биринчи коомдун артынан ал да жабылды. Кийин бир нече коомдор түзүлдү, бирок, алардын баары толук ийгиликсиздикке учурады. Акыры 1857-жылы жаңыча ыкмада бир коом түзүлдү. Ага чет элдиктерден эч кимди киргизбөөгө этибар каратылды. Анткени, анын бардык негиздөөчүлөрү арабдардан эле. Муну менен ушул коом өз мүчөлөрүнүн сабына айрым мусулмандар жана друздарды да араб деген этибарда кошууга жетишти. Бул коом «Сирия илимий коому» аты менен түзүлдү. Ал иш-аракети арабий көрүнүштө көрүнгөнү жана батыштыктардан эч бир мүчөсү жоктугу себептүү адамдарга таасир көрсөтө алды. Натыйжада, ага көпчүлүк кошулду жана мүчөлөрүнүн саны 150 кишиге жетти. Бул коомдун башкаруу кеңеши мүчөлөрү ичинде арабдардан көрүнүктүү адамдар бар эле. Друздардан Мухаммад Арслан жана мусулмандардан Хусайн Байхам мына ошолордун катарына кирет. О.э. ага ар түрдүү топтордон насроний арабдар кошулду. Алардын ичинде Иброхим Язижий жана Бутрус Бустонийдин уулу сыяктуу таанымал адамдар бар эле. Бул коом башка коомдорго караганда көбүрөөк жашады. Анын программасында ар түрдүү топтордун ортосун жараштыруу жана адамдардын дилдеринде араб улутчулдугун туйгуларын ойготуу да бар эле. Бирок, анын жашыруун максаты илим наамы менен миссионердик колонизаторлугу болуп, бул нерсе Батыш сакафаты жана хазаратын жайылтууда көрүнүп калчу. Кийин 1875-жылы Бейрутта жашыруун бир коом түзүлдү. Ал өз иш-аракетин саясий идеология негизине курду. Ошондуктан, араб улутчулдугу идеологиясын жая баштады. Аны түзгөндөр Бейруттагы протестант университетинде таалим

алган жаштардан бешөө эле. Алар миссионердик уюмдарды таасир кыла алган насронийлерден эле. Белгилүү бир убакыт өткөндөн кийин, алар өз коомуна бир нече адамды гана кошо алышты. Бул коомдун араб улутчулдугуна, арабдардын – айрыкча Сирия жана Ливанда – саясий эгемендүүлүгүнө чакырып жатышса да, бирок, кылып жаткан иштеринде, программаларында жана ал жөнүндөгү кабарларда дилдерге анык эмес умтулуулар жана дайынсыз арзуу-үмүттөрдү салууну максат кылып жатканы белгилүү болду. Бул коом арабдаштырууга жана улутчулдукка чакырар эле, Усманий мамлекетке каршы душмандыкты козгойт эле жана аны «Түркия» деп атап, динди мамлекеттен ажыратуу жана араб улутчулдугун негиз кылуу үчүн иш алып барат эле. Бул коом араб улутчулдугун жамынып алган болсо да, анын жетекчилери чыгарып жаткан баракчаларында көбүнчө «Түркия»га дооматтарды т.а. алардын айтышынча «Түркия» арабдардан Халифалыкты зордук менен тартып алган, Исламдын таза шариятына кол салган жана динде кайдыгерлик кылган», - деген дооматтарды кошуп жиберишет эле. Бул нерселер анын түзүлүшүнөн көздөлгөн максаты – Исламий мамлекетке каршы козголоң козгоо, Ислам динине карата мусулмандарда шек-күмөндөрдү ойготуу жана кайрыисламий негизде саясий кыймылдарды түзүү экендигин көрсөтүп берди. Муну ушул кыймылдарды батыштыктардын түзгөнү, аларды күзөтүп жана башкарып турушканы, аларга олуттуу маани беришкени, алар жөнүндө өз тыянактарын жазып турушканы да тастыктайт. Мисалы, Британиянын Бейруттагы консулу өз өкмөтүнө 1880-жылы 28-июлда жөнөткөн телеграммасында мына буларды жазган: «Козголоңго чакырган баракчалар пайда болуп калды. Аларды Мидхат чыгарган окшойт. Азырынча абал тынч. Деталдар почта аркылуу жиберилет». Бул телеграммага жогорудагы коомдун көчөлөрдө өз баракчаларын таркатканы жана Бейрутта дубалдарга жабыштырып таштаганы түрткү болгон эле. Бул телеграмманын артынан Британия өкмөтүнө анын Бейрут жана Дамасктагы консулдарынан дагы бир нече каттар келди. Бул каттарга коом таркатып жаткан баракчалардан нускалар кошуп жөнөтүлгөн. Бул каттар протестант университетинде жүзөгө келип, Шам өлкөлөрүндө иш алып барып жаткан ушул аракет жөнүндөгү тыянактар ордунда эле. Усманий мамлекеттен эгемендүү болуу аракеттери башка араб өлкөлөрүндө да бар болгон, бирок, бул иш Сирияда ачык алып барылган. Буга Жиддадагы Британия өкүлү 1882-жылы өз өкмөтүнө арабдардын аракеттери жөнүндө жазган катында келген ушул сөздөр далалат кылат: «Мага жетип келген маалыматтарга караганда, кээ бир зээндер, ал тургай Меккенин өзүндө да эгемендүүлүк пикири менен кыймылга келип калган. Айрым ишараларды угуп ушундай пикирге келдим: эки дарыя аралыгындагы өлкөлөрдү т.а. Ирактын түштүгүн Нажд өлкөсү менен бирик-

тирип, ага Мансур пашаны амир кылуу жана Асир вилаятын Йемен менен бириктирип, ага Али ибн Абидди амир кылуу жөнүндө план түзүлгөн». Бул аракеттерге англистер эле эмес, балким, француздар да катуу көңүл бурушту. 1882-жылы Бейруттагы французлардын бири жазган кат Франциянын канчалык даражада көңүл бургандыгын көрсөтөт: «Эгемендүүлүк руху бардык жакты курчап алган. Бейрутта турган убагымда мен мусулман жаштардын мектеп жана ооруканаларды куруу, мамлекетти ойготуу үчүн аракет кыла турган коомдорду түзүүгө кызыгуулары ушунчалык күчтүү экендигин көрдүм. Бул аракеттин тайпачылыктын ар кандай таасирлеринен узактыгы – анын көңүл буруу зарыл болгон тарабы. Анткени, бул аракет өз мүчөлөрү сабына насронийлерди да кабыл алууну жана улуттук азаттык иштеринде алардын жардамына сүйөнүүнү максат кылган». Башка бир француз Багдаддан төмөнкүлөрдү жазган: «Бардык жерде «түрктөрдү жаман көрүү» туйгусуна туш келүүгө болот. Ал эми, бул зулумду ыргытып таштоо үчүн ортоктош аракет кылуу пикири али калыптануу доорунда турат. Жакында пайда болгон араб эгемендүүлүгү аракети алыстан угулууда. Ушул күнгө чейин эгемендүү болбогон бул эл тез күндөрдө Ислам дүйнөсүндөгү өзүнүн табигый ордун о.э. бул дүйнөнүн келечегин белгилөөдө катышууну талап кылып чыгат». Дин жана илим наамы менен миссионердик чабуулдарына англистер, француздар жана америкалыктар эле эмес, балким, башка кайрыисламий мамлекеттер да катуу көңүл бурушту. Россия императорлугу да миссионерлерди жөнөттү. Сирия өлкөлөрүнө Пруссия (Германия)дан чиркөө аялдарынан турган миссионерлер келишти. Ар түрдүү мамлекеттерден келген бардык миссионерлер өз ара биргелешип иш алып барышты. Миссионердик аракеттери менен батыштыктардын делегациялары ортосунда мамлекеттер аралык кызыкчылыктар жаатындагы саясий программаларга карата көз караштарында карама-каршылык болсо да, бирок, жалпы максатта багыты бирдей эле. Максат – христиан динине даъват кылуу, Чыгышта батыштыктар сакафатын жаюу, мусулмандарда диндерине карата шектенүүлөрдү ойготуу эле жана аларды өз диндеринен жийиркене турган, өз тарыхтарын тебелептепсей турган о.э. Батышты жана анын хазаратын улуулай турган кылуу эле. Ушул иштер менен бирге миссионерлер жана бардык европалыктар Исламга жана мусулмандарга катуу душмандык жана жийиркенүү менен карашып, мусулмандарды «калак барбар»лар деп эсептешкен. Ошентип, батыштыктар Исламий дүйнөдө алып барган иш-аракеттери натыйжасында, көрүп турганыбыздай, куфр жана колонизаторлукту өлкөлөрүбүздө орнотууга жетишти.

## КРЕСТҮҮЛӨР ДУШМАНЧЫЛЫГЫ

Француз аалымдарынын бири Алконт Хенри Декастре 1892-жылы жазган «Ислам» аттуу китебинде айтат: «Билбейм, эгер мусулмандар орто кылымдарда жазылган чыгармалардан кабардар болушса, христиандардын ырларындагы маанилерди түшүнүп калышса, эмне дешер экен? Анткени, биздин бардык ырларыбыз, ал тургай, XII кылымдан мурда пайда болгондору да крестүүлүк согуштарына себеп болгон бир пикирден келип чыккан. Алардын баары тең мусулмандардын дининен толук маанидеги кабарсыздык натыйжасында мусулмандарга карата кек-душмандыкка толгон. Мындай ырлардын натыйжасында акылдарда Ислам динине каршы мына ушундай кыссалар, зээндерде ката түшүнүктөр бекем орношуп калды. Алардын кээ бирлери азырга чейин акылдарда орношуп турат. Бул ырларды токугандардын баары мусулмандарды мушрик, момун эмес, буттарга ибадат кылуучулар жана динден чыгып кеткендер деп эсептешкен». Орто кылымдарда Европада насроний дининин жетекчилери тарабынан мусулмандар жана алардын дини мына ушундай сыпатталган. Бул сыпаттар мусулмандарга каршы душмандык ойготуу, насроний дүйнөсүн козгоо үчүн иштетилип, натыйжада крестүүлүк согуштары болду. Согуш бүткөндөн бир нече кылымдан кийин, мусулмандар XV кылымда Батышка чабуул жасашты. Бул доордо Исламий мамлекет Константинополду фатх кылды. Кийин XVI кылымда Европанын түштүгү жана чыгышын фатх кылып, ал жерлерге Исламды алып кирди. Бул фатхтардын натыйжасында Албания, Югославия, Болгария жана башка жерлердин калкынан миллиондогон адамдар Алланын динине киришти. Мындай абал крестүүлөрдүн душмандыгы жаңыланышына себеп болду жана «Чыгыш маселеси» жүзөгө келди. «Чыгыш маселеси» исламий кошуундарды кайтаруу, исламий фатхты токтотуу жана мусулмандар коркунучун жоюу үчүн Европага жардам берүү маанисинде болгон. Исламга жана мусулмандарга карата европалыктардын жүрөгүндө терең орношкон мына ушул душмандык Европадагы бардык насронийлерди мектептер, ооруканалар, коомдор атына жамынуу менен Ислам дүйнөсүнө миссионердик аракеттерди колдонууга үндөдү. О.э. буга эсепсиз каражат жана күч жумшоого, кызыкчылыктары жана саясаттары бири-бирине карама-каршы болсо да, бул иш үчүн мамлекеттери жана элдерин бириктирүүгө, бул ишти консулдары жана элчиканаларынын да негизги милдетине айландырууга үндөдү.

Батыштыктардын, айрыкча, англистердин жүрөктөрүндө мына ушул жашыруун крестүүлүк душманчылыгы жана жийиркеничтүү кеги мусулмандарга каршы ушул тозоку пландарды пайда кылды жана өз өлкөбүздө мына ушундай кордолушубузга себеп болду. 1917-жылы

англистер Куддус шаарын басып алгандан кийин, шаарга кирип жатып Лорд Алленби: «Ушинтип бүгүн крестүүлүк согушу бүттү», - деп айткан. Ал айтканы анын дилиндеги кек-душмандыктын канчалык катуулугун айгинелеп турат. О.э. бул сөз мусулмандарга каршы сакафий же аскерий согушка кирип жаткан ар бир европалыктын дилиндеги мерезди да билдирет. Алла Таала айтат:

﴿ قَدْ بَدَتِ ٱلْبَغْضَآءُ مِنْ أَفْوَٰهِهِمْ وَمَا تُخْفِى صُدُورُهُمْ أَكْبَرُ ﴾

***«Эй момундар, алардын силерди жаман көрүүлөрү ооздорунан ашкере болду. Дилдериндеги душмандыктары андан да чоңураак».*** **[3:118]**

Лорд Алленбинин оозунан чыккан сөздөр мусулмандарды чындап жаман көрүшүн түшүндүрөт. Анын мамлекети Британия сыр тутуп жаткан нерселердин ага караганда чоңураак экендиги шексиз. Ар бир европалыктын дилиндеги нерселер да ушундай. Бул душмандык крестүүлөр доорунан бүгүнкү күнгө чейин уланып келе жатат. Биз туш келип жаткан куугунтуктар жана кордуктар, колонизаторлуктун басым өткөрүшү жана байлыктарыбыздын талап-тонолушу о.э. булардагы саясий тараптар биз мусулмандардан алынып жаткан өч алуудан башка нерсе эмес.

Профессор Леопольд Вайс «Ислам жолдун айрылышында» китебинде жазат: «Исламий, айрыкча, арабий булактардан өтө кеңири көлөмдө жардам алып ишке ашырылган Европадагы ойгонуунун, же илим жана билимди тирилтүүнүн себеби, негизинен, Чыгыш жана Батыш ортосундагы материалдык мамилелерге барып такалат. Мындан Европа көбүрөөк пайдаланып калды. Бирок, Европа бул жакшылыкты билбеди. Эгер билгенде, Исламга болгон душмандыгынан баш тартат эле. Бирок, иш тескерисинче болду т.а. бул душмандык замандар өтүшү менен өөрчүп ырбады, андан соң адатка айланды. Чындыгында, качан «мусулман» сөзү айтылса, улуттук туйгуларды бул душмандык камтып алчу болду. Бул душмандык алардын макалдарында да иштетиле турган болду. Ошентип ал ар бир европалыктын дилинен жай алды. Мындан да таң калычтуусу, бул душмандык сакафий өнүгүүнүн бардык доорунан кийин да жоголбоду. Кийин Европа ар түрдүү фиркаларга (топторго) бөлүнүп кеткен жана ар бир фирка башка ар кандай фиркага каршы кылыч жылаңачтаган бир убакта диний оңдоо доору келди. Бирок, Исламга душмандык бүткүл Европада массалык көрүнүштө эле. Андан кийин диний туйгулар жоголгон доор башталды. Бирок, ошондо да Исламга душмандык жоголбоду. Буга XVIII кылымда жашаган француз философу жана акыны Волтерди мисал кылып келтирсек болот. Ал насроний дининин жана чиркөөнүн ашынган душмандарынан эле. Ошол эле учурда Исламды жана анын пайгамбарын да абдан жаман көргөн. Бир нече кылымдар өткөндөн

кийин, Батыш аалымдары чет элдик сакафаттарды үйрөнүп, аларга жан тартуу менен карай турган заман келди. Ал эми, Исламга тиешелүү маселелерде болсо, мурдагыларга ээрчип акаарат назары менен кароо алардын илимий изденүүлөрүнө да сиңип кетти. Европа менен Ислам дүйнөсү ортосунда тарых казган булуң үстүнө көпүрө курулбай кала берди. Кийин Исламга акаарат назары менен кароо европалыктар көз карашынын негизги жана ажыралгыс бөлүгүнө айланды». Жогоруда айтып өтүлгөн миссионердик коомдор мына ушул негизде пайда болду. Ошондуктан, бул коомдор мусулмандарды насроний динине үгүттөөнү, аларда Исламга карата шектенүүлөрдү ойготууну, аларды диндеринен жийиркендирүүнү, Исламды алсыздыктарынын негизги себеби кылып көрсөтүүнү о.э. саясий максаттарды да көздөшкөн эле. Ошондуктан, алардын саясий жана шектенүүгө салуу жактары укмуштуудай натыйжаларды берди. Миссионердик аракеттери адамдарды Алланын жолунан тосуу жана мусулмандарды диндеринен узакташтыруу максатында Исламды айыптоо о.э. ал жана анын өкүмдөрү айланасында проблема жана шектенүүлөрдү козгоо аркылуу Исламды жок кылуу негизинде түзүлгөн эле. Бул миссионердик аракеттердин артынан дал ушул максатты көздөгөн жана ушул ыкманы колдонгон Чыгышты үйрөнүүчүлөр жана Чыгыш таануучулар аракети жүзөгө келди.

Европадагы бүткүл күч кресттүүлүк согуштарына бириктирилди. Европа алгач сакафий жактан Ислам өкүмдөрүн жана жогорку максаттарын бузуп көрсөтүп, пикирлерин чалгытуу о.э. чет элдиктер илимий изденүүлөр жана илимий акыйкаттар наамы менен мусулмандарга өз тарыхы жана Ислам жөнүндөгү айтып жаткан сөздөрү аркылуу алардын акылдарын уулай баштады. Бул сакафий уу-заар крестүүлүк согуштарынан да коркунучтуураак эле. Миссионерлер мындай ууландырууну илим жана гумандуулук наамы менен ишке ашырышса, а Чыгыш таануучулар Чыгышты үйрөнүү наамы менен ишке ашырышты. Профессор Леопольд Вайс айтат: «Чындыгында, жаңы кылымдагы биринчи Чыгыш таануучулар Исламий өлкөлөрдө аракет кылып жаткан насроний миссионерлер болушкан. Алар Ислам таалиматтары жана тарыхын бузуп көрсөткөн көрүнүш европалыктардын «бутпарастар»га т.а. мусулмандарга боло турган мамилелерин белгилеп берүүнү кепилдей турган негизде иштеп чыгылган эле. Чыгыш таануучулук илимдери миссионердик таасирлерден кутулуп, бул илимдер үчүн аларды туура эмес багыттандырып жаткан наадандык «диний сезимдер» деген шылтоо калбаган болсо да, мындай аклий адашуулар улантылууда. Ал эми, Чыгыш таануучулардын Исламга чабуул кылууларына келсек, бул мурункулардан мурас болуп калган рефлекске жана крестүүлүк согуштары пайда кылган калдыктарга негизделген табигый касиет».

Мурас болуп калган бул душмандык мусулмандарга каршы батыштыктардын дилдеринде азыркыга чейин душманчылык отторун жагууда жана Исламды – ал тургай, мусулмандардын өлкөлөрүндө да – алардын өздөрүнө жана башкаларга адамзатты коркууга салуучу нерсе же адамзаттын өсүп-өнүгүүсүнө тоскоолдук кыла турган коркунучтуу мокочо кылып сүрөттөшүүдө. Муну менен алар Исламдан чындыгында эле коркуп жатышканын жашырышууда. Анткени, Ислам дилдерде орношсо, мусулман дүйнөсүнөн колонизатор капырдын өкүмдарлыгы жоголот жана Исламий мамлекет бүт дүйнөнү акыйкат жолго даъват кылууну дагы жолго коёт. Инша Аллах, бул нерсе албетте болот! Бул болсо, бүтүндөй адамзат үчүн да, Батыш үчүн да пайдалуу. Миссионерлердин жана башкалардын бүткүл аракеттери алардын дилдериндеги арманга, кайгыга айланып калат. Алла Таала айтат:

﴿ إِنَّ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ يُنفِقُونَ أَمْوَٰلَهُمْ لِيَصُدُّواْ عَن سَبِيلِ ٱللَّهِ ۚ فَسَيُنفِقُونَهَا ثُمَّ تَكُونُ عَلَيْهِمْ حَسْرَةً ثُمَّ يُغْلَبُونَ ۗ ﴾

***«Албетте, капырлар байлыктарын Алланын жолунан тосуу үчүн иштетишет. Аны сарпташат, бирок,*** *(бул иштери)* ***өздөрүнө өкүнүч болот, кийин жеңилишет».*** **[8:36]**

Мураска калган бул душманчылык ар дайым Ислам жана мусулмандарга каршы ар кандай аракетти колдоп-кубаттап келүүдө. Батыштык аалым зороастризм, индуизм же коммунизм агымдары үстүндө изилдөө алып барса, анын изилдөөлөрүндө душмандык, тарапкечтик же кек сактагандыкты көрбөйсүз. Эгер Ислам үстүндө изилдөө алып барса, мусулмандар жеңилип, колонизатор капыр үстөм болгонуна карабастан, анын бул изилдөөлөрүндө душмандык, кек сактагандык жана жек көрүү белгилери даана көрүнүп турат. Батыштык чиркөө кишилери – алардын аркасынан колонизаторлор – алиге чейин Исламга каршы ар түрдүү аракеттерди ишке ашырып келүүдө, чарчоо билбей Ислам жана мусулмандардын үстүнө ар кандай жалааларды жаадырышууда, Мухаммад ﷺга жана анын сахабаларына дооматтарды токушууда, Ислам жана мусулмандардын тарыхына айыптарды жабыштырышууда. Булардын баары мусулмандардан өч алуу үчүн о.э. колонизаторлук жана колонизаторлордун кадамдарын бекемдөө үчүн болууда.

## МИССИОНЕРДИК ЧАБУУЛДАРДЫН ТААСИРЛЕРИ

Бул миссионердик чабуулдар Европа колонизаторлугу Ислам дүйнөсүн сакафий жактан басып алгандан кийин аны саясий жактан да колго алуу үчүн жол даярдаган «алдыңкы бөлүктөр» эле. Мусулмандар Истамбул жана Балканды фатх кылып, Европага Исламды алып кирип пикирий жетекчиликти жаюучулар болушкан. Эми болсо Исламий өлкөлөр Батыш өз пикирий жетекчилигин алып келе турган пикирий бутага о.э. хазараты жана турмуш жөнүндөгү түшүнүктөрүн илим, гуманизм жана диний миссионердик наамы астында ар түрдүү жолдор менен тарката турган майданга айланып калды. Батыш хазаратын жана түшүнүктөрүн жаюу менен эле чектелип калбады, ал мусулмандарга каршы чабуул кылып жатканда Ислам хазаратын жана анын турмуш жөнүндөгү түшүнүктөрүн каралап жатты. Бул нерсе интеллигенттерге жана саясатчыларга эле эмес, балким, Исламий сакафатты жаюучуларга жана жалпы мусулмандарга жаман таасир кылды.

Колонизаторлук Ислам дүйнөсүн басып ала электе өзүнүн миссионердик мектептеринде, басып алгандан кийин болсо бардык мектептерде өз философиясы, хазараты жана турмуш жөнүндөгү түшүнүктөрү негизинде таалим жана сакафат программаларын иштеп чыгып, интеллигенттерди ошонун негизинде тарбиялай баштады. Кийин Батыш өзүн бизге берип жаткан сакафаты алына турган негиз кылды. О.э. өз тарыхын, ойгонуусун жана чөйрөсүн акылдарыбызды толтуруу үчүн маалыматтар алына турган булакка айландырды. Муну менен да чектелип калбады. Балким, программанын бирер бир кичине тармагы да ал белгилеген негизден т.а. Батыш философиясы жана хазаратынан тышкары чыгып кетпеши үчүн алардын бардык майда-чүйдөлөрүнө чейин аралашты. Мындай аралашуу жалпы көрүнүштө болду, ал тургай, Ислам дини, Ислам тарыхы сабактарына да аралашты. Бул сабактардын программалары Батыш сунуштаган негизге о.э. Батыш түшүнүктөрүнө ылайык түзүлдү. Ушуга ылайык, Ислам дини Исламий мектептерде Батыштын дин жөнүндөгү түшүнүктөрүнө ылайыкташтырылып, рухий, адеп-ахлактык таалим катары турмуштан жана Исламдын турмуш жөнүндөгү түшүнүктөрү акыйкатынан өтө эле узак кылып үйрөтүлүп калды. Перзенттерибизге Расулулла ﷺдын өмүр баяны пайгамбарлык жана рисалатка тиешеси жок кылынып, кудум Наполеон же Бисмарктын өмүр баяны сыяктуу окутулчу болду, адамдардын дилдеринде бирер пикир же туйгу ойготпой турган кылып үйрөтүлчү болду. Ибадат жана адеп-ахлак материалдары – дин программалары ушуларды гана өз ичине алган эле – пайда алып келет деген көз караште окутулду. Ушуга карай, Ислам дининен таалим берүү да Батыш программаларына ылайык алып барыла турган болду. Ислам тарыхынан болсо бузук ниет жана

ката түшүнүүлөр токуп чыгарган кемчиликтер гана окутулду, тарыхый акыйкат жана илимий талкуу наамы менен «кара тактар» катары көрсөтүлдү. Мусулман интеллигенттери арасынан миссионердик ыкма жана программа негизинде тарыхтан таалим бере турган жаштардын жетишип чыгышы какаганга муштаган болду. Ошентип, бардык программалар Батыш философиясы негизинде жана Батыш программаларына ылайык иштелип чыгылды. Муну менен интеллигенттердин көпчүлүгү Батыш сакафатынын балдарына жана шакирттерине айланып калышты. Бул сакафатты жактырып, жакшы көрүп, турмушта анын түшүнүктөрүнө ылайык аракет кыла башташты. Ал тургай, алардын көпчүлүгү Батыш сакафатына тескери келип калса, Ислам сакафатынан баш тарта турган болуп калышты. Алар Батыш көз карашы таасирине берилип, Батыш сакафаты менен тарбияланган интеллигенттерге айланышты. Батыш сакафатына бүтүндөй ыклас коюшту, бул ыклас аларды чет элдиктерди урматтоого жана хазаратын алууга үндөдү. Көпчүлүк интеллигенттердин табияты Батыштын табияты сыяктуу болуп калды, батыштык жаман көргөндөй Исламды жана анын сакафатын жек көрө турган, батыштык кек сактагандай Исламга жана Исламий сакафатка душман боло турган, Батыш аларга уктургандай «Ислам жана исламий сакафат мусулмандардын калактыгынын себеби» деп ишене турган болуп калышты. Ушул себептен миссионердик аракеттер өз саптарына интеллигент катмарды кошуп алып, аларды Исламга жана исламий сакафатка каршы кылып койгон убакта болуп көрбөгөндөй ийгиликке жетишти.

Бул абал Европа жана чет элдик мектептердеги интеллигенттерден өтүп, исламий сакафат ээлерине да жетип барды. Алар Батыш колонизаторлугу алардын диндерин айыптап, чабуул кылышы алдында коркууга түшүштү жана бул айыптоолорго болгон мүмкүнчүлүктөрү менен раддия (каршы жооп) бере башташты. Бул раддиялары туура же туура эместигине көңүл деле бурушпады. Чет элдик алардын динине кылып жаткан айыптоолор Исламдын негизги каада-салттарыбы же Исламга жабыштырылып жаткан, анда болбогон нерселерби – бул жөнүндө ойлоп да отурушпады. Алар бул раддияларында Ислам айыптуу кылынышына ыраазы болушту. Кийин Ислам нусустарын Батыш түшүнүктөрүнө ылайык келе турган көрүнүштө таъвил кылышты. Ошентип, алар Европанын бул чабуулдарына анык эмес раддияларды бергендиктен, натыйжада бул нерсе раддия болуудан көрө көбүрөөк миссионердик чабуулдун көмөкчүсүнө айланды. Ушул интеллигенттер Ислам хазаратына тескери болгон Батыш хазаратын «Исламдан» деген азгыруулар менен кабыл алып, бул нерсе алардын түшүнүктөрүнө айланып калды. Алардын көпчүлүгү «Батыш өз хазаратын Ислам жана

мусулмандардан алган» дей турган болушту жана Ислам менен Батыш хазараты бүтүндөй тескери болушуна карабастан, Ислам өкүмдөрүн ушул хазаратка ылайыкташтырып таъвил кылышты. Алар Батыш хазаратын бүтүндөй кабыл алышты жана өз акыйдалары жана хазараттары «Батыш хазаратына ылайык келет» деп айтылганда, ага ыраазы болушту. Бул нерсе алар Батыш хазаратын кабыл алып, өздөрүнүн Исламий хазаратынан чыгып кетишкендиктерин түшүндүрөт эле. Бул болсо, миссионердик жана колонизаторлук чабуулдарды турмушка ашырууну чечкен колонизатор Батыштын көздөгөн максатынын дал өзү болчу. Чет элдик сакафат менен тарбияланган интеллигенттердин пайда болушу жана интеллигенттердин Исламий сакафатты туура эмес түшүнүшү себептүү мусулмандарда Батыштын турмуш жөнүндөгү түшүнүктөрү пайда болду жана өлкөлөрүндө Батыштын материалдык хазараты бекем орношту о.э. коомдордогу турмуш Батыштын хазараты жана түшүнүктөрүнө моюн суна турган болуп калды. Мусулмандар башкаруудагы демократиялык түзүм жана экономикадагы капиталистик түзүмдөр – куфр түзүмдөрү экендигин билишпеди. Алар кылып жаткан иштери Алла түшүрбөгөн өкүмдөр менен ажырым кылынса да таасирленбей турган болуп калышты. Акыйкатта болсо, алар Алла Тааланын ушул аятын билишчү эле:

﴿ وَمَن لَّمۡ يَحۡكُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ فَأُوْلَـٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡكَـٰفِرُونَ ﴾

***«Кимде-ким Алла түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда алар капырлар».*** **[5:44]**

Мунун негизги себеби – динди мамлекеттен ажыратуу негизине курулган Батыш хазараты жана материалдык түшүнүктөрү алардын коомдоруна өкүмдар болуп калгандыгында. Алар, мейли турмуштук иштерин өздөрү каалагандай алып барышса да, «Аллага этикат кылуу жана намаздарды окуп коюунун өзү менен диний милдеттерибизди өтөп болдук» деп ойлой турган болуп калышты. Анткени, алар «Падышага падышаныкын, Аллага Алланыкын бер» деген Батыш түшүнүгүнөн таасирленишти. Падышаны да Алла үчүн шайлай турган, падыша үчүн болгон бардык нерселерди да Алла үчүн кыла турган о.э. намаз, соода-сатык, ижара, өкүм жүргүзүү жана таалим-тарбия иштерин Алланын буйрук жана кайтарууларына ылайык жүргүзө турган Исламий түшүнүктөрдөн таасирленишпеди. Алар Алла Тааланын төмөнкү аятын окуган болушса да, бул түшүнүктөрдөн таасирленишпеди:

﴿ وَأَنِ ٱحۡكُم بَيۡنَهُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ ﴾

***«Эй Мухаммад, алардын ортосунда Алла түшүргөн нерсе** (дин) **менен өкүм кылгын».*** **[5:49]**

﴿ يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ إِذَا تَدَايَنتُم بِدَيۡنٍ إِلَىٰٓ أَجَلٖ مُّسَمّٗى فَٱكۡتُبُوهُۚ ﴾

***«Эй ыйман келтиргендер, бири-бириңер менен карыз мамилесин кылсаңар, жазып койгула».*** **[2:282]**

﴿ وَمَن يُشَاقِقِ ٱلرَّسُولَ مِنۢ بَعۡدِ مَا تَبَيَّنَ لَهُ ٱلۡهُدَىٰ وَيَتَّبِعۡ غَيۡرَ سَبِيلِ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ نُوَلِّهِۦ مَا تَوَلَّىٰ وَنُصۡلِهِۦ جَهَنَّمَۖ وَسَآءَتۡ مَصِيرًا ﴾

***«Ким акыйкат жолду анык билгенден кийин пайгамбарга каршы иш кылса жана момундардын жолунан башка жолго ээрчип кетсе, биз аны кеткен жагына коё беребиз. Кийин тозокко киргизебиз. Ал канчалык жаман жай!»*** **[4:115]**

﴿ وَمَا كَانَ ٱلۡمُؤۡمِنُونَ لِيَنفِرُواْ كَآفَّةٗۚ فَلَوۡلَا نَفَرَ مِن كُلِّ فِرۡقَةٖ مِّنۡهُمۡ طَآئِفَةٞ لِّيَتَفَقَّهُواْ فِي ٱلدِّينِ وَلِيُنذِرُواْ قَوۡمَهُمۡ إِذَا رَجَعُوٓاْ إِلَيۡهِمۡ لَعَلَّهُمۡ يَحۡذَرُونَ ﴾

***«Бардык момундардын жихадга чыгып кетүүлөрү жарабайт. Алардын ар бир жамааттарынан бирден тайпа жихадга чыкпайбы?! Калгандары болсо динди үйрөнүп, жихадга кеткендер кайтышканда, алар Алланын азабынан сактануулары үчүн, аларды эскертип туруу үчүн калышпайбы? Ошентип Алланын азабынан сакктанышса ажеп эмес».*** **[9:122]**

Ооба, алар Куран аяттарындагы бул түшүнүктөрдөн таасирленишпейт. Анткени, алар Куран аяттарын турмушта колдонуу үчүн окушпайт. Негизи, мусулман адам Куран аяттарын турмушта колдонуу үчүн окушу керек. Ал эми, ал интеллигент сөрөйлөр аяттарды Батыш түшүнүктөрү өкүмдарлыгы астына түшүп калган абалда окушуп, бул аяттардын рухий жактарынан гана таасирленишет да, алардагы түшүнүк жана мазмун менен акылдары ортосуна тосук коюшат. Булардын баарынын себеби – Батыш хазараты жана түшүнүктөрү аларга өкүмдар болуп алгандыгында. Бул айтылгандар жалпы элге жана исламий о.э. чет элдик сакафат менен тарбияланган интеллигенттерге тийиштүү.

Саясат кишилерине келген балээ чоңураак болду. Колонизаторлук саясатчыларды топтоп, Усманий мамлекетке каршы тукурду, өздөрүнө ыктатып, ар түрдүү убадаларды берди (шайтандын убадалары албетте жалган). Мына ошондон тартып алар чет элдик менен бирге жүрүп, ал сызган сызыктан чыгышпайт. Алар Усманий мамлекет бар кезде эле чет элдиктер тарапка өтүп кетишкен, өз мамлекетине каршы туруп, капырларга жардам беришкен. Акыйкатта

болсо, Ислам Буга таптакыр уруксат бербейт. Бирок алар ушул ишти кылышты жана ушунусу менен сыймыктанып, аны ар жылы өткөрүлө турган майрамга айландырышты. Алар ошол убакта мамлекетти оңдоо үчүн өкүмдар топко каршы күрөшүүнүн ордуна мамлекеттин капыр душмандары менен биргеликте бүткүл Ислам мамлекетине каршы турушту. Натыйжада, алардын өлкөлөрүн колонизатор капырлар ээлеп алышты. Алар колонизатор капырларга каршы элден жардам алуунун ордуна, тескерисинче, элге каршы капырлардан жардам сурашты. Чындыгында, алар колонизатор капырлардан Исламий шахсияттарын жогото турган деңгээлде таасирленишти. Колонизатор капыр алардын пикирлерин өзүнүн саясий жана философиялык райлары менен уулады. Бул болсо алардын турмуш жөнүндөгү, жихад жөнүндөгү көз караштарын бузуп таштады. Булардын баары бүткүл Исламий чөйрөлөрдүн бузулушуна, турмуштун ар түрдүү тармактарында пикирлердин чиеленип кетишине себеп болду.

Алар жихадды талаш-тартыштарга жана талкууларга алмаштырышты. Исламий өлкөлөрдө колонизаторлук үчүн эсепсиз кошуундардан да пайдасы чексиз эсептелген «ал жана талап кыл» эрежесине ыйман келтиришти. Колонизатор капырдан ар кандай жардам суроо чоң күнөө жана саясий жактан өзүн-өзү мууздоо экендигин түшүнбөстөн, андан жардам сурашты жана ага сүйөнүүнү күн тартибине киргизишти. Жергиликтүү регион үчүн тар чөйрөдө аракет кылууга жана аны саясий иш-аракеттеринин майданына айландырууга ыраазы болушту. Региондогу мамлекеттер кең болсо да, жакшы турмуш талап кыла турган саясий жана саясий эмес жүктөрдү көтөрүү региончулукта мүмкүн болбогондуктан, бул абал саясий аракеттерди жемишсиз кылып коюшун түшүнүп жетишпеди.

Алар бул иштер менен чектелишпеди. Балким, жекече кызыкчылыктарын өз сергектиктеринин, чет элдик мамлекеттерди болсо жалпы сергектиктеринин борборуна айландырышты. Муну менен сергектиктин табигый борборун т.а. өз мабдасын жоготушту. Бул жоготуу себептүү – канчалык ыклас менен аракет кылышпасын, канчалык күч жумшашпасын – аракеттеринде ийгиликке жетишүү мүмкүнчүлүктөрүнөн куру калышты. Ошондуктан, бардык саясий аракеттер натыйжасыз аракеттерге айланып калды. Үммөттөгү ар бир ойгонууга болгон аракет мууздалган жаныбардын аяк серпип барып тынчып калышына окшор эле. Ал аракеттер үмүтсүздүк жана бүтүндөй багынуу менен аяктай турган анык эмес аракеттер эле жана алар карама-каршылыктарга толтура болчу. Буга себеп, саясий аракеттердин жетекчилери сергектиктин табигый борборун жоготушту. Ушул себептен улам, Үммөттүн да сергектиктин ушул борборун жоготушу табигый эле. Саясатчылардын пикирлери чет

элдик мабдалар менен мына ушинтип уулангандай, ката райлар менен да ууланды т.а. Исламий өлкөлөрдө улутчулдук жана социализм, мекенчилдик жана коммунизм руху, дин жана адеп-ахлак, таалим жана иршад (туура жол көрсөтүү) наамы менен ар түрдүү аракеттер жүзөгө келди. Бул аракеттер какаганга муштагандай болду жана коомду эзип турган проблемаларга кошумча проблема болду. Алардын натыйжалары да ийгиликсиздик жана өз-өзү менен убара болуп калуудан башка нерсе болбоду. Бул кыймылдар миссионердик чабуулдан таасирленип, Батыш хазараты жана түшүнүктөрүнө ылайык иш-аракет алып барышты о.э. үммөттүн кызуу туйгуларын пайдасыз жана жакшылык кайтпай турган иштер менен алек кылгандары жетишпегенсип, аны Батыштын турмуш жөнүндөгү түшүнүктөрү тарапка буруп жиберишти жана колонизаторлуктун Исламий өлкөлөрдө тамыр жайып, бекем орношуп алышына мүмкүнчүлүк жаратышты. Ошентип, миссионердик чабуулдардын ийгилиги теңдешсиз болду.

## ИСЛАМИЙ ДҮЙНӨГӨ САЯСИЙ ЧАБУУЛ

Андалуска (Испанияга) болгон чабуулдун чыныгы себеби крестүүлүк согуштары айынан батыштыктардын дилдеринде терең тамыр сайган өч алууга барып такалат. Анткени, Батыш крестүүлүк согуштарында тез эле ийгиликсиздикке учурап, Ислам дүйнөсүнөн шерменде болуп куулгандан кийин, бул жеңилүү натыйжасында анын дилинде мусулмандарды жаман көрүү, аларга карата душмандык жана кек сактоо пайда болду. Батыш чыгышка экинчи жолу жүрүш кылууга батына албады. Анткени, Чыгыштын калкы ар түрдүү болушуна карабастан, Батыштын жолун тосууга жана урунууларын жокко чыгарууга кудуреттүү эле. Батыш бул өч алуунун Андалуста ишке ашышы мүмкүн экендигин көрдү жана ошондуктан чабуулун ага каратты. Отканалар, баш кесүүгө ылайыкташтырылган аспаптар жана инквизиция мекемелерин ишке салып, жырткыч айбандардан да ашып түшө Андалусту багындырды. Негизи мындай жырткычтык Батыш үчүн намыс эсептелер эле. Мусулмандардын аскердик кудурети күчтүү жана Андалуска жардам берүүгө мүмкүнчүлүктөрү бар эле, бирок, алар унчукпай турушту. Муну көргөн Батыш өч алууну узакка созду. Мусулмандар болсо дагы деле кайдыгер мамиледе болуп, Андалусту мына ушундай кыйын абалда таштап коюшту жана муну менен Батышка мусулмандардан өч алышы үчүн дагы бир мүмкүнчүлүк жаратып беришти. Эгер мусулмандардын, айрыкча, Усманий мамлекеттин кудурети болбогондо, батыштыктар Ислам өлкөлөрүнө арты-артынан чабуул кылган болот эле. Бирок, мусулмандардын кудурети жана Усманийлердин Европага жүрүш кылып, аны фатх кылуулары батыштыктарды коркууга салып койду. Ал тургай, экинчи крестүүлүк согушунда жеңилип калбоолору үчүн мусулмандарга чабуул кылууга көп деле батына алышпады. Ошондуктан, Батыштын Ислам өлкөлөрүнө чабуулу XVIII кылымдын экинчи жарымына чейин токтоп калды. Бирок, мына ушул убакка келип, Исламий дүйнөгө сенектик жайыла баштады. Мамлекет Исламий даъват менен таптакыр алектенбей койду. Натыйжада, жүрөктөрдө Ислам оту өчүп, душмандар мусулмандардан айбыкпай калышты. Мына ушул убакта Ислам дүйнөсүнө сакафий жана миссионердик чабуулдар башталды жана Исламий өлкөлөрдү майда бөлүктөргө бөлүп таштоо жана аны биротоло жок кылуу үчүн бул аракеттерге саясий чабуул да кошулду. Батыштыктардын бул максаттары ишке ашты жана алар чоң жеңишке жетишишти.

Миладий 1762-1769-жылдары Россия Екатерина доорунда Усманийлерге каршы согушуп, жеңишке жетишти жана алардан кээ бир жерлерди, Азов шаарын жана Крым жарым аралын тартып алды. Кара деңиздин түндүк бөлүктөрүн да колго киргизди. Одессада Кара деңизде соода үчүн порт курду. Крым жарым аралында Севастополь

шаарын куруп, өзүнө борбор кылып алды. Ушундай көрүнүштө Россия Усманий мамлекеттин тышкы саясатында кооптуу душманга айланды. Россия Крым амирликтеринде жетекчи болуп калды жана өзүн «Усманий мамлекеттеги христианчылыктын коргоочусу» деп санады. Кийин 1884-жылы Түркиядан Түркстанды ажыратып алды. Андан кийин бүткүл Кавказды басып алды.

Иш Россия менен эле чектелип калбады. Балким, башка Батыш мамлекеттерин да камтып алды. 1798-жылдын июлунун баштарында Наполеон Египетке чабуул кылып, аны ээлеп алды. 1799-жылдын февралында Шам өлкөлөрүнүн түштүк өлкөлөрүнө чабуул кылды жана Газа, Яффа жана Рамланы колго киргизип, Акка чептерине чейин жетип барды. Бирок, ага кол сала албады. Кийин Наполеон Египетке, андан Францияга кайтып кетти. 1801-жылдагы чабуулу болсо ийгиликсиздикке учурады. Ошондой болсо да, Усманий мамлекетке таасир кылды жана аны катуу силкинтип жиберди. Исламий дүйнөгө башка мамлекеттер да арты-артынан чабуул кылып, жерлерин ээлеп ала баштады. Француздар 1830-жылы Алжирди басып алышты. Андан кийин Туниске жүрүш баштап, 1881-жылы аны колго киргизишти. 1912-жылы Мароккону басып алышты. Италия 1911-жылы Триполи шаарын ээлеп алды. Ошентип, Түндүк Африканы бөлүп алуу, аны Ислам башкаруусунан чыгарып, куфр башкаруусуна моюн сундуруу жана колония кылуу акырына жетти.

Батыштыктар муну менен да чектелип калышпады, балким, калган жерлерди да ээлей башташты. Британия 1839-жылы Аданды колго киргизди. Түштүк Йемен чегараларынан Арабстан жарым аралынын чыгышына чейин созулган Лахж жана Махмийятут-Тисъа жерлерин өз карамагына киргизди. Англистер Индияны ээлеп, аны колония кылуу менен мусулмандардын башкаруусунан чыгарып алды жана аларга өз таасирин өткөрүп жатты, негизи, Индияда бийлик ээлери мусулмандар эле, англистер аалардан бийликти тартып алып, мусулмандардын туткан ордун ар жактама алсыздандырууга аракет кылышты. 1882-жылы Британия Египетти колго киргизди. 1898-жылы болсо, Голландия Индия чыгышындагы аралдарды, Британия Суданды басып алды. Иран жана Афганистан орустар менен англистердин кысымы астында калды. Ошентип, батыштыктардын Ислам дүйнөсүнө чабуулу бардык жерде күчөп кетти. Натыйжада, бүткүл Ислам дүйнөсү Батыштын баскынчылыгы астында кыйроого жакын келип калганын о.э. Батыш арты-артынан жеңиштерге жетишүү менен крестүүлүк согуштарын кайра дагы баштаганын сезди. Ислам дүйнөсү Батыштын бул баскынчылыгын токтотуу же анын басымын жеңилдетүү үчүн аракетке түшүп калды. Көп жерлерде Батышка каршы аракеттер жүзөгө келди. Алжирде козголоң көтөрүлдү. Индияда мусулмандар баш көтөрүштү. Суданда «Махдийчилер» кыймылы бутка турду. Санусийде

козголоңдор күч алды. Алардын баары Ислам дүйнөсү калак жана алсыз болсо да, бирок, анын вужудунда дагы деле болсо жашыруун тирүүлүк күчү бар экендигине далалат кылат эле. Бирок, бул кыймылдардын баары бүтүндөй ийгиликсиздикке учурады. Ислам дүйнөсүн Батыш чеңгелинен куткара албады. Анын чабуулдарын токтотуп кала албады.

Батыш саясий жана сакафий чабуулдарын улантты. Батыш Ислам дүйнөсүн майда бөлүктөргө бөлүп алуу менен эле чектелбестен, Усманий мамлекетти – мусулмандарды көөдөлөндүрүп турган Исламий мамлекет деген этибарда – бүтүндөй жок кылып жиберүү үчүн аракет кыла баштады. Ушул максатта анын ичинде улуттук-боштондук кыймылдарын күч алдырды. 1804-жылдан баштап чет мамлекеттер Балкандын калкын козголоң кылууга тукуруп, ага жардам берип турду. Натыйжада козголоң 1878-жылы эгемендүүлүккө жетишүү менен аяктады. 1821-жылдан баштап гректерди козголоң кылууга шыктандырды жана 1830-жылы чет мамлекеттердин аралашуусу менен бул козголоң гректердин Түркиядан бөлүнүп, эгемендүү болушу менен аяктады. Балкандагы башка өлкөлөр да бул козголоңго биринин артынан бири киришти. Исламий мамлекет катары Усманий мамлекеттин курамынан Балкан, Крит, Кипр жана Жер Ортолук деңизинин көпчүлүк аралдары чыгып кетти. Батыштыктар Балкан жана Жер Ортолук деңизинин аралдарындагы мусулмандарга каршы ар түрдүү жырткычтыктарды колдонушту жана алардын көпчүлүгүн жашап жаткан жерлеринен чыгарып жиберишти. Мусулмандардын көпчүлүгү капырлардын жырткычтыктарынан өз диндерин куткарууга о.э. исламий өлкөлөр жана Исламий мамлекеттин бир бөлүгү деген этибарда араб өлкөлөрүнө көчүп кетүүгө мажбур болушту. Бул жерлердеги черкес, бушнак, чечен жана башка калктар куфр башкаруусуна ыраазы болбогон мусулман каармандары болуп саналышат. Алар өз диндерин Ислам диярларына алып качышты.

Батыштыктар муну менен эле чектелишпеди, балким, жашыруун ыкмалар аркылуу Исламий мамлекеттин ичинде түрк жана арабдар ортосунда бөлүнүү аракеттерин күчөтүүгө киришишти. Ушул максатта улутчулдук аракеттерин колдоп-кубатташты, арабий жана түркий саясий партиялардын жүзөгө келишине жардам беришти. «Жаш Түркия партиясы», «Биримдик жана өнүгүү партиясы», «Араб эгемендүүлүгү» жана «Ахд» партиялары ушулардын катарына кирет. Мындай абал Исламий мамлекеттин ичинде тынчсыздыктарды пайда кылды. Бул ички окуялар жана тышкы чабуулдар астында мамлекет калкып калды. Биринчи дүйнөлүк согуш башталган убакта Батыш көрүнүшүндө көөдөлөнүп турган куфр Ислам дүйнөсүнө чабуул кылуунун жана жерлерин басып алып, өзүн бүтүндөй жок кылып таштоонун учуру келгенин түшүнүп жетти. Усманий мамлекет биринчи

дүйнөлүк согушка кирди. Согуш союздаштардын жеңиши, ал эми Усманий мамлекеттин жеңилиши менен аяктады. Акыры Батыштыктар Исламий дүйнөнү олжо катары бөлүштүрүп алышты. Андан «Түркия» деп наам беришкен түрк өлкөсү гана калды. Түркия 1918-жылы согуш бүткөндөн баштап, союздаштарга Исламий мамлекетти жок кылууну камсыздап берип, 1921-жылы эгемендүү болгонго чейин союздаштардын кол астында калды.

## ИСЛАМИЙ МАМЛЕКЕТТИ ЖОК КЫЛУУ

Биринчи дүйнөлүк согуш аяктады. Союздаштар болуп көрбөгөндөй жеңишке жетишишти. Ошондон кийин согуш катышуучулары ортосунда тынчтык жарыя кылынды. Усманий мамлекет кыйрап, майда бөлүктөргө бөлүнүп кетти. Араб өлкөлөрүнүн баарын союздаштар ээлеп алышты. Египет, Сирия, Палестина, Иорданиянын чыгышы жана Иракты Исламий мамлекеттен ажыратып алышты. Усманийлер колунда Түркия гана калды. Ал тургай, анда да союздаштар өздөрү кирген бөлүгүн, Дарданел чептерин жана бүткүл Түркиядагы маанилүү стратегиялык жерлерди ээлеп алды. Франциянын Сенегал кошуундары көчөлөрдү толтурду. Италия Биро шаарын жана темир жол тармактарын ээлеп алды. Союздаштардын офицерлери полиция иштерин, мекенди коргоо иштерин жана портторду көзөмөлдөп калды. Чептерди курал-жарактан тазалашты. Түрк кошуундарынан бир бөлүк аскерлерди бошото баштaшты. «Биримдик жана өнүгүү» партиясы таркап кетти. Жамал паша менен Анвар паша чет элге качышты. Партиянын башка мүчөлөрү жашырынды. Баскынчы душмандардын буйруктарын аткарып туруу үчүн Тавфик паша башчылыгында алсыз бир өкмөт түзүлдү. Бул убакта халифа Вахидиддин эле. Ал иштин айный баштаганын көрүп, эми жакшынакай жолдор менен абалдан чыгып кетүү жөнүндө баш катырды жана парламентти таркатып жиберди. Вазирликти башкарууну ишенимдүү досу Фаридге тапшырды. Вахидиддин Фариддин – «согуш бүттү, эми мындан биякка мамлекет кыйрабашы үчүн союздаштарга жакшы мамиле кылуу керек, аларга каршы күрөшпөө керек» – деген пикирин колдоп-кубаттады жана бул планды ишке ашырды. Абал ушундайча уланды т.а. союздаштар өкүмдар болуп калышты. Түркия 1919-жылдын ортолоруна чейин ушундай абалда калды, андан кийин абал өзгөрдү. Союздаштардын ортосунда карама-каршылык пайда болду. Франция, Англия жана Италия калктары ортосунда ички саптары ажырап кетиши менен коркунуч туудура турган даражада олуттуу ички проблемалар жүзөгө келди. Ал тургай, союздаштардын өздөрүнүн арасында да келишпөөчүлүк пайда болду. Түркияда союздаштар олжону бөлүштүрүүдө атаандашып, ортодо чатак чыкты. Истамбулдагы өкүлдөрүнүн арасында чатак ачык көрүнүп калды. Союздаштардын ар бири аскерий борборлордо жана экономикалык артыкчылыктарда эң чоң үлүшкө ээ болууну каалайт эле. Союздаштардын алсыздыгы жана келишпестиги алардын ар бири башкасына каршы Түркияны козгоп, ага жардам берүү даражасына жетти. Мына ошондо Түркиянын бар күчүн ишке салуу менен мындай абалдан кутулуу мүмкүнчүлүгү пайда болду. Ал убакта келишим түзүлө элек болчу жана келишимдин шарттары иштелип чыгылбаган эле. Ошондуктан, адамдарда үмүт учкундары көрүнүп, олуттуу каршылык көрсөтүү кыймылдарын түзүү

мүмкүн экендигине ишеним пайда болуп калды. Англистер Мустафа Кемелден өз саясаттарына ылайык аракеттенүүчү пландарын ишке ашыруу жана Халифалык мамлекетин жок кылуу сыяктуу максаттарын жүзөгө чыгаруу үчүн бир «жакшылык» кылышын сурашты. Истамбулда ондон ашык жашыруун коомдор түзүлдү. Алардын негизги иши душман көзөмөлүндөгү кампалардан курал-жарактарды уурдап, мамлекет ичкерисиндеги жашыруун уюмдарга жөнөтүү эле. Кээ бир расмий адамдар аларга көмөк көрсөткөн. Аскерий вазирлик өкүлү Исмат, аскерий штабдар башчысы Фавзий, ички иштер вазири Фатхий жана аскерий флот вазири Рауф бул кыймылдарга жардам берип турушкан. Ошондуктан, милдети душманга каршылык көрсөтүү болгон көп партиялар түзүлдү. «Бirимдик жана өнүгүү» партиясы дагы аракетке келди жана бул партияларга туруктуу кошуундун айрым аскерлери да кошулду. Бул аракеттер Мустафа Кемел жетекчилигинде бир аракетке бирикти жана ал союздаштарга каршылык көрсөтүү жана аларды мамлекетинен кууп чыгаруу үчүн о.э. эгер халифанын кошууну каршылык кылса, ага да каршы чыгуу үчүн иш алып барды. Мустафа Кемел бул иште чоң ийгиликке жетишти. Кийин, Истамбулдагы борбордук өкмөт жана бийлик союздаштар өкүмдарлыгы астына түшүп калганы, ошондуктан, Аназулда улуттук өкмөт тикелениши керектиги тууралуу ойлонду.

Мына ушул негизде Мустафа Кемел – улутчулдук маскасын кийген жана Халифалыкты жок кылуу, Түркияны Усманий мамлекеттин башка бөлүктөрүнөн ажыратып жиберүү менен акырына жеткен – ынкылабын баштады. Мустафа Кемелдин ынкылаптык аракеттеринде жүз берген окуялардан англистердин ынкылапты ишке ашыруу үчүн бардык нерсени алдын ала даярдашканы жана Мустафа Кемелди аны ишке ашыруу үчүн жөнөтүшкөнү ачык-айкын эле көрүнүп турган.

Мустафа Кемел Сиваста «Улуттук кеңеш» өткөрдү. Мында Түркиянын эгемендүүлүгүн сактап кала турган ыкма жана жолдор каралып чыгып, тиешелүү токтомдор кабыл алынды жана аткаруу комитети шайланды. Мустафа Кемел анын башчысы кылып дайындалды. Бул кеңеш султандан башкы вазир Фаридди иштен четтетүүнү жана парламентке жаңы эркин шайлоолорду өткөрүүнү талап кылды. Султан басым астында калып, кеңештин талаптарына моюн сунууга мажбур болду. Башкы вазирди иштен четтетип, ордуна Али Ризаны дайындады жана жаңы шайлоолорду өткөрүүгө буюрду. Анда мамлекетин куткарууну каалаган топ катары «Улуттук кеңеш» мүчөлөрү активдүү катышып, парламентте көпчүлүк орунга ээ болуу менен жеңип чыгышты.

Бул жеңиштен кийин эле кеңеш жана анын мүчөлөрү Анкара шаарына көчүп өттү. Ушул убактан баштап Анкара алардын иш-аракет борборуна айланды. Кеңештин мүчөлөрү Анкарада жыйын өткөрүп,

анда Истамбулда парламент чакырылышын жана кеңеш мүчөлөрү парламентте расмий өкүл болгондон кийин кеңештин таркатылышын сунуш кылышты. Бирок, Мустафа Кемел бул эки пикирге каршы чыкты жана: «Парламент канчалык деңгээлде адилеттүүлүк кылганы жана анын саясаты анык болгонго чейин кеңеш улантылып турушу зарыл, ал эми, борборго көчүү бул тентектик жана акмакчылыктан башка нерсе эмес. Эгер борборго көчсөңөр, анда силер чет элдик душмандарга көз каранды болуп каласыңар. Англистер дагы деле мамлекетте өкүмдар болуп турушат, алар дароо ишиңерге аралашат, андан кийин силерди колго түшүрүп, камакка алышат. Ошондуктан, парламент эгемендүү жана азат болуп калышы үчүн ушул жерде, Анкарада турушу керек», - деп өз пикиринде катуу туруп алды. Бирок, ал кеңеш мүчөлөрүн парламенттин өз жыйындарын Анкарада өткөрүүсүнө көндүрө албады. Өкүлдөр борборго барып, Халифага берилгендикте экендиктерин билдиришти. Кийин иштерине киришип кетишти. Бул 1920-жылы январь айында болгон эле.

Султан өз каалоолорун өкүлдөргө өткөрүүгө аракет кылды. Өкүлдөр буга көнүшпөдү жана мамлекет укуктарына баш ийишерин билдиришти. Алар катуу кысымдын астында калышкандан кийин, Сивас кеңешинде келишишкен «Улуттук түзүм»дү жалпы элге таркатышты. Бул түзүм тынчтык келишимдерине негиз боло турган шарттарды өз ичине алган болуп, алардын эң маанилүүсү белгилүү бир чегаралар ичинде Түркиянын азат жана эгемендүү болушу эле. Буга союздаштар, айрыкча, Англия абдан кубанды. Анткени, союздаштардын өздөрү бул чечимге о.э. бул чечимдин өлкө ээлери болгон түрктөрдөн чыгышына аракет кылган эле. Исламий мамлекет катары Усманий мамлекет башкарып жаткан бардык өлкөлөр өздөрү үчүн биринчи дүйнөлүк согуштун аяк чендеринде союздаштар Исламий өлкөлөрдү болуп таштоону каалаган бөлүктөрдүн эгемендүүлүгүн өз ичине камтыган улуттук документ иштеп чыгышты. Мисалы, Ирак өзү үчүн Ирак эгемендүүлүгүн өз ичине алган улуттук документ иштеп чыкты. Сирия, Палестина, Египет жана башка исламий өлкөлөр да эгемендүү болууларын өз ичине алган улуттук документтерди иштеп чыгышкан эле. Союздаштар, айрыкча, англистердин түрк улуттук документине кубанышы табигый эле. Мусулмандар мамлекетинин жок кылынышы жана кайрадан кудуреттүү бир бүтүн мамлекет болуп өзүн тикелей албашы үчүн Усманий мамлекетти майда мамлекетчелерге бөлүп таштоо союздаштардын көздөгөн максаты эле. Эгер союздаштар бардык жерде пайда кыла алган ушул улуттук документтер болбогондо, иш башкача болмок. Анткени, Усманий мамлекет бардык вилаяттары анын бир бөлүгү деп этибар кылына турган бир бүтүн мамлекет эле. Бул мамлекет союз түзүмүнө эмес, бир бүтүндүк түзүмүнө негизделген эле. Алардын ичинде Хижаз менен Түркия

ортосунда, же Куддус вилаяты менен Искандария вилаяты ортосунда айырма жок болчу. Түркиянын жеңилиши менен Германиянын жеңилиши бирдей эле. Анткени, экөө согушта союздаш болушкан. Алардын бирине туура келген келишим шарттары экинчисине да туура келиши керек эле. Германия калкы өз өлкөсүнүн бир карышын да бербей, Германия бөлүп жиберилбегени сыяктуу, демек, Усманий мамлекет да бөлүп жиберилбеши керек эле. Союздаштар муну жакшы билишкен жана бул нерсе алардын баштарын катырып жаткан. Ал эми, Усманийлердин өздөрү – арабдар да, түрктөр да – өз мамлекеттеринин бөлүнүшүн талап кылышканда, союздаштар дароо бул талапты кабыл алып, кош колдоп кубатташты. Айрыкча, муну Исламий мамлекетте бийликтин көпчүлүгүн көөдөлөндүрүп турган Түркия талап кылып жаткан.

Ошондуктан, союздаштар түрк улуттук документин өздөрүнүн мусулмандар үстүнөн толук жеңиштери деп эсептешти. Ошондон кийин, союздаштар баскынчыларга каршы күрөшүү ыктыярын түрктөрдүн өздөрүнө таштап, бардык жерлерден чыгып кете башташты. Франция жана Англия күчтөрү мамлекеттен чыгып кетти. Түрктөрдүн кастыктары ого бетер күчөдү. Мамлекетте душманга каршылык көрсөтүү аракеттери башталып, кийин султанга каршы козголоңго айланып кетти. Натыйжада, султан кошуун даярдап, ал кыймылдарга каршы чабуул кылып, аларды жок кылды. Козголоңдун борбору болгон Анкарадан башка жерлердеги бардык адамдар султан тарабында болду. Ал тургай, Анкаранын өзү да жыгылайын деп турган эле. Анкараны ороп турган кыштактар биринин артынан бири султандын туусу астына келип, анын кошуунуна кошулду. Мустафа Кемел жана Анкарада аны менен бирге болгондор кыйын абалга түшүп калышты. Бирок, Мустафа Кемел кескин каршылык көрсөтүүнү чечти жана улуттук кеңеш мүчөлөрүндө кайраттуулук отун күчөттү. Алардын өч алуулары ого бетер күчөдү. Түркиянын шаар жана кыштактарында – борборго англистер басып кирип, улуттук кеңештин мүчөлөрүн камакка алып жатканы, парламентти күч менен жаап коюшкандыгы, султан жана анын өкмөтүнүн англистерге жардам берип жатканы жөнүндө – миш-миштер таркалды. Абал өзгөрдү, адамдар султандан жүз үйрүштү. Жалпы элдик пикир Анкарадагы улуттук кеңеш тарапка жан тартты. Түркияны коргоо үчүн эркек жана аялдар өз ыктыяры менен Анкарага келе башташты. Халифанын кошуунунан көпчүлүк качты жана түрктөрдүн көңүл борборлору жана арзуу үмүттөрү каратылган Мустафа Кемелдин кошуунуна кошулушту. Мустафа Кемел тарабы күчөдү жана мамлекеттин көпчүлүгү анын кол астына өттү. Ал борбору Анкарада болгон улуттук коомго шайлоо өткөрүүгө чакырып баракча чыгарды. Шайлоо өткөрүлдү. Кийин жаңы өкүлдөр жыйылып, өздөрүнө «Чоң улуттук коом» деп ат коюшту жана өздөрүн

«мыйзамдуу өкмөт» деп аташты. Соң бул коомго Мустафа Кемелди башчы кылып шайлашты. Ошентип, Анкара улуттук өкмөттүн борборуна айланды жана ага бардык түрктөр кошулду. Мустафа Кемел халифанын калган кошуундарын да талкалады жана граждандык согушту бүтүрдү. Кийин гректерге каршы согушууга убакыт табылды жана алар менен кандуу кагылышуулар болду. Башында гректер үстөм келишкен болсо, кийин Мустафа Кемел тарабы үстөм келди. 1921-жылдын август айында Мустафа Кемел аёосуз чабуулга өттү жана Измирди, Түркиянын кээ бир жээктерин басып алган гректер үстүнөн жеңишке жетишүү менен согушту бүтүрдү. 1921-жылы сентябрь айында Харрингтонду күтүп алышы жана аны менен деталдарда келишип алышы үчүн Исмат пашага элчи жиберди. Ошондо союздаштар гректерди Тристен кууп чыгарууга жана өздөрү да Истамбул жана Түркиянын бардык жерлеринен чыгып кетүүгө ыраазы болушту. Мустафа Кемелдин аракеттерин күзөтсөк, союздаштардын бул ыраазылыгы Исламий башкарууну жок кылышынын акысына болгондугу белгилүү болот. Ошондуктан, улуттук коом Түркиянын жеңишке жетишкенден кийинки иштери жөнүндө Мустафа Кемел менен талкуу жүргүзгөндө ал: «Мен «Исламий мамлекеттер союзуна» да, «Усманий калктар союзуна» да ишенбеймин. Ар бирибиз өз пикирибизге ээ болушубуз керек. Өкмөт болсо жалгыз максатты көздөгөн туруктуу саясатты кармашы керек. Бул максат болсо, Түркия өзүнүн табигый чегаралары ичинде эгемендүү болушу жана мекенди коргошу дегени. Туйгу жана бүдөмүк ойлор биздин саясатыбызга таасир этпеши керек. Анткени, бул нерселер өтмүштө башыбызга көптөгөн мүшкүлдөрдү салды», - деди.

Ошентип, Мустафа Кемел исламий үммөт эмес, балким Түркия калкы деген сыпат менен Түркиянын эгемендүү болушун каалап жатканын ашкере кылды. Өкүлдөр жана кээ бир саясий адамдар жаңы Түркиядагы өкмөт кандай болушу керектиги жөнүндө Мустафа Кемелден пикирин ачык айтууну талап кылышты. Анткени, ошол убакта болгондой, Түркияда эки өкмөт болушу т.а. бири Анкарада жайгашкан жана бийлик ээси болгон убактылуу өкмөт, экинчиси борбордогу султан жана анын вазирлери башчылыгындагы расмий (аты эле бар) өкмөттүн болушу макул келбейт эле. Саясатчылар Мустафа Кемелден мындай абалда өз пикирин ачык баяндап беришин катуу талап кылышты. Ал өз ниеттерин жашырып, аларга жооп бербеди. Халифа Вахидиддинге каршы «халифа англис жана гректердин малайы» деген имиштерди таркатты жана акырында элди козгоп жиберди. Мустафа Кемел өз пайдасына кызмат кылган, ал эми халифага каршы болгон ушундай султан жана өкмөт жөнүндөгү өз планын баян кылуу үчүн «Улуттук коом»ду топтоду. Ал Вахидиддинди иштен четтетүүгө жана султандыкты жоюуга өкүлдөрдү көндүрө

алышына ишенген, бирок, бүткүл элдин исламий туйгуларына сокку берип коюшунан чоочуп, Халифалыкка чабуул кылууга батына албады. Ошондуктан, ал Халифалыкка каршы чыкпады жана аны жойгон да жок. Балким, Халифалыктын бийликтен ажыратылышын, салтанаттын бекер кылынышын жана Вахидиддиндин иштен четтетилишин сунуш кылды. Өкүлдөр бул сунушту уккандан кийин унчукпай калышты жана Мустафа Кемел алардан тастыктап берүүлөрүн талап кылып жаткан бул сунуштун коркунучун түшүнүп жетишти о.э. аны менен бул иш үстүндө талкуулашуу керектигин айтышты. Мустафа Кемел мындан чоочуду жана сунушуна өз ойлорун билдирүүнү талап кылды. Бул иште аны сексен жактоочулары колдоп-кубатташты. Бирок, межлис сунушту үйрөнүп чыгуусу үчүн мыйзам иштери комиссиясына тапшырды. Эртеси күнү комиссия ишти текшерүү үчүн чогулган убакта, Мустафа Кемел да келди жана комиссиянын ишин күзөтүп отурду. Комиссия бул сунушту бир нече саат талкуулады. Комиссия мүчөлөрү аалымдар жана коргоочулардан түзүлгөн эле. Алар бул сунушту шаръий нусустарга салыштырып, шариятка тескери экендигин көрүштү. Анткени, Исламда диний жана дүйнө иштерине тиешелүү бийлик болбойт. Бийлик жана Халифалык бир нерсе болуп, дин башка, мамлекет башка деген нерсе жок, балким, бул жерде бир гана Ислам түзүмү болуп, мамлекет бул түзүмдүн бир бөлүгү эсептелет жана ал бул түзүмдү ишке ашырат. Ошондуктан, комиссия бийликти Халифалыктан ажыратууну актай турган бир да нерсе таба албады. Анткени, бул туурасында Исламда нусустар ачык келген. Ошондуктан, комиссия бул сунушту четке кагууга чечкиндүү токтом кылды. Бирок, Мустафа Кемел Халифалыкты жоюшу жана Халифалык мамлекетин жоготушу үчүн Британия ага тапшырган милдетти аткаруу жолунда бийликти Халифалыктан ажыратуу аркылуу динди мамлекеттен ажыратууну каалап жаткан. Мустафа Кемел сунуш кылып жаткан бул иш Исламий мамлекетти өз калкынын колу менен жок кылууну каалаган союздаштардын талабына жооп катары эле. Ошондуктан, комиссия анын сунушун четке кагышын билгенден кийин, өзүн кармап тура албады жана ордунан ачууланып ыргып турду. Кийин стулдун үстүнө чыгып, текшерүү үчүн жыйылган комиссиянын талкуусун төмөнкү сөздөрү менен токтотуп койду: «Мырзалар, Усманий бийлик өкүмдарлыкты элден күч менен тартып алган. Эл да аны күч менен кайтарып алууну чечти. Бийлик Халифалыктан ажыратылышы жана Халифалык бекер кылынышы керек. Силер буга ыраазы болосуңарбы, жокпу, баары бир тез арада ушундай болот. Ошондо кээ бирөөлөрүңөрдүн башыңар кетиши мүмкүн». Ал сөздөрүн диктаторлорчо айтты. Комиссия таркады. Кийин улуттук коом бул сунушту тез арада көрүп чыгуу үчүн чакырылды. Текшерүү чагында көпчүлүктүн бул сунушту четке кагууга ыктагандыгы Мустафа Кемелге белгилүү болуп калды. Ошондуктан, ал

айланасына тарапкечтерин чогултуп, бул сунушка бир жолу кол көтөрүү аркылуу пикир алууну талап кылды. Айрым өкүлдөр буга каршылык билдирип, бир-бирден атынан чакырып пикир алынуусун ортого ташташты. Мустафа Кемел буга көнбөдү жана коркутуу менен кыйкырып: «Мен бул сунушту межлис тез арада бир добуштан кабыл алат деп ишенемин. Добуш берүү үчүн колдорду көтөрүү жетиштүү болот», - деди. Сунуш добушка коюлду, бирок, азчылык кол көтөрдү. Бирок, межлистин төрагасы «бир добуштан кабыл алынды» деп натыйжаны жарыя кылды. Өкүлдөр таң калып калышты. Айрымдары орундарынан туруп: «Бул туура эмес, биз буга ыраазы болбогонбуз», - деп кыйкырышты. Мустафа Кемелдин жардамчылары «Тынчтангыла!» деп бакырышты. Кийин төрага: «Түркиянын «Чоң улуттук коому» бир добуштан бийликти жок кылууга токтом кылды», - деп дагы бир жолу натыйжаны жарыя кылды. Межлис бүттү. Мустафа Кемел тарапкечтеринин курчоосунда межлисти таштап чыгып кетти. Халифа Вахидиддин бул кабарды уккандан кийин качып кетти. Халифанын качканы жарыя кылынышы менен эле агасынын уулу Абдулмажид «мусулмандардын халифасы» деп жарыя кылынды. Бирок, анда эч кандай укук жок эле. Ошентип, мамлекет шаръий акимсиз калды.

Эгер бийлик Халифалыктан ажыратылса, мамлекетти ким башкарат? Мустафа Кемел бийликти Халифалыктан ажыратууга катуу умтулган эле. Ошондуктан, келечекте Түркияда боло турган башкаруу формасын белгилөөдөн мурда бийликти Халифалыктан ажыратууга урунду. Ошондуктан, бийликти бекер кылгандан кийин боло турган жаңы өкмөттүн курамын иштеп чыгууга киришти. Эгер вазирликти түзсө, ал конституциялык өкмөткө башчы болот. Халифа бийлик ээси болуп кала берет жана аны бекер кылуу жөнүндөгү токтом пайда бербейт. Мустафа Кемел вазирлик түзүүгө көнбөдү. Өз максатын жашырды. Колундагы күч жана бийликтин жардамында «Эл партиясы» аттуу партия түздү. Муну менен ал жалпы элдик пикирди өз тарабына буруууну көздөдү. Бийликти Халифалыктан ажыратууну жарыя кылгандан кийин, коомдогу көпчүлүк ага каршы болуп калган эле. Ошондуктан, ал өзү каалаган бийлик формасын т.а. Түркияны жумурият (республика), өзүн болсо ушул жумурияттын башчысы деп жарыя кылуу үстүндө ойлоно баштады. Мустафа Кемел «Улуттук коом»ду кыйын абалга салып коюу үчүн иш алып барды. Натыйжада, өкмөттү башкарып жаткан вазирлик отставкага кетти жана отставкасын «Улуттук коом»го тапшырды. Коом вазирликке башчылык кыла турган адам таба албады. Ушундай оор абалдан кийин Мустафа Кемелдин вазирликке баш болуу сунушу киргизилди. Коом кыйын шартты эсепке алып, бул сунушту кабыл алды жана Мустафа Кемелден вазирликке башчылык кылып, бул кыйын абалдан куткарууну сурады. Мустафа Кемел алгач өзүн ыраазы болбой жаткандай кылып көрсөттү.

Андан кийин сунушту кабыл алды жана минбарга көтөрүлүп, өкүлдөргө карата: «Кырдаалды оор абалдан чыгарышым үчүн силер мени чакырдыңар. Бирок, силер алып барган иштер себептүү биз ушундай абалга түшүп калдык. Бул оор абал өткүнчү нерсе эмес, балким, өкмөтүбүздүн түзүмүндөгү негизги каталыктын натыйжасы. Анткени, «Улуттук коом» бир убактын өзүндө мыйзам чыгаруу жана аткаруу жоопкерчилигин өз мойнуна алган. Силерден ар бир өкүл вазирликте токтомдордун чыгарылышында катышууну о.э. өкмөттүн башкаруу иштерине жана вазирдин бардык токтомдоруна аралашууну каалайт. Мырзалар, мындай шартта бирер вазир жжопкерчиликти өз мойнуна алып, бул мансапты кабыл ала албайт. Түшүнгүлө, мындай негизге курулган өкмөттү жүзөгө келтирүү мүмкүн эмес. Эгер болсо да, өкмөт эмес, тартипсиз бир нерсе болот. Биз бул абалды өзгөртүшүбүз керек. Ошондуктан, Түркия шайлоо жолу менен тандап алына турган президенттик башкаруудагы жумуриятка айландырылышы керек деп токтом кыламын», - деди. Ал сөзүн аяктагандан кийин, Түркиянын жумурият кылынышы жана Мустафа Кемелди Түркия жумуриятынын биринчи президенти кылып шайланышы жөнүндөгү мурдатан даярдап коюлган буйрук жарыя кылынды. Ошентип, ал мамлекеттин мыйзамдуу акими болуп алууга жетишти.

Бирок иш Мустафа Кемел ойлогондой болбоду. Түркия калкы мусулман эле. Мустафа Кемелдин кылган иши болсо Исламга тескери эле. Ошондуктан мамлекетте «Мустафа Кемел Исламды жок кылууну каалап жатат» деген сөз таркалды. Мустафа Кемелдин шахсий турмушунда шаръий өкүмдөрдүн баарына каршы чыгып, Исламды жаман көрүшү жана мусулмандардын ыйык каада-салттарын шылдың кылышы бул кабардын туура экендигин тастыктады. Бардык адамдар Анкарадагы жаңы акимдердин капырлар экендигине анык ишеништи жана халифа Абдулмажиддин айланасына чогула баштаты. Бул муртаддарды жок кылуу үчүн бийликти халифага кайтарууга, халифаны дагы өкүм жүргүзүүчү кылууга аракет башталды. Мустафа Кемел элдин аны жаман көрүп жатканын, аны динсиз, капыр деп акаараттап жатканын көргөндөн кийин, алдында чоң коркунуч тургандыгын көрдү жана бул иш үстүндө пикир жүргүзүп, халифага жана Халифалыкка каршы үгүттөөлөрдү күчөттү. Андан кийин «Улуттук коом»ду ишке салды жана «жумуриятка ар кандай каршылык кылуу жана халифага ар кандай жактоочулук кылуу кыянат деп эсептелип, жазасы – өлүм» деген мыйзамды тастыктатып алды. Кийин ар бир межлисте Халифалыктын зыяндары, айрыкча, «Улуттук коом»го каршылыгы жөнүндө айта баштады жана Халифалыкты жок кылуу үчүн шарттарды даярдады. Айрым өкүлдөр Халифалык Түркия үчүн дипломатиялык көз караштан пайдалуу экендиги жөнүндө айтышканда, Мустафа Кемел аларга каршы чыгып, «Улуттук коом»го

мындай деди: «Халифалык үчүн, Ислам жана дин кишилери үчүн түрктөр согушуп, беш кылымдан бери согуштарда кырылышпадыбы? Эми Түркияга индиялыктар жана арабдардан жүз үйрүп, бирөөлөрдүн кызыкчылыктарын көздөө жана мусулмандардын камын жештен өзүн куткаруунун убагы келди».

Ошентип, Мустафа Кемел Халифалыктын зыяндарын баян кылып, аны жана тарапкечтерин «чыккынчылар» деп атады о.э. аларды англистердин куурчагы кылып көрсөттү. Түрктөр үчүн Халифалыктын зыянын баян кылып, ага каршы үгүттөөлөрдү алып барды. Мустафа Кемел муну менен эле чектелип калбады, балким, Халифалыкты колдоп-кубаттагандарга каршы коркутуу жолун тутту. Өкүлдөрдүн бири Халифалыктын керектигин жана динди коргоо керектигин ачык айтканда, ошол түнү аны үйүнө кайтып жаткан убакта жок кылуу үчүн адам жиберди. Бул адам өлтүргүч Мустафа Кемелдин тарапкечтеринен эле. Халифалыкты колдоп-кубаттап сөз сүйлөгөн бир өкүлдү «дагы ушундай сөздөрдү сүйлөсөң астырып жиберем» деп коркутту. Ошентип, бүткүл мамлекетти коркууга салып койду. Кийин Истамбул акимине жума намазы окулуп жаткан убакта халифанын айланасында боло турган мактоолорду жок кылуу жөнүндө буйрук берди. О.э. халифанын кадыр-баркын тебеледи. Халифага ээрчигендерди эскертип, андан алыс жүрүүлөрүн баса белгиледи. Мустафа Кемелдин жардамчыларынан бейтарап болгон айрымдары бул иштин маанисин түшүнүп калгандан кийин, исламий ар-намыстары козголду жана Халифалыктын жок болуп кетишинен коркуп, Мустафа Кемелден мусулмандарга халифа болууну талап кылышты. Ал бул сунушка көнбөдү. Андан кийин Египет жана Индиядан эки элчи келип, алар да Мустафа Кемелден өзүн халифа деп жарыя кылышын өтүнүштү. Дагы Халифалык үчүн үмүт пайда болду. Бирок, Мустафа Кемел муну четке какты жана Халифалыкты жок кылуу үчүн сокку даярдады. Элде, кошуунда жана «Улуттук коом»до чет элдиктерге, душмандарга, халифанын союздаштарына – өз оюнча – каршы жек көрүү жана кыжырданууну ойготту. Чет элдиктерге каршы кыжырданууну козгоо – халифа чет элдиктердин союздашы деп, ага доомат кылуу жана ага каршы жек көрүүнү ойготуу үчүн ойлоп табылган бир айлакердик эле. Мустафа Кемел адамдарды халифага каршы козгоочу имиштери менен чөйрөнү уулады. Бул чөйрө мамлекетке өкүмдар болгон убакта 1924-жылдын 3-март күнү Мустафа Кемел «Улуттук коом»го Халифалыкты жок кылуу, халифаны мамлекеттен сүргүн кылуу жана динди мамлекеттен ажыратуу токтомун сунуштады. Бул токтом сунушталган убакта Мустафа Кемел: «Эмне кылып болсо да, коркунуч астында калган жумуриятты сактап калуу жана аны бекем илимий негизге куруу зарыл. Халифа жана Усманийлер үй-бүлөсүнүн калдыктары жоготулушу керек. Эски диний сот мекемелери жана шаръий өкүмдөр

заманбап сот жана дунявий (светский) мыйзамдарга алмаштырылышы керек. Диний медреселер өз ордун диний болбогон мектептерге бошотуп бериши керек», - деди. Кийин ал динге жана өзүн диний жетекчилер деп аташкан кишилерге чабуул кылды. Диктаторлорчо мажбур кылуу менен бул токтом «Улуттук коом» тарабынан талкууланбастан тастыкталды. Кийин Истамбул акимине халифа Абдулмажиддин таң атпастан Түркиядан чыгып кетиши керектиги жөнүндө буйрук жиберди. Аким сакчылар жана аскердик бөлүктөр менен түн жарымында халифанын сарайына барды. Халифага кээ бир кийимдери жана азыраак акча салынган чемоданын карматып, аны мажбурлап бир машинада чегарадан өткөрүп коюшту.

Ошентип, Мустафа Кемел Исламий мамлекетти жана Исламий түзүмдү кулатты жана анын ордуна капиталистик мамлекетти, капитализм түзүмүн тикеледи. Мустафа Кемел крестүүлөр согушунан баштап капырлар арзуу кылып жаткан ишти жүзөгө чыгарып, аларга Ислам мамлекетин жок кылып берди.

## ИСЛАМИЙ МАМЛЕКЕТТИН ТИКЕЛЕНИШИ АЛДЫНДАГЫ ТОСУКТАР

Биринчи дүйнөлүк согуш бүттү. Союздаштар Исламий мамлекеттин бардык өлкөлөрүн ээлеп алышты. Алардын эң негизги максаты бул мамлекетти бүтүндөй жок кылуу жана анын кайрадан тикеленишине жол бербөө эле. Союздаштар Исламий мамлекетти бүтүндөй жок кылгандан кийин Исламий дүйнөнүн кайсы бөлүгүндө болсо да Исламий мамлекеттин кайрадан тикеленишине жол койбоо үчүн аракет кыла баштašты. Союздаштар бир нече пландарды түзүштү жана Исламий мамлекеттин кайрадан тикеленбешин кепилдөө үчүн ар түрдүү ыкмаларды колдонушту. Алар азыркыга чейин мына ушул максаттары жолунда аракет кылышууда.

Колонизатор капыр Ислам өлкөлөрүн басып алгандан кийин өзү пландаштырган негиздерге таянып, ошол өлкөлөрдө өз өкүмдарлыгын бекемдөөгө киришти. Усманий мамлекеттин өкүмү астында болгон өлкөлөрдү 1918-жылы колонизаторлор басып алышып, 1922-жылга чейин ал жерлерде аскерий өкүмдарлыкты орнотушту. Кээ бир өлкөлөрдө өкүлдүк (мандат) берүү жана кээ бир өлкөлөрдө эгемендүүлүк наамы менен 1924-жылга чейин өз өкүмдарлыгын бекемдеп алды. 1924-жылы душман, айрыкча Британия, Исламий мамлекеттин кайрадан тикеленишине тиешелүү ар кандай нерсени жок кылуучу иштерди ишке ашырды. Т.а. ушул жылы Мустафа Кемел колонизатор капырлардын жардамында Халифалыкты жок кылып, Түркияны демократиялык жумуриятка айландырды. Исламий мамлекетти куруунун акыркы үмүттөрүн жок кылуу үчүн Мустафа Кемел «Халифалык» деген атаманын өзүн жок кылды. Ушул жылдын өзүндө Халифалык мансабына умтулуп жатканы үчүн Хусайн ибн Али Хижаздан чыгарып жиберилди жана Кипрде камакка алынды. Ушул жылдын өзүндө англистер өз малайлары жардамында Каирде өткөрүлүп жаткан Халифалык кеңешинин иштерине аралашышты, анын таркалып кетишине жана ийгиликсиз аякташына жетишишти. Дагы ушул жылдын өзүндө англистер Индиядагы «Халифалык коомун» таркатып жиберүү жана анын аракеттерин кыйроого учуратып, агымын улутчулдук жана мекенчилдик тарапка буруп жиберүү үчүн иш алып барды. Ушул жылы колонизатор капырлар таасиринде Египетте «Азхар» аалымдарынын кээ бирлери тарабынан динди мамлекеттен ажыратууга чакырган, «Исламда башкаруу негиздери жок» деп айткан, Исламды «руханийлик дини, анда башкаруу жөнүндө да, мамлекет жөнүндө да эч нерсе келбеген» деп сүрөттөгөн китептер жазылды. Ушул жылы жана андан кийинки жылы да мусулмандар эки теманын айланасында: «Араб мамлекеттери биримдиги» пайдалуураакпы же «Исламий мамлекеттер биримдигиби?» деген пайдасыз тартышуулар менен чалгытып коюлду. Газета жана журналдар көпкө чейин ушул тема менен алектеништи. «Араб мамлекеттери биримдиги» да, «Исламий мамлекеттер

биримдиги» да пайдасыз жана туура эмес болушу менен бирге, алар Исламий мамлекеттин кайрадан тикелениши алдына коюлган тосук эле. Колонизатор капырлар бул тартышууларды Исламий мамлекетти зээндерден узакташтыруу үчүн атайын ойлоп табышкан. Муну менен Халифалык жана Исламий мамлекет пикирин мусулмандар өлкөлөрүндө зээнден узакташтырууга жетишишти.

Колонизаторлор Исламий мамлекетти басып алууларынан мурда түрк жаштары ортосунда: «Түркия түркий болбогон калктардын жүгүн көтөрүп келе жатат, эми бул калктардан кутулуунун убагы келди», - деген түрк улутчулдугун күчөттү о.э. түрк улутчулдугу жолунда жана Түркияны түркий болбогон өлкөлөрдөн ажыратуу үчүн иш-аракет алып бара турган саясий коомдорду түзүштү. Араб жаштары ортосунда: «Түркия колонизатор мамлекет. Азыр арабдарга Түркия колониясынан кутулуу учуру келди» деген араб улутчулдугун сиңдирди о.э. араб биримдиги жана эгемендүүлүгү үчүн иш алып бара турган бир нече саясий коомдорду түздү. Баскынчы капыр Исламий өлкөлөрдү басып алышы менен улутчулдук идеяларын таркатты жана улутчулдук пикири Исламдын ордун ээлей баштады. Түрктөр мекенчилдик жана улутчулдук негизинде эгемендүү болду. Арабдар да өзүн-өзү башкаруу үчүн мекенчилдик жана улутчулдук негизинде аракет кыла баштады. Улутчулдук, мекенчилдик сөздөрү баарынын тилинен түшпөй турган болуп, ал тургай, ал сыймык жана даңктуулуктун белгиси болуп калды. Колонизаторлор муну менен эле чектелип калышпады, балким, Ислам дини жана андагы башкаруу жөнүндө «Халифалык да христиандардагы папа өкүмдарлыгына окшогон нерсе болуп, ал жалаң гана диний-руханий башкаруу» деген ката түшүнүктөрдү таркатты. Натыйжада мусулмандар халифа сөзүн айтуудан жана Халифалыкты тикелөөнү талап кылуудан уяла турган болуп калышты. Мусулмандар арасында «Халифалыкты талап кылуу артта калуунун жана катып калгандыктын белгиси, мындай сөз билимдүү (интеллигент) адамдан чыкпайт, эркин пикирдүү адам мындай сөздү сүйлөбөйт» деген жалпы тыянак пайда болду.

Мына ошентип, Исламий өлкөлөр майда мамлекеттерге бөлүнүштү жана ар бир өлкөнүн калкы бул бөлүнүүнү бекемдөөгө киришти. Натыйжада, бир Усманий мамлекет Түркия, Египет, Ирак, Сирия, Ливан, чыгыш Иордания, Хижаз, Нажд, Йемен сыяктуу бир канча бөлүктөргө ажыратылды жана аларда колонизаторлордун саясаты менен алектенүүчү малайлар жана ак ниеттүү адашкан адамдар да эгемендүүлүктү талап кылып ар түрдүү кеңешмелерди өткөрүштү. Натыйжада, Түркия, Ирак, Египет, Сирия жана башка мамлекеттер пайда болду. Андан кийин колонизаторлор Палестинада яхудийлер үчүн улуттук мекен куруп беришти. Бул улуттук мекен кийинчерээк мамлекет наамы астында эгемендүү мамлекетке айланды. Палестинада бул мамле-

кетти пайда кылуу менен Англия, Франция жана Америка сыяктуу капыр колонизатор Батыш мамлекеттери мусулмандарды башка тарапка буруп жиберүү жана Исламий мамлекеттин кайрадан тикеленишинин алдын алуу үчүн андан бир курал катары пайдаланды. Бул иштер менен географиялык абал жана жалпы чөйрө мусулмандар азаттыгынын жолуна бекем тосук болду.

Колонизаторлор экономикада капитализм түзүмүн, башкарууда демократиялык түзүмдү, иш жүргүзүү жана казылык иштеринде Батыш мыйзамдарын колдоно башташты. Батыш хазараты жана турмуш жөнүндөгү түшүнүктөрү адамдардын аң-сезимине сиңдирилди. Батыштын жашоо таризи мусулмандардын да жашоо таризи болуп калышы үчүн Батыш өзүнүн турмуш жөнүндөгү көз карашын коомдо бекемдөөгө аракет кылды жана ийгиликке жетишти. Натыйжада, Египет менен Иракта падышалык парламенттик түзүмдү, Ливан менен Сирияда жумурият түзүмүн, чыгыш Иорданияда амирликти орнотту. Палестинада өкүлдүк өкмөтүн орнотту жана кийинчерээк бул өкмөт мамлекет наамы астында яхудийлер ортосунда демократиялык парламент түзүмү тикелениши менен аягына жетти. Палестинанын калган жерлерин чыгыш Иорданияга кошуп, аны падышалык парламентинин өкмөтү кылып койду. Хижаз жана Йеменде диктатор падышалыкты, Түркияда президенттик башкаруудагы жумуриятты, Афганистанда мураскорлук падышалыкты орнотту. Иранды императорлук түзүмүн кармоого шыктандырды. Индияны болсо колония кылууну улантып, кийин аны Индия жана Пакистан кылып экиге бөлүп таштады. Ошентип, колонизаторлор өз түзүмүн мусулмандардын өлкөлөрүндө колдонууга жетишишти. Аны колдонуунун натыйжасында мусулмандар жүрөгүндөгү Ислам өкүмдарлыгын кайрадан тикелөө каалоосун солгундатты. Колонизаторлор муну менен эле чектелишпеди. Балким, өзү жараткан түзүмдөрдү коргоо пикирин жергиликтүү калктын пикирине сиңдирди т.а. бир региондогу ар бир улуттун калкы өз региондорун гана «мамлекетибиз» деп тан алышып, башка региондордон бөлүнүү жана эгемендүү болуу зарыл деген тыянакка келишти. Натыйжада, Түркияда ирактык, Египетте сириялык чет элдик болуп калды. О.э. ар бир өлкөнүн акими капиталистик, демократиялык түзүмдү колонизатор капырга караганда катуураак коргой турган болуп калды. Алар колонизаторлор тикелеп берген түзүм жана программаны өзгөртүүгө болгон ар кандай аракетти колонизаторлор Исламий өлкөлөрдө ишке ашырылышы үчүн иштеп чыккан мыйзам боюнча жазалана турган «мыйзамсыз аракет» деп эсептешти.

Колонизаторлор Батыш мыйзамдарын мусулмандар өлкөлөрүнө мурда ал жерлердеги малайларынын жардамында колдонууга урунушкан болсо, эми түздөн-түз өздөрү колдонууга киришишти. Т.а. колонизаторлор XIX кылымдын экинчи жарымынан баштап Исламий

өлкөлөргө Батыш мыйзамдарын киргизүүгө аракет кылышты. Мисалы, Египетте шаръий өкүмдөр ордуна колдонулушу үчүн Франциянын жарандык мыйзамдарын киргизүүгө кызыктыра баштады жана бул иште ийгиликке жетишти. Египетте 1883-жылдан баштап илгерки Франция мыйзамы которулуп, шаръий өкүмдөрдүн ордуна сот мекемелеринде колдонула баштады. Усманий мамлекетте Халифалык бар болгондуктан, Батыш мыйзамдарын киргизүү Египеттегидей оңой болгон жок. Бирок, капырлардын катуу аракети жана малайларынын жардамы о.э. «бул мыйзамдар Исламга тескери эмес» деп фатва берилиши себептүү, жаза, укук жана соода мыйзамдарын киргизүү мүмкүн болду. Исламий мыйзамдарды да Батыш мыйзамдарына окшотуп түзүү пикири туулду. Кийин, шаръий өкүмдөрдөн турган мыйзамдар деп «Мажалла» (Мыйзамдар топтому) басып чыгарылды. Сот мекемелери экиге бөлүндү:

1. Мыйзамдар көрүнүшүндөгү шаръий өкүмдөр менен иш жүргүзө турган «шаръий мекеме».

2. Аалымдардын «Исламга тескери келбейт» деп чыгарган фатвалары боюнча Батыш мыйзамдарына ылайык жана аларга ээрчип иштеп чыгылган «шаръий мыйзамдар» негизинде өкүм чыгара турган «мыйзамдык мекеме».

Мыйзамдарга карата ушундай жол тутулду. Конституцияга карата болсо Исламий мамлекет үчүн бир конституция иштеп чыгуу жана аны Франция конституциясынан алуу аракети башталды жана 1878-жылы максатка жетүүгө бир аз калганда, мусулмандардын каршылыгына учурап токтотулду. Бирок, колонизаторлордун тынып-тынчыбастыгы, малайларынын жана Батыш сакафаты менен уулангандардын көбөйүшү «конституция аракети»нин дагы пайда болушуна жана ийгиликке жетишүүсүнө мүмкүнчүлүк жаратты. 1908-жылы конституцияны колдонуу ишке ашырылды. Усманий мамлекетте мыйзамдар жана конституцияны колдонуу менен Арабстан жарым аралы жана Афганистандан тышкары бүткүл Исламий өлкөлөр Батыш мыйзамдары ыкмасында жүрө турган болушту. Колонизаторлор Исламий өлкөлөрдү басып алгандан кийин, Исламга эч кандай тиешеси жок «жарандык мыйзамдар» деген этибарда Батыштын бардык мыйзамдарын түздөн-түз колдонууга киришишти. Шаръий өкүмдөр ташталды. Бул да куфр өкүмдарлыгын бекемдеп, Ислам өкүмдарлыгын күчсүздөндүрдү. Бул иште Батышка төмөнкү факторлор жардам берди: Ал бекем орношуп, бардык иштерин өзү белгилеген таалим саясаты жана бүгүнкү күнгө чейин бардык Исламий өлкөлөрдө колдонуп келе жаткан тарбия программасы негизине курду. Натыйжада, бул программаларды коргой турган, көптөрү мамлекетти башкарып жаткан жана колонизаторлор каалагандай аракет кыла турган мугалимдер армиясы пайда болду. Таалим саясаты жана программалары төмөнкү эки негизге курулду:

Биринчиси: Динди турмуштан ажыратуу. Мындан табигый түстө динди мамлекеттен ажыратуу келип чыгат. Бул абал мусулмандардын өздөрүн Исламий мамлекеттин тикеленишине каршы күрөшө турган кылып коёт. Анткени, бул нерсе (т.а. Исламий мамлекеттин тикелениши) мусулмандар таалим алган негизден (т.а. динди турмуштан ажыратуудан) келип чыга турган саясатка карама-каршы келет.

Экинчиси: Колонизаторлордун шахсын (өздүгүн) өз билим жана маалыматтары үчүн негизги булак кылып алуу. Бул нерсе өз кезегинде ушул колонизаторлорду урматтоону, улуулоону, аларга окшоого жана ээрчүүгө урунууну о.э. мусулманды акараттоону, андан узакташууну, андан качууну талап кылат. О.э. Исламий мамлекеттин тикеленишине каршы күрөшүүнү жана «Исламий мамлекет – бул артка кетүү» деп эсептөөнү талап кылат. Колонизаторлук өзү башкарып жаткан же куурчак өкмөттөр башкарып жаткан мектеп программалары менен эле чектелбеди, балким, аларга колонизаторлук негизине курулган миссионердик мектептерин о.э. саясий жана сакафий жактан туура эмес багыттандырууну өз мойнуна алган сакафий университеттерди да кошту. Муну менен ар түрдүү мектептердеги жана ар түрдүү сакафий университеттердеги пикирий чөйрө Үммөттү Исламий мамлекет жөнүндө пикир жүргүзүүдөн узакташтыра турган о.э. Үммөт менен Исламий мамлекетти тикелөө үчүн болгон аракеттин ортосун тосо турган сакафатта тарбиялай баштады.

Бул иштер менен бир катарда бардык Исламий өлкөлөрдө динди турмуштан ажыратуу негизинде саясий программалар жүзөгө келди. Интеллигенттер ичинде динди мамлекеттен ажыратуу, жалпы элдин ичинде болсо динди саясаттан ажыратуу түшүнүктөрү өкүмдар болду. Мунун натыйжасында, «мусулмандардын калактыгына себеп – алардын динди бекем кармагандыктары, ойгонуунун бирден-бир жолу улутчулдук жана ушул жолдо аракет кылуу» деп биле турган интеллигенттердин тобу пайда болду. О.э. «мусулмандардын калактыгына себеп – адеп-ахлак» деп дааба кыла турган топтор да майданга келди. Биринчи кезекте улутчулдук жана мекенчилдик үчүн аракет кыла турган, аты эле саясий болгон партиялык уюмдар түзүлдү, Ислам негизиндеги иш-аракетке болсо «бул колонизаторлуктун тукуруусу о.э. калактык жана төмөндүккө тартуучу артка кайтуу» деп карала турган болду. Андан кийин, адеп-ахлак, үгүт-насаат негизиндеги коомдор пайда болду жана жакшы касиеттер, адеп-ахлак үчүн аракет кыла башташты. Алар саясатка аралашпоону өзүнө шарт кылып алышты. Муну менен ушул партия жана коомдор Исламий мамлекетти жүзөгө келтирүү үчүн аракет кылууну тосо турган чоң тосукка айланышты. Анткени, алар ээндерди башка тарапка буруп жиберишти. Ээндер да шаръий жактан важып болгон саясий иштен т.а. Исламий мамлекетти тикелөөдөн ахлакий иштерге бурулуп кетти (адеп-ахлак,

негизи, мусулмандын Ислам өкүмдөрүн колдонушунун качып кутулгус натыйжасы о.э. Ислам өкүмдарлыгы тикеленишинин табигый натыйжасы). Жогорудагы партиялар болсо Исламга тескери болгон жана Исламий мамлекеттин жүзөгө келишине жол бербей турган колонизаторлук негизинде пайда болушкан эле.

Бул саясий программалар менен бир катарда аларды коргоп, ишке ашырылышын камсыздай турган мыйзамдар да жүзөгө келди. Ошондуктан, саясий исламий партия же кыймылдардын алдын ала турган мыйзамдар иштеп чыгылды. Бул мыйзамдар мусулмандарды ушул өлкөлөрдүн калкы болушуна карабастан «тайпа» деп санады. Бул мыйзамдар саясий партия жана кыймылдардын жоболору демократиялык болушун о.э. аларга кирүү бир тайпадагы адамдарга чектелбестигин шарт кылуучу беренелерди өз ичине алды. Мунун мааниси Исламий мамлекет кайрадан жүзөгө келбеши үчүн Исламий өлкөлөрдө саясий исламий партия же кыймылдардын пайда болушу мүмкүн эместигин о.э. мусулмандардын кайрымдуулук коомдору жана ушул сыяктуу коомдорду гана түзүүгө акылуу экендиктерин жана Ислам негизинде саясий иш-аракет алып барууга тыюу салынганын түшүндүрөт. Кээ бир мыйзамдар саясий исламий партияларды түзүүнү «жазага тартыла турган кылмыш» деп санады. Ошентип, Исламий мамлекетти жүзөгө келтирбөө негизиндеги саясий программалар жасалма мыйзамдар менен бекемделди.

Колонизатордук муну менен эле чектелбеди, балким, мусулмандарды арзыбаган иштер менен алаксытып коюп, Исламий мамлекет саясында исламий турмушту кайрадан баштоо үчүн чыныгы иш-аракеттен Үммөттү бура турган эрмек болуп калышы максатында «Исламий конференциялар»ды колдоп-кубаттады. Бул конференциялар туйгуларды тынчтандыруу милдетин өтөдү. Аларда бир да беренеси ишке ашырылбай турган, ишке ашырууга аракет да кылынбай турган токтомдор кабыл алынып, басма сөз жана радио-телевидение аркылуу уктурулуп коюла турган болду. Кийин кээ бир жазуучу жана сөзмөрлөрдү Исламий мамлекеттин коркунучтарын о.э. Исламда башкаруу түзүмү жоктугун баян кылууга шыктандырды. Натыйжада, мусулмандар чалгышы о.э. өз диндеринен жана анын өкүмдөрүнө ылайык турмушту кайрадан баштоодон башка тарапка бурулуп кетүүлөрү үчүн, мусулмандар ичиндеги айрым малайлардын – колонизатордун ушул чакырыгын өз ичине алган – китептери басып чыгарылды.

Колонизатордук Исламий мамлекетти жок кылгандан кийин, Исламий мамлекеттин тикеленишине каршы тосуктар коюп о.э. анын кайра пайда болушуна жол койбоого бар болгон күчүн жумшап, Исламий мамлекетти жоготкон күндөн тартып, бүгүнкү күнгө чейин мына ушундай көрүнүштө тынымсыз аракет кылып келе жатат.

## ИСЛАМИЙ МАМЛЕКЕТТИ ТИКЕЛӨӨ МУСУЛМАНДАРГА ФАРЗ

Исламий мамлекеттин жихазы (аппараты) төмөнкү сегиз түркүктүн үстүнө курулат: халифа, тафвиз муавини, танфиз муавини, жихад амири, валийлер, казылар, мамлекеттик идаралар жана Үммөт межлиси. Эгер мамлекет ушул сегиз түркүктү өзүндө калыптандырса өз жихазын толук кылган болот. Эгер булардын кайсы бири жетишпесе, анын жихазы толук эсептелбейт. Бирок, халифа бар болсо эле, мамлекет Исламий мамлекет болуп кала берет. Жихаздагы кемчилик ага зыян жеткирбейт. Анткени, мамлекетте негиз – бул халифа. Исламий мамлекетте башкаруу негиздери төртөө, алар: бир халифа шайлоо; салтанат (өкүм жүргүзүү) Үммөттүкү болушу; сиядат (кожоюндук) шарияттыкы болушу жана халифа гана шаръий өкүмдөрдү табанний кылышы т.а. аларды амал кылына турган мыйзамга айландырышы. Эгер бул негиздердин кайсы бири болбосо башкаруу кайрыисламий эсептелет. Ошондуктан, бул төрт негиздин баары толук болушу зарыл. Исламий мамлекетте негиз – халифа. Андан башкалар анын жардамчылары же кеңешчилери болушат. Демек, Исламий мамлекет – бул Исламды колдоно турган халифа. Халифалык (же имамдык) болсо мусулмандар үстүнөн жалпы түстө башкарууга ээ болуу дегени. Бул болсо, акыйдалардан эмес, балким шаръий өкүмдөрдөн. Анткени, ал пенделердин иштерине тиешелүү болгон экинчи даражалуу өкүмдөрдөн.

Халифаны тикелөө мусулмандарга фарз. Үч түндү халифага байъатсыз өткөрүү мусулмандар үчүн адал эмес. Эгер мусулмандар үч күн халифасыз калышса, халифаны тикелегенге чейин күнөөкөр болушат. Алар бар болгон күчтөрүн халифаны тикелөөгө сарпташпаса жана качан тикелегенге чейин тынымсыз аракет кылышпаса, алардан күнөө сакыт болбойт. Халифаны тикелөөнүн фарздыгы Китеп, Сүннөт жана сахабалар ижмасы менен тастыкталып келген. Куранда Алла Таала Расулулла ﷺды мусулмандар ортосунда Өзү түшүргөн шарият менен өкүм жүргүзүүгө буюрган жана бул буйрук катъий болуп келген. Алла Таала айтат:

﴿ فَٱحۡكُم بَيۡنَهُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُۖ وَلَا تَتَّبِعۡ أَهۡوَآءَهُمۡ عَمَّا جَآءَكَ مِنَ ٱلۡحَقِّۚ ﴾

***«Эми, алардын арасында Алла түшүргөн шарият менен өкүм кыл жана сага келген Акыйкаттан жүз үйрүп, алардын каалоолоруна ээрчип кетпе».*** **[5:48]**

﴿ وَأَنِ ٱحۡكُم بَيۡنَهُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ وَلَا تَتَّبِعۡ أَهۡوَآءَهُمۡ وَٱحۡذَرۡهُمۡ أَن يَفۡتِنُوكَ عَنۢ بَعۡضِ مَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ إِلَيۡكَۖ ﴾

*«(Эй Мухаммад),* ***алардын арасында Алла түшүргөн шарият менен өкүм кылгын! Алардын каалоолоруна ээрчибе жана Алла сага түшүргөн өкүмдөрдүн айрымдарынан сени буруп, фитнага салып коюуларынан этият бол».*** **[5:49]**
Расулулла ﷺга болгон хытаб (кайрылуу) – эгер бул хытабдын Расулулла ﷺдын өзүнө тийиштүү экендигин билдирүүчү далил келбеген болсо – бүткүл Үммөткө болгон хытаб болот. Бул жерде болсо мындай далил келбеген. Демек, бул аяттардагы хытаб Алла түшүргөн шарият менен өкүм жүргүзүүлөрү үчүн бардык мусулмандарга карата болгон хытаб. Сүннөткө келсек, Расулулла айткан: «**Кимде-ким мойнунда байъат болбогон абалда өлсө, ал жахилият өлүмү менен өлүптүр**» (Имам Ахмад жана Табароний Муавиядан риваят кылган). Имам Муслим Ибн Умардан риваят кылат: «Мен Расулулла ﷺдын мындай дегенин уккан элем: «**Кимде-ким Аллага итаат кылуудан колун тартса, Кыямат күнүндө Аллага далилсиз абалда жолугат. Кимде-ким мойнунда байъаты болбогон абалда өлсө, ал жахилият өлүмү менен өлүптүр**». Хишам ибн Урва Абу Солихтен, ал Абу Хурайрадан риваят кылат, Расулулла ﷺ айтты: «**Силерге менден кийин валийлер башчы болот. Алардын жакшысы силерге жакшылыгы менен, жаманы жамандыгы менен валийлик кылат. Ошондой болгон соң, силер аларга кулак салгыла жана акыйкатка ылайык келе турган ар бир нерседе аларга итаат кылгыла. Эгер алар жакшылык кылышса, бул силердин пайдаңар, эгер жамандык кылышса (анда да итаат кылгыла, анткени), бул силер үчүн пайда, аларга болсо зыян**». Эми ижмага келсек, Бухарий жана Муслимдердин сахих хадистер топтомдорунда келген Бану Саида бастырмасында болгон окуялар жөнүндөгү хадиске караганда, Расулулла ﷺдын өлүмүнөн кийин сахабалар бүткүл этибарын халифа тикелөөгө гана каратышкан. Бардык халифалардын өлүмүнөн кийин да ушундай болгон. Сахабалардын халифа тикелөөнү важып деп ижма кылгандыктары таватур (эң ишеничтүү) жолу менен келтирилген. Ал тургай, алар бул ишти «важыптардын эң маанилүүсү» деп билишкен. Бул болсо, катъий далил деп этибар кылынат. Үммөттүн эч бир убакта халифасыз калбашы керектиги туурасында да сахабалардын ижмасы таватур жолу менен келтирилген. Демек, Үммөттүн имамды тикелеши жана өзүнө башчы кылып алышы важып. Расулулла ﷺ дүйнөдөн кайткандан тартып тээ кыямат күнүнө чейин бүткүл Үммөт ушуга чакырылган.

Сахабалардын Расулулланы жерге коюуну мамлекетти башкаруу үчүн бир халифага байъат кылынганга чейин кечиктирип турушканынан халифаны тикелөөнүн канчалык зарыл экендиги жана муну сахабалардын канчалык терең сезишкендиктери өз-өзүнөн

көрүнүп турат. Бул нерсе Умар ибн Хаттаб رضي الله عنه оор жараланган убакта кылган ишинен да айкын болот. Ал кишиден мусулмандар өзүнөн кийинки халифаны дайындап берүүнү сурашканда, ал көнгөн жок. Кийин мусулмандар катуу туруп алышты. Ошондо Умар رضي الله عنه ичинен бирөөсүн шайлап алуулары үчүн алты кишини тандады. Муну менен эле чектелбестен, шайлоо үчүн кыска мөөнөттү т.а. үч күндү белгилеп берди. Ошондон кийин, үч күн ичинде өздөрүнөн бирөөнү халифа кылууну чечишпесе, алардан каршы болгон адамды өлтүрүүнү дайындады. Ал тургай, алар ахли шуродон же улуу сахабалардан болушса да, ким каршы чыкса, аны өлтүрө турган адамдарды да даярдап койду. Халифалыкка талапкерлер Али, Усман, Абдуррахман ибн Авф, Зубайр ибн Аввам, Талха ибн Убайдулла жана Саъд ибн Абу Ваккос رضي الله عنهم дар эле. Эгер ушундай сахабалардын бири халифа шайлоого келише албаса, өлтүрүлөт болчу. Бул көрүнүш халифа шайлоо өтө зарыл экендигине далил болот.

Өкүмдөрдү ишке ашыруу, хаддарды тикелөө, чегараларды бекемдөө, кошуундарды согушка даярдоо, адамдар ортосундагы келишпөөчүлүктөрдү токтотуу, тынчтыкты сактоо жана ушул сыяктуу шаръий милдеттер халифага байланыштуу. Ошондуктан, халифа тикелөө важып.

Халифалыкты талап кылуу макрух эмес. Сахабалар رضي الله عنهم жана ахли шуро Халифалык үстүндө тартышышкан. Муну алардан эч ким четке какпаган, балким, сахабалар ижмасы аркылуу мындай тартышуу мүмкүндүгүнө келишишкен.

Расулулла ﷺ мындай деген: «**Эгер эки халифага байъат кылынса, алардын кийинкисин өлтүргүлө**» (Муслим Абу Саид Худрийден риваят кылган). Расулулла ﷺ айтты: «**Кимде-ким бир имам (халифа) менен байъат кылып, ага колун жана дилин сунса, бар күчү менен ага итаат кылсын. Эгер башкасы келип, Халифалыкты андан талашса, кийинкисинин мойнуна (кылыч менен) ургула**» (Муслим риваяты). Дагы бир риваятта: «**Ким болсо да анын мойнун кылыч менен үзгүлө**», - деген сөздөрүнө ылайык, бардык мусулмандарга бир гана халифа шайланат. Өлтүрүүгө буюрушунун себеби, эгер башка жол менен кайтпаса, анда өлтүрүлөт. Эгер халифалык сыпаттарына ээ болгон бир нече адам топтолсо, көпчүлүк тарабынан байъаты мыйзамдуу түскө кирген адам халифа болот. Эгер халифалык шарттарын өзүндө толук камтыган бир адам халифалыкка шайланса, кийин көпчүлүк андан башкасына байъат кылса, биринчиси халифа болуп кала берет. Экинчисин кайтаруу зарыл болот. Халифада толук болушу керек болгон шарттар төмөнкүлөр: Мусулман, эркек, балагатка жеткен, акылга ээ, адилеттүү, азат жана

кудуреттүү болушу. Мусулман болушунун далили Алла Тааланын ушул сөзү:

﴿ وَلَن يَجۡعَلَ ٱللَّهُ لِلۡكَٰفِرِينَ عَلَى ٱلۡمُؤۡمِنِينَ سَبِيلًا ﴾

***«Алла эч качан капырлар үчүн момундар үстүнө жол бербейт».*** **[4:141]**
Эркек болушунун далили Расулулла ﷺдын ушул хадиси: «**Өз иштерине аял кишини башчы кылып алган коом эч качан ийгилик таппайт**». Балагатка жеткен жана акылга ээ болушунун далили ушул хадистен алынган: Расулулла ﷺ мындай деди: «**Уйкудагы киши ойгонгонго чейин, наристе балагатка жеткенге чейин жана жинди түзөлгөнгө чейин калем көтөрүлгөн**». Кимден калем көтөрүлгөн (т.а. кылган иштерине жоопкер болбой турган) болсо, ал шаръан мукаллаф эмес. Ошондуктан, ал өз иштерин башкара албаганы үчүн халифа болушу же өкүмдарлыкка байланыштуу бирер төмөнкү мансапка дайындалышы да туура эмес. Анткени, ал башкаруу укугуна ээ эмес.

Адилеттүүлүк шарт экендигине келсек, адилеттүүлүк Халифалыктын мыйзамдуу түскө кириши жана улантылышы үчүн зарыл болгон шарт. Себеби, Алла күбөнүн адилеттүү болушун шарт кылган. Алла Таала мындай деген:

﴿ وَأَشۡهِدُواْ ذَوَيۡ عَدۡلٍ مِّنكُمۡ ﴾

***«Жана өзүңөрдөн т.а. мусулмандардан болгон эки адилеттүү адамды күбө кылгыла».*** **[65:2]**
Демек, күбөгө караганда жогоруураак даражада болгон адам т.а. халифа адилеттүү болушу керек.

Азат болуу шарт экендигине келсек, буга себеп, кул кожоюндун ыктыярында болот. Ал өз алдынча иш кылуу укугуна ээ эмес. Өз алдынча иш кылуу укугуна ээ болбогон кимсенин башкалардын үстүнөн өкүм жүргүзө албастыгы табигый. Ошондуктан да анын адамдар үстүнөн башчы болушу мүмкүн эмес.

Кудуреттүү болуу шартына келсек, бирер сунушту (милдетти) аткарууга алы келбеген адамга ал ишти жүктөө пайдасыз. О.э. бул нерсе өкүмдөргө кошкөңүл кароо жана укуктардын сая кетишине алып барат. Ислам буга уруксат бербейт.

Булар халифанын ар дайым болушу керек болгон шарттары. Ал эми, фикх аалымдары айтып өткөн булардан башка: кайраттуу, илимдүү болушу, Курайштан, же Фатима үй-бүлөсүнөн болушу жана ушул сыяктуу талаптар халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизүү шарттарынан эмес. Бул нерселер халифанын шарты экенине эч кандай далил келген эмес. Ошондуктан, алар «шарт» деп эсептелбейт. Ошондуктан, ар бир мусулман, балагатка жеткен, эркек, акылга ээ,

адилеттүү, азат жана кудуреттүү адамга мусулмандарга халифа болушу үчүн байъат кылынышы дурус боло берет.

Ушуга карай, Исламий мамлекетти тикелөө бардык мусулмандарга фарз. Бул Китеп, Сүннөт жана сахабалар ижмасы менен тастыкталган. Анткени, бүгүнкү күндө мусулмандар өз өлкөлөрүндө куфрдун таасири астында болушуп, алардын үстүндө куфр өкүмдөрү колдонулууда. Алардын өлкөлөрү Дарул-Ислам болгондон кийин дарул-куфрга айланып калды. Т.а. алардын өлкөлөрү Исламий болсо да, жарандыктары исламий эмес. Мусулмандардын Дарул-Исламда жашашы жана аларда исламий жарандык болушу важып. Ал эми, бул нерсе Исламий мамлекетти тикелөө аркылуу гана жүзөгө келет. Анткени, мусулмандар Исламды колдоно турган, анын даъватын бүткүл дүйнөгө алып чыга турган халифага байъат кылуу үчүн Исламий мамлекетти тикелөөгө умтулушпаса, күнөөкөр болуп кала беришет.

## ИСЛАМИЙ МАМЛЕКЕТТИН ТИКЕЛЕНИШИНИН КЫЙЫНЧЫЛЫКТАРЫ

Исламий мамлекеттин тикелениши оңой эмес, анткени, исламий турмушту кайрадан баштоо жеңил болбойт. Себеби, бул жерде Исламий мамлекет тикелениши алдында турган ар түрдүү чоң тосуктар бар болуп, аларды алып таштоо жана исламий турмушту кайрадан баштоо жолундагы чоң кыйынчылыктарды жеңип өтүү керек. Анткени, иш кандайдыр бир мамлекеттин жүзөгө келишине да, «Исламий» деп атала турган мамлекеттин тикеленишине да байланыштуу эмес. Балким, иш Исламды акыйдадан келип чыккан түзүм катары, Алла Тааланын өкүмү деген этибарда шаръий өкүмдөр катары колдоно турган, ичкериде исламий турмушту толук түстө кайрадан баштай турган жана тышкарыда бардык адамдарга даъватты жая турган **ИСЛАМИЙ МАМЛЕКЕТТИН** тикеленишине байланыштуу. Бул мамлекет акыйдага, бул акыйда үстүнө курула турган же андан келип чыга турган пикирлерге о.э. андан алына турган мыйзам жана түзүмдөргө негизделген болушу керек. Ошондо гана жүрөктө жашоого кызыгуу ойгонот, аким жана калк тарабынан ыктыярдуу түрдө мыйзам жана түзүмдөрдүн аткарылышы кепилдене турган Исламий аклия жана Исламий нафсия жүзөгө келет. Бул мамлекет аны тикелеген үммөттө да, үммөт иштерин башкаруучуларда да Исламий болушу жана Үммөттүн бүткүл дүйнөгө Ислам рисалатын алып чыгышына мүмкүнчүлүк бере турган о.э. кайрымусулмандарга Ислам нурун көрүүгө мүмкүнчүлүк туудура турган Исламий болушу керек, натыйжада, алар Алланын динине топ-топ болуп киришет. Ошондуктан, Исламий турмушту кайрадан баштоо же Исламий мамлекетти тикелөө жолундагы кыйынчылыктар өтө көп болуп, аларды түшүнүп жетүү жана жеңип өтүү үчүн аракет кылуу керек. Бул кыйынчылыктардын эң негизгилери төмөнкүлөр:

1. Кайрыисламий пикирлердин бар экендиги жана алардын Ислам дүйнөсүнө чабуулу. Буга себеп: Ислам дүйнөсү түшкүндүк доорун башынан өткөрдү. Бул доордо ал коомдогу жалпы калактык себептүү пикирлеши тайыз, билимсиз жана акылы күчсүз эле. Исламий дүйнө мына ушундай бир абалда турганда ага Ислам пикирлерине тескери болгон, турмуш жөнүндөгү туура эмес түшүнүктөр үстүнө курулган пикирлер менен чабуул кылынды. Бул пикирлер каршылык көрсөтпөй турган өнүмдүү топуракты таап алды жана жакшылап орношту. Ошондуктан, мусулмандардын, айрыкча, интеллигенттердин акылдары бул пикирлерге чулганды. Натыйжада, Батышка ээрчүүнү ураан кылган, өзүнө таандык касиеттерин жоготкон, Исламий фикратты саясий деп кабыл кыла албай турган, бул фикраттын акыйкатын түшүнө албай турган турган саясий адамдар калыптанды. Ошондуктан, Исламий даъват Исламга жана Исламий турмушту кайрадан баштоого

үндөй турган болушу керек. Ошондуктан, мусулмандар аларга Исламды түшүндүрүү аркылуу Исламий турмушту кайрадан баштоо үчүн иш-аракет алып барууга даъват кылынышат. Кайрымусулмандар Исламга анын пикирлерин чечмелеп берүү аркылуу даъват кылынышат. Бул болсо, кайрыисламий пикирлердеги каталыктарды, алардан келип чыга турган коркунучтуу натыйжаларды баян кылууну о.э. Үммөттү саясий жагы даана көрүнүп турган исламий сакафат менен тарбиялоону талап кылат. Муну менен ушул кыйынчылыкты жеңип өтүүгө болот.

2. Колонизатордук белгилеп берген негизге курулган таалим программаларынын, мектеп жана жогорку окуу жайларында бул программалар ишке ашырыла турган тарыйкаттын бар экендиги. О.э. бул окуу жайларынан башкаруу, идара кылуу, казылык, таалим, медицина жана турмуштун башка тармактарын башкара турган адамдардын колонизаторлор каалаган пландын негизинде тарбияланып чыгуулары. Ал тургай, көрүп турганыбыздай, башкаруу иштериндеги колонизатор кызматкерлер – колонизатор орноткон чегаралар, мыйзамдар, сакафат, саясат, түзүм, хазарат жана башкаларды коргоп, колонизаторду көздүн карегиндей сактай турган – мусулман кызматкерлерге алмаштырылды. Бул кыйынчылыкты жеңүүнүн жолу – өкүм сүрүп турган колонизаторлуктун жийиркеничтүүлүгү даана көрүнүшү үчүн акимдер жана кызматчылардын кылмыштарын ачып таштоо. Ошондо эч ким колонизаторлукту коргобой турган болот.

3. Таалим программаларынын колонизатор белгилеп берген негизде жана ал каалаган тарыйкатта колдонулушу бүгүнкү күнгө чейин улантылып келе жатканы. Бул абал окуу жайларды бүтүрүп чыккан о.э. таалим алып жаткан жаштарды Исламга тескери багытта иш кыла турган кылып койду. Биз таалим программалары дегенибизде илим жана өнөржай программаларын назарда туткан жокпуз, себеби, булар кайсы бир үммөткө таандык болбогон дунявий билимдер болуп, бардык адамдар үчүн бирдей. Мында турмуштагы көз карашка таасир көрсөтө турган сакафий программаларды назарда тутуп жатабыз. Мына ушул нерсе таалим программаларын Исламий турмушту кайрадан баштоо алдында турган кыйынчылык кылып койду. Буга тарых, адабият, философия жана мыйзамчылык билимдери кирет. Анткени, тарых турмушту реалдуу сүрөттөө болсо, адабият көркөм сүрөттөө болот. Философия негизги түпкү пикир болуп, анын үстүнө турмуш жөнүндөгү көз караш курулат. Мыйзамчылык болсо турмуш проблемаларынын иш жүзүндөгү чечимдери о.э. адамдар жана жамааттардын мамилелерин тартипке салуу жолу. Чындыгында, булардын жардамында колонизаторлор мусулмандардын акылдарын өзүнө окшош таризде калыптандырды, натыйжада, алардын кээ

бирлерин өзүнүн жана Үммөттүн турмушунда Исламдын бар болушу зарыл экендигин түшүнүп жетпей турган кылып коюшту. Кээ бирлерин болсо Исламга душман кылып, анын турмуштук проблемаларды чечип бере алышын четке кага турган кылып койду. Ошондуктан, бул аклияны өзгөртүү зарыл. Бул үчүн жаштарды мектеп жана жогорку окуу жайларынан тышкарыда исламий пикирлер жана шаръий өкүмдөр менен тартиптүү жана жамаий сакафат берүү аркылуу тарбиялоо керек. Ошондо бул кыйынчылыкты да жеңүү мүмкүн болот.

4. Айрым сакафий билимдерди массалык түрдө улуулоо жана аларды жогорку билимдерден деп этибар кылуу. Мисалы, социология, психология жана педагогика билимдери. Анткени, адамдар бул билимдерди «илим» деп, алар пайда кылган натыйжаларды «тажрыйбалардын натыйжасы» деп эсептешет жана аларга урмат менен карашат. Бул билимдер келтирген нерселерди «сөзсүз кабыл алына турган маселелер» деп, аларды турмуштук иштеринде өкүмдар кылышат. Алар мектеп жана жогорку окуу жайларыбызда илим катары окутулат. Аларды турмушта колдонобуз, турмуштук иштерде алардан жардам алабыз. Ошондуктан социология, психология жана педагогика илимдеринин аалымдары айткан сөздөр Куран жана хадиске караганда көбүрөөк далил кылып келтирилет. Ошондуктан, бул илимдерди таалим алуу, улуулоо, турмуштагы иштерибизде өкүмдар кылуу натыйжасында бизде ката пикирлер жана көз караштар пайда болду. Аларга тескери сөздөрдү кабыл алышыбыз да кыйын болуп калды. Бул билимдер жалпысынан алып каралганда динди турмуштан ажыратууга жана Исламий мамлекеттин тикеленишине каршы күрөшүүгө алып барат.

Акыйкат болсо мындай, бул билимдер илим эмес, сакафат. Анткени, алар байкоо жүргүзүү жана изилдөө жолу менен пайда болот. Аларда тажрыйба деген нерсе эч качан болбойт. Аларды адамдарга колдонуу тажрыйба делбейт, балким алар ар түрдүү адамдар үстүндө ар түрдүү шарт жана абалдарда кайра-кайра күзөтүлгөн байкоолор болуп саналат. Демек, алар байкоо жүргүзүү жана изилдөө болуп, тажрыйба өткөрүүчүнүн бир нерсени өз үстүндө сынашы же ал нерсе үстүндө изилдөө алып барышына окшобойт. Ошондуктан, алар илим эмес, сакафат алкагына кирет. Мындан тышкары, алар күмөндүү болуп, ката болушу да, туура болушу да мүмкүн. Буга себеп, алардын чиелешкен негиз үстүнө курулгандыгы. Анткени, алар адам жана коомго кароо негизине курулган. Ошондуктан, алар жекече караштарга негизделет. Ошондуктан, коом жеке адамдардан куралган деген этибарда караштар жеке адамдан үй-бүлөгө, андан жамаатка жана акыры коомго көчөт. Ошондуктан, бул билимдер коомдорду бири-биринен ажыралган деп этибар кылып, бир коомго туура келген нерсе экинчи коомго туура келбейт деп эсептейт. Акыйкат болсо мындай, коом:

адамдар, пикирлер, туйгулар жана мыйзамдардан куралган болуп, бир жердеги адамга туура келген нерселер бардык жердеги адамга да туура келе берет. О.э. ар түрдүү коомдор бир коомго айланат, аны пикирлер, туйгулар жана мыйзамдар оңдойт. Коомго болгон туура эмес жандашуу натыйжасында ушул ката көз карашка негизделгени үчүн таалим тармагында да, коом таануучулукта да жаңылыш көз караштар жүзөгө келди. О.э. алар психологияга негизделгени үчүн да ушундай каталыктар пайда болду. Психологиянын өзү да эки жактама ката: Биринчиден, ал мээни зоналарга бөлүнгөн, ар бир зонанын өзүнчө жөндөмү бар, кээ бир мээлерде башка мээлерде учурабай турган мүмкүнчүлүктөр бар деп эсептейт. Негизи, чындыгында бир мээ болуп, анда пайда болуп жаткан пикирлердин ар түрдүүлүгү жана бири-бирине карама-каршылыгы сезиле турган нерселердин жана маалыматтардын ар түрдүүлүгүнө же карама-каршылыгына байланыштуу. О.э. бир мээде бар болгон жөндөм башка мээде да болот. Анткени, бардык мээлерде бардык нерсе жөнүндө пикирлөө жөндөмү бар. Пикирлөө процесси үчүн болсо ушул үч нерсе болушу керек: сезиле турган вакыйлык, сезүү органдары жана мээдеги маалыматтар. Көздөр көрүү кубатында бири-биринен айырмалангандай эле, мээлер да байланыштыруу жана сезүү кубатында бири-биринен айырмаланат. Ошондуктан, ар бир адамга ар кандай маалыматты берүү мүмкүн, себеби, ар бир адамда аларды өзүнчө билүү жөндөмү бар. Ошондуктан, психологиялык «жөндөмдөр» деген айырмага эч кандай негиз жок. Экинчиден, психологиялык гарыйзаларды көп деп, алар ичинде ойлоп табылгандары да, табыла электери да бар деп эсептейт. Аалымдар ушул түшүнүктү өтө көп ката назарияларга (теорияларга) негиз кылып алышты. Акыйкат болсо мындай, сезүү органдары жардамында кайра-кайра байкоо жүргүзүүдөн белгилүү болгондой, адамда тирүүлүк кубаты болуп, ал эки түрдүү көрүнүшкө ээ: 1) Сөзсүз кандырылышын талап кылат. Эгер кандырылбаса, адам өлөт. 2) Кандырылышын талап кылат, кандырылбаса да адам тирүү кала берет, бирок кандырылбаганы үчүн кыйын абалга түшөт. Биринчисине ачкалык, чаңкоо, уйку жана башка ушул сыяктуу узвий кажаттар, экинчисине болсо гарыйзалар т.а. тадайюн гарыйзасы, нав гарыйзасы жана бако гарыйзасы кирет. Бул гарыйзалар алсыздыкты, адам түрүнүн уланышын жана өз жашоосунун сакталып калышын сезүү болуп эсептелет. Булардан башка гарыйзалар жок. Бул үч гарыйзадан башкалары алардын көрүнүштөрү. Мисалы, коркуу, өкүмдарлык, мүлкчүлүк – бако гарыйзасынын; улуулоо, ибадат – тадайюн гарыйзасынын; аталык жана ага-инилик – нав гарыйзасынын көрүнүштөрүнөн. Демек, психологиянын гарыйзаларга жана мээге ката мамиледе болушу бул мамилелердин негизине

курулган назариялардын да, психологиядан таасирленген педагогиканын да ката болушуна алып барды.

Демек, коом таануучулук, психология жана педагогика сакафий билимдер болуп, аларда исламий пикирге тескери орундар бар. Алар жалпысынан алганда ката билимдер. Аларды улуулоонун жана өкүмдар кылуунун сакталып калышы Исламий мамлекет иш-аракетине тосук боло турган кыйынчылыктарды жүзөгө келтирет. Ошондуктан, алардын илим эмес, сакафат экендиги о.э. катъий акыйкаттар болбой, күмөндүү нерселер экендиги, ката негизге курулгандыгы жана турмушта өкүмдар боло албастыгы, бир гана Исламдын өкүмдар болушу баян кылынышы керек.

5. Ислам дүйнөсүндөгү коомдун кайрыисламий турмуш кечирип жаткандыгы. Себеби, мамлекеттин түзүлүшү анын үстүнө курулган башкаруу түзүмү жана коом, бул коом бардык түзүүчү факторлору менен негизделген турмуштун тартип-эрежелери, мусулмандардагы нафсий багыт, пикир жүргүзүүлөрүнүн негизи болгон аклий түзүлүш – булардын баары Исламдын турмуш жөнүндөгү түшүнүктөрүнө тескери. Бул негиздер өзгөртүлбөсө, бул чиелешкен түшүнүктөр түзөтүлбөсө, адамдардын коомдогу турмуштарын, мамлекеттин түзүлүшүн, коомдун тартиптерин о.э. мусулмандар үстүндө өкүмдар болуп турган нафсий жана аклий абалдарды өзгөртүү кыйын болот.

6. Исламий өкүм жүргүзүүнүн, айрыкча, башкаруу жана финансы саясатында мусулмандардан узакташтырылып жиберилгени. Бул абал мусулмандарды Исламий турмушту көз алдына күңүрт элестете турган, ыйман келтирбегендерди болсо Исламий турмушту таптакыр тескери түшүнө турган кылып коёт. Айрыкча, мусулмандар Ислам акимдер тарабынан туура эмес колдонулган заманда бир аз убакыт жашашты. О.э. Халифалык кулатылгандан баштап, ушул күнгө чейин душмандары тарабынан бардык нерседе, айрыкча башкаруу жана финансы саясатында Исламга тескери болгон түзүм негизинде башкарылып келе жатышат. Ошондуктан, адамдар өздөрү жашап турган жаман вакыйлыкты түшүнүп жетүүлөрүн, жакынкы келечекте кандай жашаштары важыптыгын, бул вакыйлыкты өзгөртүп аны кандай турмушка айландырышы керектигин анык элестетүүлөрү керек. Адамдар Исламий турмушка өтүү аста-секин эмес, балким, бүтүндөй жана толук болушун, Ислам революциялык түстө колдонулушун, аз-аздан жана учурдагы түзүмдүн кемчиликтерин жамап-жаскап, баскычма-баскыч колдонулбашын элестетүүлөрү керек.

7. Ислам өлкөлөрүндө демократияга негизделген, элге капиталистик түзүмдү колдоно турган, Батыш мамлекеттери менен саясий жактан байланган, регионализм жана өзүнчө болуу негизине курулган өкмөттөрдүн бар экендиги. Бул да Исламий турмушту кайрадан баштоо үчүн аракетти кыйындаштыра турган факторлордон.

Анткени, бул аракет бардык Исламий өлкөлөрдү камтып алганда гана натыйжа берет. Себеби, Ислам мусулмандар өлкөлөрүн бир нече мамлекет кылууга уруксат бербейт, балким, бир бүтүн болушун талап кылат. Бул болсо даъват, аракет, колдонуу бардык Исламий өлкөлөрдү камтып алышын талап кылат. Бул өз кезегинде, ушул өкмөттөрдү – мейли аларды башкарып жаткандар мусулмандар болсо да – Исламий даъватка каршы күрөш майданына чыгарат. Ошондуктан, Исламий өлкөлөрдөгү өкмөттөрдүн каршылыгы натыйжасында жүзөгө келе турган кыйынчылык жана машакаттарды көтөрүүгө туура келсе да, бардык аймактарда Исламий даъват алып барылышы керек.

8. Мекенчилдик, улутчулдук жана социализм жөнүндөгү жалпы элдик пикирдин бар экендиги. Мекенчилдик, улутчулдук жана социализм негизинде саясий кыймылдардын жүзөгө келгендиги. Буга себеп, Батыштын Ислам өлкөлөрүн басып алышы, башкарууну өз колуна киргизиши жана бул жерлерде капиталистик түзүмдү колдонушу адамдардын дилдеринде өздөрүн коргоо сезимин козгоп жиберди, мындан адамдар өздөрү жашап турган жерлерди коргоосу үчүн мекенчилдик туйгусу келип чыкты. О.э. өз жанын, үй-бүлөсүн, коомун коргоочу жана аларды жетекчилерге айландырууну самоочу тайпачылык сезимин козгоду. Бул нерсе өлкөдөн душманды кууп чыгаруу үчүн мекенчилдик наамы менен жана өлкөгө өздөрүнүкүн өкүмдар кылуу үчүн улутчулдук наамы менен саясий кыймылдарды келтирип чыгарды. Кийин адамдарга капиталистик түзүмдүн бузуктугу жана жараксыз экендиги белгилүү болуп калды. Алардын арасында социализмге чакырыктар таркалды. Натыйжада, капиталистик түзүмдүн кемчиликтерин жамаш үчүн социализм аты менен уюмдар пайда болду. Бул кыймылдарда турмуштук түзүм кандай болушу жөнүндө үстүртөн, жеңил-желпи элестетүүдөн башка эч кандай элестетүү жок эле. Бул нерсе аларды мабдадан, бүткүл дүйнөлүк мабда катарындагы Исламдан узакташтырып жиберди.

## ИСЛАМИЙ МАМЛЕКЕТ КАНДАЙ ТИКЕЛЕНЕТ

Албетте, өз тарыйкаты менен бирге Исламий фикраттын кубаты – эгер бул фикрат жүрөктөргө орношсо, жүрөктөргө кирип барса жана мусулмандарда көрүнүп, турмуш майданында аракет кыла турган жандуу күчкө айланса – Исламий мамлекетти тикелөө жана Исламий турмушту кайрадан баштоо үчүн жетиштүү болот. Ошого карабастан, мамлекет тикеленишинен мурда үлкөн иштердин ишке ашышы, Исламий турмушту кайрадан баштоо үчүн өтө чоң күч сарпталышы керек. Бул мамлекеттин тикелениши үчүн куру каалоо жана жакшы ниеттердин өзү жетиштүү эмес. Исламий турмушту кайрадан баштоо ишке ашуусу үчүн бир гана кызыгуу жана арзуу кылып эңсөөнүн өзү жетиштүү болбойт. Ошондуктан, Ислам алдында турган үлкөн тосуктарды алып таштоо үчүн аларды туура баалоо керек болот. Ушул максат үчүн аттанган адамдарды күтүп жаткан жүктүн оордугунан мусулмандарды эскертүү жана иш өз жолунда акыл, эрк, сергектик жана кайрат менен жүрүп кетиши үчүн ар бир райдын чоң жоопкерчилиги бар экендигине муфаккирлердин бүт көңүлүн буруш керек. Исламий турмушту кайрадан баштоо жолунда аракет кылып жаткандар өз жолдорун чоң аска таштардын арасынан жонуп ачууларын, бирок куралдары курч болуп, ар кандай аска ташты майдалап таштай алышын, алар өтө назик ишке бел байлашканын, туура иш-чаралардын аны жакшынакай чечүүгө кепил болушун, чоң кыйынчылыктарга туш келишин, бирок, аларды жеңип өтүүлөрү керектигин билип алуулары керек. Алар өз тарыйкатынан четке чыгышпайт, себеби, бул Расулулла ﷺдын тарыйкаты. Анда туура жүрүү шексиз жакшы натыйжаларды берет жана анык жеңишке жеткирет. Бул азыркы күндө мусулмандар өтө сергектик жана акылдуулук менен иш жүргүзүүлөрү керек болгон тарыйкат болуп, анда Расулулла ﷺга ээрчүү, ал зат кандай иш-чараларды колдонгон болсо ошондой аракеттерди ишке ашыруу шарт. Ошондо гана туура жолдон тайылбайт. Анткени, салыштыруудагы ар бир ката жолдон четке чыгууга, мүдүрүлүүгө жана иштин жемишсиз аякташына себеп болот. Ошондуктан, «Халифалык» жолунда конференцияларды өткөрүү Исламий мамлекетти тикелөөнүн жолу эмес. Мусулмандарды башкарып жаткан мамлекеттерди бириктирүү үчүн болгон аракеттер Исламий мамлекетти тикелөөгө жол болбоду. Мусулмандардын конференцияларды өткөрүүсү Исламий турмушту кайрадан баштоону жүзөгө чыгарбады. Булар күрөшүү жолу эмес, балким, мусулмандарды тынчтандыруучу алдамчы факторлор. Натыйжада, мусулмандардын бүт кайраты түгөнүп, аракет токтойт. Мындан тышкары, бул иштер Ислам тарыйкатына тескери. Исламий мамлекетти тикелөөнүн бирден-бир жолу – Исламий даъватты жаюу жана Исламий турмушту кайрадан баштоо үчүн иш-аракет алып

баруу. Бул нерсе Исламий өлкөлөрдү «бир бүтүн» деп кароону талап кылат. Анткени, мусулмандар – бир Үммөт, анткени, бул Үммөт – бир акыйда байлап тура турган жана ушул акыйдадан түзүмү келип чыга турган адамдар уюму. Ошондуктан, исламий жерлердин бир жеринде бирер иштин пайда болушу башка жерлерде жаңырып кабар берет, дароо ага карата мамилелерди козгойт. Ошондуктан, Исламий өлкөлөрдүн баары бир мамлекет деп каралышы жана алардын коомго таасир көрсөтүшү үчүн даъват кең жайылышы зарыл. Анткени, бир үммөттөн түзүлгөн коом казандагы сууга окшойт. Эгер анын астына от жаксаңыз суу кайнайт, андан кийин бууга айланат жана кыймылды пайда кылат. Коом да ошондой, ага Исламий мабда негиз кылынса, бул мабданын жылуулугу коомду кыймылга келтирет. Кийин бул кыймыл коомду иш-аракетке үндөй турган күчкө айланат. Ушуга ылайык, Исламий турмушту кайрадан баштоо үчүн алгач бул өлкөгө даъват жетип келиши керек. Бул китептер, рисалалар, мамилелер жана даъваттын башка бардык ыкмаларынын жардамында ишке ашырылат. Айрыкча, мамилелерге көбүрөөк көңүл буруу керек, анткени, ал даъваттын эң жемиштүү ыкмасы эсептелет. Ушундай ыкма менен ашкере даъватты колдонуудан максат, коомдо жалын пайда кылуу. Ошондо коомдогу орношуп калган сенектик козголот. Эгер иш жүзүндөгү даъват бир нече региондордо саясий максатты көздөп иш-аракет алып барса гана бул козголуу аракетке айланат. Кийин иш-аракет бир региондон Ислам дүйнөсүнүн башка бөлүктөрүнө жайылат. Ушул региондор Исламий мамлекет тикелене турган таяныч чекитинин милдетин өтөйт. Ушул жерден бүткүл дүйнөгө Ислам рисалатын алып чыга турган мамлекет толук жетишип чыгат. Бул иш Расулулла ﷺдын сүннөтүнө негизделип ишке ашырылат. Анткени, Расулулла ﷺ даъватын бардык адамдарга жеткирди. Жеткирүү амалий көрүнүштө болду. Мекке калкын даъват кылды, бардык арабдарды ажылык мезгилинде даъват кылып, бул даъват Арабстан жарым аралынын бардык жерлерине жетип барды. Муну менен Арабстан жарым аралынын астына бардык арабдарды козгой турган от жаккан. Расулулла ﷺ арабдар менен мамиле орнотуп, ажылык мезгилинде аларды даъват кылды жана урууларга барып, аларды да Исламга даъват кылды. Алар Исламга ошондойчо даъват кылынышкан. Калган арабдарга болсо даъват Расулулла ﷺ жана Курайш ортосундагы кагылышуу себептүү жетти. Т.а. бул кагылышуунун кабарлары аларга жетип, Исламга болгон кызыгууну ойготкон. Даъват арабдарга жиберилген болсо да, анын майданы алгач Меккеде чектелди, кийин Мединага көчтү жана Исламий мамлекет Хижазда жүзөгө келди. Ушул себептен, даъваттын жылуулугу жана Расулулла ﷺдын жеңиштери арабдар арасында козголууну пайда кылды жана аракетти жүзөгө келтирди. Натыйжада,

бардыгы ыйман келтиришти, Ислам мамлекети бүткүл Арабстан жарым аралын камтып, кийин Ислам рисалатын дүйнөгө алып чыкты. Ушуга караганда, биз даъватты жаюуну жана Исламий турмушту кайрадан баштоону Ислам мамлекетин тикелөөнүн тарыйкаты кылып алышыбыз керек. О.э. Исламий өлкөлөрдүн баарын бир бүтүн коом деп билишибиз керек. Бирок, иш-аракет майданын бир же бир нече регионго чектеп, мына ушул жерде адамдардын сакафаттарын Ислам сакафаты менен байытышыбыз керек. О.э. даъватты жемиштүү кылууга таасир көрсөтө турган, активдүү биримдик пайда болушу үчүн Ислам жөнүндө жалпы пикирди жүзөгө келтирүүгө аракет кылышыбыз важып. Бул таасир көрсөтүү аракети ушул региондордо Исламий мамлекетти жүзөгө келтирүүнү көздөп жаткан күрөш ыкмасы болуп эсептелет. Ошондо гана даъват зээндердеги пикир абалынан коомдо бар болуу абалына өтөт, Үммөт арасындагы аракеттен мамлекет көрүнүшүнө өтөт. Муну менен даъват өзүнүн бардык доорлорун т.а. башталуу чекитинен аракетке, кийин мамлекетти түзүүчү күч-кубатты өзүндө толук камтыган таяныч чекитине өтүп, даъваттын бардык доорлорун басып өткөн болот. Ушул убакта мамлекетке жана анын башкаруу алкагына кирбеген региондордогу мусулмандарга шарият белгилүү бир милдет жүктөй турган амалий доор башталат. Мамлекеттин милдети төмөнкүлөрдөн турат: Алла Таала түшүргөн шарият менен толук өкүм жүргүзүү. Өзү менен башка региондордун биригишин ички саясатынын курамдык бөлүгүнө айландыруу. Бул үчүн бардык Исламий региондордо, айрыкча, өзүнө кошуна жерлерде даъватты жаюу жана Исламий турмушту кайрадан баштоого үгүттөө иштерин алып барат. Кийин Исламий региондор ортосунда колонизаторлук сызып койгон жасалма саясий чегараларды бузуп таштайт. Өзүнө баш ийген өлкөлөрдүн акимдерине ушул саясий чегараларды коруктоону тапшырат. Ошондуктан, кошуна региондор бул чегараларды бекер кылбаса да, Исламий мамлекет аларды жоготуп, визаларды, бажыканаларды бекер кылышы, Исламий региондор калкы үчүн чегараларды ачып коюшу керек. Муну менен адамдар бул Исламий мамлекет экенин сезишет о.э. Исламдын колдонулушун жана аткарылышын өз көздөрү менен көрүшөт. Мусулмандардын милдети болсо, Ислам колдонулбай жаткан жана дарул-куфр деп эсептелип жаткан өлкөлөр Дарул-Ислам болушу үчүн ал жерлерде даъват жана үгүттөө иштерин алып баруу, аларды Исламий мамлекеттин курамына киргизүү үчүн кайраттуулук менен кызмат кылуу. Муну менен Ислам дүйнөсүнүн бардык региондорундагы коом туура аракетке үндөөчү абалга өтөт. Бул туура аракет себептүү бардык мусулмандар бир мамлекетке биригишет. О.э. бүткүл дүйнөлүк пикирий жетекчиликти (идеологияны) өзүндө чагылдыруучу Исламий мамлекет пайда болуп,

ал даъватты жаюу жана дүйнөнү жамандыктардан куткарууга мүмкүнчүлүк берүүчү өз ордуна жана таасирине ээ болот.

Исламдын алгачкы доорунда Исламий Үммөт Арабстан жарым аралында жайгашып, саны бир нече миллион айланасында болгон. Ошого карабастан, бул Үммөт Ислам даъватына киришип, ошол убактагы өкүмдар болгон эки түзүмдүн каршысында бүткүл дүйнөгө татырлык күчтү көрсөттү. Экөөнө тең сокку берип, алардын кол астындагы өлкөлөрүн ээледи жана жер жүзүнүн ири бөлүгүнө Исламды жайды. Азыркы убакта бир жарым миллиардга жакын мусулмандардан турган Исламий Үммөт – Мароккодон Индия жана Индонезияга чейин болгон өлкөлөрдө жашап жаткан, жер жүзүнүн эң бай жана климаты эң ыңгайлуу бөлүктөрүн ээлеп турган, эң туура мабдага ээ болгон Исламий Үммөт – бир мамлекет болуп бириксе, шексиз, бардык нерседе ири державалардан да кудуреттүү күчкө айланат. Ошондуктан, ар бир мусулмандын милдети – ушул ирмемден тартып бүткүл дүйнөгө Ислам рисалатын алып чыга турган Улуу Исламий мамлекетти жүзөгө келтирүү үчүн аракет кылуу. Мусулман адам бул аракетин даъватты жаюу жана Исламий турмушту кайрадан баштоо үчүн иш жүзүндөгү аракет менен башташы керек. Бир же бир нече регион иш-аракет майданынын таяныч чекити кылып белгилениши зарыл. Мусулман бул жолдо аракет кылып, ар кандай кыйынчылыктарды жеңип өтүшү, бар күчүн сарпташы, мунун акысына Алла Субханаху ва Тааланын ыраазылыгынан башка сыйлыкты күтпөөсү жана ар дайым Алланын өзүнө тобокел кылышы керек.

## КОНСТИТУЦИЯ ДОЛБООРУ
### Жалпы өкүмдөр

**1-берене:** Ислам акыйдасы мамлекеттин негизи т.а. анын курамында, жихазында, эсеп-китеп кылынышы же ага тиешелүү бардык иштерде бирер нерсенин жүзөгө келиши үчүн бир гана Ислам акыйдасы негиз кылынат. Ошол эле учурда Ислам акыйдасы дустур (конституция) жана шаръий өкүмдөрдүн негизи болот т.а. бул экөөнүн ар бирине тиешелүү бирер нерсенин пайда болушуна Ислам акыйдасынан келип чыкса гана уруксат берилет.

**2-берене:** Ислам өкүмдөрү колдонула турган жана коопсуздугу Ислам менен болгон өлкө «Ислам дияры» (Дарул Ислам) болуп эсептелет. Куфр түзүмдөрү колдонула турган же коопсуздугу Ислам менен болбогон өлкө куфр дияры (дарул-куфр) деп эсептелет.

**3-берене:** Халифа белгилүү бир шаръий өкүмдөрдү табанний кылып, аларды дустур жана мыйзамдар катары жолго коёт. Эгер халифа бирер шаръий өкүмдү күчүнө киргизсе, ошол шаръий өкүм гана амал кылынышы важып болгон шаръий өкүмгө айланат. Ушул убакта бул өкүм ар бир жаран үчүн ачыкта да, көмүскөдө да итаат кылуу важып болгон иш жүзүндөгү мыйзам болуп калат.

**4-берене:** Халифа зекет жана жихаддан башка ибадаттарда белгилүү бир шаръий өкүмдү табанний кылбайт. Ислам акыйдасына тиешелүү пикирлерде да өзүнчө эч нерсени күчүнө киргизбейт.

**5-берене:** Исламий жарандыкка ээ болгон (т.а. Исламий мамлекеттин букарасы болгон) бардык адамдар шаръий укук жана милдеттерден пайдалана алышат.

**6-берене:** Мамлекеттин жарандар ортосунда акимият, казылык, иш башкаруу же ушул сыяктуу тармактарда айырмачылыкка жол коюшу жайыз эмес. Теги, дини, расасы жана улутуна карабастан, баарына бирдей назар менен карашы важып.

**7-берене:** Мамлекет – мусулман же кайрымусулман болсун – исламий жарандыкка ээ болгон бардык адамдарга Ислам шариятын төмөнкүдөй көрүнүштө колдонот:

а) Мусулмандарга карата бардык Ислам өкүмдөрүн эч кандай ажыратпастан колдонот.

б) Кайрымусулмандарга өз этикат жана ибадаттарында жалпы түзүмгө ылайык амал кылууга уруксат берет.

в) Исламдан кайткан муртаддарга – өздөрү муртад болушса – муртад өкүмү колдонулат. Эгер муртаддардын перзенттери болуп, кайрымусулман абалда туулган болсо – мушрик же ахли китеп экендиктерине карай – кайрымусулмандардай мамиле кылынат.

г) Кайрымусулмандарга тамак-аш жана кийим-кечелерге тиешелүү болгон иштерде – шарият өкүмдөрү уруксат берген алкакта – өз диндерине ылайык мамиле кылынат.

д) Турмуш куруу жана ажырашуу мамилелери кайрымусулмандар ортосунда алардын өз диндери боюнча ажырым кылынат. Алар менен мусулмандар ортосундагы мамилелер болсо Ислам өкүмдөрү боюнча өкүм кылынат.

е) Мамлекет булардан башка шаръий өкүмдөрдү жана мамилелер, укубат (жаза-чаралар), баййинат (кылмышты далилдөө фактылары), башкаруу жана экономика түзүмдөрү ж.б. тиешелүү болгон Ислам шариятынын бардык иштерин – мусулман жана кайрымусулмандарга – бирдей колдонот. О.э. жогорудагы өкүмдөрдү жарандардын ар бирине колдонгондой эле, муахиддер, мустаъминдер жана Ислам бийлигине моюн сунуучулардын ар бирине да колдонот. Болгону, дипломатиялык кол тийгистикке ээ болгон өкүлчүлүктөр, консулдар, элчилер жана ушул сыяктуулар мындан тышкары.

**8-берене:** Араб тили – бул Ислам тили. Мамлекетте ушул тил гана колдонулат.

**9-берене:** Ижтихад – фарзи кифая. Ижтихаддын бардык шарттарын аткара алган ар бир мусулман ижтихад кылуу укугуна ээ болот.

**10-берене:** Бардык мусулмандар Ислам жоопкерчилигин өз моюндарына алышат. Исламда атайын өзүнчө «дин кишилери» жок. Мамлекет мусулмандар ичинде буга байланыштуу болгон ар кандай абалдарга тыюу салат.

**11-берене:** Ислам даъватын жаюу – мамлекеттин негизги милдети.

**12-берене:** Китеп, Сүннөт, сахабалар ижмасы жана кыяс – мына ушулар гана шаръий өкүмдөр үчүн этибарлуу далил эсептелет.

**13-берене:** Негизи, ар бир адам күнөөсүз. Эч ким сот мекемесинин өкүмүсүз жазаланбайт. Бирер адамды кыйноого салуу таптакыр жайыз эмес. Бул ишти кылган ар кандай адам жазаланат.

**14-берене:** Иштердеги негиз – шаръий өкүмгө чектелүү. Ошондуктан, өкүмдү билбей туруп бирер иш жүзөгө ашырылбайт. Нерселердеги негиз болсо, эгер арам кылынгандыгына далил келбеген болсо, мубах болот.

**15-берене:** Арамга алып баруучу васита – эгер арамга алып барышынын ыктымалы анык болсо – арам болот. Эгер арамга алып барышы күмөндүү болсо, арам эмес.

## Башкаруу түзүмү

**16-берене:** Башкаруу түзүмү – бир бүтүн түзүм. Бириккен түзүм (союз) эмес.

**17-берене:** Башкаруу борбордук болот, ал эми, идарий иштер борбордук болбойт.

**18-берене:** Акимдер (өкүм жүргүзүүчүлөр) төртөө: халифа, тафвиз муавини, валий жана аамил. Булардан башкалар аким эмес, балким, жооптуу адамдар деп эсептелишет.

**19-берене:** Бийликке же өкүмгө тиешелүү ар кандай ишке азат (кул эмес), балагатка жеткен, акылга ээ, адилеттүү, кудуреттүү эркек киши гана башчы боло алат. Мындан тышкары анын мусулман болушу да шарт.

**20-берене:** Акимдерди мухосаба кылуу (эсеп-китеп кылып тергеп туруу) мусулмандардын укугу жана алар үчүн фарзи кифая. Жарандар арасындагы кайрымусулмандар болсо акимдердин зулумуна жана аларга Ислам өкүмдөрүнүн жаман колдонулуп жатканына наразыланып даттануу укугуна ээ.

**21-берене:** Мусулмандар акимдерди мухосаба кылуу же Үммөт аркылуу бийликти колго алуу үчүн саясий хизбдер түзүү укугуна ээ. Бирок, ушул хизбдердин негизи Ислам акыйдасы болушу керек, табанний кылган өкүмдөрү болсо, шаръий өкүмдөрдөн болушу шарт. Хизб түзүүгө эч кандай уруксаттын кажети жок. Исламдан башка негизге курулган ар кандай топко тыюу салынат.

**22-берене:** Башкаруу түзүмү төрт коида негизине курулат:

Кожоюндук шарияттын акысы, элдики эмес.
Өкүм жүргүзүү – Үммөттүн акысы.
Бир халифаны шайлоо – мусулмандар үстүндөгү фарз.
Шарият өкүмдөрүн табанний кылуу бир гана халифанын укугу. Ал гана конституция жана башка мыйзамдарды жолго коёт.

**23-берене:** Мамлекет жихазы сегиз түркүк үстүнө курулат:

Халифа.
Тафвиз муавини.
Танфиз муавини.
Жихад амири.
Казылар.
Валийлер.
Идарий жихаз.
Үммөт межлиси.

## Халифа

**24-берене:** Халифа бийликте жана шариятты ишке ашырууда Үммөттөн өкүл болот.

**25-берене:** Халифалык өз ара ыраазылык жана ыктыяр кылуу келишими болуп саналат. Эч ким аны кабыл алууга жана халифалыкка шайлана турган адамга ыраазы болууга мажбур кылынбайт.

**26-берене:** Эркек же аял болушуна карабастан, балагат жашына жеткен, акылга ээ ар бир мусулман халифаны шайлоо жана ага байъат берүү укугуна ээ. Кайрымусулмандар мындай укуктан ажыратылган.

**27-берене:** Инъикод байъатын ишке ашыруучу адамдардын байъаты аркылуу бирер адам үчүн халифалык ахды берилсе, анда калгандардын байъаты инъикод байъаты эмес, балким, итаат байъаты болот. Ушуга ылайык, итаатсыздык белгилери көрүнгөн адамдардын баары байъат берүүгө мажбур кылынышат.

**28-берене:** Мусулмандар тарабынан шайланган адам гана халифа болот. Исламдагы ар кандай ахд сыяктуу халифалык ахды да шаръий жол менен ишке ашпаса, эч ким халифалык укуктарына ээ болбойт.

**29-берене:** Халифага инъикод байъаты бериле турган регион же мамлекеттеги бийлик мусулмандарга гана таяна турган, капыр мамлекетке сүйөнбөй турган эгемендүү бийлик болушу шарт. О.э. бул мамлекеттин ички жана тышкы коопсуздугу капырлардын колунда эмес, балким, мусулмандардын колунда болушу керек. Башка өлкөлөрдөн талап кылына турган итаат байъатында бул нерсе шарт эмес.

**30-берене:** Халифалык байъаты берилип жаткан адам, мейли абзелдик шарттарына ээ болбосо да, бирок, өзүндө инъикод шарттарын толук камтыган болушу керек. Анткени, байъатта инъикод шарттары эсепке алынат.

**31-берене:** Халифага мамлекет башчысы ахды берилиши үчүн анда алты сыпат болушу керек. Т.а. ал эркек, мусулман, азат, балагат жашына жеткен, акылга ээ, адилеттүү жана өкүм жүргүзүүгө кудуреттүү болушу керек.

**32-берене:** Халифалык мансабы – халифанын өлүмү же мансаптан баш тарткандыгы, же мансаптан четтетилгендиги себептүү – бошоп калса, анын ордуна үч күндүн ичинде халифа шайлоо важып.

**33-берене:** Халифа шайлоонун жолу төмөнкүдөй:

а) Үммөт межлисинин мусулман мүчөлөрү бул мансапка талапкерлерди көрсөтүшөт. Талапкерлердин аттары жарыя кылынат. Кийин мусулмандардан алардын бирин шайлоо талап кылынат.

б) Шайлоонун натыйжасы жарыя кылынат жана мусулмандарга шайлоочулардын эң көп добушун алган талапкер тааныштырылат.

в) Мусулмандар эң көп добуш алган талапкерге халифа катары Алланын Китеби жана Расулулла ﷺдын Сүннөтүнө амал кылуу шарты менен байъат беришет.

г) Байъат бүткөндөн кийин, элге халифа жарыя кылынат, анткени анын шайлангандыгы жөнүндөгү кабар бүткүл Үммөткө жетип барсын. Жарыя кылынып жатканда анын аты жана анын мамлекет башчылыгына ылайык сыпаттарга ээ экендиги айтылат.

**34-берене:** Халифаны Үммөт шайлайт. Бирок, Үммөт шаръий жол менен инъикод байъаты берилген халифаны мансаптан четтете албайт.

**35-берене:** Халифа – бул мамлекет. Ал мамлекеттин бардык укуктарына ээ. Халифа төмөнкү укуктарга ээ:

а) Ал шаръий өкүмдөрдү табанний кылуу менен мыйзамдык күчкө киргизет. Бул учурда ушул шаръий өкүмдөр итаат кылуу важып болгон жана каршы чыгуу жайыз болбогон мыйзамдарга айланат.

б) Ал мамлекеттин ички жана тышкы саясатына жоопкер. Ал кошуундун жетекчилигин өз колуна алат. Согуш жарыялоо, тынчтык келишимин түзүү, убактылуу тынчтык келишимин жана башка келишимдерди түзүү да анын ыктыярында.

в) Ал чет элдик элчилерди кабыл алуу жана кабыл албоо о.э. мусулман элчилерди дайындоо жана иштен бошотуу укугуна ээ.

г) Ал муавин жана валийлерди дайындайт жана иштен бошотот. Алардын баары халифа алдында жоопкер болгону сыяктуу, Үммөт межлисинин алдында да жоопкер болушат.

д) Ал башкы казыны, идара мүдүрлөрүн, аскер башчыларды жана туу башы болгон амирлерди дайындайт жана иштен бошотот. Алардын баары халифа алдында жоопкер болушат. Бирок, Үммөт межлисинин алдында жоопкер эмес.

е) Ал мамлекеттин бюджетин белгилей турган шаръий өкүмдөрдү табанний кылат. Ал бюджет бөлүмдөрүн о.э. киреше жана чыгашага тиешелүү болушуна карабастан, ар бир жактар үчүн керек болгон каражаттарды белгилейт.

**36-берене:** Халифа табанний кылуу укугунда шаръий өкүмдөр алкагына чектелген. Чыныгы истинбат жолу менен шаръий далилдерден иштелип чыгылбаган өкүмдөрдү табанний кылуу халифага арам. Ал өзү табанний кылган өкүмдөр жана өзү үчүн белгилеп алган истинбат жолу менен чектелген. Ал туткан жолуна тескери түстө берилген өкүмдү табанний кылышы о.э. өзү тандаган өкүмдөргө карама-каршы болгон буйрукту бериши жайыз эмес.

**37-берене:** Халифа өз ижтихады жана райына ылайык раият (калк) иштерин башкарууда мутлак (бүтүндөй) укукка ээ. Ал мамлекеттин иштерин жүргүзүү жана раият иштерин башкаруу үчүн керек болгон бардык мубах иштерди табанний кылуу укугуна ээ. Кызыкчылыкка таянуу менен бирер шаръий өкүмгө тескери иш тутушу жайыз эмес.

Ошондуктан, ал азык-түлүк жетишсиздигине таянуу менен бирден ашык балалуу болууга тыюу салбайт, эксплуатациянын алдын алуу деген далил менен адамдарга бааларды белгилеп бербейт, иштерди башкаруу же кызыкчылык далили менен капырды же аял кишини валийликке дайындабайт жана ушул сыяктуу шарият өкүмдөрүнө тескери иштерди кылышы мүмкүн эмес. Анын адалды арам, арамды адал деши жайыз эмес.

**38-берене:** Халифа үчүн чектелген мөөнөт жок. Ал шариятты сактап, анын өкүмдөрүн турушка ашырса эле, мамлекет иштерин аткарууга кудурети жетсе эле, анын абалы халифалыктан четтетиле турган даражада өзгөрбөсө, өз ордунда кала берет. Эгер анын абалы мына ушундай даражада өзгөрсө, аны дароо иштен четтетүү важып болот.

**39-берене:** Халифанын абалы өзгөрүшүнө себеп боло турган жана муну менен ал халифалыктан чыга турган иштер үчөө:

а) Халифалыктын инъикод шарттарынын бири бузулса т.а. ал муртад болсо, же ачыктан-ачык фасыктык кылса, же акылын жоготсо же ушул сыяктуулар жүз берсе. Себеби, бул шарттар халифалыктын инъикод жана дайымий шарттары болуп эсептелет.

б) Кандайдыр бир себеп менен халифалык милдетин өтөөгө алсыздык кылып калса.

в) Өз райы менен шарият негизинде мусулмандар кызыкчылыктары жолунда иш жүргүзүүгө алсыз кылып коё турган зордукчул абал жүзөгө келсе. Эгер бирер адам аны өз райы менен шарият өкүмдөрүнө ылайык раияттын кызыкчылыктарын башкарууга алсыз кылып коё турган даражада ага басым жасаса, ал мамлекет иштерин аткарууга алсыз деп этибар кылынат жана ушул себеп менен халифалыктан четтетилет. Бул иш эки абалда жүз бериши мүмкүн:

<u>Биринчи абал</u>: Анын айланасындагы адамдардын бири же бир нечеси анын үстүнөн өкүмдар болуп, иштерди аткарууну өз колдоруна алышат. Эгер алардын өкүмдарлыгынан кутулушу үмүт кылынса, белгилүү мөөнөткө мөөнөт берилет, ошондон кийин да алардын өкүмдарлыгынан кутула албаса, халифалыктан четтетилет. Эгер кутулушунан үмүт болбосо, дароо четтетилет.

<u>Экинчи абал</u>: Жеңген душман колуна чындап туткунга түшсө, же душмандын өкүмдарлыгы астында калса. Мында каралат: а) Эгер халифанын кутулушу үмүт кылынса, тээ үмүт үзүлгөнгө чейин мөөнөт берилет, эгер кутулушуна үмүт калбаса, мансабынан четтетилет. б) Эгер кутулушунан үмүт болбосо, дароо четтетилет.

**40-берене:** Халифанын абалы аны халифалыктан четтете турган даражада өзгөргөн же өзгөрбөгөнүн бир гана Махкаматул мазолим белгилейт. Махкаматул мазолим гана халифаны четтетүү же эскертүү укугуна ээ.

## Тафвиз муавини

**41-берене:** Халифа өзү үчүн өкүм жүргүзүү жоопкерчилигин мойнуна ала турган тафвиз муавинин дайындайт жана иштерге өз райы менен чара көрүүнү жана өз ижтихадына ылайык жүргүзүүнү ага тапшырат.

**42-берене:** Халифага коюлган шарттар тафвиз муавинине да коюлат т.а. ал эркек, мусулман, азат, балагатка жеткен, акылга ээ, адилеттүү болуп, өзүнө тапшырылган иштерде жөндөмдүү болушу шарт.

**43-берене:** Тафвиз муавинин дайындоо эки шартты өз ичине алат:

Жалпы көзөмөл (ар кандай ишти көрүп чыгуу).

Орун басарлык.

Ошондуктан, халифа тафвиз муавинине: «Мага тапшырылган иштерге сени өзүм тарабымдан орун басар катары дайындадым» деши, же жалпы көзөмөл жана орун басарлык маанисин өз ичине ала турган сөздөрдү айтышы керек. Эгер дайындоо ушундай көрүнүштө ишке ашырылбаса, ал муавин эсептелбейт. Дайындоо ушундай жол менен ишке ашса гана ал тафвиз муавининин укуктарына ээ болот.

**44-берене:** Тафвиз муавининин милдети – өзү аткарган иш-чаралар о.э. ишке ашырган башкаруу жана дайындоо иштеринен халифаны кабардар кылуу. Анткени муну менен ал өз укуктарында халифага теңелип калбашы керек т.а. анын иши халифаны кабардар кылуу жана буюрулган ишти аткаруу.

**45-берене:** Халифа тафвиз муавининин иш-чараларын – алардын тууралaрына уруксат берип, каталарынын алдын алуу максатында – текшерип турушу важып. Анткени, Үммөт иштерине чара көрүү халифага тапшырылган жана түздөн-түз анын ижтихадына жүктөлгөн.

**46-берене:** Эгер тафвиз муавини бирер ишке чара көрсө жана аны халифа тастыктаса, муавин ал ишти халифа тастыктагандай – ашырбай да кемитпей – аткарышы керек. Эгер халифа тастыктоодон баш тартса жана муавин кылган ишти четке кагып, наразылык билдирсе, анда каралат, эгер муавин өкүмдү туура аткарган жана малды өз ордуна сарптаган болсо, муавиндин райы үстөм болот. Анткени, бул түпкүлүгүндө халифанын райы болуп, халифа аткарылган бул өкүмдү жана сарпталган бул малды кайтара албайт. Эгер муавин аткарган иш башкача болсо, мисалы, валийди

дайындоо же кошуунду согушка даярдоо сыяктуу иштер болсо, халифанын муавинге каршылык билдириши жайыз. Мындай абалда халифанын райы аткарылып, муавиндин иши бекер кылынат. Себеби, халифа мындай иштерди – өзү кылса да, муавин кылса да – оңдоо укугуна ээ.

**47-берене:** Тафвиз муавини бирер идарага же бирер тармакка чектеп коюлбайт, себеби, анын дайындалышы жалпы. О.э. ал идарий иштер менен түздөн-түз алектенбей, идарий жихаз үстүнөн жалпы көзөмөл алып барат.

## Танфиз муавини

**48-берене:** Халифа өзү үчүн аткаруучу муавинди дайындайт. Анын милдети идарий иштерден болуп, өкүм жүргүзүүгө тиешеси жок. Анын башкармалыгы халифанын ички жана тышкы жактарга тиешелүү токтомдорун аткаруу о.э. ушул жактардан келген маалыматтарды ага жеткирүүдөн турат. Демек, бул башкармалык халифа менен башкалардын ортосундагы ортомчулук болуп эсептелет.

**49-берене:** Танфиз муавининин мусулман болушу шарт. Анткени, ал халифанын жардамчыларынан.

**50-берене:** Танфиз муавини тафвиз муавини сыяктуу халифага түздөн-түз байланышкан болот жана өкүм жүргүзүү иштеринде эмес, балким, аткарууда муавин эсептелет.

## Жихад амири

**51-берене:** Жихад амиринин идарасы төмөнкү төрт башкармалыктан турат: тышкы иштер башкармалыгы, аскерий башкармалык, ички коопсуздук жана өнөржай. Бул башкармалыктарды жихад амири башкарат жана көзөмөлдөйт.

**52-берене:** Тышкы иштер башкармалыгы Халифалык мамлекетинин чет мамлекеттер менен болгон мамилелерине тиешелүү ар кандай тышкы иштерге башчылык кылат.

**53-берене:** Аскерий башкармалык кошуун, шурта, курал-жарак, зарыл каражаттар, техника жана башкалардан турган куралдуу күчтөргө тиешелүү иштерге башчылык кылат. О.э., аскерий таалим, аскерий сапарлар жана кошуунга керек болгон исламий жана умумий сакафаттарга тиешелүү о.э. согуш жана согушка даярданууга тиешелүү иштерге башчылык кылат.

**54-берене:** Ички коопсуздук башкармалыгы коопсуздукка тиешелүү бардык иштерге башчылык кылат. О.э., куралдуу күчтөр жардамында мамлекеттин коопсуздугун камсыздайт жана бул иште шуртаны негизги каражат кылып алат.

**55-берене:** Өнөржай башкармалыгы өнөржайга тиешелүү бардык иштерге башчылык кылат. Бул орунда өнөржай мотор жана жабдыктар иштеп чыгаруу, машина куруучулук, чийки сырьё жана электроника өнөржайы сыяктуу оор өнөржай же жеңил өнөржай болобу, мунун айырмасы жок. О.э. аскерий өнөржайга тиешелүү ишканалардын баары, шахсий мүлк же умумий мүлк болушуна карабастан, аскерий саясат негизине курулушу керек.

## Кошуун

**56-берене:** Жихад – мусулмандарга фарз. Аскерий таалим мажбурий болуп, 15 жашка жеткен ар бир мусулман эркектин жихадга даярданышы үчүн аскерий таалим алышы фарз. Ал эми, аскерий кызмат фарзи кифая.

**57-берене:** Кошуун эки бөлүктөн турат: 1) Этияттык (запастык) бөлүк. Бул бөлүк курал көтөрүүгө кудуреттүү болгон бардык мусулмандардан турат. 2) Аскерий кызматтагы туруктуу бөлүк. Алар үчүн кызматчылар сыяктуу мамлекеттик бюджеттен маяна дайындалат.

**58-берене:** Куралдуу күчтөр бир бүтүн күч болуп, кошуунду түзөт. Андан өзүнчө бөлүк тандалып алынып, ал өзгөчө ыкмада тартиптештирилет жана ага атайын сакафат берилет. Бул бөлүктөр – шурта.

**59-берене:** Түзүмдү коргоо, ички коопсуздукту камсыздоо жана ижроий жактардын баарын аткаруу шуртага тапшырылат.

**60-берене:** Кошуун үчүн амирлер туусу (лива) жана кошуун туулары (роя) дайындалат. Халифа кошуун командачысы кылып дайындаган адамга өзү амир туусун тапшырат. Кошуун тууларын болсо туу ээлери болгон амирлер тапшырышат.

**61-берене:** Халифа – кошуундун башкы командачысы. Ал штаб башчысын, ар бир туу (лива) үчүн амирди жана ар бир бөлүк үчүн башчыны дайындайт. Ал эми, кошуундагы башка кызмат даражаларын кошуун башчылары жана туу ээси болгон амирлер дайындашат. Штабдарга бирер адамды дайындоо анын аскерий билиминин даражасына карай болот жана аны штаб башчысы дайындайт.

**62-берене:** Кошуундун бардыгы бир бүтүн болуп, атайын гарнизондорго жайгаштырылат. Бул гарнизондордун кээ бирлери ар түрдүү вилаяттарга жана кээ бирлери стратегиялык чекиттерге жайгаштырылат. Кээ бир гарнизондор болсо ар дайым көчүп жүрө турган ыкчам топтордон туруп, сокку берүүчү күчтөр эсептелет. Бул гарнизондор бир нече топтомдор курамында тартиптештирилет. Ар бир топтом кошуун аты менен аталып, иреттик сан менен айтылат,

мисалы, биринчи кошуун, үчүнчү кошуун же вилаят же амала деген ат менен аталат.

**63-берене:** Кошуунда жогорку аскерий таалим толук берилиши, кошуундун пикирий деңгээли мүмкүн болушунча жогорулатылышы о.э. кошуундагы ар бир адам – жалпы түстө болсо да – анда Исламий аң-сезим пайда болушу мүмкүнчүлүгүн бере турган Ислам сакафаты менен байытылып барылышы шарт.

**64-берене:** Ар бир гарнизондо жетиштүү өлчөмдө жогорку аскерий билимге, аскерий тактика жана согуш алып барууда тажрыйбага ээ штабдардын бар болушу жана бул штабдар кошуунда жалпы түстө мүмкүнчүлүк барынча толук калыптандырылышы важып.

**65-берене:** Кошуун Исламий кошуун катары өз милдетин аткарууга мүмкүнчүлүк бере турган даражада курал-жарак, ок-дары, техника жана зарыл жабдууларга ээ болушу шарт.

## Казылык (Сот мекемесинин иштери)

**66-берене:** Казылык – бул мажбурий түрдө шаръий өкүмдү билдирүү дегени. Казылык адамдар ортосундагы келишпөөчүлүктөрдү ажырым кылат, жамааттын акысына зыян келтире турган нерселерге тыюу салат жана адамдар менен өкмөт жихазындагы ар кандай адам – аким же кызматчы, халифа же башкалар – ортосундагы чыр-чатактарга чек коёт.

**67-берене:** Халифа балагат жашына жеткен, азат, мусулман, толук акылга ээ, адилеттүү, фикх аалымдарынан болгон эркек кишилерден башкы казыны дайындайт. Ага идарий мыйзамдар алкагында казыларды дайындоо, жазалоо жана иштен четтетүү укуктары берилет. Мекеменин башка кызматчыларына карата бул укуктар мекеме иштерин башкара турган идара мүдүрлөрүнө берилет.

**68-берене:** Казылар үч түрдүү болот:

1. Казы – ал мамиле жана жаза-чаралары жаатында адамдар ортосунда жүз бере турган келишпөөчүлүктөрдү ажырым кылат.
2. Мухтасиб – ал жамааттын акысына зыян келтире турган мыйзам бузууларды ажырым кылат.
3. Мазолим казысы – ал адамдар менен мамлекет ортосунда жүз бере турган чыр-чатактарды жоёт.

**69-берене:** Казылыкка дайындалып жаткан адам мусулман, азат, балагат жашына жеткен, толук акылга ээ, адилеттүү, факих, өкүмдөрдү вакыйлыкка байлай ала турган болушу шарт. Мазолим казылыгына дайындалып жаткан адамдын бул шарттарга кошумча түрдө эркек киши жана мужтахид болушу да шарт.

**70-берене:** Казы жана мухтасиб мамлекеттин бардык жерлерине жана казылыктын бардык түрлөрүнө умумий дайындалышы мүмкүн

болгону сыяктуу, белгилүү бир жерге жана казылыктын белгилүү бир түрлөрүнө чектелип дайындалышы да мүмкүн. Ал эми, мазолим казысы казылык иштеринде жалпы дайындалат. Дайындалуу жери болсо, мамлекеттин бардык жерлери же белгилүү бир жери болушу мүмкүн.

**71-берене:** Соттук мекеме казылык иштеринде ажырым кылуу укугуна ээ болгон бир эле казыдан түзүлүшү керек. Аны менен бирге башка бир же бир нече казылар болушу да мүмкүн. Бирок, аларда өкүм чыгаруу укугу болбойт, балким, алар кеңеш берүү жана пикир билдирүү укугуна ээ болушат. Алардын райы казы үчүн мажбурий эмес.

**72-берене:** Казы бир гана казылык межлисинде өкүм чыгарышы мүмкүн. Хужжат жана ант ичүү казылык межлисинде гана этибарга алынат.

**73-берене:** Көрүлө турган иштердин түрүнө карай мекемелердин даражалары ар түрдүү болушу жайыз. Кээ бир казылар белгилүү бир чегарада белгилүү бир иштерди көрүүгө чектеп дайындалышы жана бул иштерден башкалары башка мекемелерге тапшырылышы мүмкүн.

**74-берене:** Апелляция жана кассация мекемелери болбойт. Бирер иштин үстүнөн чыгарылган өкүм катъийлик жагынан бирдей даражада болот. Эгер казы өкүмдү айтса, анын бул өкүмү өтүмдүү. Анын бул өкүмү ишке ашырылат. Бул өкүмдү башка казынын өкүмү эч качан бекер кыла албайт. Болгону, Исламдан башка нерсе менен өкүм кылган болсо, же Китеп, Сүннөт же сахабалар ижмасына тескери болсо, же болбосо, акыйкатка тескери өкүм чыгарганы анык болсо, анда бекер кылат.

**75-берене:** Мухтасиб калк укуктарынан болуп, доогери болбой турган, хаддар жана жинаяттарга кирбей турган бардык иштерди көрүп чыга турган казы эсептелет.

**76-берене:** Мухтасиб мыйзам бузууларды билер замат кайсыл жерде болсо да, алардын үстүнөн казылык межлисисиз өкүм чыгаруу укугуна ээ. Анын буйруктарын аткаруу үчүн анын кол астына бир нече шурта кызматкерлери берилет. Ал чыгарган өкүм дароо аткарылат.

**77-берене:** Мухтасиб мухтасибдик шарттары толук бар болгон адамдардан өзүнө орунбасарларды тандап алуу укугуна ээ жана аларды ар түрдүү жерлерге тарката алат. Бул орунбасарларга алар дайындалган региондордо аларга тапшырылган иштер боюнча мухтасибдик милдетин аткаруу укугу берилет.

**78-берене:** Мазолим казысы – Ислам мамлекетинин жараны болушуна, же башка мамлекеттин жараны болушуна карабастан – мамлекет бийлиги астында жашаган бирер бир адамга карата

мамлекет тарабынан кылынган ар кандай зулумду жоюу үчүн дайындала турган казы. Зулумдун халифа тарабынан же андан башка аким жана кызматчылар тарабынан кылынгандыгынын айырмасы жок.

**79-берене:** Мазолим казысы халифа же башкы казы тарабынан дайындалат. Ал эми, аны мухосаба кылуу, жазалоо жана иштен четтетүү халифа тарабынан же халифа укук берген болсо, мазолим мекемеси же башкы казы тарабынан ишке ашырылат. Бирок, мазолим казысы халифа, тафвиз муавини же башкы казынын үстүнөн бирер даттанууну көрүп чыгып жаткан убакта аны иштен четтетүү туура эмес.

**80-берене:** Мазолим казысы бир же бир нече адамдар менен чектелбейт, балким, мамлекет жетекчиси зулумдарды жоюу үчүн керек болгон өлчөмдө мазолим казыларын – алардын саны канча болушуна карабастан – дайындоо укугуна ээ. Бирок, түздөн-түз өкүм чыгарылып жаткан убакта өкүм чыгаруу укугу бир эле казыда болот. Казылык межлисинде аны менен бирге бир нече мазолим казылары катышуулары мүмкүн. Алар кеңеш берүү укугуна гана ээ болуп, алардын райы мазолим казысы үчүн мажбурий эмес.

**81-берене:** Мазолим мекемеси халифаны милдетинен четтетүү укугуна ээ болгондой эле, мамлекеттеги ар кандай аким же кызматчыны иштен алуу укугуна да ээ.

**82-берене:** Мазолим мекемеси ар кандай зулумду көрүп чыгуу укугуна ээ. Бул орунда зулумдар мамлекет жихазындагы адамдарга тиешелүү болушунун, же халифанын шарият өкүмдөрүнө тескери иштерине, же мамлекет жетекчиси табанний кылган конституция, мыйзам жана башка шаръий өкүмдөрдөгү мыйзамчылык хужжаттарынын кайсы биринин маанисине, же бирер салык салууга, же башка иштерге тиешелүү болушунун айырмасы жок.

**83-берене:** Мазолим казылыгында казылык межлиси, жоопкерди чакыруу жана доогердин болушу шарт кылынбайт. Балким, мекеме эч ким доо кылбаса да, зулумду көрүп чыгуу укугуна ээ.

**84-берене:** Ар бир адам касташууда да, коргоодо да каалаган адамын – мусулман же кайрымусулманды, эркек же аялды – өзүнөн өкүл кылуу укугуна ээ. Мында өкүл кылуучу менен өкүл кылынуучунун ортосунда айырма жок. Өкүл өкүлдүгү үчүн акы алышы жайыз. Акы эки тараптын ыраазылыгына карап белгиленет.

**85-берене:** Васий жана валий сыяктуу хос иштерде, же халифа, аким, кызматчы, мазолим казысы жана мухтасиб сыяктуу умумий иштерде укукка ээ болгон ар кандай адам касташуу же коргоо жаатында гана – васий же валий, халифа, аким, кызматчы, мазолим казысы же мухтасиб катары – өз ордуна өзүнүн бардык укугунда өкүл

дайындоо мүмкүнчүлүгүнө ээ. Мындай абалда анын доогер же жоопкер болушунун айырмасы жок.

## Валийлер

**86-берене:** Ислам мамлекети өкүм жүргүзүп жаткан өлкө вахдаттарга бөлүнөт жана ар бир вахдат вилаят деп аталат. Өз кезегинде ар бир вилаят да вахдаттарга бөлүнөт жана алар амала деп аталат. Вилаятка жетекчи болгон адам валий же амир, амалага жетекчи болгон адам аамил же аким деп аталат.

**87-берене:** Валийлер халифа тарабынан дайындалат. Аамилдер халифа тарабынан жана халифа дайындоо укугун берген валий тарабынан дайындалат. Муавиндерге коюлган шарттар валий жана аамилдерге да коюлат т.а. алар эркек киши, азат, мусулман, балагат жашына жеткен, толук акылга ээ, адилеттүү жана тапшырылган иштерге жөндөмдүү болуулары шарт. Алар такыба жана күчтүү кишилерден тандалып алынат.

**88-берене:** Валий өз вилаятында халифанын орунбасары катары өкүм жүргүзүү жана идаралардын иштерин көзөмөлдөө укугуна ээ. Ал өз вилаятындагы калк үстүнөн өкүм жүргүзөт о.э. финансы, казылык жана кошуундан тышкаркы вилаятына тиешелүү бардык иштерди көрүп чыгат. Бирок, шурта идарий жактан эмес, балким, ижраий жактан анын кол астында болот.

**89-берене:** Валий амирлиги талап кылган укуктарга негизделип кылган иштеринен халифаны кабардар кылышы важып эмес, бирок, ыктыярдуу түрдө кабар берип турушу мүмкүн. Эгер мурда учурабаган бир окуя жүз берсе, аны халифаны кабардар кылганга чейин кечиктирип турат, кийин анын буйругуна карай иш кылат. Эгер күтүү себептүү бузулушунан корксо, ал ишти ишке ашырат. Кийин халифага бул ишти ишке ашырганын жана аны кабардар кылбаганынын себебин билдириши важып.

**90-берене:** Ар бир вилаятта өзүнүн калкынын арасынан шайланган межлис болот, ага валий жетекчилик кылат. Бул межлис өкүм жүргүзүү иштеринде эмес, балким, идарий иштерде рай билдирүү укугуна ээ. Межлистин райы валий үчүн мажбурий эмес.

**91-берене:** Вилаятка бир адамдын валийлик кылуу мөөнөтү созулуп кетпеши керек. Валийдин вилаятта бекем орношуп алып жатканы же адамдардын ага көп ыктап баратканы сезилсе, мындай абалда ал валийликтен азат кылынат.

**92-берене:** Валий бир вилаяттан башка вилаятка көчүрүлбөйт, анткени анын валийлиги умумий назар жана белгиленген орунда болот. Валий иштен бошотулуп, (башка вилаятка) кайрадан дайындалат.

**93-берене:** Эгер халифа валийди иштен четтетүүнү ылайык тапса, же Үммөт межлиси бирер себептен улам же эч кандай себепсиз ага наразы экендигин билдирсе, же вилаятындагы элдин көпчүлүгү ага наразы экендигин билдирсе, валий иштен четтетилет. Аны иштен четтетүү бир гана халифа тарабынан ишке ашырылат.

**94-берене:** Валийлердин иштерин текшерип туруу, аларды катуу көзөмөлгө алуу, алардын абалын аныктоо жана иш-аракетин текшерүү үчүн өзү тарабынан орунбасарларды дайындоо, алардын баарын же бир бөлүгүн мезгил-мезгили менен чогултуп туруу, жарандардын алар үстүнөн кылып жаткан даттануүларына кулак салуу – булардын баары халифанын милдети.

## Идарий жихаз

**95-берене:** Мамлекет иштерин аткаруу жана адамдардын кызыкчылыктарын жүзөгө чыгаруу негизине курулган идара, мекеме жана башкармалар мамлекет иштерин жана адамдардын кызыкчылыктарын башкаруу менен алектенет.

**96-берене:** Идара, мекеме жана башкармаларды башкаруу саясаты түзүмдө жөнөкөйлүккө, иштерди аткарууда тездикке жана жетекчилердин жөндөмдүү болушуна негизделет.

**97-берене:** Ислам мамлекетинин жараны болгон жөндөмдүү ар бир адам – эркек же аял, мусулман же кайрымусулман болушуна карабастан – ар кандай башкармага же идарага мүдүр болуп дайындалышы жана анда кызматчы болуп иштеши мүмкүн.

**98-берене:** Ар бир башкарма, ар бир идара жана мекеме үчүн аны башкара турган мүдүр дайындалып, ал ошол башкарма, идара же мекемелерге түздөн-түз жоопкер болот. Өз кезегинде, бул мүдүрлөр ошол башкарма, идара же мекемелердин башкы мүдүрү алдында аткарган иштери тууралуу жоопкер болушат. О.э. валий же аамил алдында умумий өкүм жана мыйзамдарга катъий амал кылуу жагынан жоопкер болушат.

**99-берене:** Бардык башкарма, идара жана мекемелердин мүдүрлөрү бир гана идарий мыйзамда кабыл алынган себептерге ылайык иштен четтетилишет. Бирок, алар бир иштен башка ишке өткөрүлүшү жана иштен убактылуу четтетилиши да мүмкүн. Аларды дайындоо, бир иштен башка ишке өткөрүү, убактылуу иштен четтетүү, жазалоо жана иштен бошотуу бир гана ошол башкарма, идара же мекемелердин башкы мүдүрү тарабынан ишке ашырылат.

**100-берене:** Кызматчылар мүдүр деп эсептелишпейт. Аларды дайындоо, бир иштен башка ишке өткөрүү, убактылуу иштен четтетүү, жазалоо жана иштен бошотуу да башкарма, кеңсе же мекемелердин башкы мүдүрү тарабынан ишке ашырылат.

## Үммөт межлиси

**101-берене:** Мусулмандардын райын билдире турган жана зарыл болгондо халифа кайрыла турган адамдар Үммөт межлисин түзүшөт. Кайрымусулмандар да акимдердин зулуму же Ислам өкүмдөрүнүн туура эмес колдонулуп жатканынан даттануу үчүн Үммөт межлисинин курамында болуулары мүмкүн.

**102-берене:** Үммөт межлисинин мүчөлөрү шайлоо жолу менен шайланат.

**103-берене:** Ислам мамлекетинин жараны болгон ар бир адам – эркек же аял, мусулман же кайрымусулман болушуна карабастан – балагат жашына жеткен жана толук акылга ээ болсо, Үммөт межлисине мүчө болуу укугуна ээ. Бирок, кайрымусулмандын мүчөлүк укугу акимдер зулумунан же Ислам өкүмдөрүнүн туура эмес колдонулуп жатканынан даттануу менен чектелет.

**104-берене:** Шуро жана машварат – жалпысынан рай алууну түшүндүрөт. Ал мыйзамчылык, аныктамалар, ар түрдүү ачылыштар сыяктуу пикирий иштерде жана илим-билим иштеринде мажбурий эмес. Амалий иштерде жана машваратка тиешелүү болбогон иштерде халифа машварат сураганда анын колдонулушу мажбурий болуп калат.

**105-берене:** Шуро (кеңеш берүү) мусулмандардын гана укугу болуп, кайрымусулмандар мындай укукка ээ эмес. Ал эми, өз райын билдирүү мусулман же кайрымусулман болгон бардык адамдар үчүн жайыз.

**106-берене:** Шуро тарабынан көрүп чыгылышы мажбурий болгон маселелер туурасында халифа машварат сураганда – туура же туура эмес болушуна карабастан – көпчүлүктүн райы алынат. Шуро темасына кире турган башка маселелерде – көпчүлүк же азчылыгына карабастан – туура рай алынат.

**107-берене:** Үммөт межлиси төмөнкү беш укукка ээ:

<u>Биринчиси</u>:

а) Машварат сөзү түшүндүрө турган мааниге тиешелүү эмес иштердин баарында халифа машварат сурап, ага машварат берилгенде, мисалы, бийлик, таалим, саламаттыкты сактоо, экономика, соода, өнөржай ж.б.у.с. тармактарда Үммөт межлисинин райын алуу мажбурий.

б) Машварат сөзү түшүндүрө турган мааниге тиешелүү болгон башка иштерде жана тышкы саясат, финансы, аскердик жана техникалык тармактарда халифа межлистен ушул тармактарда машварат сурап, анын райынан кабардар болуу үчүн кайрылышы мүмкүн, ал эми, межлистин райын алышы мажбурий эмес.

<u>Экинчиси</u>:

Халифа табанний кылмакчы болгон өкүм жана мыйзамдарды Үммөт межлисине сунуштайт. Межлистин мусулман мүчөлөрү бул өкүмдөрдү талкуулап, өз пикирлерин билдирүүгө акылуу. Бирок, алардын райын алуу мажбурий эмес.

Үчүнчүсү:

Үммөт межлиси мамлекетте жүз берип жаткан – ички же тышкы иштер, финансы, аскерий жана башка тармактардагы – бардык иштерди мухосаба кылуу укугуна ээ. Анын райы көпчүлүктүн райы алынышы керек болгон иштерде мажбурий, көпчүлүктүн райы алынышы керек болбогон иштерде болсо мажбурий эмес.

Эгер Үммөт межлиси халифа менен шаръий жактан бирер ишке ашкан маселе үстүндө келише албай калса, бул иштин шаръийлиги же шаръий эместиги тууралсында Мазолим мекемесинин райына кайрылынат жана ушул мекеменин райы мажбурий болот.

Төртүнчүсү:

Үммөт межлиси муавиндер, валийлер жана аамилдерге наразылык билдирүүгө акылуу. Бул иште анын райын алуу мажбурий. Үстүнөн наразылык билдирилгендерди халифа дароо кызматтан четтетиши важып.

Бешинчиси:

Үммөт межлисинин мусулман мүчөлөрү халифалыкка талапкерлерди белгилөө укугуна ээ болушат. Бул иште алардын райын алуу мажбурий. Алар сунуш кылбаган башка талапкерлер кабыл алынбайт.

## Ижтимаий түзүм

**108-берене:** Аял – эне жана үй иштерин аткаруучу. Аял – корголушу важып болгон ар-намыс.

**109-берене:** Эркектер жана аялдар коомдо бири-биринен ажыралган абалда жашоолору керек. Алар шарият уруксат берген ажылык жана соода сыяктуу бир жерге жыйылууга себеп боло турган муктаждыктар жүзөсүнөн гана бир жерде чогуу болуулары мүмкүн.

**110-берене:** Эркекке берилген укуктар аялга да берилет, эркекке фарз кылынган милдеттер аялга да фарз. Бирок, Ислам шаръий далилдер аркылуу кээ бир өкүмдөрдү эркекке жана кээ бир өкүмдөрдү аялга чектеп койгон. Аял да соода, дыйканчылык, кол өнөрчүлүк менен алектенүүгө, келишим жана мамилелерди түзүүгө, мүлкчүлүктүн бардык түрлөрүнө ээ болууга, мүлктү өзү же башка адам аркылуу өстүрүүгө жана турмуштагы бардык иштерди түздөн-түз өзү аткарууга акылуу.

**111-берене:** Аял кишинин мамлекеттик кызмат орундарына дайындалуусу, Үммөт межлисинин мүчөлөрүн шайлашы жана анда

мүчө болушу о.э. халифаны шайлоо жана ага байъат берүүдө катышуусу жайыз.

**112-берене:** Аял өкүм жүргүзүү иштерине башчылык кылышы мүмкүн эмес. Ошондуктан, ал халифа, муавин, валий жана аамил боло албайт о.э. «өкүм жүргүзүү иштеринен» деп этибар кылына турган бирер ишти аткарышы да мүмкүн эмес. О.э. ал башкы казы, мазолим мекемесинин казысы жана жихад амири болушу мүмкүн эмес.

**113-берене:** Аял жалпы жана жекече турмушта жашайт. Жалпы турмушта анын жүзү жана алакандарынан башка мүчөлөрү көрүнбөгөн, жасанбаган, ачык-чачык болбогон абалда аялдар, махрам эркектер жана жат эркектер менен бирге жашашы мүмкүн. Жекече турмушта болсо, жалаң гана аялдар же махрамдары менен жашашы мүмкүн, жат эркектер менен жашашы мүмкүн эмес. Бул эки турмушта шарияттын бардык өкүмдөрүнө катъий амал кылат.

**114-берене:** Аялдын намахрам эркек менен жалгыз калышына, жат эркектер алдында жасанышына о.э. авраттарын ачып жүрүшүнө тыюу салынат.

**115-берене:** Эркектин да, аялдын да адеп-ахлак үчүн кооптуу болгон же коомдо бузукчулукту жайылта турган ар кандай ишке барышына тыюу салынат.

**116-берене:** Эрди-катындык турмушу кадыржамдык турмушу болуп эсептелет. Эрди-катындын турмушу достук турмушу болот. Эри аялдын үстүнөн өкүмдар болуп эмес, камкор болуп башчылык кылат. Аялдын эрине итааттуу болушу, эрдин болсо аялга – адатта ушундай аялга кандай нафака кылуу керек болсо – ошондой нафака бериши фарз.

**117-берене:** Эр жана аял үй иштерин аткарууда бири-бирине толук жардам беришет. Үйдөн тышкарыда боло турган бардык иштерди аткаруу эрдин мойнунда. Үй ичиндеги бардык иштерди күчү жетишинче аткаруу аялдын мойнунда болот. Аялдын күчү жетпей жаткан иштерди аткаруу үчүн жардамчы кызматчы жалдап берүү эрдин милдети болот.

**118-берене:** Аял мусулман же кайрымусулман болушуна карабастан, бала анын кепилдигине муктаж болсо, аны өз кепилдигине алуу аялдын милдети жана акысы болот. Бала кепилдикке муктаж болсо, каралат. Эгер эне да, валий да мусулман болсо, балага каалаган кишиси менен жашоо ыктыяры берилет. Бала кимди тандаса – тандаган киши эркек же аял болушуна карабастан – ошого тапшырылат. Бул орунда баланын кыз же уул болушунун айырмасы жок. Эгер алардын бири кайрымусулман болсо, балага тандоо ыктыяры берилбейт, балким, алардын мусулман болгонуна тапшырылат.

## Экономикалык түзүм

**119-берене:** Экономикалык саясат – муктаждыктарды кандырууга этибар берилген убакта – коомдун кандай болушу керектигине көңүл буруудан турат. Коомдун кандай болушу керектиги муктаждыктарды кандыруу үчүн негиз кылып алынат.

**120-берене:** Экономикалык проблема калктын ар бир адамына байлык жана пайдаларды бөлүштүрүп берүүдөн о.э. байлык жана пайдаларды колго киргизүүгө жана алар үчүн аракет кылууга мүмкүнчүлүк жаратып берүү аркылуу адамдарга байлык жана пайдалардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жаратып берүүдөн турат.

**121-берене:** Адамдардын ар бири үчүн негизги муктаждыктарды толук кандыруу кепилдениши о.э. жогорку даражадагы муктаждыктарын мүмкүн болушунча эң жогорку даражада кандыруу мүмкүнчүлүгү камсыздалышы важып.

**122-берене:** Мүлк жалгыз Алланыкы. Алла адамды мүлктү башкарууда Өзүнүн халифасы деп жарыя кылды. Мына ушул берилген жалпы ишеним менен адам мүлккө ээлик кылуу укугуна ээ болду. Алла адамга мүлктү колго киргизүүгө уруксат берди. Мына ушул атайын уруксат менен адам иш жүзүндө мүлк ээсине айланды.

**123-берене:** Мүлк үч түрдүү болот: Хусусий (жеке менчик) мүлк, умумий (жалпы элдик) мүлк жана мамлекеттик мүлк.

**124-берене:** Хусусий мүлк айн (бар нерсе) же пайда менен белгиленген шаръий өкүм болуп, бул өкүм хусусий мүлк ээсине ошол нерседен пайдалануу жана анын ордуна акы алуу мүмкүнчүлүгү жаратылышын талап кылат.

**125-берене:** Умумий мүлк – жамаатка айндан ортоктош пайдаланууга Шариъ тарабынан берилген уруксат.

**126-берене:** Сарпталышы халифанын райы жана ижтихадына байланыштуу болгон ар кандай мал – салык, жизя, хирож сыяктуу – мамлекеттик мүлк эсептелет.

**127-берене:** Кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөгү хусусий мүлкчүлүк төмөнкү беш шаръий себеп менен чектелген:

а) Эмгек.

б) Мурас.

в) Жашоо үчүн малга (мүлккө) болгон муктаждык.

г) Мамлекеттин өз мүлкүнөн калкка бериши.

д) Адамдар мал же күч сарптабай ала турган малдар.

**128-берене:** Мүлктү тасарруф кылуу – аны сарптоо менен болобу, көбөйтүү менен болобу – Шариънин уруксаты менен чектелген. Ысырапкордукка, шайкелеңдикке жана зыкымдыкка тыюу салынат. Капиталисттик компанияларга, кооперативдик коомдорго жана башка шариятка тескери болгон мамилелерге тыюу салынат.

Сүткордук, өтө ашырып баа коюу, монополия, кумар ж.б.у.с. иштерге тыюу салынат.

**129-берене:** Калкы өз ыктыяры менен Исламга кирген жерлер жана Арабстан жарым аралынын жерлери ушрий жерлер эсептелет. Арабстан жарым аралынан тышкары согуш же келишим менен фатх кылынган жерлер хирожий жерлер болот. Ушрий жерлердин өзүнө да, пайдасына да адамдар ээлик кылышат. Ал эми, хирожий жерлер мамлекеттик мүлк эсептелип, адамдар анын пайдасына гана ээлик кылышат. Ар бир адам ушрий жерлердин өзүн, хирожий жерлердин пайдасын шаръий келишимдер менен алмаштыруу укугуна ээ. Жерлер да башка мал-мүлктөр сыяктуу мурас болуп калат.

**130-берене:** Бош жерлер иштетүү жана айланасын коргондоп алуу менен мүлк кылып алынат. Башка жерлер болсо шаръий себептер – мурас, сатып алуу, мамлекеттин ажыратып бериши сыяктуулар – аркылуу гана мүлккө айланат.

**131-берене:** Жерди – хирожий же ушрий болсо да – дыйканчылык үчүн ижарага берүүгө о.э. музораага (эгинге шерик болуу шарты менен жерин башкага берүүгө) да тыюу салынат. Ал эми, мусокот (бак кылынган жерди ижарага берүү) жайыз.

**132-берене:** Жерге ээ болгон ар бир адам андан пайдаланышы керек. Муктаж адамга жерден пайдалануу мүмкүнчүлүгүн бере турган каражаттар Байтул малдан берилет. Үч жылга чейин жерин иштетпестен таштап койгон ар кандай адамдан жер тартып алынат да, башкага берилет.

**133-берене:** Умумий мүлк үч нерседе көрүнөт:

а) Жамаат зарылдыктары деп эсептеле турган бардык нерселер: шаардын көчө жана аллеялары сыяктуу.

б) Бүтпөс-түгөнбөс кендер: мунай кендери сыяктуу.

в) Табияты адамды ага ээлик кылууга тыюу сала турган нерселер: дарыялар сыяктуулар.

**134-берене:** Ишкана махиятына карай хусусий мүлк эсептелет. Бирок, ал өзүндө өндүрүлө турган продукциянын өкүмүн алат. Эгер продукция хусусий мүлк эсептелсе, ишкана да хусусий мүлк болот: токуучулук ишканалары сыяктуу. Эгер продукция умумий мүлктөн болсо, ишкана да умумий мүлк эсептелет: темир иштеп чыгаруу ишканалары сыяктуу.

**135-берене:** Мамлекет хусусий мүлктү умумий мүлккө айландырышы мүмкүн эмес. Анткени, умумий мүлк - мамлекеттин райына карап эмес, балким, мүлктүн өзүнө жана сыпатына карай өз ордун табат.

**136-берене:** Үммөттүн ар бир өкүлү умумий мүлкчүлүк алкагына кире турган бардык байлыктардан пайдалануу укугуна ээ. Мамлекет бирер адамга умумий мүлккө ээлик кылууга же аны өз пайдасына

моюн сундурууга (эксплуатациялоого) уруксат берип, калкты андан куру калтырышы таптакыр мүмкүн эмес.

**137-берене:** Мамлекет калк кызыкчылыктарын көздөгөн абалда корук жерлерди же жалпы мүлк эсептелген нерселерди өз коргоосуна алып коюшу мүмкүн.

**138-берене:** Байлыкты казына кылып басып жатууга – мейли зекети берилсе да – тыюу салынат.

**139-берене:** Зекет мусулмандардан жыйып алынат. Зекет шарият белгилеп берген мүлктөрдөн – акча, соода каражаттары, чарба малдары жана дан-эгиндеринен – алынат. Шариятта көрсөтүлбөгөндөрдөн алынбайт. Зекет – балагат жашына жеткен, акылы толук мукаллаф болушуна, же наристе, же жинди болгон мукаллаф эмес болушуна карабастан – ар бир мүлк ээсинен алынат. Алынган малдар Байтулмалдын атайын белгиленген бөлүмүнө коюлат жана Куранда айтылган сегиз топтун бирине же бир нечесине сарпталат.

**140-берене:** Жизя зиммийлерден жыйып алынат. Эгер төлөөгө кудуреттүү болушса, балагатка жеткен эркектерден алынат. Аялдар жана балдардан алынбайт.

**141-берене:** Хирож хирожий жерлерден мүмкүнчүлүгүнө карап жыйып алынат. Ушрий жерлерден болсо түшкөн түшүмдөн зекет (ушр) алынат.

**142-берене:** Мусулмандардан Байтулмалдын сарп-каражаттарын каптоо үчүн шарият уруксат берген салыктар жыйып алынат. Мунун шарты, салыктар мүлк ээсинин адаттагы муктаждыктарынан ашкан мал-мүлкүнүн эсебинен алынат о.э. мамлекеттин муктаждыктарын каптоого жетиштүү болушуна көңүл бурулат. Кайрымусулмандардан эч кандай салык алынбайт. Алардан болгону жизя алынат.

**143-берене:** Шарият Үммөткө важып кылган ар кандай ишти аткаруу үчүн Байтул малда каражат болбосо, жоопкерчилик Үммөттүн мойнуна өтөт. Мындай абалда, мамлекет салык салуу аркылуу бул каражатты Үммөттөн жыйып алуу укугуна ээ. Шарият Үммөткө важып кылбаган иштер үчүн болсо, мамлекеттин салык салышы жайыз эмес. Мамлекет мекеме жана идараларды камсыздандыруу үчүн же бирер кызыкчылыкты жүзөгө чыгаруу үчүн салык алышы жайыз эмес.

**144-берене:** Мамлекеттик бюджеттин шаръий өкүмдөр тастыктаган туруктуу бөлүктөрү бар. Бирок, бюджеттин белгилүү бир бөлүмдөрү, ар бир бөлүмгө ажыратыла турган каражаттар жана бул каражаттардын ар бир бөлүмдө кайсыл иштерге адистештирилиши халифанын райы жана ижтихадына калтырылат.

**145-берене:** Байтулмалдын туруктуу кирешелери: файдын (душмандан согушсуз алынган олжолордун) баары, жизя, хирож,

риказдын (фатх кылынганга чейин жашырып коюлган байлыктардын) бештен бири жана зекет. Бул каражаттар аларга муктаждык болбосо да ар дайым алынат.

**146-берене:** Байтулмалдын туруктуу кирешелери мамлекеттин сарп-каражаттарын каптоого жетиштүү болбосо, мамлекет мусулмандардан салык алууга акылуу. Салыктар төмөнкү иштер үчүн гана алынышы шарт:

а) Факирлер, мискиндер, мусапырларга о.э. жихад фарзын аткарууга Байтулмалдан сарптоо важып болгон каражаттарды каптоо үчүн.

б) Байтулмалдан төлөм катары берилиши важып болгон каражаттарды каптоо үчүн: кызматчылардын маяналары, кошуундун керектөөлөрү, акимдерге ажыратыла турган нафакалар.

в) Жалпы кызыкчылык жана ыңгайлуулуктарды жаратуу катарында Байтулмалдан кайтарымсыз берилиши важып болгон каражаттарды каптоо үчүн: жолдорду куруу, суу менен камсыздоо, мечит, медресе жана ооруканаларды куруу сыяктуу.

г) Калк ачарчылык, суу ташкындары жана жер титирөөлөр сыяктуу кырсыктарга дуушар болгон убакта Байтулмалдан зарылдык жүзөсүнөн берилиши важып болгон каражаттарды каптоо үчүн.

**147-берене:** Мамлекеттин чегараларындагы бажыканалардан алына турган, умумий мүлк же мамлекеттик мүлктөн пайда боло турган жана мураскорсуз кала турган каражаттар жана муртаддардын мал-мүлкү Байтулмалдын кирешелеринен эсептелет.

**148-берене:** Байтулмалдын каражаттары төмөнкү алты орунга бөлүштүрүлөт:

а) Зекет малдарын алууга акылуу болгон сегиз топко зекет бөлүгүнөн сарпталат (эгер зекет бөлүгүндө каражат болбосо, аларга эч нерсе сарпталбайт).

б) Факирлер, мискиндер, мусапырлар, жихад жана карыздарларга – эгер зекет бөлүгүндө каражат болбосо – Байтулмалдын туруктуу кирешелеринен сарпталат. Эгер Байтулмалдын туруктуу кирешелеринде да каражат болбосо, анда факирлер, мискиндер, мусапырлар жана жихад каражаттарын каптоо үчүн салыктар жыйып алынат, ал эми, карыздарларга алардан сарпталбайт. Эгер фасад коркунучу жүзөгө келсе, бул каражаттарды каптоо үчүн карыз алынат.

в) Кызматчылар, акимдер жана аскерлер сыяктуу мамлекет үчүн кызмат кылып жаткан адамдарга да Байтулмалдан сарпталат. Эгер Байтулмалдагы каражат жетиштүү болбосо, бул каражаттарды каптоо үчүн дароо салыктар салынат. Эгер фасад

коркунучу жүзөгө келсе, бул каражаттарды каптоо үчүн карыз алынат.

г) Жолдор, мечиттер, медреселер жана ооруканаларды куруу сыяктуу негизги жалпы кызыкчылыктар жана ыңгайлуулуктар үчүн да Байтулмалдан сарпталат. Эгер Байтулмалдагы каражат жетпесе, бул каражаттарды каптоо үчүн ошол замат салыктар салынат.

д) Жогору даражадагы жалпы элдик кызыкчылыктар жана ыңгайлуулуктар үчүн Байтулмалдан сарпталат. Эгер Байтулмалда каражат жетпесе, аларга эч нерсе сарпталбайт, кийинкиге калтырылат.

е) Жер титирөө жана суу ташкындары сыяктуу кырсыктарга да Байтулмалдан сарталат. Эгер каражат болбосо, бул каражаттарды каптоо үчүн тезинен карыз алынат. Кийин бул карыз жыйыла турган салыктардын эсебинен төлөнөт.

**149-берене:** Мамлекет ар бир жаранды жумуш менен камсыздоо кепилдигин алат.

**150-берене:** Компаниялар жана адамдардын кол астындагы кызматчылары да мамлекеттик кызматчылар ээ болгон бардык укук жана милдеттерге ээ болушат. Акы эсебине мээнет кылуучу ар бир адам – жумуштун же жумушчунун түрүнө карабастан – кызматчы болуп эсептелет. Эгер жумушчу жана жалдоочу адам эмгек акысы үстүндө келише албай калышса, ажрул-мислге (дал ушул ишке окшогон жумуш үчүн төлөнө турган эмгек акыга) карап өкүм кылынат, башка иштерде келише алышпаса, шарият өкүмдөрүнө ылайык ижара келишимине карап өкүм чыгарылат.

**151-берене:** Эмгек акысы жумуштан же жумушчунун өзүнөн келе турган пайдага карап белгилениши мүмкүн. Жумушчунун маалыматы же илимий даражасына карап белгиленбейт. Кызматчылар үчүн кошумча сыйлыктар болбойт, балким, алар – жумуш же жумушчунун өзүнө карап белгиленишине карабастан – өздөрүнүн эмгек акыларын толук алышат.

**152-берене:** Эч кандай каражатка ээ болбогон, жумушсуз жана карай турган жакындары болбогон адамдарды мамлекет камсыздайт. Алсыз жана майып адамдарды өз карамагына алат.

**153-берене:** Мамлекет байлыктардын элдин ортосунда барабар айланып турушуна олуттуу көңүл бурат, бир топтун гана колуна өтүп калышына жол койбойт.

**154-берене:** Мамлекет ар бир адамга бардык муктаждыктарын кандыруу мүмкүнчүлүктөрүн жаратып берүү о.э. коомдогу тең салмактуулукту сактоо проблемасын төмөнкүдөй жол менен чечет:

а) Мамлекет Байтулмалдагы кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөрдөн, олжолор жана ушул сыяктуулардан берет.

б) Жетиштүү жерге ээ болбогон адамдарга өнүмдүү жерлерден ажыратып берет. Ал эми, жери боло туруп, андан пайдаланбай жаткан адамдарга бербейт. Дыйканчылык кылууга алы келбеген адамдарга бул мүмкүнчүлүккө ээ болушу үчүн каражат ажыратат.

в) Карыз төлөөгө алсыз болгон адамдардын карыздарын зекет, олжо жана ушул сыяктуулардын эсебинен төлөйт.

**155-берене:** Мамлекет түшүмдүүлүктүн эң жогорку даражасында жерден пайдаланууну ишке ашыра турган дыйканчылык саясатынын талаптарына ылайык, дыйканчылык иштерин жана продукцияларын көзөмөлдөп турат.

**156-берене:** Мамлекет бардык өнөржай тармактарын көзөмөлгө алат, умумий мүлк тутумуна кире турган өнөржай тармактарына түздөн-түз жетекчилик кылат.

**157-берене:** Тышкы соода мамилелеринде товар иштеп чыгарылган жерге карай эмес, балким, соодагердин жарандыгына карай мамиле кылынат. Ошондуктан, биз менен согуш абалында болгон мамлекеттин соодагерлерине биздин өлкөбүздө иш-аракет алып барууга уруксат берилбейт, бир гана соодагер же мал үчүн атайын уруксат менен уруксат берилет. Биз менен келишим түзгөн мамлекеттердин соодагерлерине ортодогу келишимдин шарттарына карай мамиле кылынат. Ислам мамлекетинин жараны болгон соодагерлерге мамлекет муктаж болгон нерселер жана душманды аскерий, өнөржай жана экономикалык жактан күчөтө турган нерселерди тышкарыга алып чыгууга уруксат берилбейт, ал эми, бул соодагерлердин өздөрү ээ болгон ар кандай малды алып кириши чектелбейт. Израиль сыяктуу биз менен иш жүзүндө согуш абалында турган мамлекет мындан тышкары. Мындай мамлекеттер соода же ар кандай башка мамилелерде иш жүзүндө дарул-харб (согуш дияры) өкүмүндө болот.

**158-берене:** Калктын бардык адамдары турмуштун бардык тармактарына тиешелүү болгон илимий лабораторияларды ачуу укугуна ээ болушат. Негизи, мындай лабораторияларды ачуу мамлекеттин милдети.

**159-берене:** Үммөт же мамлекетке зыян келтире турган заттарды иштеп чыгаруучу лабораторияларга адамдардын ээлик кылышына тыюу салынат.

**160-берене:** Мамлекет бардык адамдар үчүн акысыз медициналык кызматты камсыздайт, бирок, дарыгерлерди жалдоого жана дары-дармек соодасына тыюу салбайт.

**161-берене:** Мамлекетке чет эл каражаттарын алып кирүүгө жана аларды инвестиция кылууга о.э. ар кандай чет элдикке артыкчылык берүүгө тыюу салынат.

**162-берене:** Мамлекет өзүнө таандык, ар кандай тышкы таасирден көз карандысыз болгон акча чыгарат. Бул акча эч кандай чет элдик акчаларга байланыштуу болбоосу керек.

**163-берене:** Мамлекеттин акчалары чегилген же чегилбеген абалдагы алтын жана күмүштөн турат. Мамлекеттин алтын жана күмүштөн башка акчасы болушу мүмкүн эмес. Мамлекет алтын жана күмүш ордуна башка нерседен акча чыгарышы мүмкүн, мунун шарты, мамлекет казынасында ошол акча барабарында алтын жана күмүш болушу керек. Т.а. мамлекет жез, коло, кагаз же башка нерселерден акча чыгарып, эгер бул акчанын алтын жана күмүштөн толук эквиваленти болсо, аны өз атынан басып чыгарышы мүмкүн.

**164-берене:** Мамлекеттин өз валютасын айырбаштоосу мүмкүн болгондой эле, бул валюта менен башка мамлекеттердин валюталарын өз ара айырбаштоосу да жайыз. Валюталар жынысы ар түрдүү болсо, айырбаштоодо биринин наркы экинчисиникинен ашыкча болушу мүмкүн, аларды айырбаштоо колдон-колго өтүү шарты менен жайыз. Насыя болушу мүмкүн эмес. Валюта жыныстары ар түрдүү болсо, айырбаштоо наркын эч бир чектөөсүз өзгөртүүгө уруксат берилет. Калктагы ар бир адам ичкериден да, тышкарыдан да каалаган валютаны жана бул валюта эсебине эч кандай уруксатка муктаж болбогон абалда ар кандай валюта жана башка буюмдарды сатып алуу укугуна ээ.

## Таалим саясаты

**165-берене:** Таалим программасынын негизи Ислам акыйдасы болушу шарт. Окуу материалдары жана окутуу методдору таалимдин ушул негизден четтешүүсүнө жол бербей турган көрүнүштө иштелип чыгат.

**166-берене:** Таалим саясаты исламий пикир жана исламий туйгуларды калыптандыруу болуп, окуу материалдарынын баары мына ушул саясаттын негизинде иштелип чыгат.

**167-берене:** Таалимден көздөлгөн максат – исламий шахсты калыптандыруу жана адамдарды турмуштун бардык тармактарына тиешелүү болгон илим жана билимдер менен байытуу. Таалим жолдору мына ушул максатты жүзөгө чыгара турган көрүнүштө белгиленет. Бул максатка алып барбай турган ар кандай жолдорго тыюу салынат.

**168-берене:** Исламий билимдерге жана араб тилине ажыратылган жумалык сабактардын өлчөмү сан жагынан да, убакыт жагынан да башка билимдерге ажыратылган сабактардын өлчөмүнө тең болушу шарт.

**169-берене:** Таалимде тажрыйбалык билимдер жана ушул түркүмгө кирүүчү математика менен сакафий билимдер ортосундагы айырма

эсепке алынышы керек. Тажрыйбалык жана ушул түркүмгө кирүүчү билимдер муктаждыкка карай үйрөнүлөт, таалим баскычтарынын кайсыдыр бирине чектеп коюлбайт. Сакафий билимдер болсо, жогорку баскычтан алдыңкы (биринчи) баскычтарда Ислам пикирлери жана өкүмдөрүнө тескери болбогон белгилүү бир саясатка карай алынат. Ал эми, жогорку баскычта таалим саясатынан жана максатынан четке чыкпоо шарты менен илим катары алынат.

**170-берене:** Таалимдин бардык баскычтарында Ислам сакафаты үйрөтүлүшү шарт. Жогорку баскычта болсо медицина, география, табият жана ушул сыяктуу билимдер адистештирилгени сыяктуу исламий агартуунун бардык түрлөрү үчүн да факультеттер адистештирилет.

**171-берене:** Фан жана өнөржайлар – соода-сатык, деңизчилик жана дыйканчылык сыяктуу – бир жактан билимдер түркүмүнө кошулуп, эч кандай чектөө жана шарттарсыз алына берет. Сүрөтчүлүк жана айкелчилик сыяктуулары болсо, өзүнө таандык көз караш менен таасирленген убакта сакафат түркүмүнө кошулуп, эгер Ислам көз карашына тескери болсо, алынбайт.

**172-берене:** Таалим программасы жалгыз болот. Мамлекет белгилеген программадан башка эч кандай программага уруксат берилбейт. Мамлекеттин программасына чектелген, таалим программасына негизделген, таалим саясатын жана максатын жүзөгө чыгара турган жергиликтүү медреселерге уруксат берилет. Мунун шарты, таалим окуучулар арасында да, мугалимдер арасында да эркек жана аялдар аралаш болбоосу о.э. бирер тайпа, дин, мазхаб, тек же түстөгүлөр үчүн чектелген болбоосу керек.

**173-берене:** Эркек болобу, аял болобу, ар бир адамдын турмуш майданында зарыл болгон билимдерге ээ болушу фарз. Ошондуктан, башталгыч жана орто баскычтарда таалим алуу баарына мажбурий. Бул таалимди бардыгына акысыз камсыздоо мамлекеттин мойнунда. Жогорку таалим да мүмкүн болушунча баарына акысыз камсыздалышы керек.

**174-берене:** Мамлекет фикх, усули фикх, хадис, тафсир, пикир, медицина, геометрия, химия, ойлоп табуулар, жаңы ачылыштар жана башка илим-билим тармактарында изденүүнү улантууну каалоочуларга мүмкүнчүлүк жаратып берүү үчүн медресе жана университеттерден тышкарыда китепканалар, лабораториялар жана башка билим колдонмолорун даярдап берет. Анткени муну менен, Үммөттүн арасынан көптөгөн мужтахиддер, ойлоп табуучулар жана чыгармачыл адамдар жетишип чыксын.

**175-берене:** Бардык баскычтарда таалим үчүн автордук укукту кыянатчылык менен пайдаланууга тыюу салынат. Эч ким – автор

болобу же башкасыбы – басып чыгарылган китебин басып чыгаруу укугуна ээ эмес. Бирок, өзүндө али басып чыгылбаган пикирлер болсо, бул пикирлерди башкаларга берип, ордуна акы алышы – таалим үчүн акы алуу жайыз болгону сыяктуу – жайыз.

## Тышкы саясат

**176-берене:** Саясат – Үммөттүн ички жана тышкы иштерин башкаруу болуп, мамлекет жана Үммөт тарабынан ишке ашырылат. Мамлекет бул иш менен түздөн-түз алектенет, Үммөт болсо бул иш жүзөсүнөн мамлекетти мухосаба кылат.

**177-берене:** Эч бир адам, хизб, топ же жамааттын бирер чет мамлекет менен мамиледе болушу таптакыр жайыз эмес. Башка мамлекеттер менен орнотула турган ар кандай мамилелер мамлекетке тиешелүү. Анткени, мамлекет гана Үммөттүн иштерин иш жүзүндө башкаруу укугуна ээ. Үммөт жана саясий топтордун милдети болсо мына ушул тышкы мамилелер жаатында мамлекетти мухосаба кылуу.

**178-берене:** Максат колдонулчу васитаны актабайт, анткени тарыйкат фикрат жынысынан болот. Важыпка да, мубахка да жетишүү үчүн арам нерсе васита кылынбайт. Саясий васитанын саясат тарыйкатына тескери болушу мүмкүн эмес.

**179-берене:** Саясий манёврлар тышкы саясатта зарыл иш эсептелет. Мындагы кубат иштерди ашкере кылуу жана максаттарды жашырууда болот.

**180-берене:** Тайманбастык менен мамлекеттердин кылмыштарын ачып таштоо, жасалма саясаттардын коркунучун баян кылуу, жийиркеничтүү тил бириктирүүлөрдүн бетин ачуу, адаштыруучу топторду талкалап таштоо – булар эң маанилүү саясий ыкмалардан болуп эсептелет.

**181-берене:** Жеке адам, Үммөт жана мамлекет иштерин башкарууда исламий пикирлердин улуулугун көрсөтүү эң күчтүү саясий жолдордон болуп саналат.

**182-берене:** Үммөттүн саясий маселеси – мамлекет шахсиятынын (өздүгүнүн) кубатында, Ислам өкүмдөрүнүн жакшы колдонулушунда жана Исламий даъватты бүткүл дүйнөгө жаюу үчүн тынымсыз аракет кылууда көрүнө турган Ислам болуп саналат.

**183-берене:** Исламий даъватты жаюу негизги ок болуп, тышкы саясат анын айланасында айланат. Бардык мамлекеттер менен боло турган мамилелер ушул негизге курулат.

**184-берене:** Исламий мамлекеттин дүйнөнүн башка мамлекеттери менен орното турган мамилелеринде этибар төрт нерсеге каратылат:

1. Ислам дүйнөсүндөгү бардык мамлекеттер бир мамлекет деп эсептелет. Алар тышкы мамилелер чөйрөсүнө кирбейт жана алар менен боло турган мамилелер тышкы саясат деп эсептелбейт. Алардын баарын жалгыз мамлекет чегарасында бириктирүү үчүн иш алып баруу важып.
2. Биз менен өз ара соода-экономикалык, жакшы кошуначылык же сакафий келишимдер түзгөн мамлекеттер менен ушул келишимдерде көрсөтүлгөндөй мамиле кылынат. Алардын жарандары – эгер келишимде көрсөтүлгөн болсо – Ислам мамлекетине чет эл паспортусуз, өздүк күбөлүк менен кирүүлөрү мүмкүн, мунун шарты, алар да биздин жарандарга иш жүзүндө дал мына ушундай мамиледе болуулары керек. Ал мамлекеттер менен боло турган соода-экономикалык мамилелер белгиленген зарыл нерселерде жана белгиленген сыпаттарда чектелген болуп, алардын кудуретинин күчөшүнө алып барбоосу керек.
3. Биз менен өз ара келишимдерге ээ болбогон мамлекеттер, Англия, Америка, Франция сыяктуу иш жүзүндөгү колонизатор мамлекеттер, же Россия сыяктуу мамлекетти колония кылуу ниетиндеги мамлекеттер согуш абалындагы (мухариб) мамлекеттер деп саналат жана аларга карата бардык этият чаралары көрүлөт. Алар менен эч кандай дипломатиялык мамилелерди орнотуу мүмкүн эмес. Бул мамлекеттердин жарандары мамлекетибизге чет эл паспорту же ар бир адам жана ар бир сапар үчүн атайын виза менен гана кирүүлөрү мүмкүн.
4. Израиль сыяктуу иш жүзүндө согуш абалындагы мамлекеттер менен бардык мамилелерде согуш абалы негиз кылып алынат. Биз менен алардын ортосунда убактылуу келишим болсо да, болбосо да иш жүзүндө согуш абалындагыдай мамиле кылынат. Алардын бардык жарандарынын мамлекетке киришине тыюу салынат.

**185-берене:** Аскерий келишимдер о.э. аскерий келишимдер катарына кире турган саясий келишимдер жана аскерий база жана аэропортторду ижарага берүү келишимдерине катуу тыюу салынат. Жакшы кошуначылык келишимдерин, экономикалык, соода, финансылык, сакафий жана убактылуу тынчтык келишимдерин түзүү жайыз.

**186-берене:** Ислам мамлекетинин Ислам негизине курулбаган же Ислам өкүмдөрүн колдонулбай турган уюмдарда катышуусу жайыз эмес. Мындай уюмдар катарына БУУ, Эл аралык сот, Эл аралык валюта фонду жана Дүйнөлүк банк сыяктуу мамлекеттер аралык уюмдар о.э. «Араб мамлекеттери биримдиги» сыяктуу региондук уюмдар кирет.